КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

## 2 0 1 2

Бишкек 2013

*Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2012-жыл үчүн отчету*

Улуттук банктын 2012-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 8 - жана 10-беренелерине ылайык даярдалган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2012-жыл үчүн отчету Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын чын куран айынын жыйырмасындагы № 8/1 токтому менен бекитилген.

2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчет, Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизиндеги №10/2 токтому менен бекитилген.


**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

Төрайым: Цыплакова Л. Н.

Кеңештин мүчөлөрү: Алыбаева С. К.
Лелевкина Э. В.
Садыкова Н. О.
Урустемов С. А.
Чалбаев С. А.

Жооптуу катчы: Айдарова А. К.



Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:
Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Макроэкономикалык анализдөөлөр жана финансы рыногун анализдөө бөлүмүнө
(996 312) 669 157 телефону
(996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: aaidarova@nbkr.kg

Басылманы таркатуу маселеси боюнча:
Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
(996 312) 614 578 телефону
(996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: pr@nbkr.kg
веб-сайт: http://www.nbkr.kg

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2012-жыл үчүн жылдык отчету “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык даярдалган, анда республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүүгө өбөлгө түзүү үчүн өлкөдө баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу, банк тутумун өнүктүрүү жана чыңдоо, ошондой эле төлөм системасын өркүндөтүү жагында банк ишинин жыйынтыгы чагылдырылган.

2012-жыл Улуттук банктын 20 жылдык мааракеси менен айрыкча эсте калды. Республиканын борбордук банкынын түзүлүшү көз карандысыз Кыргызстандын калыптануу жолундагы эң маанилүү баскычынан болгон. Жаңы институттун түптөлүшү өз алдынча акча-кредит жана валюта саясаттарын жүргүзүүгө киришүүгө, банк секторун жана нак эмес төлөмдөрдү өнүктүрүү үчүн чараларды көрүүгө түрткү берген. Бул мезгил ичинде өлкөнүн макроэкономикалык туруктуулугун бекемдөөдө жана калайык-калктын улуттук валютага ишенимин жогорулатууда олуттуу ийгиликтерге жетишилген.

Отчеттук жылы дүйнөлүк товардык чийки зат рынокторунда, баанын туруксуздугу сакталып, экономика арымы басаңдап жаткан шартта, Улуттук банк Өкмөт менен биргеликте инфляцияны токтотууга багытталган макроэкономикалык саясатты жүргүзгөн. Ишке ашырылган акча-кредит саясаты инфляцияны жарыяланган көрсөткүчтүн чегинде токтотуп турууга мүмкүндүк берүү менен орто мөөнөттүк мезгил ичинде туруктуу экономикалык өсүшкө өбөлгө түзгөн.

Улуттук банктын иши өлкөдө финансылык туруктуулукту сактоого, калктын банк тутумуна карата ишенимин бекемдөөгө жана финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатууга багытталган. Республиканын банк тутуму бүтүндөй алганда, өз туруктуулугун көрсөтүп, өсүштүн алгылыктуу динамикасын, анын ичинде анын сапаттык индикаторлорунун жакшыргандыгын далилдей алган. Иш максаты чакан жана орто бизнес үчүн финансылык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатууга багытталган микрофинансылык уюмдардын дараметин колдоого олуттуу көңүл бурулган. Улуттук банк калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча кеңири масштабдуу кампанияны баштоону да демилгелеген.

Улуттук төлөм системасынын ишенимдүү жана үзгүлтүксүз иши, отчеттук жылда финансылык туруктуулукту колдоого дем берген. Улуттук банк чекене финансылык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн жана калктын төлөм кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө багытталган төлөм системасын жана анын инфраструктураларын өнүктүрүү боюнча ишти жигердүү улантткан.

Кадр потенциалын чыңдоо маселесине олуттуу көңүл бурулган. Алсак, банк ишинде изилдөөлөрдү жүргүзүү багытындагы иш ыкчамдап, кызматкерлердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу улантылган.

Ушул басылманы даярдоодо Улуттук банк мурдагыдай эле, маалыматтардын ачык-айкындуулугу жана толук чагылдырылышы принцибине таянган. Отчетто көз карандысыз аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчет да камтылат.

**Төрага** **З. Асанкожоева**

# МАЗМУНУ


Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү..............................................3

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2012-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2012-ЖЫЛДА ӨНҮГҮҮСҮ................8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору............................8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору..........................10
1.3. Төлөм теңдеми....................................................12
1.4. Банк сектору........................................................14
1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелер сектору ...............................................................20
1.6. Финансы рыноктору...........................................23
1.6.1. Валюта рыногу.............................................23
1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу....................26
1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу................................28
1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу.............34

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2012-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ........................40

2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо..........................40
2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу...............43
2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар......44
2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен.....................46
2.2.3. Репо операциялары ......................................47
2.2.4. Банктарды кайра каржылоо..........................48
2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар........................49
2.3. Эл аралык камдарды тескөө...............................49
2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары.............52

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ..55

3.1. Банктык көзөмөл..................................................55
3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл....................................................60
3.3. Көзөмөл жана жөнгө салуу методологиясы........62

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ...............................65

4.1. Төлөм системасынын өнүгүүсү............................65
4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр.................................65
4.1.2. Төлөм системасынын ишине көзөмөл..........68
4.1.3. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар......................................70
4.2. Нак акча жүгүртүлүшү.....................................70

5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР.......................................................73

5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу.............73
5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу.........................................................................77

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ.................................................................80

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү.......................................................................80
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдагы иши..................87
6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү..........................91
6.4. Финансылык кеңешчи милдетин аткаруу...........96
6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы..100
6.6. Коомчулукка маалымат берүү...........................102

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2012-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. 2012-ЖЫЛДЫН ҮЧТҮН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ..........................................................................107

7.1. Көз карандысыз аудиторлордун отчету............109
7.2. Финансылык абал жөнүндө отчет.....................111
7.3. Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет....................................................112
7.4. Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет..........113
7.5. Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет...........................................................................114
7.6. Капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет..........116
7.7. Финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр..118

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2012-жылдагы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги......................................174
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер).........................................................186
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары..........................209
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси............215

# I

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2012 - ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2012-ЖЫЛДА ӨНҮГҮҮСҮ

2012-жылы ички дүң өнүмдүн (ИДӨ) номиналдык туюндурулган көлөмү 18,4 млрд. сомго көбөйгөн, ошону менен бирге эле реалдуу алганда, "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн басаңдашынан улам, анын төмөндөшү жүргөн. "Кумтөр" ишканаларын эске албаганда, кайра иштетүү өнөр жай секторунан тышкары, бардык секторлордо өсүш байкалган.

Экономиканын реалдуу секторунда түптөлгөн жагдай, мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин өсүш арымынын басаңдашына алып келген. Ушуну менен катар эле, социалдык коргоого чыгашалар, ошондой эле электр энергетикасы жана транспорт чөйрөсүндө ири масштабдуу долбоорлордун өздөштүрүлүшүнө байланыштуу чыгашалар көбөйгөн. Натыйжада, бюджет тартыштыгы 20,2 млрд. сомго чейин же ички дүң өнүмгө карата 6,6 пайызга чейин көбөйгөн.

Тышкы сооданын абалынын начарлоосуна карабастан, республикага капиталдын жана трансферттердин олуттуу агымы төлөм теңдеминин оң сальдосунун 188,7 млн. АКШ долларына чейин артышына түрткү берген.

2012-жылы финансы рыногунун өнүгүшүнүн арымдуу тенденциясы сакталгандыгы байкалган. Улуттук валюта сыяктуу эле, чет өлкө валютасында берилген кредиттер боюнча пайыздык чен өлчөмүнүн төмөндөшү алкагында, банктар экономикага финансылык кызматтарды сунуштоо жана кредит берүү көлөмүн көбөйткөн. Кредит портфелин долларлаштыруунун жалпы деңгээли азайган. Отчеттук мезгил ичинде негизинен, түзүмү өзгөрүүсүз калган депозиттик базанын олуттуу өскөндүгү белгиленген.

Микрокредиттөө банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишинин негизги багытынан болгон. Отчеттук мезгил ичинде МФК «Бай-Түшүм жана Партнерлор» ЖАК микрофинансылык банкка өзгөртүп түзүлгөн. Бул мекемени эске албаганда, банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин кредит портфели 17,6 пайызга өскөн.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (УСК) маалыматтары боюнча 2012-жылы ИДӨнүн күндөлүк баадагы көлөмү, реалдуу алганда 0,9 пайызга төмөндөп, 304,4 млрд. сомду түзгөн. Бул негизинен "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн төмөндөшү менен шартталган (2011-жылы бул көрсөткүч 6,0 пайызга өскөн эле). "Кумтөр" ишканаларын эске албаганда, ИДӨ көлөмү 5,0 пайызга көбөйгөн (2011-жылы өсүш 6,3 пайыз чегинде катталган). ИДӨ дефлятору 2011-жылдагы 22,5 пайызга караганда 7,4 пайызды түзгөн.

*Айыл чарбасы*

Аба-ырайынын алгылыксыз шарттары айыл чарба секторунда өндүрүп алуунун өсүш арымын реалдуу алганда, 1,2 пайызга чейин басаңдашын шарттаган. Отчеттук жылда айыл-чарбасынан алынган дүң өнүмдүн көлөмү 167,5 млрд. сомду түзгөн. ИДӨ түзүмүндө айыл чарбасынын үлүшү бир аз өсүп, бир жыл мурдагы 16,6 пайызга караганда 17,5 пайызды түзгөн. ИДӨнүн өсүшүнө бул тармактын салымы оң калыптануу менен 0,2 пайыздык пунктту түзгөн.

---
[1] Алдын ала алынган маалыматтар

***1.1.1-таблица.***

Ички дүң өнүмдүн түзүмү

| | 2011-ж. | | | 2012-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | салыштырма салмак пайыздарда | Өсүш арымы, пайыздарда | Өсүшкө салым,п.п. | салыштырма салмак пайыздарда | Өсүш арымы, пайыздарда | Өсүшкө салым,п.п. |
| **Ички дүң өнүмүнүн түзүмү** | **100,0** | **6,0** | **6,0** | **100,0** | **-0,9** | **-0,9** |
| Айыл чарбасы | 16,6 | 1,8 | 0,3 | 17,5 | 1,2 | 0,2 |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,8 | 19,5 | 0,1 | 1,3 | 22,5 | 0,2 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 18,3 | 5,2 | 0,9 | 12,5 | -27,2 | -5,0 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3,4 | 21,9 | 0,7 | 3,0 | 5,2 | 0,2 |
| Курулуш | 4,9 | 2,5 | 0,1 | 5,7 | 17,3 | 0,9 |
| Соода, унааларды оңдоо | 15,2 | 10,2 | 1,6 | 16,2 | 10,5 | 1,6 |
| Мейманканалар жана тойканалар | 1,5 | 16,9 | 0,2 | 1,5 | 11,7 | 0,2 |
| Транспорт жана байланыш | 8,1 | 9,5 | 0,8 | 8,6 | 8,9 | 0,7 |
| Финансылык иш | 0,6 | 10,9 | 0,1 | 0,6 | 1,0 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар | 4,3 | 1,6 | 0,1 | 4,1 | -1,9 | -0,1 |
| Мамлекеттик башкаруу | 5,1 | 5,2 | 0,3 | 5,1 | 1,8 | 0,1 |
| Билим берүү | 5,3 | 1,3 | 0,1 | 6,0 | 5,1 | 0,3 |
| Саламаттыкты сактоо | 3,0 | 0,9 | 0,0 | 2,7 | 2,4 | 0,1 |
| Коммуналдык кызматтарды сунуштоо | 1,9 | 1,3 | 0,0 | 1,9 | -3,3 | -0,1 |
| Азык-түлүктөргө таза салыктар (субсидияларды алып салуу менен) | 11,0 | 6,0 | 0,6 | 13,4 | -0,9 | -0,1 |

*Булагы:УСК*

Айыл чарба секторунда дүң өнүмдүн көлөмүнүн өсүшү бакча өсүмдүктөрүн өстүрүп алуунун (27,5 пайызга), тоют азыктарынын (5,9 пайызга), жашылчалардын (5,5 пайызга) көбөйүүсүнүн эсебинен жетишилген. Ошол эле учурда кант кызылчасын (35,8 пайызга) жана буудайды (32,4 пайызга) өндүрүп алуу төмөндөгөн.

*Өнөр жай өндүрүшү*

2012-жылы айрыкча “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшүнө байланыштуу (2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, кыскаруу 54,1 пайыз чегинде катталган) кайра иштетүүчү өндүрүштүк ишканаларда өндүрүүнүн төмөндөшүнүн эсебинен ИДӨнүн төмөндөшү ыкчамдаган (27,2 пайызга). Натыйжада, өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн физикалык көлөмү 20,6 пайызга төмөндөп, 203,6 млрд. сомду түзгөн. ИДӨ түзүмүндө өнөр жайынын салыштырма салмагы 16,8 пайыз чегинде катталган.

Өнөр жай өндүрүшү “Кумтөр” ишканаларын эске албаганда, жыл жыйынтыгы боюнча 6,1 пайызга көбөйгөн. Тоо кендерин казып алуу өндүрүшүндө (22,5 пайызга), текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (12,5 пайызга), өндүрүлгөн продукциялардын физикалык көлөмүнүн индексинин өсүшү байкалган.

Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү да өнөр жайдын өсүшүнө олуттуу салым кошо алган. Бул тармактын продукция чыгаруусу отчеттук жылда 5,2 пайызга өскөн (2011-жылы бул көрсөткүчтүн өсүшү 21,9 пайыз чегинде болгон).

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Кызмат көрсөтүү сектору ИДӨнүн төмөндөшүнө басаңдатуучу таасир эткен: бул тармактын ИДӨ өсүшүнө алгылыктуу салымы 2,8 пайыздык пунктту түзгөн. Соода операциялары 10,5 пайызга көбөйүп, дүң сооданын жүгүртүүсү 24,4 пайызга, ал эми чекене соода 7,9 пайызга өскөн. Азык-түлүк товарларын (15,3 пайызга) жана азык-түлүктөн башка товарларды (6,3 пайызга) сатуу жүгүртүүсүнүн артышы менен мына ушундай өсүш камсыз кылынган. Мейманканалар жана тойканалар сунуштаган кызмат көрсөтүү көлөмү 11,7 пайыздык өсүшкө ээ болгон. Унаалардын бардык түрү менен жүк ташуу отчеттук жылы 4,5 пайызга жогорулаган. Байланыш ишканалары сунуштаган кызмат көрсөтүү көлөмү да 11,1 пайызга өскөн.

*Курулуш*

Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2012-жылы 54,6 млрд. сомду түзүп, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчтүн 2,5 пайызга өсүшүнө

салыштырганда, реалдуу алганда 17,3 пайызга көбөйгөн. Курулуш тармагы ИДӨнү калыптандырууга 0,9 пайыздык пункт деңгээлинде алгылыктуу салым кошо алган. Курулуш ишинин көлөмүнүн артышы эң башкысы, негизги капиталга инвестиция көлөмүнүн көбөйүүсү менен шартталган.

*Инвестициялар*

Капиталга инвестиция көлөмү реалдуу алганда 21,5 пайызга көбөйүү менен 62,6 млрд. сомду түзгөн (2011-жылы бул көрсөткүчтүн 3,1 пайызга төмөндөгөндүгү катталган эле). Капиталга өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү тоо кендерин казып алуу жана кайра иштетүү өндүрүш объекттеринде, электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү жагында, ошондой эле соода жүргүзүү чөйрөсүндө жүргөн.

Негизги капиталга инвестициялар тышкы (1,5 эсеге өскөн) жана ички булактардын (өсүш 11,0 пайыз) эсебинен жүзөгө ашырылган. Мында, калктын каражаттарынын эсебинен инвестициялар 16,4 пайызга, ал эми ишкана-уюмдардын каражаттарынын эсебинен 20,2 пайызга өскөн. Тике чет өлкө инвестициялары 1,9 эсеге көбөйгөн. Чет өлкө кредиттери 42,0 пайызга, ал эми чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам 29,2 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

### 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

Өкмөт 2012-жылы коргоого алынган милдеттенмелерди толук көлөмдө каржылоону уланткан. Эмгекке төлөөгө чыгашалар, субсидиялар жана социалдык жөлөк пулдарга чыгашалар, электр энергетикасы жана транспорт чөйрөсүндө ири масштабдуу долбоорлордун ишке ашырылышына байланыштуу чыгашалар көбөйгөн. Ошол эле учурда, мамлекеттик бюджеттин ресурстук бөлүгү кыскарган. Натыйжада, отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча бюджеттин тартыштыгы өсүп, Борбордук казыналыктын маалыматтары боюнча ал 20,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 6,6 пайызды түзгөн (2011-жылы бюджет ИДӨгө карата 4,7 пайыз өлчөмүндөгү тартыштыгы менен аткарылган).

***<u>1.2.1.-график</u>***

Мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери




2012-жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен түшкөн кирешелери 86,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 28,5 пайызды түзүп, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 12,2 пайызга көбөйгөн (2011-жылы 34,8 пайыз).

[1] Алдын ала алынган маалыматтар

Кирешелер түзүмүндө негизги үлүштү ээлеген салыктык түшүүлөр, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 20,5 пайызга көбөйүү менен 63,9 млрд. сомду түзгөн. Салыктык кирешелердин 52,9 пайызы Мамлекеттик салык кызматынан түшүүлөр, ал эми 47,1 пайызы Мамлекеттик бажы кызматынан түшүүлөр менен камсыз кылынган (2011-жылы бул катыш тиешелүүлүгүнө жараша, 55,3 жана 44,7 пайызды түзгөн эле).

2012-жылы “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзам талабына ылайык Улуттук банктын пайдасынын 70 пайызы, мамлекеттик бюджетке которулган, бул 1,6 млрд. сомду түзгөн.

***1.2.2.-график***

Мамлекеттик бюджеттин салыктык түшүүлөрүнүн түзүмү




*Мамлекеттик чыгашалар*

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары 21,4 пайызга (2011-жылы 33,8 пайыз) көбөйүү менен 100,0 млрд. сомду түзгөн. ИДӨгө карата чыгашалар 28,8 пайыздан 32,9 пайызга чейин көбөйгөн.

Экономикалык классификацияга ылайык чыгашалар түзүмү олуттуу өзгөргөн эмес. Өткөн жылдардагыдай эле, бюджеттин чыгашаларынын негизги статьялары социалдык маанилүү иш-чараларга туура келген. Мамлекеттик бюджеттин 2012-жылда эмгекке төлөөгө жумшалган чыгашалары 30,6 млрд. сомду же операциялык ишке чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 30,6 пайызын түзүү менен 13,5 пайызга (2011-жылы 40,9 пайыз) көбөйгөн, ал эми социалдык жөлөк пулдарга жана субсидияларга чыгымдар 16,9 пайызга көбөйүп, 19,0 млрд. сомду же 19,0 пайызды түзгөн.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык, отчеттук мезгил ичинде төмөнкү топтор боюнча чыгашалардын өсүндүгү байкалган: экономикалык маселелерге – 44,6 пайызга, саламаттыкты сактоого – 25,2 пайызга, социалдык коргоого – 23,3 пайызга, турак жай коммуналдык кызматтарга – 19,0 пайызга, билим берүүгө – 18,9 пайызга, эс алуу, маданий жана диний иш-чараларга – 8,8 пайызга, жалпы маанидеги мамлекеттик кызматтарга – 7,8 пайызга жана коргонуу, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого – 2,5 пайызга. Курчап турган чөйрөнү коргоого мамлекеттик бюджеттен чыгымдар 9,7 пайызга кыскарган.

Мамлекеттик бюджеттин финансылык эмес активдерди сатып алууга чыгашалары, аларды сатуудан ашуусу 2012-жылы 7,0 млрд сомду же ИДӨгө карата 2,3 пайызды түзгөн (2011-жылы ИДӨгө карата 3,0 пайыз).

***1.2.3.-график***

Мамлекеттик бюджет чыгашаларын функционалдык классификациялоо




Финансы министрлигинин маалыматтарына ылайык, 2012-жылдын акырына карата мамлекеттик тышкы карыз 3,0 млрд. АКШ долларын (2011-жылы 2,8 млрд. АКШ доллары), ички карыз 13,0 млрд. сомду (2011-жылы 12,9 млрд. сомду) түзгөн. Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгымдар 11,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,8 пайызды түзгөн, булардын ичинен пайыздык төлөөлөр ИДӨгө карата 1,0 пайыз чегинде катталган.

### 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми[1]

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин оң сальдосу 78,3 пайызга көбөйүү менен 188,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган. Бир эле учурда, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгынын өсүшү жүрүп, бул күндөлүк эсептин абалынын начарлоосуна алып келген. Анын терс сальдосу 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 1,4 млрд. АКШ долларын же ИДӨгө карата 20,9 пайызды түзгөн. Ушул эле көрсөткүч 2011-жылы 6,3 пайыз чегинде белгиленген эле.

***1.3.1.-график***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы соода*

Экспорттук берүүлөрдүн төмөндөшү шартында, товарлардын импорттук түшүүсүнүн өсүшүнүн уланышы, соода тартыштыгынын 79,8 пайызга көбөйүшүнө түрткү берген.

Отчеттук мезгил ичинде товарлардын экспорту 13,1 пайызга кыскарып, 2,0 млрд. АКШ долларына жакын өлчөмдү түзгөн. Нарктык

[1] Алдын ала алынган маалыматтар

көлөмү берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн азайышынан улам 44,1 пайызга төмөндөгөн алтын, экспортто мурдагыдай эле, аныктоочу беренеден болуп калган. Алтынды эске албаганда, экспорт 11,5 пайызга өсүп, 1,4 млрд. АКШ долларын түзгөн. Жүк ташуучу автоунааларды жана атайы багыттагы автоунааларды (3,6 эсеге) берүүлөрдүн[1], кендерди жана баалуу металлдардын концентраттарын (3,1 эсеге), мөмө-жемишти жана жаңгак мөмөсүн (41,5 пайызга) жана башка товарларды берүүлөрдүн көбөйгөндүгү катталган.

Отчеттук жыл ичинде импорттук түшүүлөр 26,2 пайызга көбөйүп, 5,0 млрд. АКШ доллары деңгээлине жакындашкан. Мунай заттарын берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүшү, импорттун өсүшүн шарттаган башкы фактордон болгон. Мунун натыйжасында, алардын нарктык көлөмү 22,7 пайызга өскөн. Ушуну менен катар эле, мурда колдонулуп келинген автоунаалардын (42,3 пайызга), жүк ташуу үчүн каралган жана атайы багыттагы автоунаалардын (2,0 эсеге), чоюн жана болоттун импортунун (55,1 пайызга), дары-дармектердин (16,0 пайызга) жана башка товарлардын импортунун көлөмү  өсүшкө ээ болгон.

Кызмат көрсөтүү импортунун көлөмүнүн 30,4 пайызга көбөйүүсү “кыдыруулар” жана “транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” беренелери боюнча жүргөн, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын резиденттери тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөр (экспорт) 8,1 пайызга өскөн. Демек, кызмат көрсөтүү балансынын тартыштыгы 275,8 млн. АКШ долларына көбөйгөн. Ал эми 2011-жылы бул көрсөткүч 20,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө катталган эле.

*Акча которуулар*

Күндөлүк трансферттердин таза агымынын көлөмү 2,1 млрд. АКШ долларына жакынды түзүп, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 12,0 пайызга көбөйгөн. Күндөлүк трансферттердин түзүмүндө валюталык түшүүлөрдүн олуттуу көлөмүндө болушу мурдагыдай эле, иштеп жаткандардын акчалай которуулары менен камсыз кылынган. Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча акчалай которуулардын таза агымы 1,9 млрд. АКШ долларынан ашкан (жеке адамдардын акча которуу системалары аркылуу которууларынын 1,8 млрд. АКШ доллары өлчөмүндөгү таза агымын алганда), бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 17,4 пайызга жогору.

Кирешелердин терс сальдосу 73,1 пайызга (142,6 млн. АКШ долларына чейин) төмөндөгөн. Ушунун өзү тике чет өлкө инвесторлоруна Кыргыз Республикасындагы инвестициялык ишкердигине төлөөлөргө карата кирешелердин кыскарышы менен шартталган.

*Капиталдын жылышы эсеби*

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин сальдосу оң түптөлүп, 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 40,5 пайызга ашуу менен 1,1 млрд. АКШ долларын түзгөн.

Финансылык эсеп боюнча негизги түшүүлөр “башка инвестициялар” беренеси боюнча капиталга 678,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө таза агылып кирүүлөр менен камсыз кылынган (4,8 эсеге өсүш). Башка инвестициялар түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү, мамлекеттик жана жеке сектор тарабынан алынган, жалпы суммасы 387,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү кредиттердин эсебинен капиталдын таза агымы менен түшүндүрүүгө болот.

Тике инвестициялардын таза агымы 372,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул 2011-жылдагы көрсөткүчтөн 46,3 пайызга төмөн. Тике инвестициялардын негизги көлөмү чет өлкөлүк кошо ээлик кылуучулардан алынган кредиттер менен камсыз кылынган.

[1] Реэкспорт

***1.3.2.-график***

Финансылык эсеп




*Каталар жана калтырып кетүүлөр*

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча “каталар жана калтырып кетүүлөр” статьясынын сальдосу 421,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң калыптанган, ушунун өзү өлкөгө капиталдын агылып кирүүсүнө байланыштуу операциялар, толук статистикалык эсепке алынбагандыгын далилдейт.

*Эл аралык камдар (резервдер)*

Отчеттук жылдын акырына карата дүң эл аралык камдардын көлөмү 2,07 млрд. АКШ долларын түзгөн, Улуттук банктын камдык активдеринин өлчөмү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун болочоктогу зарыл 3,3 айлык көлөмүн жабууга жетиштүү болгон.

## 1.4. Банк сектору[1]

*Банк секторундагы негизги тенденциялар*

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча банк тутумунун негизги көрсөткүчтөрүнүн жана финансылык ортомчулук индикаторлорунун өсүшү байкалган.

Ликвиддүүлүктүн олуттуу деңгээлде болушу жана коммерциялык банктардын капиталынын жогорку шайкештик деңгээли бир жагынан, банк тутумунун терс таасирлерге ишенимдүү туруштук бере алаарын жана финансылык ортомчулук жана банк тутумунун натыйжалуулугунун деңгээлин жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүктүн бардыгын далилдейт. Башка жагынан алып караганда, ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээли банктардын консервативдүү кредиттик саясатты жүргүзгөндүгүн чагылдырат, бул жогорку кредиттик жана макроэкономикалык тобокелдиктердин орун алгандыгы, ошондой эле банк секторунда атаандаштык чөйрөсүнүн алсыздыгы жана ликвиддүүлүк жетиштүү деңгээлде натыйжалуу тескөөгө алынбагандыгы менен түшүндүрүлөт.

Калайык-калк сыяктуу эле, корпоративдик сектордун кредиттик ресурстарга керектөөсүнүн жогорулоосу, банктардын кредит портфелинин өсүш арымынын ыкчамдашына түрткү берген. Ошол эле учурда, экономиканын соода жүргүзүү жана айыл-чарбасы сыяктуу тармактарынын карыздык каражаттарга олуттуу муктаждыгы катталган.

Кредиттөө көлөмүнүн өсүшү алкагында, кредиттердин соода тармагында айрыкча концентрацияланышы сакталып калган, бул банктардын кредит портфелинин сапаты экономикалык жигердүүлүктөн, баанын туруктуулугунан жана экономиканын соода тармагынын рентабелдүүлүгүнөн көз карандылыгын жогорулаткан.

---

[1] Коммерциялык банктардын регулятивдик отчетундагы маалыматтар колдонулган.

2012-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан улуттук банкынын Бишкектеги филиалын жана микрофинансылык компаниядан өзгөртүп түзүлгөн – микрофинансылык банк “Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАКты кошо алганда, 23 коммерциялык банк иштеп турган.

*Банктардын саны*

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын ичинен 12 банк чет өлкө капиталынын катышуусу менен иш алып барган. Отчеттук жылдын акырына карата чет өлкө капиталынын үлүшүнө банктардын капиталынын 36,1 пайызы туура келген (2011-жылы 39,9 пайыз). Чет өлкө инвестицияларынан ата-мекендик инвесторлордун инвестицияларынын озгон арымда өсүшүнөн улам, мына ушундай кыскаруу келип чыккан.

Отчеттук мезгил ичинде банк тутумунун суммардык активдери 29,5 пайызга көбөйүп, 87,4 млрд. сомду түзгөн. Банктардын активдеринин негизги үлүшү – 45,9 пайызы берилген кредиттерге туура келген.

*Банк тутумунун активдери*

***<u>1.4.1.-таблица</u>***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2011-ж. | | 2012-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом.* | *Үлүшү, пайыздарда* | *млн. сом.* | *Үлүшү, пайыздарда* |
| Акча каражаттары | 6 305,3 | 9,3 | 8 114,2 | 9,3 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 5 274,2 | 7,8 | 6 650,3 | 7,6 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 9 635,5 | 14,3 | 10 961,1 | 12,5 |
| Баалуу кагаздар портфели | 5 785,5 | 8,6 | 8 892,3 | 10,2 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 245,2 | 0,4 | 819,3 | 0,9 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 1 596,7 | 2,4 | 2 124,9 | 2,4 |
| Кардарларга кредиттер жана финансылык ижара | 31 217,1 | 46,2 | 40 105,4 | 45,9 |
| Атайын РППУ* | -2 603,9 | -3,9 | -2 785,5 | -3,2 |
| Негизги каражаттар | 4 860,0 | 7,2 | 5 382,9 | 6,2 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 70,4 | 0,1 | 88,8 | 0,1 |
| Башка активдер | 5 151,3 | 7,6 | 7 090,9 | 8,1 |
| **Бардыгы болуп** | **67 537,4** | **100,0** | **87 444,6** | **100,0** |

**Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык. шектүү, жоготуулар) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камды түшүнүү зарыл.*

Коммерциялык банктар тарабынан акча каражаттарына, кыска мөөнөттүү активдерге жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерге жайгаштырылган жогорку ликвиддүү каражаттардын көлөмү чогуу алганда, отчеттук мезгил ичинде 27,5 пайызга жогорулап, жылдын жыйынтыгы боюнча активдердин бул категориясы 14,8 млрд. сомду түзгөн.

Суммардык “таза” кредиттердин көлөмү[1] 30,6 пайызга өсүп, 39,4 млрд. сомду түзгөн. Банктардын суммардык активдериндеги алардын үлүшү дээрлик өзгөрүүсүз калуу менен 45,1 пайызды түзгөн.

*«Таза» кредиттер*

“Классификацияланбаган” активдердин көлөмү[2] классификациялануучу тийиш болгон активдердин суммасынын 94,2 пайызын жана “классификациялануучу” активдердин[3] 5,8 пайызын түзгөн.

[1] Кардарларга «таза» кредиттер – бул, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарды, ошондой эле чегерилген дисконтту кемиткенден кийинки, кардарларга жана финансы-кредит мекемелерине кредиттер жана финансылык ижара.

[2] Классификацияланбаган активдер (кредиттер) категориясына нормалдуу, канааттандырарлык жана байкоого алынган категорияларына кирген активдер (кредиттер) кирет.

[3] Классификацияланган активдер (кредиттер) категориясына субстандарттык, шектүү жана жоготуулар категориясына кирген активдер (кредиттер) кирет.

Классификацияланган кредиттердин үлүшү 7,2 пайызга чейин кыскарган, ушунун өзү банк тутумунун кредит портфелинин сапатынын белгилүү бир деңгээлге жакшыргандыгын далилдейт. Ошондой болсо да, пролонгацияланган кредиттердин суммардык көлөмү 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 7,7 пайызга көбөйгөн.

***1.4.1.-график***

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




***1.4.2.-таблица***

Активдерди, баланстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо

*(башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздарда)*

| Категориясы | Активдер жана балансфтан тышкаркы милдеттенмелер | | Кардарларга кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011-ж. | 2012-ж. | 2011-ж. | 2012-ж. |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **92,2** | **94,2** | **89,8** | **92,8** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Нормалдуу | 41,7 | 42,0 | 0,7 | 0,3 |
| Канааттандырарлык | 45,2 | 48,4 | 80,1 | 86,1 |
| Байкоого алынган | 5,3 | 3,8 | 9,1 | 6,3 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **7,8** | **5,8** | **10,2** | **7,2** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 3,1 | 2,0 | 3,3 | 1,9 |
| Шектүү | 1,7 | 1,3 | 3,0 | 2,2 |
| Жоготуулар | 3,1 | 2,6 | 4,0 | 3,1 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп, *млн. сом.*** | **59 813,8** | **77 122,0** | **31 217,1** | **40 105,4** |

Кредит портфелинин долларлашуу деңгээли 2011-жылдагыга салыштырганда 1,5 пайыздык пунктка төмөндөп, 53,7 пайызды түзгөн.

Региондор боюнча алып караганда, банктык кредиттердин негизги бөлүгү Бишкек шаарында жана Чүй областында берилген. 2012-жылдын акырына карата абал боюнча бул регионго банктардын кредит портфелинин 63,3 пайызы туура келген.

*Активдердин институционалдык түзүмү*

Отчеттук мезгил ичинде банктык активдердин институционалдык түзүмү жетишээрлик диверсификацияланган. Банктардын корпоративдик сектордогу активдери банктардын активдеринин жалпы көлөмүнүн 29,6 пайызын, үй чарбасы секторунда 16,8 пайызын түзгөн.

***1.4.2.-график***

Банктардын активдеринин институционалдык түзүмү




2012-жылдын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин көлөмү 71,4 млрд. сомду түзүү менен 32,7 пайызга көбөйгөн. Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндө депозиттик базанын үлүшү[1] 61,1 пайыз чегинде катталган. Отчеттук мезгил ичинде банк тутумунун депозиттик базасынын өсүшү 36,0 пайызды түзгөн.

*Банк тутумунун милдеттенмелери*

***1.4.3.-график***

Банктардын милдеттенмелеринин жана депозиттик базасынын динамикасы*




**2009-жылдан бери коммерциялык банктардын депозиттик базасын эсептөөнүн жаңы ыкмасы колдонулуп келүүдө*

Банктардын пассивдеринин түзүмүндө резидент эместер алдындагы милдеттенмелер 16,2 пайызды түзгөн. Мында чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер алардын жалпы көлөмүнүн 52,9 пайызын түзгөн.

Институционалдык планда банктардын милдеттенмелери финансылык эмес корпоративдик секторго жана үй чарбаларына концентрацияланган. Бул секторлорго 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча банктардын бардык милдеттенмелеринин тең жарымынан көбүрөөгү (53,3 пайызы) туура келген.

*Милдеттенмелердин институционалдык түзүмү*

[1] Өкмөттүн депозиттерин жана кредиттерин, ошондой эле банктардын жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.

***1.4.3.-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2011-ж. | | 2012 -ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом.* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн. сом.* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 8 225,0 | 15,3 | 11 138,2 | 15,6 |
| Эсептешүү эсептери | 13 068,5 | 24,3 | 18 507,1 | 25,9 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 10 803,8 | 20,1 | 14 000,8 | 19,6 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 1 685,6 | 3,1 | 2 743,9 | 3,8 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 905,2 | 1,7 | 739,0 | 1,0 |
| Өкмөттүн депозиттери | 4 763,6 | 8,9 | 4 805,3 | 6,7 |
| Резидент эместердин депозиттери | 1 814,4 | 3,4 | 2 199,9 | 3,1 |
| Өкмөттүн кредиттери | 1 510,5 | 2,8 | 1 631,4 | 2,3 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 82,4 | 0,2 | 23,5 | 0,0 |
| Алынган кредиттер | 4 691,6 | 8,7 | 8 403,0 | 11,8 |
| Башка милдеттенмелер | 6 262,4 | 11,6 | 7 241,0 | 10,1 |
| **Бардыгы болуп** | **53 812,9** | **100,0** | **71 433,2** | **100,0** |

***1.4.4.-график***

Банктардын милдеттенмелеринин институционалдык түзүмү




*Депозиттик база*

Депозиттик базанын түзүмү олуттуу деле өзгөргөн эмес. 2012-жылдын акырына карата абал боюнча эсептешүү эсептери жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерге 67,9 пайыз, мөөнөттүү депозиттерге 32,1 пайызы туура келген. Бүтүндөй алганда, коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү[1] 43,6 млрд. сомду түзгөн. Юридикалык жактардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 6,0 млрд. сомго же 27,7 пайызга көбөйгөн. Жеке адамдардын депозиттеринин өсүшү 5,6 млрд. сом же 36,7 пайыз чегинде катталган. Депозиттик базанын долларлашуу деңгээли жыл ичинде 3,3 пайыздык пункта төмөндөп, 46,8 пайызды түзгөн.

*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы[2] 2012-жыл ичинде 18,3 пайызга өсүп, 15,9 млрд. сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капитал[3] 17,8 пайызга көбөйүп, 9,8 млрд. сомго жеткен.

Банк тутумунун капиталынын шайкештигинин ошол учурдагы деңгээли банктардын активдүү операцияларды кошумча кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн чагылдырган.

---

[1] Өкмөттүн депозиттерин жана кредиттерин, ошондой эле банктардын жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.

[2] Банктын регулятивдик суммардык капиталына уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы (чыгымы), отчеттук жылдагы пайда (чыгым) жана банкта классификацияланбаган активдерге түзүлгөн жалпы камдар кирет.

[3] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялар кирет.

***1.4.5.-график***

Капиталдын базасында көрсөткүчтөр динамикасы




*Кирешелер жана чыгашалар*

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча банк тутумунун таза пайдасы 2,4 млрд. сомду түзүп, андан мурдагы жылга салыштырганда 0,4 млрд. сомго же 22,1 пайызга көбөйгөн.

***1.4.4.-таблица***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн. сом.)*

| Категориясы | 2011-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп, пайыздык кирешелер | 6 186,6 | 8 254,6 |
| Бардыгы болуп, пайыздык чыгашалар | 1 883,1 | 2 798,3 |
| Таза пайыздык киреше | 4 303,5 | 5 456,3 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | -100,6 | 14,8 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 4 404,1 | 5 441,6 |
| Бардыгы болуп, пайыздык эмес кирешелер | 18 625,8 | 27 021,9 |
| Бардыгы болуп, пайыздык эмес чыгашалар | 15 565,9 | 23 413,3 |
| Бардыгы болуп, башка операциялык жана административдик чыгашалар | 5 070,8 | 6 137,1 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 2 393,2 | 2 913,0 |
| РППУга чегерүүлөр (пайыздык активдер боюнча) | 168,1 | 182,8 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 2 225,1 | 2 730,2 |
| Пайдага салык | 245,0 | 312,4 |
| Таза пайда (чыгым) | 1 980,2 | 2 417,8 |

Пайыздык кирешелер 33,4 пайызга, пайыздык эмес кирешелер 45,1 пайызга көбөйгөн. Таза пайыздык кирешенин банктардын дүңүнөн алгандагы пайыздык кирешелерине карата катышы 2011-жылдын акырындагы 69,6 пайыздан, 2012-жылдын акырындагы 66,1 пайызга чейин кыскарган.

Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2011-жылдын деңгээлинде калып, 3,0 пайызды түзгөн, ал эми капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 0,8 пайыздык пунктка көбөйүп, 18,5 пайыз өлчөмүндө калыптанган.

Кредит портфелинин сапатынын өзгөрүүсүнүн позитивдүү динамикасы сакталып турган шартта, РППУга чегерүүлөрдүн көлөмү 2012-жыл ичинде 14,8 млн. сомду түзгөн. Ошентип, кредиттер боюнча РППУга чегерүүлөрдүн банк секторунун таза пайыздык кирешесине карата катышы 0,3 пайыз чегинде катталган.

## 1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелер сектору

*БФКМдердин түзүмү*

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктан лицензияланууга жана иши ал тарабынан жөнгө салынууга тийиш болгон банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер (БФКМ) системасы адистештириген финансы-кредиттик мекеме – “КСФК” ААКсын, 183 кредиттик союзду, 320 микрофинансылык уюмдарды (анын ичинде 4 микрофинансылык компания, 242 микрокредиттик компания жана 74 микрокредиттик агенттик) жана 306 алмашуу бюросун камтып турган. Отчеттук жылда БФКМдердин жалпы санынын кыскаргандыгы байкалган, бул негизинен, жүргүзүп жаткан иши колдонуудагы мыйзам талаптарына жооп бербеген МФУлардын күбөлүктөрүнүн жокко чыгарылышынан жана кайтарылып алынышынан улам келип чыккан.

***1.5.1.-таблица***

БФКМдердин жана алмашуу бюролорунун санынын динамикасы

| Аталышы | 2011-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|
| "КСФК" ААКсы | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 454 | 320 |
| Кредиттик союздар | 197 | 183 |
| Алмашуу бюролору | 279 | 306 |

2012-жылы Улуттук банк тарабынан МФКларга 1 лицензия, алмашуу бюролоруна 245 лицензия берилген (анын ичинде мурда берилген лицензиялардын мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу 195 лицензия). Ошондой эле МКК/МКАлардын каттоодон өткөндүгү тууралуу 56 күбөлүк берилген.

Мыйзам талаптарын сактабагандыгы үчүн МККлардын 85 күбөлүгү, МКАлардын 16 күбөлүгү кайтарылып алынган. Ишинин токтотулушуна байланыштуу кредиттик союздардын 14 лицензиясы, МККлардын 69 күбөлүгү, МКАлардын 24 күбөлүгү жокко чыгарылган.

Берилген регулятивдик отчетторго ылайык, БФКМдердин отчеттук жыл ичиндеги чогуу алгандагы активдери[1] 0,4 пайызга көбөйүп, 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча 20,4 млрд. сомду түзгөн. МФК «Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАКтын банкка трансформацияланышына байланыштуу БФКМ секторунун кредит портфели 2,1 пайызга кыскарган. МФК «Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАКты эске албаганда, БФКМдердин кредит портфелинин өлчөмү 2011-жылдагыга салыштырганда 17,6 пайызга көбөйүп, 15,4 млрд. сомду түзгөн.

[1] БФКМ сектору боюнча маалыматтар «КСФК» ААКсынын кредит портфелин эске алуусуз келтирилген, анткени кредиттер кайра кредиттөөсү үчүн кредиттик союздарга берилген.

**1.5.1.-график**

БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




**1.5.2.-график**

МФК «Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАКты эске албаганда, БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




БФКМдердин кредит портфелин региондор боюнча бөлүштүрүү төмөндө чагылдырылган.

*БФКМдердин облясттар жана Бишкек шаары боюнча кредит портфели*

***1.5.2.-таблица***

БФКМдердин региондор боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом.)*

| | 2011-ж. | | 2012-ж. |
|---|---|---|---|
| | "Бай-Түшүм жана Партнерлор" ЖАКты эске албаганда | "Бай-Түшүм жана Партнерлор" ЖАКты эске алуу менен | "Бай-Түшүм жана Партнерлор" ЖАКты эске албаганда |
| Бишкек ш. | 2 583,8 | 2 741,7 | 2 925,1 |
| Баткен областы | 1 011,8 | 1 264,0 | 1 460,2 |
| Жалал-Абад областы | 2 277,6 | 2 904,4 | 2 230,8 |
| Ысык-Көл областы | 1 330,3 | 1 581,9 | 1 544,6 |
| Нарын областы | 945,9 | 1 167,3 | 1 076,8 |
| Ош областы | 2 203,7 | 2 718,8 | 2 245,1 |
| Талас областы | 926,8 | 1 240,0 | 1 064,6 |
| Чүй областы | 1 751,8 | 1 960,2 | 2 714,0 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 152,2 | 152,2 | 144,3 |
| **Бардыгы болуп** | **13 183,9** | **15 730,4** | **15 405,5** |

***1.5.3.-график***

Кредит портфелинин экономика секторлору боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздарда)*




2012-жылы БФКМ тарабынан алынган чогуу алгандагы таза пайда 669,8 млн. сомго жеткен.

МФУлар тарабынан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер 2012-жылы 3,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Кредиттик союздардын пайыздык чендери дээрлик өзгөргөн эмес, бул алардын операциялык олуттуу чыгашалары жана кредиттик тобокелдиктери менен шартталган.

***1.5.3-таблица.***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер
*(пайыздар)*

| | 2011-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|
| "КСФК" ААКсы | 15,8 | 15,9 |
| Микрофинансылык уюмдар | 38,3 | 34,9 |
| Кредиттик союздар | 29,0 | 29,1 |

*«КСФК» ААКсы*

“КСФК” ААКсынын иши кредиттик союздарды кредиттөөнүн алкагында айыл жеринде финансы системасынын туруктуулугун колдоо үчүн кредиттерди берүүгө багытталган. Отчеттук мезгилдин акырына карата “КСФК” ААКсынын кредит портфели 409,2 млн. сом чегинде катталган, Азия өнүктүрүү банкынын субсидиардык займы боюнча милдеттенмелердин төлөнүшүнө байланыштуу бул, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 5,9 пайызга аз.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 9,2 пайызга көбөйүп, 2012-жылдын акырында 1,3 млрд. сомду түзгөн. Кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү айыл чарбасына – 46,2 пайызы жана соодага 35,9 пайызы туура келген (2011-жылы тиешелүүлүгүнө жараша, 48,4 жана 34,2 пайыз). Отчеттук жыл ичинде кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны 3,6 пайызга кыскарып, 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата 16 миң адамдан ашуунду түзгөн. Кредиттик союздарда карыз алуучулардын санынын азайуусу союздардын өзүнүн санынын кыскаруусуна байланыштуу келип чыккан.

2012-жылдын акырына карата абал боюнча 12 кредиттик союздун депозиттик лицензиясы болгон. Кредиттик союздардын катышуучуларынан тартылган депозиттердин көлөмү 44,8 пайызга көбөйүп, 51,3 млн. сомду түзгөн. Ал эми башка ФКМдер алдында милдеттенмелер 7,0 пайызга көбөйүп, 639,9 млн. сом чегинде катталган.

*Микро-финансылык уюмдар*

Өткөн жыл ичинде МФУлардын чогуу алгандагы кредит портфели, отчеттук жылдын акырында банкка өзгөртүп түзүлгөн МФК “Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАКты эске албаганда 17,6 пайызга көбөйүп, жыл акырында 14,1 млрд. сомду түзгөн. Бүтүндөй алганда МФУлардын кредит портфели үч жылга чейинки мөөнөткө берилген орто жана кыска мөөнөттүк кредиттерден турган. Айыл чарбасы МФУлар кредиттөөгө алган негизги тармактан болуп саналат, анын үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 44,2 пайызы (2011-жылдын акырында 43,5 пайыз), ал эми соода жүргүзүүгө 24,3 пайызы (2011-жылдын акырында 30,6 пайыз) туура келген. Эл аралык финансылык институттардан тартылган каражаттар, ошондой эле МФУлардын капиталы алардын кредиттөө булагынан болуп эсептелинет. МФУлардын карыз алуучуларынын саны 417,8 миң адамдан көбүрөөктү түзгөн.

## 1.6. Финансы рыноктору

### 1.6.1. Валюта рыногу

2012-жылы ички валюта рыногундагы абал, улам өсүп жаткан импорттон улуттук валютанын курсуна келтирилип жаткан басымды жеңилдеткен, өлкөгө акча которуулардын көлөмүнүн көбөйүүсү алкагында салыштырмалуу туруктуу сакталган. Алмашуу курсунун туруктуу сакталышы Улуттук банктын валюта рыногуна катышуусун минималдаштырууга өбөлгө

түзгөн. Жыл жыйынтыгы боюнча АКШ долларынын эсептик курсу 2,0 пайызга, 46,4847ден 47,4012 сом/АКШ долларына чейин жогорулаган.

***1.6.1.1.-график***

Валюта курсу жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




*Алмашуу курсунун динамикасы*

Жыл ичинде алмашуу курсунун өзгөрүү динамикасы ар башка багытта калыптанган. Алсак, 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында ички рынокто валютага суроо-талаптын жогору болушунун таасири астында америка валютасынын наркы бир аз жогорулаган. Курстун эң эле байкалаарлык четтөөсү АКШ долларынын курсу 0,7 пайызга өсүп кеткен чын куран жана теке айларында катталган.

Үчүнчү чейрек, отчеттук жылдын чын куран айында улуттук валютанын бир аз алсызданышы мезгилинен кийин АКШ долларынын алмашуу курсунун өсүш динамикасы багытын өзгөртүшү менен мүнөздөлгөн. Атап айтканда, 2012-жылдын баш оона, аяк оона айларынын жыйынтыгы боюнча импортер ишканалардын валютага суроо-талабынын курска карата басымы сакталып турушуна карабастан, сом 2,5 пайызга чыңдалып, өткөн 10 ай ичиндеги минималдуу деңгээлге – 1 доллар үчүн 46,0743 сомго жеткен. Алмашуу курсунун өзгөрүүсү, акча которуу системалары боюнча өлкөгө келип түшкөн валюта көлөмүнүн көбөйүүсүнөн, ошондой эле сезондук туристтик агымдын артышынан көрүнгөн рынок коньюнктурасынын алмашуусунун эсебинен жүргөн.

2012-жылдын акыркы айларында керектөө жигердүүлүгүнүн сезондук жогорулоосу валютага талапты колдоого алган кошумча фактордон болгон. Натыйжада үчтүн айынын акырында курс 47,4012 сом/АКШ долларына жеткен.

*Улуттук банктын валюталык интервенциялары*

Талап менен сунуштун тең салмактуулугу сакталып турган шартта, Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында ишке ашырган интервенцияларынын көлөмүн олуттуу төмөндөткөн. Банктар аралык валюта тооруктарына Улуттук банктын катышуусунун негизги үлүшү, отчеттук жылдын алгачкы эки айына туура келген. Улуттук банк мындан тышкары, теке айынын биринчи он күндүгүндө рыноктун валютага болгон керектөөсүн компенсациялаган. Калган айларда рынокто бүтүмдөр

коммерциялык банктар ортосунда ишке ашырылган.

Бүтүндөй жыл ичинде Улуттук банктын валюталык интервенцияларынын дүң көлөмү 47,9 млн. АКШ долларын түзүп, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 88,1 пайызга төмөндөгөн. Чет өлкө валютасын сатуу боюнча операциялар мурдагыдай эле басымдуу болуу менен алардын көлөмү 84,7 пайызга азайып, 43,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Ал эми чет өлкө валюталарын сатып алуу көлөмү 4,8 млн. АКШ долларына чейин азайган (-96,0 пайыз). Ошентип, Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуу көлөмү 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 122,5 млн. АКШ долларына же 76,2 пайызга төмөндөп, 38,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

***1.6.1.1.-таблица***

Валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатуу/сатып алуу операциялары
*(млн. сом.)*

| | 2011-ж. | 2012-ж. | Өсүш арымы, пайыздарда |
|---|---|---|---|
| **Жалпы көлөмү** | **240 047,8** | **284 076,9** | **18,3** |
| анын ичинде: | | | |
| *Валюта тооруктарында нак эмес валюталар менен жүргүзүлгөн спот-операциялар* | 43 800,6 | 49 644,9 | 13,3 |
| Улуттук банк менен жүргүзүлгөн операциялар | 18 474,3 | 2 261,7 | -87,8 |
| Банктар аралык операциялар | 25 326,3 | 47 383,2 | 87,1 |
| *Валюта тооруктарынан тышкары нак эмес валюталар менен жүргүзүлгөн спот-операциялар* | 2 382,0 | 2 518,9 | 5,8 |
| *Нак валюталар менен спот-операциялар* | 190 965,2 | 229 898,8 | 20,4 |
| Улуттук банк менен жүргүзүлгөн операциялар | 0,0 | 0,0 | - |
| Банктар аралык операциялар | 158 452,0 | 188 889,9 | 19,2 |
| Алмашуу бюролору | 32 513,1 | 41 008,9 | 26,1 |
| *Своп-операциялар* | 2 900,1 | 2 014,2 | -30,5 |
| Улуттук банк менен операциялар | 0,0 | 0,0 | - |
| Банктар аралык операциялар | 2 900,1 | 2 014,2 | -30,5 |

*Валюта рыногунун валюта түрлөрү боюнча түзүмү*

Ички валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын көлөмү своп-операцияларды эске албаганда, 18,0 пайызга өсүп, 282,1 млрд. сом эквивалентин түзгөн. Атап айтканда, жыл жыйынтыгы боюнча АКШ долларында ишке ашырылган операциялардын көлөмү, орус рубли жана казак тенгеси менен келишилген бүтүмдөрдүн сандык көрсөткүчтөрүнүн кыйла ыргактуу өсүшүнүн натыйжасында, операциялардын жалпы көлөмүндө алардын үлүшүнүн 59,6 пайызга (-2,6 пайыздык пунктка) бир эле учурда төмөндөшү шартында, 13,0 пайызга көбөйгөн. Евро менен операциялар алардын салыштырма салмагынын 0,7 пайыздык пунктка, 3,5 пайызга чейин азайышы менен 2,7 пайызга төмөндөгөн. Орус рубли менен операциялар үлүшүнүн 24,5 пайыздан 27,3 пайызга чейин байкалаарлык өсүшүнөн улам (31,4 пайызга), мындай бүтүмдөрдүн көлөмү көбөйгөн. Казак тенгеси менен операциялар көлөмүнүн өсүшү 26,0 пайызды түзгөн, бирок рыноктук керектөөлөрдүн салыштырмалуу бирдей чекте кармалып турушу, жалпы көлөмүндө алардын үлүшүнүн болгону 0,6 пайыздык пунктка, 9,6 пайызга чейин көбөйүүсүнө түрткү берген. Башка валюталар менен операциялар көлөмү[1] 14,1 пайызга кыскарган, ал эми алардын салыштырма салмагы 0,04 пайызга чейин азайган (-0,01 пайыздык пунктка).

*Валюта рыногунун нак эмес жана накталай сегменттери*

Валюта рыногунун нак эмес сегментинде банктар аралык валюта тооруктарында бүтүмдөрдүн басымдуу бөлүгү[2] АКШ долларында келишилген. 2012-жылы нак эмес валюталык операциялардын көлөмү 52,5 млрд. сом эквивалентин түзүп, 2011-жылдын ушул көрсөткүчүнө салыштырмалуу,

[1] Англия фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лири, өзбек суму, канада доллары, кытай юани жана япония йенасы.

[2] Тооруктар Улуттук банкта соода-маалыматттык электрондук системасы аркылуу ишке ашырылат.

коммерциялык банктар ортосунда АКШ долларын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын өсүшүнүн эсебинен, 14,5 пайызга көбөйгөн.

Валюталык операциялардын негизги үлүшү рыноктун накталай сегментинде ишке ашырылып, негизинен коммерциялык банктарда келишилген (67,0 пайыз) чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 81,4 пайызы анын үлүшүнө туура келген, мында алмашуу бюролорунда накталай операциялардын үлүшү жыл ичинде 0,1 пайыздык пунктка, 14,4 пайызга чейин төмөндөгөн.

*Своп–операциялар*

Ички рынокто сыяктуу эле, банк резидент эместер менен ишке ашырылган своп-операцияларынын жалпы көлөмү 2,0 млрд. сом эквивалентин түзүп, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 30,5 пайызга төмөндөгөн. Отчеттук жылы Улуттук банк коммерциялык банктар менен своп-операцияларын жүргүзгөн эмес.

*Алмашуу бюролорунда валюта курсунун динамикасы*

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунда АКШ долларын сатуунун орточо салмактанып алынган курсу 1,3 пайызга жогорулап, үчтүн айынын акырында 47,3781 сом/долларды түзгөн. Мында, алмашуу бюролорунда жыл ичинде еврону сатуунун орточо алынган курсу 2,5 пайызга өсүп, 61,9483 сом/еврону, орус рубли 6,0 пайызга, 1,5313 сом/рублге чейин өскөн. Казак тенгесинин курсу тескерисинче, 0,3 пайызга, 0,3116 сом/тенгеге чейин төмөндөгөн.

### 1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу

Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн жалпы көрсөткүчүнүн салыштырмалуу туруктуу деңгээлде сакталып турушу шартында 2012-жылы банктар аралык карыз алуулар рыногунун сом түрүндөгү сегментинде өсүш тенденциясы сакталып калган. Ошону менен бирге эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде кредиттердин бардык түрү боюнча чендердин орточо деңгээлинин төмөндөшү катталган. Ички рынокто 2011-жылдагыдай эле кыйла жигердүүлүк, отчеттук жылдын экинчи жана төртүнчү чейректеринде байкалган. Банк тутуму мурдагыдай эле, үстөк камдардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшү менен мүнөздөлгөн: ликвиддүүлүктүн олуттуу бөлүгү рыноктун бир нече ири катышуучуларынын колунда топтолуп, ал эми башка ФКМдерде бул көрсөткүчтүн динамикасы ар башка багытта болгон.

*Улуттук валютадагы операциялар*

Жыл жыйынтыгы боюнча банктар аралык кредит рыногунда сом менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 21,2 пайызга көбөйүп, 12,2 млрд. сом чегинде катталган (2011-жылы 30,7 пайыз). Рыноктун бардык сегментинде ишке ашырылган бүтүмдөрдүн сандык көрсөткүчү өскөндүгүнө карабастан, сом менен ишке ашырылган операциялардын негизги бөлүгү “овернайт” кредиттерине жана репо бүтүмдөрүнө туура келген. Жыл жыйынтыгы боюнча репо-операцияларынын үлүшү стандарттык кредиттик шарттарда, банктар аралык бүтүмдөрдүн көлөмүнүн эквиваленттүү көбөйүүсүнүн эсебинен 2,1 пайыздык пунктка, 48,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Мында, “овернайт” кредиттеринин салыштырма салмагы бир жыл мурдагы деңгээлде, 40,2 пайыз өлчөмүндө сакталуу менен улуттук валютадагы кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоо үчүн карыздык каражаттарга рыноктук суроо-талаптын сакталып тургандыгын тастыктаган.

Жыл башында  үстөк камдардын салыштырмалуу жогорку деңгээлде болушунан улам, карыздык каражаттардын наркы бара-бара төмөндөп, бугу айына карата минималдуу мааниге чейин жеткен. Бирок, кулжа айынан тартып

банктар аралык кредиттердин наркы рыноктун негизги катышуучуларын кошо алганда, көпчүлүк банктарда үстөк камдардын көлөмүнүн төмөндөшүнүн натыйжасында кайрадан жогорулоого ык койгон.

Банктар аралык карыз алуулар рыногунда байкалган өзгөрүүлөргө карабастан, аяк оона айынан тартып банктар аралык рынокто сомдук ресурстардын наркынын туруктуу төмөндөшү байкалуу менен ал отчеттук жылдын акырына чейин сакталып калган. Бүтүндөй 2012-жылы улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер жана репо-операциялар боюнча орточо чен 7,7 пайызга чейин төмөндөп, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 1,4 жана 1,7 пайыздык пунктка өзгөргөн. Эсептик чендин өзгөрүүсүн улай эле, “овернайт” кредитинин орточо айлык наркы 2012-жылы ичинде 15,4 пайыздан 3,2 пайызга чейин төмөндөгөн (жылдык эсептөөдө чен 4,7 пайыздык пунктка 8,5 пайызга чейин төмөндөгөн), ушунун өзү отчеттук жылдын 4-чейрегинде ушул кредиттерге карата суроо-талаптын байкалаарлык жогорулоосуна алып келген.

Репо-операцияларынын орточо мөөнөтү алты күндөн үч күнгө чейин кыскарган. Ал эми улуттук валютадагы кредиттер боюнча тескерисинче, жети күндөн 27 күнгө чейин узарган.

***1.6.2.1.-график***

Ички банктар аралык кредит рыногунда бүтүмдөрдүн көлөмү

*(млн. сом.)*




*Ички рынокто чет өлкө валютасындагы операциялар*

Ички банктар аралык кредит рыногунун валюталык сегментинде операциялардын көлөмү 2012-жылы 5,7 эсеге жогорулап, 391,2 млн. сом эквивалентин түзгөн. Бул сегментте чендер, рыноктун башка сегменттериндеги салыштырмалуу көрсөткүчтөрдүн динамикасынын өзгөрүүсүнүн таасири астында калыптанган. Негизинен жыл ичинде, ички банктар аралык рынокто чет өлкө валютасында сунушталган кредиттер боюнча орточо чен 2011-жылдагыга салыштырганда, 1,9 пайыздык пунктка төмөндөп, 1,6 пайызды түзгөн, ал эми орточо алынган мөөнөт 58 күндөн төрт күнгө чейин азайган.

***1.6.2.1-таблица***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы орточо салмактанып алынган пайыздык чен

*(пайыздар)*

| | 2011-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | 9,1 | 7,7 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | 3,5 | 1,6 |
| Репо операциялары боюнча чен | 9,4 | 7,7 |
| "Овернайт" кредити боюнча чен | 13,2 | 8,5 |

*Резидент эмес банктар менен операциялар*

Айрым банктар ички рынокто банктар аралык кредиттерди берүүдөн тышкары, банк-резидент эместер менен да операцияларды жүргүзгөн. Банк резидент эместерге берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2012-жылы 83,7 пайызга, 27,9 млрд. сом эквивалентине чейин кыскарган.

### 1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу

### 1.6.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

Отчеттук жылы мамлекеттик баалуу кагаздар рыногундагы иш баалуу кагаздардын төмөнкү түрлөрү менен ишке ашырылган:

- мамлекеттик казына векселдери (МКВ);
- мамлекеттик казына облигациялары (МКО);
- Улуттук банктын ноталары;
- казына милдеттенмелери (КМ);
- мамлекеттик жөнгө салуу казына векселдери (МКВ(ж));
- которулма векселдер;
- муниципалдык облигациялар.

*Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар*

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 14,4 млрд. сомду түзүп, жыл ичинде 29,2 пайызга көбөйгөн. Мындай өсүшкө МКВ, МКО жана ноталарды жайгаштыруу көрсөткүчтөрүнүн жогорулашы негизги өбөлгөдөн болгон.

***<u>1.6.3.1.1.-график</u>***

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмү




Мурда чыгарылган милдеттенмелер боюнча карыздын бөлүгүнүн төлөнүшүнүн натыйжасында, мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмүндө казына милдеттенмелеринин салыштырма салмагы 5,5 пайызга чейин (-7,8 пайыздык пунктка) төмөндөгөн. Натыйжада, жыл ичинде жүгүртүүдөгү казына милдеттенмелеринин көлөмү 46,5 пайызга төмөндөп, 787,6 млн. сомду түзгөн.

Отчеттук жылы банктардын жана башка финансы мекемелеринин аманатчылар алдындагы карыздарын кайра тариздөө процессинде Финансы министрлиги тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган которулма векселдердин көлөмү 34,9 млн. сом деңгээлинде сакталып калуу менен өзгөргөн эмес, ошол эле учурда алардын үлүшү да 0,2 пайызга чейин азайган.

Өткөн жылдары Өкмөттүн Улуттук банк алдындагы карыздарын жөнгө салуу процессинде эмитирленген МКВ(ж) көлөмү отчеттук жылда 81,8 пайызга, 100,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн, мамлекеттик баалуу кагаздар

түзүмүндө алардын салыштырма салмагы да 5,0 пайыздан 0,7 пайызга чейин азайган.

Отчеттук мезгилдин акырына карата Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан жайгаштырылган муниципалдык баалуу кагаздардын көлөмү 110,0 млн. сом өлчөмүндө калыптанып, мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы түзүмүндө алардын үлүшү 0,8 пайызды түзгөн.

### 1.6.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери

Мамлекеттик казына векселдери Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо максатында 3, 6 жана 12 ай мөөнөтүнө чыгарылат. МКВларды баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор аларды жайгаштыруу жана эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча башкы агент болуп саналган Улуттук банк тарабына жума сайын ишке ашырылып турат. Мындан тышкары, Финансы министрлиги рынокко өзү эмитирлеген кагаздарды да түздөн-түз жайгаштырууну ишке ашырат[1].

***1.6.3.1.1.1.-график***

МКВга талап жана аларды жайгаштыруу




Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн ашыкча деңгээлде орун алышы да карыздык мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда, анын ичинде мамлекеттик казына векселдери сегментинде жигердүүлүктүн жандануусуна түрткү берген. 2012-жылдын алгачкы үч айында бул кагаздарга суроо-талаптын салыштырмалуу жогорку көрсөткүчү, үчүнчү чейрекке чейин төмөндөөгө ык койгон тенденцияга ээ болгон. Ошондой болсо да, жыл акырында үстөк камдардын андан ары турукташып, көбөйүүсүнөн улам, суроо-талап кайрадан өсүп, отчеттук жылдагы максималдуу көрсөткүчкө жеткен. Мында, жарыяланган эмиссиянын жалпы жылдык көлөмү бир аз өзгөрүп, бир жыл мурдагы маанинин деңгээлинде сакталып калган.

2011-жылдан айрымаланып, эмитент тарабынан жарыяланган баардык аукциондор, кошумча жайгаштырууну жүргүзүүсүз эле өткөрүлгөн катары таанылган. Ушундан улам түптөлгөн рыноктук коньюнктура, 2011-жылдын кулжа айынан бери уланып келген, аларга карата суроо-талап кыйла

[1] Ушул жылдык отчетто Улуттук банктын катышуусунда жайгаштырылган мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча маалыматтар келтирилген.

жогору болгон жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВнын кирешелүүлүгүнүн төмөндөшүнүн алкагында, кирешелүүлүктүн жалпы деңгээлинин төмөндөшүн шарттаган.

2012-жыл жыйынтыгында МКВлардын баардык түрү боюнча орточо айлык кирешелүүлүк, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 5,7 пайыздык пунктка төмөндөп, 9,9 пайызды түзгөн (же 2011-жылдын үчтүн айындагы 13,4 пайыздан 2012-жылдын акыркы айындагы 9,0 пайызга чейин). Мында, жүгүртүүдөгү ушул кагаздардын жалпы көлөмүндө олуттуу үлүштү ээлеген жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВнын орточо айлык кирешелүүлүгү 6,1 пайыздык пунктка, 10,8 пайызга чейин азайган.

***1.6.3.1.1.2.-график***

МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк




*МКВ эмиссиясынын көлөмү*

Мамлекеттик казына векселдеринин эмиссиясынын жалпы көлөмү 4,8 млрд. сомду түзүп, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 16,7 пайызга көбөйгөн. Жыл жыйынтыгы боюнча жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 6 ай болгон векселдер динамикасынын, баалуу кагаздарга ээлик кылуучулардын жалпы портфелинде төлөө мөөнөтү кыйла узак болгон кагаздардын үлүшүнүн төмөндөшүнө алып келген басымдуу абалды ээлөөсүнүн натыйжасында, МКВ портфелинин дюрациясы бирдин айынын баш жагындагы 186 күндөн, үчтүн айынын акырындагы 167 күнгө чейин төмөндөгөн.

***1.6.3.1.1.1.-таблица***

Эмиссия көлөмү жана МКВнын орточо жылдык кирешелүүлүгү

| | 2011-ж. | | | 2012-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү | Салыштырма салмак | Кирешелүүлүк | Сатуу көлөмү | Салыштырма салмак | Кирешелүүлүк |
| | *млн. сом.* | *пайыздар* | *пайыздар* | *млн. сом.* | *пайыздар* | *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **4 081,9** | **100,0** | **15,6** | **4 762,7** | **100,0** | **9,9** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| 3- айлык МКВлар | 99,8 | 2,4 | 8,0 | 225,9 | 4,7 | 6,1 |
| 6-айлык МКВлар | 851,7 | 20,9 | 13,0 | 1 226,0 | 25,7 | 8,5 |
| 12-айлык МКВлар | 3 130,4 | 76,7 | 16,9 | 3 310,8 | 69,5 | 10,8 |

*МКВ рыногунун түзүмү*

МКВга ээлик кылып туруучулар түзүмүндө коммерциялык банктар мурдагыдай эле басымдуу абалды ээлеген. Алардын портфелиндеги векселдердин көлөмү 20,0 пайызга көбөйүп, 2012-жылдын акырына карата абал боюнча 3,4 млрд. сомду же жүгүртүүдөгү МКВнын жалпы көлөмүнүн 83,1 пайызын түзгөн (+3,8 пайыздык пункт). Мында, коммерциялык

банктардын жалпы активиндеги МКВ үлүшү 4,7 пайызды түзүү менен аз эле мааниде болгон. Бул, финансы инструменти катары ушул кагаздардын инвестициялык өтүмдүүлүгүнүн деңгээли мурдагыдай эле, төмөн бойдон калгандыгын көрсөтөт.

МКВга ээлик кылган банктардын саны 18ге чейин көбөйүп, ал эми ушул баалуу кагаздардын банктык портфелинин концентрациялануу индекси 0,19дан 0,15ке чейин төмөндөгөн, бул рынокту бирдей үлүштөгү 7 банк ортосунда бөлүштүрүүгө барабар. Банктардын үлүшүнүн кеңейүүсү негизинен, портфелинин үлүшү 0,8 пайыздык пунктка, 15,6 пайызга чейин азайган институционалдык инвесторлордун жигердүүлүгүнүн төмөндөшүнөн улам келип чыккан. Жеке адамдардын жана резидент болгон юридикалык жактардын менчигинде турган МКВлардын суммардык салыштырма салмагы, отчеттук жылда 1,3 пайызга чейин (-3,0 пайыздык пунктка) азайган. 2012-жылы МКВга ээлик кылуучулардын тизмесине салыштырма салмагы 0,03 пайызды түзгөн резидент эмес жеке адамдар кошулган.

*МКВ экинчилик рыногундагы операциялар*

Коммерциялык банктар экинчилик рыногунда репо шарттарында бүтүмдөргө келишүүдө МКВны активдүү пайдаланышкан. Отчеттук жылы ушул операциялардын көлөмү 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, 8,7 пайызга, 5,4 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Ошол эле учурда, төлөөгө чейинки МКВларды экинчилик рыногунда сатып алуу жана сатуу боюнча банктар аралык операциялардын көлөмү (“аутрайт” шарттарында) 63,8 пайызга жогорулап, 109,1 млн. сомду түзгөн. Мына ушул бүтүмдөрдө төлөөгө чейинки МКВнын орточо алынган мөөнөтү 174 күндү, ал эми орточо салмактанып алынган чени 8,5 пайызды түзгөн.

### 1.6.3.1.2. Мамлекеттик казына облигациялары

Мамлекеттик казына облигациялары Финансы министрлиги тарабынан 2009-жылдын жетинин айынан тартып жайгаштырылып келүүдө. Баалуу кагаздардын ушул түрү, мамлекеттик баалуу кагаздар чөйрөсүн кеңейтүү жана бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо мөөнөтүн узартуу максатында жүгүртүүгө чыгарылган эле. Мамлекеттик казына облигацияларынын жүгүртүү мөөнөтү эки жылды түзөт.

*МКО рыногундагы талап жана сунуш*

Отчеттук жылда бул кагаздарга талап ири коммерциялык банктардын бири, олуттуу институционалдык инвестордон болгон рыноктун негизги оюнчусунун активдүүлүгүнүн таасири астында калыптанган. Отчеттук жылда МКОну жайгаштыруу боюнча он үч аукцион өткөрүлгөн, эки аукцион жүргүзүлгөн аяк оона айынан сырткары, ар бир айда бирден аукцион болгон. Үчтүн айындагы аукционго дагы бир институционалдык инвестордун натыйжалуу катышуусун эске алганда, рыноктун үч алдыңкы катышуучуларынын чогуу алгандагы үлүшү сатуунун жалпы көлөмүндө 97,0 пайызды түзгөн, ушунун өзү финансы-кредиттик мекемелердин жана рыноктун башка катышуучуларынын көпчүлүгү МКОго анчалык кызыкпай жактандыгынан улам, концентрациялануу деңгээли жогору бойдон сакталып калгандыгын көрсөтөт. Банктар тарабынан суроо-талаптын төмөндүгү мурдагыдай эле, колдо болгон ресурстук базанын кыска мөөнөттүк мүнөзү менен шартталган. Бюджеттин тартылган каражаттарга керектөөсүнүн өсүшүнөн улам, сунуштун жалпы деңгээли эмитент тарабынан 61,2 пайызга көбөйтүлгөн, ушундан улам иш жүзүндө тартылган каражаттардын көлөмү жылдык мааниде эсептегенде 23,8 пайызга өскөн. Талаптын көбөйүшүнүн таасири астында кагаздардын орточо айлык кирешелүүлүгү 2011-жылдагы

18,3 пайызга караганда, 14,9 пайызга чейин төмөндөгөн (же 2011-жылдын үчтүн айындагы 16,0 пайыздан 2012-жылдын үчтүн айындагы 14,5 пайызга чейин).

Ошентип, МКОну сатуунун жылдык көлөмү 2,6 млрд. сомду түзүп, жүгүртүүдөгү алардын көлөмү жыл ичинде 56,5 пайызга, 4,8 млрд. сомго чейин өскөн.

***<u>1.6.3.1.2.1.-график</u>***

МКОго суроо жана талап




## 1.6.3.1.3. Улуттук банктын ноталары

2012-жылы рынокто жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк ноталар жайгаштырылган. Улуттук банк акча-кредит саясатынын милдеттерине жана банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлине жараша ноталарга сунуш көлөмүн жөнгө салуу менен аларды үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу инструменти катары колдонууну уланткан.

Бүтүндөй жыл ичинде Улуттук банктын ноталары 28,5 млрд. сом суммасына жайгаштырылган, ал эми 2011-жылы бул көрсөткүч 22,9 млрд. сомду түзгөн эле.

***<u>1.6.3.1.3.1.-график</u>***

Улуттук банктын ноталарына талап жана аларды жайгаштыруу




*Улуттук банктын ноталар рыногундагы талап жана сунуш*

2012-жыл ичинде Улуттук банк жүргүзүп жаткан акча-кредит саясатынын стратегиялык жана тактикалык максаттарына ылайык, эмиссиянын жылдык көлөмүн болгону 0,3 пайызга, 31,2 млрд. сомго чейин жогорулатуу менен бир жыл мурдагы деңгээлде сактап турган. Мамлекеттик баалуу кагаздарга кызыгуунун жогорулап жатышы шартында, акча-кредит

саясатынын чаралары 28 күндүк ноталарды сатуунун өсүшүнө алып келген, бул ноталардын бардык түрү боюнча жайгаштыруунун жалпы көрсөткүчүн 2011-жылдагыга салыштырганда, төрттөн бирге көбөйтүүгө өбөлгө түзгөн.

Ноталар кирешелүүлүгүнүн төмөндөшү инвестициялык жигердүүлүктүн байкалып жаткан жогорулоосунун жыйынтыктарынын биринен болуп калган. Ноталардын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо деңгээли 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, 2,9 пайыздык пунктка, 6,3 пайызга чейин төмөндөгөн. Атап айтканда, 7 күндүк ноталардын орточо жылдык кирешелүүлүгү 5,6 пайызды (-0,7 пайыздык пункт), 14 күндүк ноталардыкы 6,2 пайызды (-1,4 пайыздык пунктту) түзгөн болсо, 28 күндүк ноталардын орточо жылдык кирешелүүлүгү 4,2 пайыздык пунктка азайып, 6,7 пайызды түзгөн.

***1.6.3.1.3.2.-график***

Ноталардын бардык түрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк




Улуттук банктын ноталарынын жүгүртүүдөгү көлөмү 2012-жылдын акырында 3,1 млрд. сомду түзгөн. Ноталарга ээлик кылуучулар түзүмүндө коммерциялык банктардын үлүшү 98,6 пайызга жетип, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 1,0 пайызды, юридикалык жактар-резиденттердики 0,4 пайызды түзгөн. Ноталар 14 банктын портфелинде турган.

### 1.6.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу[1]

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногунда 53 юридикалык жак кесипкөйлүк негизде иш алып барган.

Отчеттук жыл ичинде баалуу кагаздардын 55 чыгарылышы катталып, тартылган капиталдын көлөмү 2,7 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 10,8 пайызга жогору. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногунун негизги көрсөткүчтөрү бул рыноктун өнүгүшүнүн салыштырмалуу төмөнкү деңгээлде экендигин чагылдырган.

Жылдын акырына карата 18 эмитент Кыргыз фондулук биржасында листингден өтүшкөн. Листингден өткөн компаниялардын көпчүлүгү кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө жана финансы-кредит багытында иш алып баргандардан болгон. Фондулук рынокто баалуу кагаздар менен бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмү 2,1 млрд. сомду түзгөн. Алардын ичинен 769,2 млн.

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызматтын маалыматтарына ылайык.

сому биржадан тышкаркы рынокко туура келген. Ошону менен бирге эле, бүтүмдөрдүн санынын өсүп жаткандыгына карабастан, тооруктардын көлөмү бир жыл мурдагыга салыштырганда бир аз төмөндөгөн (17,2 пайызга).

### 1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

*Депозиттик база*

Коммерциялык банктардын отчетторуна ылайык, 2012-жылдын акырына карата депозиттик базанын көлөмү[1] 50,7 млрд. сомду түзүп, жыл башынан тарта 31,0 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 39,5 пайызга, 26,9 млрд. сомго чейин, чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмү 22,4 пайызга, 23,7 млрд. сом эквивалентине чейин көбөйгөн. АКШ долларынын курсунун өзгөрүүсүнүн таасирин эске албаганда, жыл башынан тарта депозиттик база 29,8 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча сом түрүндөгү аманаттардын көлөмүнүн кыйла жигердүү өсүшү, депозиттик базанын долларлашуусунун 3,3 пайыздык пунктка, үчтүн айынын акырындагы 46,8 пайызга чейин кыскарышына алып келген.

***<u>1.6.4.1.-график</u>***

Депозиттик базанын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын аманатчылар боюнча түзүмү*

Депозиттик базанын түзүмүндө юридикалык жактардын депозиттеринин үлүшү олуттуу бойдон – 54,6 пайыз чегинде сакталган. Юридикалык жактардын сом түрүндөгү аманаттары жыл ичинде 39,1 пайызга өскөн, ошол эле учурда ишканалардын чет өлкө валютасындагы депозиттеринин көлөмү да 14,3 пайызга көбөйгөн. Калктын депозиттеринин үлүшү 39,3 пайыздан 41,1 пайызга чейин өскөн. Жеке адамдардын депозиттеринин валюталык түзүмүндө сом түрүндөгү аманаттардын 39,9 пайызга байкалаарлык өсүшү менен катар эле, чет өлкө валютасындагы аманаттардын 33,8 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген.

Депозиттик базанын убакыт аралыгы боюнча түзүмү отчеттук жылдын баш жагындагыга салыштырганда, олуттуу деле өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Эсептешүү эсептериндеги каражаттардын жана мөөнөттүү аманаттардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 40,0тан 40,6 пайызга чейин жана 35,6 пайыздан 34,6 пайызга чейин өзгөргөн. Мында, банк

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү бийлик органдарынын кредиттерин кошпогондо, Өкмөттүн депозиттерин жана башка финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.

кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттер эсебиндеги калдыктар үчтөн бирге жогорулаган болсо, алардын үлүшү жыл ичинде 24,4 пайыздан 24,8 пайызга чейин көбөйгөн. Мөөнөттүү аманаттардын түзүмү узак мөөнөттүү аманаттардын (1 жылдан ашкан) үлүшүнүн 1,7 пайыздык пунктка, депозиттик базанын жалпы көлөмүндө 9,2 пайызга чейин төмөндөө жагына өзгөргөн (же мөөнөттүү депозиттер көлөмүнүн 26,5 пайызына чейин). Ошол эле учурда, кыска мөөнөттүк аманаттардын салыштырма салмагы 0,7 пайыздык пунктка, 25,5 пайызга чейинки өсүшкө ээ болгон. Натыйжада, мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы 15,3төн 13,0 айга чейин кыскарган. Ал эми ушул эле көрсөткүч бүтүндөй депозиттик база үчүн бир айга, 4,5 айга чейин азайган.

Жыл жыйынтыгы боюнча депозиттер рыногунун концентрациялануу индекси бир азга, 0,11 деңгээлге чейин өскөн. Ушунун өзү рыноктун концентрациялануу деңгээлинин төмөндүгүн чагылдырат.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2012-жылы 234,9 млрд. сомду түзүп, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 15,6 пайызга көбөйгөн. Мында, депозиттердин негизги агымы жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү эсептерине улуттук валюта сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы каражаттардын түшүүсү менен камсыз кылынган. Өсүш улуттук валютадагы депозиттер боюнча 26,2 пайыз, 120,0 млрд. сомго чейин байкалгандай эле, чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча да 6,2 пайыз, 114,8 млрд. сом чегинде катталган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютадагы депозиттик база боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2012-жылдын акырына карата 5,2 пайызды түзүп, жыл ичинде 0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин калдыктары боюнча орточо алынган чен, 2,9 пайыз деңгээлинде өзгөрүүсүз калган.

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 0,1 пайыздык пунктка, 2,3 пайызга чейин жогорулаган. Мында, улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин наркы 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, төлөө мөөнөтү үч жылдан ашкан депозиттерди эске албаганда, мөөнөттүү депозиттердин бардык түрү боюнча чендердин төмөндөшүнүн эсебинен 10,0 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча орточо алынган чен өзгөрбөстөн, 0,8 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, бир жыл мурдагы 6,6 пайыз деңгээлинде сакталып калган. Ошону менен катар эле, калктын улуттук жана чет өлкө валюталарындагы мөөнөттүү депозиттери боюнча орточо алынган чендер 0,2 пайыздык пунктка, тиешелүүлүгүнө жараша 11,3 жана 7,0 пайызга чейин төмөндөгөн.

*Кредит рыногундагы негизги тенденциялар*

2012-жылы коммерциялык банктардын экономиканын реалдуу секторун кредиттөөсүнүн тездик менен өсүшү катталган. 2012-жылдын бештин айында микрофинансылык компания “Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАКтын банктык лицензия алышынын натыйжасында, чогуу алгандагы кредит портфелинин сомдук түзүүчүлөрүнүн сезилээрлик көбөйүүсү, мунун негизги себебинен болгон. Бул мекеменин көрсөткүчтөрүн эске албаганда, банктык кредит портфелинин эң эле жогорку өсүш арымы 2012-жылдын алгачкы эки чейрегине туура келген.

---

[1] Юридикалык жактардын эсептешүү эсептерине каражаттардын түшүүсүн эске албаганда.

***1.6.4.2.-график***

Мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




Рынокто орун алган сандык өзгөрүүлөр банк тутумунун мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын жана пролонгацияланган кредиттердин үлүштүк маанилүүлүгү менен аныкталган, ал банк тутумунун кредит портфелинин сандык мүнөздөмөлөрүнүн жакшыруусу менен коштолгон.

Жыл жыйынтыгы боюнча банктардын улуттук[1] жана чет өлкө валютасында да сунушталган кредиттери боюнча чендер төмөндөгөн. Мында улуттук валютадагы кредиттер боюнча пайыздык чендердин отчеттук жылдын акыркы айларындагы төмөндөөгө ык койгон трендинин өзгөрүүсү, банктык лицензияны алуу учурунда, кредит портфели микрокредиттөө рыногуна мүнөздүү болгон кыйла жогорку пайыздык чендердеги сом түрүндөгү кредиттерден гана турган жаңы банктын (“Микрофинансылык банк “Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАК) көрсөткүчтөрүнүн таасиринен улам келип чыккан.

Отчеттук жылдын акырына карата банктардын жана БФКМ кредиттеринин жалпы көлөмү 55,5 млрд. сомду түзүп, 12 ай ичинде 18,2 пайызга көбөйгөн (2011-жылы ал 25,3 пайызга өскөн эле).

***1.6.4.3.-график***

БФКМ кредиттерин эске алганда, экономикага кредиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




---

[1] “Микрофинансылык банк “Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАКты эске алуусуз.

*Банктардын кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] жыл акырында 40,1 млрд. сомду түзүү менен 28,5 пайызга өскөн (2011-жылы 18,3 пайызга). Алмашуу курсунун жогорулоосунун таасирин эске албаганда (2,0 пайызга), банктардын кредит портфелинин өсүшү 27,1 пайызды түзгөн. Кредит портфелинин көбөйүүсү улуттук валютадагы кредиттердин 32,9 пайызга, 18,6 млрд. сомго чейин, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттердин 24,9 пайызга, 21,5 млрд. сомго чейин өсүшү менен камсыз кылынган (АКШ долларынын курсунун өзгөрүүсүнүн таасирин эске албаганда, көбөйүү 22,5 пайызды түзгөн). Жыйынтыгында, кредит портфелинин долларлашуусу 55,3 пайыздан 53,7 пайызга чейин төмөндөгөн.

***1.6.4.4.-график***

Банктардын кредиттеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин убакыт аралыгы боюнча түзүмү*

2012-жылы узак мөөнөттүү кредиттөөнү арттыруунун алгылыктуу тенденциясы сакталып калган болсо да, үч жылдан ашкан мөөнөткө берилген кредиттердин үлүшүнүн төмөндөшү, кредит портфелинин дюрациясынын 28,3 айдан 27,6 айга чейин кыскарышына түрткү берген. Мында, банктардын кредит портфелинин түзүмүндө бир айдан үч айга чейинки жана бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө берилген кредиттердин үлүшү өскөн.

Кредиттөө рыногунун концентрациялануусу анчалык жогору болбогон деңгээлде – 0,09 сакталып калган. Ошол эле учурда, банктардын кредит портфелинин тармактарда концентрацияланышын чагылдырган индекс жогорку деңгээлде – 0,44 сакталып турган, бул көпчүлүк банктардын кредиттерин эки тармак (соода жүргүзүү жана курулуш) ортосунда бөлүштүрүлүшүн айтып турат. Кредиттердин ар бир тармак боюнча концентрациялануусун кароо учурунда, алардын көпчүлүгүндө (атап айтканда, 11 тармактын жетөөсүндө) концентрациялануу өлчөмү 0,18ден көбүрөөк жогорку деңгээлде калгандыгын белгилөөгө болот.

*Жаңыдан берилген кредиттер*

Коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, 19,3 пайызга өсүп, 38,1 млрд. сомду түзгөн. Мындай натыйжа сом түрүндөгү кредиттердин 12,5 пайызга, 17,1 млрд. сомду түзүшү сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы кредиттердин 25,4 пайызга, 21,0 млрд. сом эквивалентине чейин өсүшүнөн улам келип чыккан.

*Берилген кредиттер-дин тармактык түзүмү*

Даярдоо жана кайра иштетүүгө кредиттерди эске албаганда, экономиканын бардык тармактары боюнча жаңыдан берилген кредиттердин көлөмүнүн көбөйгөндүгү байкалган. Жыл жыйынтыгы боюнча ипотекага

[1] Түзүлгөн РППУну жана чегерилген дисконту эске алуу менен.

кредиттердин үлүшү 0,5 пайыздык пунктка, 5,1 пайызга чейин, керектөө максаттарына 10,9 пайызга (+0,6 пайыздык пунктка), өнөр жайына кредиттер 4,4 пайыздан 4,7 пайызга чейин, айыл чарбасына 11,8 пайыздан 12,3 пайызга чейин, курулушка 2,1 пайыздан 3,6 пайызга чейин өскөн. Ошол эле учурда соодага кредиттердин үлүшү 4,6 пайыздык пунктка, 49,7 пайызга чейин кыскарган. Даярдоо жана кайра иштетүүгө, транспорт, байланыш жана социалдык кызмат көрсөтүүлөргө кредиттердин салыштырма салмагы суммасы боюнча 3,4 пайыз чегинде катталган. "Башка" кредиттердин үлүшү жыл ичинде 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 10,3 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

*Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен бүтүндөй жыл ичинде, 23,0 пайызды түзүп, 2011-жылдагыга салыштырганда, 0,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Пайыздык чендердин төмөндөшү экономиканын: соода, транспорт, байланыш тармактарында, ошондой эле керектөөнү кредиттөө сегментинде катталган. Чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен, бир мезгил ичинде 0,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 19,1 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча эң төмөнкү пайыздык ченден болуп ипотека боюнча чендер, ал эми чет өлкө валютасында – курулушка берилген кредиттер саналган.

Бүтүндөй алганда, отчеттук мезгил ичинде кыска мөөнөттүү кредиттөөнүн салыштырма салмагынын өсүшүнө байланыштуу, жаңыдан берилген кредиттердин дюрациясынын жылдык мааниде эсептелинген көрсөткүчү 25,9 айдан 25,4 айга чейин төмөндөгөн.

***1.6.4.5.-график***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин динамикасы




** «Микрофинансылык банк «Бай-Түшүм жана Партнерлор» ЖАКты эске алуусуз.*

*Кредиттер боюнча пайыздык чендер*

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын портфелин түзгөн кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен бүтүндөй жыл ичинде улуттук валютада 21,8 пайызды[1] (-0,6 пайыздык пунктту), ал эми чет өлкө валютасында 17,3 пайызды (-0,5 пайыздык пунктту) түзгөн.

[1] "Микрофинансылык банк "Бай-Түшүм жана Партнерлор" ЖАКты эске алуусуз.

# II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2012 - ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Улуттук банктын акча-кредит саясаты 2012-жылы инфляциянын монетардык түзүүчүлөрүн чектөөгө багытталган. Монетардык факторлорго таасир этүү эң башкысы, мамлекеттик бюджеттин жогорку деңгээлдеги тартыштыгын каржылоо зарылчылыгы менен шартталган мамлекеттик финансы сектору тарабынан сунуштун өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Отчеттук жылы инфляциялык процесстерге ошондой эле, ички жана тышкы факторлор да таасир эткен.

Жылдын биринчи жарымында баанын өсүшү 0,9 пайызды түзгөн. Бул, дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баанын төмөндөшү, акча-кредит саясатынын чаралары жана өлкөдө 2011-жылы жогорку түшүм алынышы сыяктуу ички факторлордун айкалышта жүрүшү менен шартталган. Бирок, жылдын экинчи жарымында дүйнөнүн дан өндүрүп алуучу ири региондорунда кургакчылыктын өкүм сүрүшү жана республикада алынуучу түшүм тууралуу алгылыксыз болжолдоолордун орун алышы менен ички рынокто дан эгинине баанын жогорулоосу башталган. Бул, албетте инфляциялык процесстерди тездеткен. 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча инфляция деңгээли 7,5 пайызды түзгөн.

Акча-кредит саясатынын пайыздык каналында ишти күчөтүү ошондой эле, банктардын реалдуу секторду кредиттөөсүн жандандырууга өбөлгө түзүү максатында, акча-кредит саясатынын банктарды кайра каржылоо инструментинин чөйрөсү кеңейтилген.

Эл аралык дүң камдар 12,7 пайызга өсүп, 2,07 млрд. АКШ долларды түзгөн. Алтын-валюта камын тескөө максатында Улуттук банк аларды өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктарынын, эл аралык финансылык институттардын жана жогорку кредиттик рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктарынын эң эле ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерине жайгаштырган. Эл аралык камдардын көлөмүн толуктоо үчүн Улуттук банк жыл ичинде, ички рынокто улуттук валютага алтын сатып алууну ишке ашырган. Алтын-валюта камдары эң башкысы, акча-кредит саясатынын максаттары ошондой эле, Өкмөт менен Улуттук банктын тышкы милдеттенмелерин тейлөө үчүн пайдаланылган.

## 2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо

*Акча-кредит саясатынын максаты*

Учурда түптөлгөн экономикалык шарттарга жана экономикалык өнүгүүнү болжолдоолорго жараша аныкталган акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу, баанын туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоого алуу "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамга ылайык, Улуттук банктын иш максаты болуп саналат.

*Акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү*

Акча-кредит саясатынын 2012-2014-жылдарга каралган негизги багыттарында анын стратегиялык багыттары да камтылган. Ушул документке ылайык, акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгилге сандык көрсөткүчүнөн (ориентиринен) болуп, инфляцияны бир мезгил ичинде орточо алганда 8,0 пайызга чейин төмөндөтүү аныкталган.

Негизги багыттарда белгиленгендерди жүзөгө ашыруу үчүн Улуттук банк тарабынан акча-кредиттик программа иштелип чыгып, ал чейрек сайын жаңыртылып турган. Сандык мааниси акча-кредиттик программада аныкталган акча базасынын көлөмү, акча-кредит саясатынын аралык көрсөткүчүнөн болгон. Акча базасынын параметрлери, бир жагынан

инфляцияны токтотуу боюнча максаттарды балансташтырууга өбөлгө түзгөндөй, экинчи жагынан экономиканы зарыл акча сунушу менен камсыз кыла алгандай деңгээлде аныкталган.

Банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктүн деңгээли акча-кредит саясатынын операциялык көрсөткүчүнөн болуп саналат. Операциялык көрсөткүч боюнча тактикалык чечимдер Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан жумалык негизде кабыл алынып турган. Комитет ошондой эле, акча-кредит саясатынын кайсыл инструменттеринин жардамы менен бул көрсөткүчтүн аткарылышына жетишүүгө боло тургандыгын аныктаган.

Салык-бюджет саясаты, инфляциянын монетардык түзүүчүлөрүнөн болгон олуттуу фактор экендигинен улам, Улуттук банк менен Финансы министрлиги ведомстволор аралык координациялык кеңештин алкагында акча-кредит жана бюджет саясаттары боюнча чараларды оперативдүү негизде макулдашуу үчүн жолугушууларды дайыма өткөрүп турган.

*Инфляция факторлору*

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы инфляция деңгээлинин төмөндүгү менен мүнөздөлгөн: бүтүндөй жарым жыл ичинде баанын жалпы деңгээли бир пайызга жетпеген чекте өскөн. Баанын өсүш арымынын төмөндөшү, дүйнөлүк азык–түлүк рынокторунда баанын төмөндөшү жана акча-кредит саясатынын чараларынын айкалышында аныкталган. Жылдын экинчи жарымында инфляциялык процесстер тездеген. Теке айынан тартып, дүйнөнүн дан эгинин өстүрүп алган ири региондорунда аба ырайы шартынын алгылыксыздыгы жана түшүмдүүлүктүн төмөндөшү ыктымалдыгы, ошондой эле биздин өлкөдө да түшүмдүүлүктүн болжолдонгондой болбой калышы тууралуу маалыматтар тарай баштаган. Ушул факторлордун кесепетинен “нан жана нан азыктары” товарлар тобуна ички баанын өсүшү жүргөн. Алсак, 2012-жылы буудайга дүйнөлүк баа 18,4 пайызга (тоннасы 241 доллардан 286 долларга чейин) өскөн, өсүш жылдын экинчи жарымында келип чыккан. Жылдын биринчи жарымында буудайга орточо баа, тоннасына 235 АКШ долларын түзгөн болсо, жылдын экинчи жарымында ал тоннасына 317 АКШ долларына чейин өсүп кеткен. Бул өлкөнүн ички рыногуна да тиешелүү деңгээлде таасирин тийгизген. Жыл ичинде “нан жана нан азыктары” товарлар тобуна баа 9,3 пайызга жогорулаган.

Эмгек акынын жогорку арымда өсүшү да суроо-талап жагынан инфляцияга кошумча таасир эткен. Алсак, республикада 2012-жыл ичинде эмгек акынын өсүшү 16,5 пайызды, анын ичинде бюджет чөйрөсүндө 17,5 пайызды түзгөн.

Жыл жыйынтыгы боюнча алганда инфляциянын айкын мааниси 7,5 пайыз чегинде катталган, бул акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгилге каралган сандык көрсөткүчүнө ылайык келет.

*Акча-кредит саясатынын чаралары*

Банк тутумунун үстөк камдарынын өсүшүнө байланыштуу 2012-жылы Улуттук банк ноталардын эмиссиясынын эсебинен сыяктуу эле, кайтарым репо операцияларын жүргүзүү аркылуу, арылтуу операцияларынын көлөмүн бара-бара көбөйтүп олтурган. Отчеттук жылы жүгүртүүдөгү ноталардын орточо жылдык көлөмү 2011-жылдагы 1,2 млрд. сомдон 2,0 млрд. сомго чейин, ал эми репо шарттарында сатылган мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмү 738,5 млн. сомго чейин өскөн (2011-жылы 214,9 млн. сом). Банк тутумунун үстөк камдарынын орточо жылдык деңгээли 2012-жылы 2,1 млрд. сом чегинде катталган.

**2.1.1.-график**

Инфляция динамикасы, үстөк камдар, 2012-жылы ачык рынокто ишке ашырылган Улуттук банктын операциялары




Отчеттук жыл ичинде акча-базасы 17,7 пайызга, кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасынын көлөмү – 23,8 пайызга өскөн.

Ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларынын көлөмүн арттыруу шартында, отчеттук жылы Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн төмөндөгөндүгү байкалган. Буга баалуу кагаздарга жогорку талаптын орун алышы түрткү берген. Алсак, ноталардын баардык түрү боюнча кирешелүүлүк төмөндөгөн. Натыйжада, 28 күндүк ноталардын орточолонгон кирешелүүлүгүнө байланыштырылган эсептик чен, акыркы төрт аукциондо бара-бара төмөндөгөн.

**2.1.2.-график**

Инфляция динамикасы, Улуттук банктын чендери жана банктар аралык репо-операциялар (бир мезгилдин акырына карата)




2012-жылы банктар аралык валюта рыногунда чет өлкө валютасына талап жана сунуш дээрлик балансташууга жетишкен. Отчеттук жылдын бирдин айынан, жалган куран айынын аралыгында жана теке айларында

рынокто бир аз баланcташпагандык келип чыккан. Ушул мезгилде Улуттук банк тарабынан ички банктар аралык валюта рыногунда интервенцияларды жүргүзүү талап кылынган. Жыл жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын доллардык интервенцияларынын дүң көлөмү 47,9 млн. АКШ доллары чегинде катталган (2011-жылы 401,6 млн. доллар). АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу 2012-жыл ичинде 2,0 пайызга өсүп, үчтүн айынын акырында 47,4012 сом/долларды түзгөн.

***2.1.3.-график***

АКШ долларынын расмий курсунун, инфляциянын жана банктардан тышкаркы акчанын жылдык өзгөрүү арымы




## 2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу инструменттери*

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн чегинде коммерциялык банктарды үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операцияларынын көлөмүн олуттуу арттырган. Бул, өз кезегинде, Улуттук банктын операцияларынын жалпы түзүмүндө нота эмиссиясынын үлүшүн 2011-жылдагы 45,6 пайыздан, отчеттук жылдагы 64,8 пайызга чейин, ал эми кайтарым репо-операцияларынын салыштырма салмагын 17,4 пайызга чейин (2011-жылы 4,5 пайыз) көбөйтүүгө түрткү берген.

2012-жылы Улуттук банк ошондой эле, банк тутумунун сом түрүндөгү ликвиддүүлүгүн жөнгө салуу максатында кайра каржылоо инструменттерин ("овернайт", бир күндүк кредит) жигердүү пайдаланган. Айрым коммерциялык банктардын Улуттук банктын карыздык каражаттарына керектөөсүнүн жогорулоосу, кайра каржылоо операцияларынын өсүшүн шарттаган. Мындан тышкары, акча-кредит саясатынын пайыздык трансмиссиондук каналы менен иш алып барууну күчөтүү жана банк тутумунун реалдуу секторду кредиттөөсүн арттырууга өбөлгө түзүү максатында Улуттук банк, кайра каржылоо максаттары үчүн ага кредиттик аукциондорду тартуу аркылуу, акча-кредит саясатынын инструменттер чөйрөсүн кеңейткен.

***2.2.1.-график***

Улуттук банктын операцияларынын түзүмү




Ички валюта рыногундагы салыштырмалуу тең салмактуулук Улуттук банктын банктар аралык валюта рыногуна катышуу деңгээлин 2011-жылдагы 44,2 пайыздан 4,7 пайызга чейин төмөндөтүүгө мүмкүндүк берген. Жыйынтыгында, 2012-жылы Улуттук банктын операцияларынын түзүмүндө валюталык интервенциялардын үлүшү 31,7 пайыздык пунктка төмөндөп, 5,1 пайызды түзгөн. Отчеттук жылы Улуттук банк негизинен, валюта тооруктарында чет өлкө валюталарын саткан: чет өлкө валюталарын таза сатуу көлөмү 38,3 млн. АКШ долларын түзгөн (2011-жылы 160,7 млн. доллар).

Валюталык интервенцияларды олуттуу кыскартуу Улуттук банктын 2012-жылдагы акча-кредиттик операцияларынын жалпы көлөмүн азайтууга алып келип, ал 44,1 млрд. сомду түзгөн. Бул 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө (50,2 млрд. сом) салыштырганда 12,0 пайызга төмөн.

Улуттук банк ошондой эле, ички рынокто сомго алтын сатып алуу операцияларын ишке ашырган. Бүтүндөй 2012-жыл ичинде 1,1 млрд. сомго алтын сатылып алынган.

### 2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар

2012-жылы банктар аралык ички валюта рыногундагы жагдай кыйла туруктуу сакталган. Минималдуу мааниси 1 доллар үчүн 46,0274 сомду, ал эми максималдуу мааниси 47,6410 сомго жеткен алмашуу курсунун салыштырмалуу кыска чекте өзгөрүүсү, бул фактынын тастыктоосу болуп саналат. Ошентип, алмашуу курсунун пайыздык туюндуруудагы өзгөрүү чеги 3,5 пайызды түзгөн (2011-жылы бул маани 7,2 пайыз чегинде катталган эле).

Ички валюта рыногунда келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү өткөн мезгилдеги алардын көлөмүнө салыштырганда, 11,4 пайызга көбөйүп, 1,0 млрд. АКШ долларын түзгөн.

Улуттук банктын ички валюта рыногуна катышуу үлүшү да төмөндөгөн, бул Улуттук банктын валюталык интервенцияларынын кыскарышы жана бир эле учурда, валюта рыногунда коммерциялык банктар ортосунда ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн көбөйүүсү менен түшүндүрүлөт. Алсак, 2012-жыл ичинде Улуттук банктын операцияларынын үлүшү валюта рыногундагы операциялардын жалпы көлөмүнүн 4,7 пайызын түзгөн (2011-жылы бул көрсөткүч 44,3 пайызы түзгөн эле).

Республиканын валюта рыногунда чет өлкө валютасына карата талап эң оболу, импортко төлөөлөрдүн жүргүзүлүшү зарылчылыгы менен

аныкталган. 2012-жыл ичинде алдын ала маалыматтар боюнча алардын жалпы көлөмү 11,4 пайызга көбөйүү менен 4,4 млрд. АКШ долларын түзгөн. Соода балансынын калыптанган түзүмүнө ылайык, чет өлкө валютасынын негизги көлөмү күйүүчү-майлоочу материалдардын, алардын жана башка транспорттук жабдуулардын, газдын, азык-түлүк товарларынын, дары-дармектеринин импортуна төлөө үчүн жумшалган.

Ички рынокто чет өлкө валютасынын сунушунун негизги көлөмү мурдагыдай эле, экспорттук түшүүлөрдөн жана эмгек мигранттарынын акчалай которууларынан улам калыптанган.

***2.2.1.1.-график***

Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялары




Ички валюта рыногунда түптөлгөн жагдайды чейректик негизде кароого алууда отчеттук жылдын биринчи чейрегинде сезондук факторго карабастан, АКШ долларынын алмашуу курсунун жогорулоо тенденциясы алсыз болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Алмашуу курсу бир доллар үчүн 46,4847 - 46,9312 сом чегинде өзгөрүп турган. Бирок чейректин акырында курс 1,0 пайызга жогорулап, 46,4847ден 46,9312ге чейин жеткен. Биринчи чейрек ичинде валюта рыногундагы жагдайдын салыштырмалуу туруктуулугу Улуттук банктын интервенциялары менен да камсыз кылынган, Улуттук банк 35,1 млн. АКШ долларын сатып, 4,8 млн. АКШ долларын сатып алган. Ошентип, Улуттук банктын чет өлкө валюталарын таза сатуусу биринчи чейрек ичинде 30,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Экинчи чейректе АКШ долларынын алмашуу курсу салыштырмалуу өскөндүгү байкалган. Жогорулоо 0,9 пайызды түзүп, бир доллар үчүн 46,8275 ден 47,2445 сомго чейинкини түзгөн. Ушул мезгил ичинде Улуттук банк 8 млн. АКШ долларын бир жолу сатууну ишке ашырган.

АКШ долларын кыргыз сомуна карата бир аз чыңалуусу үчүнчү чейректин баш жагында катталган. Кийинчерээк, туристтик сезондун башталышы менен валюта рыногундагы абал өзгөргөн. Үчүнчү чейректин алгачкы эки айында АКШ долларынын алмашуу курсу 2,6 пайызга же 1,2 сомго төмөндөгөн. Чейректин акырына карата республиканын валюта рыногундагы жагдай коммерциялык банктар тарабынан АКШ долларына суроо-талаптын сунуштан олуттуу артышы жагына өзгөргөн. Муну сезондук фактор менен түшүндүрүүгө болот. Башкача айтканда, бул туристтик

сезондун аякташы жана күзгү талаачылык иштеринин башталышынан улам, күйүүчү-майлоочу материалдардын импорту үчүн төлөө зарылчылыгы келип чыккандыгы менен шартталган. Ушул мезгилде алмашуу курсу бүтүндөй 2012-жыл ичиндеги максимум чегине жетип, бир доллар үчүн 47,6410 сомду түзгөн. Бүтүндөй алганда, үчүнчү чейрек ичинде АКШ долларынын сомго карата чыңдалышы 0,2 пайыз чегинде катталган.

Төртүнчү чейректе Улуттук банк мурдагыдай эле ички валюта рыногунда операцияларды ишке ашырган эмес. АКШ долларынын алмашуу курсу салыштырмалуу туруктуу сакталып калган. Жылдын акырына карата АКШ долларынын курсу, чейрек ичинде 0,5 пайызга көбөйүп, бир доллар үчүн 47,4012 сомду түзгөн.

***2.2.1.1.-таблица***

Ички валюта рыногунда Улуттук банктын чет өлкө валютасы менен операциялары

*(миң АКШ долларында)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2011 -ж,бардыгы болуп** | **62 801,3** | **90 050,0** | **120 750,0** | **128 350,0** | **401 951,3** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| АКШ долларын сатып алуу | - | 61 100,0 | 42 600,0 | 16 750,0 | 120 450,0 |
| АКШ долларын сатуу | 62 450,0 | 28 950,0 | 78 150,0 | 111 600,0 | 281 150,0 |
| чет өлкө валютасын сатып алуу (АКШ долларынан тышкары) | 351,3 | - | - | - | 351,3 |
| **2012-ж, бардыгы болуп** | **39 850,0** | **8 000,0** | **-** | **-** | **47 850,0** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| АКШ долларын сатып алуу | 4 800,0 | - | - | - | 4 800,0 |
| АКШ долларын сатуу | 35 050,0 | 8 000,0 | - | - | 43 050,0 |
| чет өлкө валютасын сатып алуу (АКШ долларынан тышкары) | - | - | - | - | - |

2012-жыл ичинде Улуттук банк ички валюта рыногунда башка чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн эмес. Ошондой эле, коммерциялык банктар менен своп операциялар да ишке ашырылган эмес.

### 2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен

*Улуттук банктын ноталары менен операциялар*

Улуттук банктын ноталары – бул, жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк мамлекеттик баалуу кагаздар. Улуттук банк аларды банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу жана эсептик чен өлчөмүн аныктоо максатында аукциондук жана аукциондон тышкары жайгаштырат.

Акча-кредит саясатынын милдеттерине жараша, банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээлин эске алуу менен 2012-жылы ноталарды сатуу көлөмү 2011-жылдагы 22,9 млрд. сомдон 28,5 млрд. сомго чейин көбөйгөн.

Жүзөгө ашырылып жаткан акча-кредит саясатынын алкагында Улуттук банк ноталарды сунуштоо түзүмүн жана көлөмүн өзгөрткөн. Алсак, 2012-жылдын теке айынан тартып жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күндүк ноталар жайгаштырылган болсо, жылдын баш оона айынан тартып 28 күндүк гана ноталар жайгаштырылган. Төртүнчү чейректин акырында Улуттук банк бардык мөөнөттүүлүктөгү ноталарды жайгаштырууну сунуштаган. Сатуунун эң чоң бөлүгүн 28 күндүк ноталар (86,1 пайыз) ээлеген болсо, жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 14 күндүк ноталар, тиешелүүлүгүнө жараша 4,7 пайызды жана 9,2 пайызды түзгөн.

***2.2.2.1.-график***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана Улуттук банктын эсептик ченинин 2012-жылдагы динамикасы




*Эсептик чен*

Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн базасында, акча-кредит саясатынын инструментинин бири болуп саналган эсептик чен аныкталган. Улуттук банк эсептик чендин жардамы менен акча-кредит саясатынын башка инструменттери боюнча чендерди аныктайт. Мындан тышкары, эсептик чен ар кандай төлөмдөрдүн мөөнөтүндө төлөнбөшү үчүн туумдарды жана айыптык төлөмдөрдү эсептөөдө бардык чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан да колдонулат.

Эсептик ченди аныктоо үчүн атайы механизм колдонулган, ага ылайык эсептик чендин мааниси өткөрүлгөн акыркы төрт аукциондогу 28 күндүк ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгүнүн орточо маанисине теңештирилген.

Эсептик чендин орточо деңгээли 2012-жылы 7,0 пайызды түзгөн. Бул 2011-жылдагыга караганда 3,7 пайыздык пунктка төмөн. Отчеттук жылдын үчтүн айынын акырына карата Улуттук банктын эсептик чени 2,64 пайызды түзгөн болсо, жыл башында ал 13,61 пайыз чегинде катталган.

## 2.2.3. Репо операциялары

2012-жылы банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүк деңгээли жогору болуп турган шартта, Улуттук банк арылтууну ишке ашыруу максатында, репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу боюнча операцияларды ишке ашырган (кайтарым репо). Бул операцияларда Улуттук банктын портфелинде турган мамлекеттик жөнгө салуучу казына векселдери жана мамлекеттик казына облигациялары сатуу объектисинен болгон.

*Репо операциялар көлөмү*

Мамлекеттик баалуу кагаздарды репо шарттарында сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү 2011-жылдагыга салыштырганда үч эседен көбүрөөккө көбөйүп, 7,7 млрд. сомду түзгөн. Кайтарым репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү 36 күндү, ал эми бул операциялардын орточо алынган кирешелүүлүгү 2011-жылдагы 11,3 пайыздан 2012-жылдагы 7,5 пайызга чейин төмөндөгөн.

***2.2.3.1.-таблица***

Улуттук банктын репо операциялары

*(млн. сом.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2011-ж. бардыгы болуп** | **684,5** | **60,7** | **858,5** | **674,8** | **2 278,5** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 684,5 | 60,7 | 858,5 | 674,8 | 2 278,5 |
| **2012-ж., бардыгы болуп** | **1 898,5** | **2 476,8** | **1 705,6** | **1 595,5** | **7 676,3** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 1 898,5 | 2 476,8 | 1 705,6 | 1 595,5 | 7 676,3 |

## 2.2.4. Банктарды кайра каржылоо

Банктарды кайра каржылоо банк тутумунун ликвиддүүлүгүнүн күндөлүк өзгөрүүсүн текшилөө жана төлөм системасынын натыйжалуу ишин камсыз кылуу үчүн коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоо инструменттеринин бири болуп саналат.

2012-жылы коммерциялык банктарды кайра каржылоонун мурдатан бери калыптанып келинген төмөнкү инструменттери колдонулган:

- төлөм системасынын иш натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында операциялык күн ичинде, бир нече саатка улуттук валютада пайызсыз негизде берилген "бир күндүк кредиттер";
- банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, эсептик чендин 1,2 коэффициенти менен аныкталган пайыздык ченде, улуттук валютада күн ичинде берилген "овернайт" кредити.

Улуттук банк коммерциялык банктарга 680,0 млн. сом суммасында бир күндүк кредиттерди сунуштаган (2011-жылы берилген мындай кредиттер 129,0 млн. сом чегинде катталган). "Овернайт" кредити 4,9 млрд. сомду түзгөн. Бул 2011-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 21,3 пайызга көп. Мында, "овернайт" кредиттери боюнча орточо жылдык чен 2012-жылы 8,4 пайызды түзүп, 2011-жылдагы ченге салыштырганда 4,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

***2.2.4.1.таблица***

«Овернайт» кредиттери

*(млн. сом.)*

| | 1-чейрек. | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| 2011-ж. | 290,0 | 3 423,0 | 105,0 | 232,7 | **4 050,7** |
| 2012-ж. | 173,5 | 719,0 | 392,0 | 3 627,7 | **4 912,2** |

***2.2.4.2.-таблица***

Бир күндүк кредиттер

*(млн. сом.)*

| | 1-чейрек. | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| 2011-ж. | - | 60,0 | 69,0 | - | **129,0** |
| 2012-ж. | 30,0 | 60,0 | 370,0 | 220,0 | **680,0** |

2012-жылы ошондой эле, Улуттук банктын акча-кредит саясатынын инструменттер чөйрөсүн кеңейтүү жана экономиканы кредиттөөнү арттыруу-га өбөлгө түзүү максатында Улуттук банк, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” жобону иштеп чыгып, бекиткен.

*Кайра каржылоо максаттары үчүн кредиттик аукциондор*

Коммерциялык банктарга экономиканы кредиттөөгө ресурстарды убактылуу берип туруу, кайра каржылоо жана улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү колдоо, кредиттик аукциондорду өткөрүү максатынан болгон. Кредиттик каражаттарды берүү шарттары жана алардын көлөмү Улуттук банктын акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими менен аныкталат. Коммерциялык банктардын кредиттик каражаттарды кайтарып берүү боюнча милдеттенмелери мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөө менен камсыз кылынат.

## 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдык (резервдик) талаптар – бул, акча-каражаттарынын белгилүү бир суммасын Улуттук банктагы корреспонденттик эсепке, башкача айтканда милдеттүү камга жайгаштыруу (депондоштуруу) жагында Улуттук банктын иштеп жаткан банктарга карата белгилеген талаптары. Милдеттүү камдар акча топтомдорунун, банктык кредиттин көлөмүн, ликвиддүүлүккө талапты жөнгө салуу боюнча акча-кредит саясатынын инструментинин бири болуп саналат.

*Милдеттүү камдык талаптар*

Банктар үчүн милдеттүү кам өлчөмү 2011-жылы белгиленген мурдагы деңгээлинде – эсептөө базасынын көлөмүнүн 9,0 пайызы чегинде калган.

Бүтүндөй 2012-жыл ичинде депозиттердин өсүшүнүн эсебинен милдеттүү камдардын көлөмү 28,8 пайызга көбөйүп, жыл акырында 4,0 млрд. сомго жеткен.

Жыл ичинде коммерциялык банктардын бири, 2011-жылы банкка консервация режими киргизилгендигине байланыштуу милдеттүү камдык талапты аткара албай калган.

***2.2.5.1.-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдары*

*(млн. сом.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2011-ж., бардыгы болуп** | **4 263,0** | **4 013,4** | **4 933,4** | **4 259,8** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 2 515,6 | 2 758,9 | 2 995,0 | 2 938,8 |
| үстөк камдар | 1 747,4 | 1 254,5 | 1 938,4 | 1 321,0 |
| **2012-ж., бардыгы болуп** | **4 996,2** | **5 222,9** | **5 443,7** | **6 900,5** |
| *анын ичинде* | | | | |
| милдеттүү камдар | 3 096,1 | 3 399,7 | 3 641,7 | 3 918,1 |
| үстөк камдар | 1 900,1 | 1 823,2 | 1 802,0 | 2 982,4 |

** бир мезгил ичиндеги орточо көрсөткүчтөр*

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

Камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана коопсуздугун камсыз кылуу “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамдын талабына ылайык, негизги принциптерге жараша эл аралык камдарды тескөө жагындагы Улуттук банктын артыкчылыктуу милдетинен болуп саналат.

*Негизги тескөө принциптери*

*Ченемдик документтер*

Эл аралык камдарды тескөө инвестициялык саясат, эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясаты, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык камдарынын 2012-жылга эталондук портфели жөнүндө” жана “Эл аралык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер жөнүндө” жоболор менен регламенттелген.

Банктын инвестициялык стратегиясын, эл аралык камдар портфелинин түзүмүн, тобокелдиктер менен инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгүнүн катышын аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагындагы чечимдер Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитет тарабынан кабыл алынган. Инвестициялык комитет 2012-жылы эл аралык камдарды тескөө маселелери боюнча 23 отурум өткөргөн. Камдарды тескөөдө орун алышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди минималдаштыруу максатында контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр, инструменттердин түрлөрү, инвестициялоо өлчөмү жана мөөнөттөрү белгиленген.

*Эл аралык камдар түзүмү жана көлөмү*

Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамына алтын түрүндөгү активдер, АКУ (СПЗ) жана чет өлкө валюталарынын портфели кирет. 2012-жылдын акырына карата дүң камдардын көлөмү жыл ичинде 232,1 млн. АКШ долларына же 12,7 пайызга көбөйүү менен 2,1 млрд. АКШ доллары эквивалентин түзгөн.

***<u>2.3.1-график</u>***

Улуттук банктын дүң эл аралык камдарынын динамикасы

*(млн. АКШ долл.)*




*Эл аралык камдарды көбөйтүү булактары*

Эл аралык финансылык институттардан жана донор өлкөлөрдөн Өкмөткө келип түшкөн валюталык каражаттар, эл аралык камдарды тескөөдөн алынган кирешелер жана Улуттук банктын Кыргызстандын ички рыногунда аны сатып алышынын натыйжасында алтындын физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү 2012-жылы эл аралык камдардын көлөмүн көбөйтүү булактарынан болгон. Мындан тышкары, эл аралык камдардын көлөмүнүн доллардык эквивалентинин өзгөрүүсүнө валюта курстарынын жана баалуу металлдарга баанын өзгөрүүсү да таасир эткен.

***2.3.1-таблица***

Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздарда)*

| | 2011-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|
| Алтын | 7,2 | 7,9 |
| Валюта портфели | 83,2 | 83,1 |
| Атайы карыз алуу укугу | 9,6 | 9,0 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдардын валюта портфелинин түзүмү*

Эл аралык камдардын валюта портфели диверсификацияланып, өзүндө: АКШ долларын, еврону, швейцария франкын, англия фунтун, австралия жана канада долларларын, ошондой эле япон иенасын, орус рублин, кытай юанин жана сингапур долларын камтып турган.

***2.3.2.-таблица***

Улуттук банктын эл аралык камдарын жайгаштыруу түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздарда)*

| | 2011-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|
| Эл аралык финансы институттары | 26,4 | 24,4 |
| Борбордук банктар | 40,9 | 38,3 |
| Коммерциялык банктар | 32,2 | 35,8 |
| Улуттук банк | 0,4 | 1,5 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдардын түзүмү*

Ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоого алуу, ошондой эле эл аралык камдарды натыйжалуу тескөөнү жогорулатуу максатында камдык активдер менен иш, портфелдик негизде ишке ашырылган. Валюталык портфелдерди жумушчу жана инвестициялык портфелге бөлүштүрүү камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоп турууну камсыз кыла алган.

*Жумушчу капиталды жайгаштыруу*

Жумушчу капиталдын активдери эң эле ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган жана ички банктар аралык валюта рыногунда операцияларды ишке ашыруу жана Улуттук банк менен Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрүн (тышкы карызды тейлөөнү кошо алганда) ишке ашыруу үчүн колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфелди тескөө эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздар, мөөнөттүү депозиттер, ошондой эле бир күндүк репо операциялар сыяктуу эң эле ишенимдүү, ликвиддүү инструменттерге жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфелинде Австралиянын, Улуу Британиянын, Германиянын, Канаданын, Франциянын, Швейцариянын мамлекеттик баалуу кагаздары, ошондой эле Эл аралык эсептешүүлөр банкынын кыска мөөнөттүк жана орто мөөнөттүк инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык институттарга, жогорку эл аралык рейтингге ээ чет өлкө борбордук жана коммерциялык банктарына жайгаштырылган.

2012-жылы Улуттук банктын инвестициялык саясаты дүйнөнүн

алдыңкы өлкөлөрүндө экономикалык жана саясий проблемалардын чечилбей жатышынан улам, дүйнөлүк финансылык жана товардык-чийки зат рынокторунда туруксуздуктун орун алып жатышы шартында жүргүзүлгөн. Өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктары карыздык каражаттардын наркын төмөндөтүү максатында экономикалык жигердүүлүккө дем берген чараларды улантткан. АКШнын жана евро аймагынын акча-кредиттик жөнгө салуу органдары ар кандай түрдөгү облигацияларды сатып алуу аркылуу, монетардык өбөлгөлөрдүн жаңы раундуна киришкен.

Улуу Британиянын жана Япониянын борбордук банктары да активдерди сатып алуу аркылуу кошумча каражаттарды сатуу боюнча таасирдүү программаларды кеңейткен. Ошол эле учурда, өткөн жылы алдыңкы борбордук банктардын негизги чендери тарыхый минимумда өзгөрүүсүз калган. Ал эми Австралиянын жана евро аймагынын борбордук банктары карыздык каражаттардын наркын андан ары төмөндөтүү саясатын улантышкан.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Акча базасы*

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча акча-базасы 9,7 млрд. сомго же 17,7 пайызга өсүп, 64,5 млрд. сомду түзгөн (2011-жылы акча базасынын өсүшү 12,8 пайыз чегинде катталган). Отчеттук жылы акча базасынын көбөйүүсү негизинен, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгынын жогорку деңгээли менен шартталган мамлекеттик финансы сектору тарабынан акча сунушунун өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Мында, Өкмөттүн операциялары аны 12,3 млрд. сомго көбөйткөн болсо, Улуттук банктын операциялары аны 2,6 млрд. сомго төмөндөткөн (2011-жылы Өкмөттүн операцияларын эсебинен акча базасы 14,6 млрд. сомго өткөн, Улуттук банктын операциялары аны 8,4 млрд. сомго кыскарткан).

*Акча топтомдору*

Бүтүндөй алганда M0 акча топтому (банктардан тышкаркы акчалар) 15,5 пайызга көбөйүү менен жыл акырында 54,5 млрд. сомду түзгөн (2011-жылы 13,9 пайызга, 47,2 млрд. сомго чейин жеткен). M2 акча топтому (M0 + улуттук валютадагы эсептешүү эсебин кошо алганда, депозиттер) отчеттук мезгил ичинде 24,7 пайызга, 77,5 млрд. сомго чейин өскөн (2011-жылы 15,6 пайызга, 62,1 млрд. сомго чейин), мында улуттук валютадагы депозиттер 53,9 пайызга көбөйгөн.

***<u>2.4.1.-график</u>***

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)



Отчеттук жылдын акырында кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасы (M2 + чет өлкө валютасындагы эсептешүү эсебин кошо алганда, депозиттер), жыл ичинде 23,8 пайызга же 19,0 млрд. сомго көбөйүү менен 98,5 млрд. сомду түзгөн (2011-жылы 14,9 пайызга, 79,5 млрд. сомго чейин). Кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасын түзүүчүлөрдүн айрыкча көбөйүүсү банк тутумунун депозиттери[1] боюнча катталган, алардын көлөмү отчеттук жылы ичинде 36,1 пайызга же 11,6 млрд. сомго өскөн (мында чет өлкө валютасындагы депозиттер 20,8 пайызга көбөйгөн),

***2.4.2.-график***

Коммерциялык банктардын M2Xке кирген депозиттеринин жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Банк тутумунун таза чет өлкө активдери M2X акча массасынын өсүшүнө негизги салымды кошкон (16,1 пайыз). Таза ички активдер, экономикага кредит берүүнү 26,2 пайызга арттыруунун эсебинен кеңири мааниде колдонулуучу M2X өсүшүнө салым (7,7 пайыз) кошкон.

***2.4.1.-таблица***

Кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасын түзүү булактары (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом.)*

| | 2011-ж. | 2012-ж. | Өсүш | Өсүш арымы, *пайыздар* | M2Xке таасир этүү, *пайыздар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза чет өлкө активдери | 77 213,9 | 90 023,2 | 12 809,4 | 16,6 | 16,1 |
| Таза эл аралык камдар | 85 423,3 | 95 910,6 | 10 487,3 | 12,3 | 13,2 |
| Башка тышкы активдер | 135,0 | 305,0 | 170,0 | 125,9 | 0,2 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ | -6 030,1 | -6 192,3 | -162,3 | 2,7 | -0,2 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 314,4 | 0,0 | 2 314,4 | -100,0 | 2,9 |
| Таза ички активдер | 2 313,9 | 8 459,6 | 6 145,7 | 265,6 | 7,7 |
| Мамлекеттик башкаруу органдарына карата таза талаптар | -3 028,7 | -3 700,9 | -672,1 | 22,2 | -0,8 |
| Өкмөткө карата таза талаптар | -1 333,7 | -2 020,9 | -687,2 | 51,5 | -0,9 |
| Атайын фондуларга карата таза талаптар | -1 695,0 | -1 680,0 | 15,0 | -0,9 | 0,0 |
| Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду | -1 695,0 | -1 680,0 | 15,0 | -0,9 | 0,0 |
| Башка секторлорго карата талаптар | 33 321,9 | 42 036,5 | 8 714,6 | 26,2 | 11,0 |
| Башка статьялар | 594,8 | 2 438,2 | 1 843,4 | 309,9 | 2,3 |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -28 574,0 | -32 314,1 | -3 740,2 | 13,1 | -4,7 |
| **M2X акча массасы** | **79 527,8** | **98 482,9** | **18 955,1** | **23,8** | **23,8** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 47 219,6 | 54 521,2 | 7 301,6 | 15,5 | 9,2 |
| Башка депозиттик корпорациялардын депозиттери | 32 308,2 | 43 961,7 | 11 653,5 | 36,1 | 14,7 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 14 905,8 | 22 939,4 | 8 033,6 | 53,9 | 10,1 |
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 17 402,5 | 21 022,3 | 3 619,8 | 20,8 | 4,6 |

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда

*Инфляция*

УСКнын маалыматтары боюнча инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү 2012-жылы ичинде 7,5 пайызды түзгөн (2012-жылдын үчтүн айы 2011-жылдын үчтүн айына карата). 2011-жылы инфляция жылдык мааниде алганда, 5,7 пайыз чегинде катталган эле. Инфляция динамикасы азык-түлүккө баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн таасири астында калыптанган. Алсак, 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында товарлардын азык-түлүк тобуна баалар, негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнөн бир жыл мурда жакшы түшүм алынышы таасиринен улам төмөндөгөн. 2012-жылдын экинчи жарымында азык-түлүккө баа динамикасы дан эгининен кароого алынган жылы жакшы түшүм алынбай калгандыгынан улам, буудайга дүйнөлүк баанын өсүшү таасири астында калыптанган.

***2.4.3.-график***

Акча базасынын, КБИнин жана ИДӨнүн жылдык өзгөрүү арымдары




*РЭАК жана НЭАК*

Өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын бир аз төмөн деңгээлде калыптанышы реалдуу эффективдүү алмашуу курсу (РЭАК) индексинин төмөндөшүн шарттаган, ал 2011-жылдын үчтүн айынан тартып 0,2 пайызга азайып, отчеттук жылдын акырында 112,3 түзгөн. Сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) индекси отчеттук жылдын баш жагынан тартып 4,8 пайызга төмөндөп, үчтүн айынын акырында 110,7 түзгөн. Бул, сомдун отчеттук жылдын үчтүн айында 2011-жылдын үчтүн айындагы түрк лирине карата орточо курсунун 6,0 пайызга, орус рублине карата 4,1 пайызга, кытай юанине карата 3,4 пайызга, АКШ долларына карата 1,6 пайызга, еврого карата 0,9 пайызга нарксызданышы[1] менен шартталган. Ошону менен катар эле, сомдун казак тенгесине карата курсу 0,1 пайызга чыңдалган.

[1] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, индекстерди эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл колдонулган.

# ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелердин ишин жөнгө салууну жана көзөмөлдүктү Улуттук банк, лицензиялоо, тыштан (аралыктан туруп) көзөмөлдөө жана жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу жүзөгө ашырат.

Финансы-кредиттик мекемелердин ишинде орун алган кредиттик тобокелдикке баа берүү мурдагыдай эле, көзөмөлдөөнүн көңүл борборунда болуп, банк ишин коштоп жүргөн башка тобокелдиктерге талдап-иликтөөлөр ишке ашырылган. Бүтүндөй алганда финансы кредит системасы, белгилүү бир туруктуулук деңгээлин сактап, ортомчулук деңгээлин жогорулатуу жана иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн мүмкүнчүлүккө ээ экендигин далилдей алган.

Банктарда ички контролдукту күчөтүү, банктык тобокелдиктерди тескөө системасын, консолидацияланган көзөмөлдүктү, депозиттерди коргоо системасын өнүктүрүү, ислам каржылоо принциптерин жайылтуу жана БФКМдердин ишин оптималдаштыруу максатында ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү иши улантылган.

## 3.1. Банктык көзөмөл

### 3.1.1. Лицензиялоо

*Банктардын уставдык капиталы*

2012-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 23 коммерциялык банк иштеп турган. Коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 9,9 млрд. сомду түзгөн. Анын ичинде банк тутумунун уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 36,1 пайыз же 3,6 млрд. сом чегинде катталган. Банктардын уставдык капиталынын жалпы көлөмү 1,5 млрд. сомго же 17,9 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде микрофинансылык компания “Бай-Түшүм жана Өнөктөштөр” ЖАКтын өзгөртүп түзүлүшүнүн натыйжасында түптөлгөн “Микрофинансылык банк “Бай-Түшүм жана Өнөктөштөр” ЖАКка банктык операцияларды жүзөгө ашыруу укугуна лицензия берилген.

2012-жыл ичинде эки коммерциялык банктын негизги акционерлери алмаштырылган. Калган коммерциялык банктардын акционерлеринин курамы олуттуу өзгөрүүлөрсүз сакталып калган.

Коммерциялык банктардын жетекчилерин дайындоодо Улуттук банк тарабынан белгиленген талаптарга жана критерийлерге алардын ылайык келүүсү жана банктардын акционерлеринин жана жетекчилеринин алмашуусуна байланыштуу башка маселелерди кароо көз карашынан, алардын анкеталарына талдап-иликтөөлөр жүргүзүлгөн.

*Филиалдар, аманат кассалар*

Отчеттук мезгил ичинде банктардын филиалдарынын жана аманат кассаларынын саны өскөндүгү байкалган, бул албетте өлкө региондорунда калайык-калктын банктык кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн. Алсак, республиканын ар кайсы регионунда коммерциялык банктардын дагы 23 филиалы, 101 аманат кассасы жана 17 көчмө кассасы ачылган.

***3.1.1.1.-таблица***

Филиалдар тармагынын, аманат жана көчмө кассаларынын өнүгүү динамикасы

| | Филиалдардын саны | | Аманат кассалардын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2011-ж. | 2012-ж. | 2011-ж. | 2012-ж. | 2011-ж. | 2012-ж. |
| Бишкек ш.* | 55 | 58 | 211 | 227 | 15 | 21 |
| Баткен областы | 15 | 18 | 41 | 53 | - | - |
| Жалал-Абад областы | 41 | 42 | 89 | 120 | - | 1 |
| Ысык-Көл областы | 36 | 38 | 24 | 30 | 6 | 9 |
| Нарын областы | 17 | 19 | 7 | 14 | - | 1 |
| Ош областы | 44 | 50 | 112 | 131 | 6 | 9 |
| Талас областы | 11 | 15 | 8 | 12 | - | - |
| Чүй областы | 36 | 38 | 39 | 45 | 2 | 5 |
| **Жыйынтыгында** | **255** | **278** | **531** | **632** | **29** | **46** |

** Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда*

### 3.1.2. Тышкы көзөмөл

*Тышкы көзөмөл*

Банктык көзөмөлдүктүн негизги күч-аракети банктык тобокелдиктерге баа берүүгө карата алгылыктуу ыкмаларды өнүктүрүүгө, коммерциялык банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун таламдарын коргоого, ошондой эле банк секторунун туруктуулугун колдоого алууга багытталган, актуалдуу көзөмөлдүк чараларынын туруктуу мүнөзүн камсыз кылууга багытталган.

Коммерциялык банктардын ишине тышкы (аралыктан туруп) көзөмөлдүк CAMELS рейтингдик системасынын көрсөткүчтөрүн пайдаланууга негизденип, коммерциялык банктарда орун алуучу проблемаларды баштапкы баскычында эле аныктоого жана банк жетекчилери тарабынан аларды четтетүүсүнө баа берүүгө багытталган. Тышкы көзөмөлдүк алкагында коммерциялык банктардын ишинин негизги аспектилерине талдап-иликтөөлөр жүргүзүлүп, активдердин сапатына, капиталдын жетиштүүлүгүнө, кирешелүүлүк факторлоруна ликвиддүүлүктүн тескөөгө алынышына, тобокелдикти тескөө жана ички контролдук системасына баа берүү ишке ашырылган. Мында, көрсөткүчтөр ортосундагы өз ара байланыштуулук, ошол көрсөткүчтөрдү өзгөрткөн факторлор иликтөөгө алынып, стресс-тестирлөө жүргүзүлүп, алынган көрсөткүчтөрдү бир түрдүү банктардын орточо көрсөткүчтөрү менен салыштыруулар ишке ашырылган.

Кароого сунушталган регулятивдик отчетторго, инспектордук текшерүүлөрдүн натыйжаларына жана аудитордук корутундуларга мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн негизинде ар бир коммерциялык банкка карата көзөмөлдүк стратегиясы иштелип чыккан. Айрыкча, банктын өздүк каражаттарынын (капиталдын) булактарын түптөөдө акча каражаттарынын жана активдеринин жылышына, акционерлердин жана банк менен аффилирленген компаниялардын жана жактардын бизнесин тейлөөдө тобокелдиктердин концентрацияланышын аныктоого, ошондой эле коммерциялык банктар ишке ашырган операциялардын жана келишилген бүтүмдөрдүн экономикалык максатка ылайыктуулугуна талдоо жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

Коммерциялык банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун таламдарын коргоо, банк тутумунун туруктуулугун колдоого алуу, депозиттердин массалык алынышы тобокелдигин басаңдатуу максатында, айрым банктардын ишине атайы режимдерди жана чектөөлөрдү киргизүү сыяктуу, көзөмөлдүк чаралары колдонулган. Ушуну менен бирге эле, буга чейин берилген көрсөтмөлөрдүн аткарылышына байланыштуу айрым коммерциялык банктарга карата киргизилген чектөөлөр кайрадан каралып,

айрымдары алынып салынган.

Тышкы көзөмөлдүктүн алкагында, банк тутумунун кардарларысыяктуу эле, алардын катышуучуларынын (акционерлеринин) укуктук мүнөздөгү маселелерди кошо алганда, банктык тейлөө, кредитти администрлөө жана керектөөчүлөр укугун коргоого тиешелүү ар кандай маселелер боюнча кайрылуулары кароого алынган. Банк аманатчыларынын мыйзамдар аркылуу бекемделген укуктарын коргоо максатында аларга кеп-кеңештер да берилген.

Экономикада бул сектордун ролун жогорулатуу (финансылык ортомчулук көрсөткүчү 29,8 пайызды түзгөн), ошондой эле финансылык туруктуулукка, ачык-айкындуулукка жана инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгүн колдоого алууга жетишүү Кыргыз Республикасынын банк секторун 2014-жылдын акырына чейин өнүктүрүүнүн негизги багыттарын ишке ашыруунун алкагында, банк секторун өнүктүрүүнүн негизги жыйынтыгынан болуп калган.

*Капитал көрсөткүчтөрү*

2012-жылы банктардын “таза” суммардык капиталы[1] 2,5 млрд. сомго жогорулап, ал эми “таза” тобокелдиктүү активдер[2] 11,9 млрд. сомго көбөйгөн.

Суммардык капиталдын шайкештик көрсөткүчү анын нормативдик деңгээлинен олуттуу ашкан. Ушунун өзү финансылык кызмат көрсөтүүнү кеңейтүү үчүн банк тутумунун белгилүү бир потенциалга ээ экендигин далилдейт.

***<u>3.1.2.1-таблица</u>***

Коммерциялык банктардын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2011-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|
| «Таза» суммардык капитал, *млн. сом.* | 13 427,0 | 15 885,8 |
| «Таза» тобокелдүү активдер, *млн. сом.* | 44 341,3 | 56 192,7 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 30,3 | 28,3 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдикке активдерди жана балланстан тышкаркы милдеттенмелерди[3] классификациялоонун негизинде баа берилет. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуунун ордун жабууга түзүлгөн камдардын, өзүндө кредиттик жоготуу тобокелдигин камтыган активдердин жалпы суммасына карата, катышы катары эсептелинген кайтарылбай калуу тобокелдиги, 2012-жылдын акырына карата 2011-жылдын акырындагы анын маанисине салыштырганда, төмөндөп (6,3 пайызга) 4,7 пайызды түзгөн.

2012-жылдын акырына карата мөөнөтүндө төлөнгөн кредиттердин суммасы 2,4 млрд. сомду же өзүндө кредиттик жоготуу тобокелдигин камтыган бардык активдердин 6,1 пайызын түзгөн. 2011-жылдын акырында

[1] Туунду уюмдарга инвестицияларды жана башка финансы-кредит мекемелеринин капиталын эске албаганда, банктын акционерлеринин капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжаларын, түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч. Ал, Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

[2] Тобокелдүү активдер өзүндө кардарларга кредиттерди, лизингдерди, корпоративдик баалуу кагаздарды, чет өлкө банктарында жайгаштырылган акчалай активдерди, башка активдерди жана аларга кредиттик тобокелдик мүнөздүү болгон, даражасы боюнча баа берилген баланстан тышкаркы милдеттенмелерди камтыйт.

[3] Маалыматтар “Банк сектору” деп аталган 1.4- бөлүктөгү “Активдерди классификациялоо, баланстан тышкарки милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо” деп аталган 1.4.3-таблицада келтирилген.

бул көрсөткүч 7,8 пайыз чегинде катталган эле.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдиги, валюта курсунун өзгөрүүсү шартында чет өлкө валютасындагы активдеринин жана милдеттенмелеринин наркынын өзгөрүүсүнөн улам, банктын потенциалдуу чыгым тартып калышы мүмкүндүгү көз карашынан кароого алынат. Бул тобокелдик чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышына, ошондой эле коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги алардын үлүшүнө жараша бааланат. 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча банк тутумунун валюталык активдери 40,1 млрд. сомду же суммардык активдердин 46,2 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 36,9 млрд. сомду же бардык милдеттенмелердин 52,9 пайызын түзгөн. Чет өлкө валютасындагы 456,0 млн. сом өлчөмүндөгү жалпы камдарды, ошондой эле чет өлкө валютасындагы 2,3 млрд. сом өлчөмүндөгү милдеттенмелерге теңештирилген каражаттарды эске алганда, банк тутумунун 2012-жылдын акырына карата чогуу алгандагы таза ачык валюталык позициясы узун болуп, 410,9 млн. сом же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 2,6 пайызын түзгөн.

***3.1.2.2.-таблица***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери* (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2011-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млн.сом* | 31 665,6 | 40 086,3 |
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *пайыздар* | 47,4 | 46,2 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *млн. сом.* | 28 769,1 | 36 941,1 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *пайыздар* | 55,0 | 52,9 |

** Улуттук банктын 2011-жылдын акырына жана 2012-жылдын акырына карата расмий курсу боюнча*

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги мөөнөттөр боюнча ажырым орун алган шартта, каражаттарга болгон керектөөлөргө баа берүү үчүн банктардын ар бир мөөнөт аралыгындагы милдеттенмелерди активдер менен жаба алуу мүмкүнчүлүгү көз карашынан кароого алынат. Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигине 2012-жылы жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр активдердин жана милдеттенмелердин ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча терс ажырым 30 күнгө чейинки мезгилде байкалгандыгын көрсөткөн, мында 90 күндөн ашкан мөөнөттөр боюнча алгылыктуу ажырымдын орун алышы, банктар өз милдеттенмелеринин ордун жабуу үчүн узак мөөнөткө каралган каражат булагына ээ экендигин далилдейт.

***3.1.2.3.-таблица***

Мөөнөттөр боюнча алганда активдер жана милдеттенмелер (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом.)*

| 2011-ж.* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 ашык | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 26 706,6 | 3 092,4 | 3 449,1 | 7 559,2 | 28 717,8 | 69 525,2 |
| Финансылык милдеттенмелер | 30 041,5 | 4 260,2 | 3 663,7 | 4 910,6 | 9 443,5 | 52 319,4 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -3 334,9 | -1 167,8 | -214,6 | 2 648,7 | 19 274,3 | 17 205,7 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -4,8 | -1,7 | -0,3 | 3,8 | 27,7 | 24,7 |

** Маалыматтар 2011-жылдын үчүн айынын отуз бирин кошо камтуу менен келтирилген*

| 2012-ж.** | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 ашык | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 20 021,4 | 20 574,3 | 5 479,0 | 10 271,1 | 33 226,6 | 89 572,5 |
| Финансылык милдеттенмелер | 28 934,0 | 16 651,2 | 4 800,1 | 7 596,4 | 11 856,3 | 69 838,0 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -8 912,6 | 3 923,1 | 678,9 | 2 674,7 | 21 370,3 | 19 734,4 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -0,1 | 0,04 | 0,01 | 0,03 | 0,2 | 0,2 |

*** Маалыматтар 2012-жылдын үчүн айынын отуз бирин кошо камтуу менен келтирилген*

Банк тутумунда орун алышы мүмкүн болгон негизги тобокелдиктерге жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр, кароого алынган тобокелдиктерди чектеген экономикалык ченемдердин айкын мааниси белгиленген нормативден ашкан деңгээлде калгандыгын көрсөткөн, ушунун өзү туруштук берүү мүмкүнчүлүгүнүн бар экендигин далилдейт. Ошондой болсо да, банк кардарларынын мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттеринин көлөмүнүн өсүп жатышына жана кардарлардын төлөөгө жөндөмсүздүгүнө байланыштуу, кредиттик тобокелдиктин күч алышынын потенциалдуу коркунучу орун алууда. Улуттук банк ушундан улам, банк секторун турукташтыруу жана өнүктүрүү боюнча зарыл чараларды көрүү үчүн анын өнүгүү тенденциясына дайыма талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүп турат.

### 3.1.3. Инспектирлөө

Коммерциялык банктардын ишине комплекстүү текшерүүлөр көзөмөлдүк циклине ылайык жүргүзүлгөн. Отчеттук жыл ичинде айрым коммерциялык банктардын кредиттик, валюталык жана кассалык операцияларды жүргүзүү учурунда банктык мыйзам талаптарын, активдер боюнча шайкеш кам түзүү боюнча талаптарды, Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдерди эсептөө жана терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талабынын сакталышы көз карашынан, максаттуу текшерүүлөр да жүргүзүлгөн.

Отчеттук жыл ичинде бардыгы болуп 15 пландык комплекстүү текшерүү жана банк ишинин айрым аспектилери боюнча 20 максаттуу пландан тышкаркы текшерүүлөр ишке ашырылган. Жыйынтыгында, көзөмөлгө алуу жагында чаралар көрүлүп, текшерүүнүн жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди четтетүү боюнча коммерциялык банктардын жетекчилеринин иш-аракеттер планы иштелип чыгып, Улуттук банкка сунушталган. Мыйзамдарга ылайык, ошондой эле Улуттук банк менен Кыргыз Республикасынын Финансылык чалгындоо боюнча мамлекеттик кызматынын ортосунда түзүлгөн эки тараптуу келишимдин алкагында, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптарынын коммерциялык банктар тарабынан аткарылышы боюнча даярдалган маалыматтар, ыйгарым укуктуу органга жөнөтүлүп турган.

Жарандардын, укук коргоо органдарынын кайрылуусунан улам, ошондой эле коммерциялык банктар тарабынан кассалык тартиптин сакталышы, банктардын филиалдарынын, аманат кассаларынын техникалык жактан жабдылышынын тиешелүү талаптарга ылайык келүүсү көз карашынан, коммерциялык банктардын региондордогу айрым филиалдардын ишине текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

Тышкы көзөмөлдүктүн алкагында, банктардын мыйзам талаптарын бузууга жол беришине бөгөт коюу максатында коммерциялык банктарга, айрыкча алдын алып эскертүү көз карашынан таасир этүү чаралары колдонулган. Атайы режим чарасы киргизилген банктардын ишин чыңдоо боюнча иш-чаралар планы иштелип чыккан. Бекитилгенден кийин бул пландар аткарылышы үчүн атайы режимде турган банктарга жөнөтүлгөн.

Мыйзам талаптарына ылайык, коммерциялык банктарга карата эскертүүчү таасир этүү чараларын колдонуу чечимдери Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан кабыл алынган. Мындан тышкары, тартылган депозиттердин максималдуу көлөмү боюнча экономикалык ченемди алып салуу, атайы режимде турган айрым банктардын жаңы кредиттерди берүүсүнө уруксат берүү маселелери да, ушул Комитет тарабынан кароого алынган.

Операциялардын ишке ашырылышына жеринде барып максатка багытталган оперативдүү мониторингди жана контролдоону жүргүзүүнүн алкагында, эки коммерциялык банкта тике банктык көзөмөлдүктүн аракети сакталып калган. Бул банктар кадимки иш ыргагында иштеп, аффилирленген жактар жана/же банктардын бири менен жалпы таламга ээ кардарлар менен операцияларды эске албаганда, банктык кызматтардын бүтүндөй топтомун сунуштай алышкан.

Банктардын биринин акционерлери тарабынан тынышуу келишиминин банкты капиталдаштыруу жагында шарттарын аткарылышынан улам, консервация режими тике банктык көзөмөлдүккө алмаштырылып, кийинчерээк акционерлер тарабынан банктын капиталы (өздүк каражаттары) талап кылынган деңгээлге чейин жеткирилгенден кийин, тике банктык көзөмөлдүк алынып салынган.

Активдердин сакталышын камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо максатында “Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө” мыйзамга ылайык үч банкта консервация режиминин аракети сакталып калган.

Коммерциялык банктарга карата “Банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамга ылайык, алардын иш натыйжалуулугун, туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында комплекстүү текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча айыптык төлөмдөрдү кошо алганда, башка чаралар да колдонулган.

## 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл

Адистештирилген финансы-кредиттик мекеме “КСФК” ААКсы, микрофинансылык уюмдар, кредиттик союздар жана алмашуу бюролору катарына кирген банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин иши Улуттук банк тарабынан жөнгө салынат жана “КСФК” ААКсынын, микрофинансылык компаниялардын, кредиттик союздардын жана алмашуу бюролорунун иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде ишке ашырылат. Ал эми микрокредиттик компаниялар жана микрокредиттик агенттиктер үчүн каттоодон өтүү күбөлүгүн алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби каралган.

2012-жылы банкка өзгөртүп түзүлүшүнө байланыштуу МФК “Бай-Түшүм жана Партнерлор” ЖАКтын ишине комплекстүү текшерүү жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы боюнча отчеттук жылдын бештин айынын он үчүндө ага банктык операцияларды жүргүзүү укугуна № 23 лицензия берилген.

*БФКМдердин ишин текшерүү*

2012-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан 329 МФУга, 150 кредиттик союзга жана 383 алмашуу бюросунун ишине мыйзам талаптарынын сакталышы көз карашынан текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

Текшерүүлөр Улуттук банктын кызматкерлери сыяктуу эле, башка ведомстволордун өкүлдөрүнүн катышуусу менен ишке ашырылган. Текшерүүдөн өткөн банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин жалпы санынан 217 МФУнун, 123 кредиттик союздун жана 130 алмашуу бюролорунун ишинде мыйзам бузуулар аныкталган. Ушундан улам, алардын дарегине орун алган кемчиликтерди четтетүү тууралуу көрсөтмөлөр жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүүнүн улуттук системасын өркүндөтүү боюнча 2012-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил ичинде иш-аракеттердин ведомстволор аралык планын аткаруунун алкагында, Улуттук банк тарабынан 310 МФУнун, 174 кредиттик союздун жана 337 алмашуу бюросунун ишине алар тарабынан ушул багытта кабыл алынган мыйзам талаптарынын сакталышы, ошондой эле банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча эффективдүү пайыздык чен өлчөмү жөнүндө маалыматтардын таркатылышына тиешелүү талаптардын аткарылышы жагында максаттуу текшерүүлөр ишке ашырылган. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 207 МФУга, 160 кредиттик союзга жана 190 алмашуу бюросуна тиешелүү жазма буйруктар жана сунуш-көрсөтмөлөр жөнөтүлгөн.

Банк жана микрофинансы секторунда олуттуу карыз алуулардын орун алып жатышын эске алуу менен кредиттик тобокелдиктерге баа берүү максатында отчеттук жылдын теке, аяк оона айларында беш ири МФУнун ишине Кыргыз Республикасынын “Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө”, “Микрофинансылык уюмдар жөнүндө” мыйзам талаптарынын алар тарабынан сакталышы жана “катар” алынган кредиттерди аныктоо көз карашынан планда каралбаган максаттуу текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча аталган МФУларга тиешелүү жазма буйруктар жана көрсөтмөлөр жөнөтүлүп, анда кредиттерди администрлөөнү күчөтүү, “катар” кредиттерди шайкеш классификациялоо жана Кыргыз Республикасынын “Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө” мыйзам талабынын сакталышына көрсөтмөлөр берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат менен биргеликте ишке ашырылган рейддик текшерүүлөрдүн жүрүшүндө, алмашуу бюролорунун лицензиясыз иш алып баргандыгынын 51 фактысы аныкталган. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча ошол жактардын административдик жоопкерчилиги кароого алынып, мыйзамдарга ылайык 76,5 миң сом жалпы суммасында айыптык төлөм өндүрүлүп, ал мамлекеттик бюджетке которулган.

2012-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизинде Өкмөт жана Улуттук банктын биргелешкен токтому менен Мирокаржылоону 2011–2015-жылдары өнүктүрүү стратегиясы бекитилип, анда бул секторду андан ары өнүктүрүү, атап айтканда ченемдик базаларды өркүндөтүү, МФУлардын депозиттерди коргоо системасынын концепциясын иштеп чыгуу, керектөөчүлөрдү коргоо принциптерин жайылтуу, апекстик институттарды калыптандыруу, банкинги жана акча которуулар боюнча операцияларды өнүктүрүүнүн негиздери камтылган.

### 3.3. Көзөмөл жана жөнгө салуу методологиясы

Отчеттук жылы Улуттук банк, банктык көзөмөлдүк системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын банк тутумун жана микрофинансы секторун өнүктүрүү, ошондой эле колдонулган нормаларды банктык мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү максатында, банктардын жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаларды өркүндөтүү жагында ишти улантткан.

*Банктардын ишин лицензиялоо*

Коммерциялык банктардын кызмат адамдарын макулдашуу жол-жобосун камтыган лицензиялоо боюнча натыйжалуу ишти камсыз кылуунун алкагында, Улуттук банк тарабынан "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" жобого, банктардын Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн кызматына талапкерлерге карата минималдуу талаптарды белгилөө жагында өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. Мындан тышкары, банк-резиденттердин уставдык капиталын топтоо же көбөйтүү үчүн чет өлкө банктарынан Кыргыз Республикасына акча каражаттарынын түшүүсү тартибине тиешелүү өзгөртүүлөр да киргизилген.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Улуттук банктан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелердин кредиттик ишине байланыштуу тобокелдиктерди басаңдатуу максатында, айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Өзгөртүүлөр, башка финансы-кредит мекемесинен кредит алуунун эсебинен экинчи бир финансы-кредиттик мекеме алдындагы кредиттердин ордун жабуу сыяктуу алгылыксыз тажрыйбага чектөөлөрдү коюу максатында, финансы-кредиттик мекемелердин активдерин классификациялоо боюнча талаптарды күчөтүүгө багытталган. Ушуну менен катар эле, жаңыдан түзүлүп жаткан микрофинансылык жана микрокредиттик компаниялар үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү көбөйтүлүп, бир адамга берилүүчү микрокредиттин максималдуу өлчөмүнө карата чектөөлөр белгиленген.

*Финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугун коргоо*

Финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жана финансы-кредиттик мекемелердин өз абалынан кыянаттык менен пайдалануусуна бөгөт коюу максатында Улуттук банк тарабынан тиешелүү токтом кабыл алынып, ага ылайык Улуттук банктан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктар жана башка финансы-кредит мекемелери үчүн карыз алуучулардан, жеке адамдардан өндүрүлүшү мүмкүн болгон айыптык төлөмдөрдүн, туумдардын өлчөмүн чектөө, ошондой эле эффективдүү пайыздык чен өлчөмү жана кредиттин толук наркы тууралуу маалыматтардын чечмеленишине карата талаптар белгиленген. Мындан тышкары, микрофинансылык уюмдар үчүн кредиттик келишимдерде кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөөгө карыз алуучунун укугун көрсөтүү талабы бекитилген. Бул чаралар түпкүлүгүндө келип банк тутуму сыяктуу эле, микрофинансы секторунда кредиттик тобокелдикти басаңдатууга өбөлгө түзөт.

Мындан тышкары ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынып, аларга ылайык банктын Директорлор кеңешинин чек арадан өткөн кредиттер боюнча жоопкерчилиги күчөтүлүп, бухгалтердик эсепке алууну уюштуруу эрежелерин иштеп чыгуу, ошондой эле банкта түзүлгөн бардык комитеттердин ишин жөнгө салган ички документтер боюнча талаптар белгиленген.

Улуттук банктын ченемдик актыларын мыйзамдарга киргизилген

өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү алкагында, кардарларды идентификациялоо жана бенефициардык менчик ээсин (пайдага ээ болуучуну) аныктоо боюнча талаптарды күчөтүүгө багытталган банктык эсептер жана аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө нускоо бекитилген.

2012-жылы Улуттук банк иштин ачык-айкындуулугун жана коопсуздугун жогорулатуу максатында, банктардын ишине байланыштуу айрым маселелерди жөнгө салган бир катар ченемдик документтерди кабыл алган. Алсак, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын баалуулуктарды сактоосу үчүн кардарларга жеке банктык сейфтерди сунуштоосу жөнүндө нускоо кабыл алынган. Бул ченемдик документ аркылуу банктык сейфтерге сактоого тыюу салынган предметтердин тизмеги кеңейтилип, сейфтен пайдалануу эрежелери жазылып, сейфтин кулпун алмаштыруу талабы күчөтүлгөн. Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында, кардарларды, алардын ишенимдүү адамдарын идентификациялоо/верификациялоо жана бенефициардык менчик ээсин (пайдага ээ болуучуну) аныктоо жол-жоболорунун банктар тарабынан ишке ашырылышы үчүн талаптар өзгөртүлгөн.

Улуттук банктан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелердин күрөөлүк мүлк менен иш алып баруу тартиби колдоого алынып, ал кредиттик тартипти чыңдоого жана берилип жаткан кредиттердин кайтарылышын камсыз кылууга багытталган. Кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу мөөнөтүнө, ошондой эле мындай мүлктүн эсебин жүргүзүү, аларга баа берүү жана сатуу боюнча талаптарды белгилөө максатында Улуттук банк тарабынан “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын жана микрофинансылык компанияларынын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө” жобо бекитилген. Банктардын техникалык коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн күчөтүү үчүн Улуттук банк коммерциялык банктарда видеобайкоону уюштуруу тартибин белгилеп, анда видеобайкоону жөнгө салуу, модернизациялоо жана аларды өнүктүрүү принциптери аныкталган. Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, банктык эсепти ачуусуз эле акча которуу системалары аркылуу которууларды ишке ашыруу эрежелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилиген.

Жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, ага ылайык жазма буйруктарга карата даттануу тартиби аныкталып, текшерүүлөрдү жүргүзүү, алдын ала жана корутунду жолугушууларды өткөрүү, ошондой эле текшерүүлөр боюнча отчетторду дайындоо жана аларды жөнөтүү мөөнөттөрү кайрадан каралып чыккан.

Отчеттук мезгил ичинде ФКМдердин карыз алуучуларынан жана күрөө коючуларынан 645 кайрылуу келип түшкөн. Анын ичинен 409 – коммерциялык банктардын карыз алуучуларынын, 236 – МФУ жана кредиттик союздардын карыз алуучуларынын кайрылууларынан болгон.

Карыз алуучулардын кайрылууларында белгиленген маселелерди чечүү үчүн банктар жана башка ФКМдер менен бир нече жолу жолугушуулар өткөрүлгөн. Кредиттерди реструктуризациялоо маселеси финансы-кредит мекемелери тарабынан ар бир карызгер менен өз алдынча, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана эпке көнүүгө баруу аркылуу чечилип, айрым учурларда талаш

маселелер сот тартибинде каралып, чечилген.

Өкмөттүн, Улуттук банктын жана финансы-кредиттик мекемелердин биргелешип көргөн аракеттеринин натыйжасында 2010-жылдын теке айындагы каргашалуу окуядан жапа чеккен карызгерлерге берилген 1 миллиард 65 миллион сом суммасындагы 7 847 кредиттен, отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча 1,1 млн. сом суммасындагы калдыгы менен беш кредит боюнча маселе гана жөнгө салына элек. Калган бардык кредиттер боюнча маселелер тараптарга макулдашылган шарттарда, кредиттерди реструктуризациялоо аркылуу жөнгө салынган болсо да, бул карызгерлердин башка талаптар менен кайрадан кайрылышы ыктымалдыгы тобокелдиги орун алууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорунда камтылган талаптарды аткаруунун алкагында, карызгерлерге байланыштуу проблемалар боюнча талаш маселелерди жөнгө салуу механизмдерине тиешелүү сунуштар Улуттук банк тарабынан кароого коюлуп, карызгерлердин кайрылууларын кароонун жыйынтыгы, ошондой эле карызгерлер менен кредиторлордун өз ара мамилесин жөнгө салган, мыйзамдарды өркүндөтүү жагында кабыл алынган чараларга тиешелүү маалыматтар дайыма сунушталып турган.

*КСФК, МФУларды жөнгө салуу*

"Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы" ЖЧКсынын "Кредиттик союздардын финансылык компаниясы" ААКсына өзгөртүп түзүлүшүнө байланыштуу, анын ишин лицензиялоо, жөнгө салуу, өзгөртүп түзүү жана жоюу тартиби каралган ченемдик укуктук актылар бекитилген.

"Депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө" нускоо кабыл алынган.

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө" мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, айрым ченемдик укуктук актыларды аталган мыйзам талабына ылайык келтирүү максатында, бир катар тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

*Ислам принциптерине ылайык каржылоо*

Банк секторунун бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасында ислам банк ишинин жайылтылышы үчүн шарттарды түзүү максатында "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" жана "Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө" мыйзамдарды аткаруу максатында бир катар ченемдик укуктук актылар кабыл алынган. Бекитилген документтер аркылуу ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктарда банктык тобокелдиктерди чектөө, корпоративдик башкаруу, банктардын ички контролдук жана ички аудит системасын уюштуруу маселелери жөнгө салынат.

# ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2012-жылы Кыргыз Республикасынын төлөм системасы туруктуу иштеген жана алгылыктуу өнүгүү динамикасын көрсөткөн.

Кыргыз Республикасынын экономикасынын ар кандай субъекттери ортосунда төлөмдөрдүн коопсуз жана өз учурунда өткөрүлүшүн камсыз кылган жогорку технологиялык деңгээлдеги төлөм системасынын туруктуу ишин колдоп туруу, Улуттук банктын негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

2012-жылдын башталышында улуттук төлөм системасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү мезгилге каралган стратегиялык багыттарын аныктаган, “Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн 2012–2014-жылдарга негизги багыттары” бекитилип, ага ылайык төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлгөн:

- коммерциялык банктардын жана ЭлКарт төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын операторунун функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү кошо алганда, чекене төлөмдөр рыногун өнүктүрүү боюнча;
- тоорук аянтчаларын эсептешүүлөр системасы менен интеграциялоо;
- төлөм системасына оверсайтты (көзөмөлдүктү) күчөтүү.

Улуттук төлөм системасынын иш туруктуулугун колдоо үчүн Улуттук банк “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАКтын негизги акционерлеринин курамына кирип, коммерциялык банктар менен, анын ичинде банктык төлөм карттарды пайдалануу менен чекене төлөмдөрдү кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган ишин уланткан.

Нак эмес эсептешүүлөрдүн жана төлөмдөрдүн үлүшүнүн көбөйүүсү, заманбап улуттук төлөм системасынын өнүгүүсү менен катар эле, нак акчалар чекене төлөмдөрдү жүргүзүүдө негизги төлөм каражаты болуп калуусун улантууда. 2012-жылы жүгүртүүдөгү акчалардын өсүшү экономиканын нак акчаларга реалдуу муктаждыгына туура келген. Улуттук банк нак акчага суроо-талапты канааттандырыуусун улантып, акчалардын жүгүртүүдөгү түзүмүн жөнгө салууну жүзөгө ашырган, ошондой эле өлкө экономикасынын муктаждыгын зарыл улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар номиналдары менен камсыз кылган.

## 4.1. Төлөм системасынын өнүгүүсү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Төлөм системасы*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасы өзүндө Эсептешүүлөрдүн гросстук системасын (Гросстук система), Пакеттик клиринг системасын (Клиринг системасы), төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасын, акча которуулар системаларын жана чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр системаларын камтыйт. Улуттук банк, коммерциялык банктар жана алардын филиалдарын кошо алганда, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Мамлекеттер аралык банк жана «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК атайы катышуучу укугунда, жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын төлөм системаларынын катышуучуларынан болушкан.

2012-жыл ичинде республиканын төлөм системасынын алгылыктуу өнүгүү тенденциясы байкалган. Бүтүндөй алганда, Гросстук система жана Клиринг төлөм системалары аркылуу 682,4 млрд. сом жалпы суммадагы 2,4 млн. төлөм өткөрүлгөн, бул 2011-жылдагыга караганда 16,6 пайызга көп.

***4.1.1.1-график.***

Төлөм системалары боюнча төлөмдөр көлөмү (Гросстук система жана Клиринг системасы)




2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда Гросстук системадагы төлөмдөрдүн саны 12,7 пайызга, ал эми Клиринг системасында – 51,1 пайызга көбөйгөн. Мындай өсүш салык төлөмдөрүн кошо алганда, бюджеттик төлөмдөрдүн, ошондой эле калктын коммуналдык кызматтарга төлөөлөрүнүн санынын көбөйүүсүнөн улам жүргөн.

***4.1.1.2-график.***

Төлөм системалары боюнча төлөмдөрдүн саны (Гросстук система жана Клиринг системасы)




*Банктык төлөм карттары*

2012–жылы эмитирленген төлөм карттарынын жалпы саны жыл ичинде 50,8 пайызга көбөйүү менен 408,9 миң дааналы түзгөн, алардын ичинде «ЭлКарт» улуттук системасынын карттарынын саны 68 миң даанада катталган. Эмитирленген банктык карттардын санынын байкаларлык өсүш арымы көбүнесе, эмгек акы долбоорлорунун алкагында берилген банктык карттардын санынын көбөйүүсү менен шартталган.

***4.1.1.3-график.***

Банктык төлөм карттарынын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




** 2009-жылдан тартып Демир-24 төлөм карттары VISA Int карттарына алмаштырылган.*
*** «Алай-Кард» - бул товар белгиси (бренд), ал аркылуу "Золотая Корона" төлөм системасынын карттары эмитирленет жана тейлөөгө алынат.*

Жалпысынан, отчеттук жылы карттарды пайдалануу менен 7,2 млн. операция жүргүзүлгөн, бул 2011-жылдагыга караганда 47,0 пайызга көп.

*Карттарды пайдалануу менен операциялар*

Карттарды пайдалануу менен операциялардын чогуу алгандагы көлөмү 35,3 млрд. сомду түзүү менен 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 44,6 пайызга көбөйгөн, ушунун өзү нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралардын 2012–2017-жылдарга мамлекеттик программасын ишке ашыруунун алкагында, коммерциялык банктардын банктык карттар рыногунда иш жигеринин артып жатышын далилдеп турат.

Банкоматтар түйүнүнөн нак акчаларды чыгарып алуу боюнча операциялардын көлөмү 33,8 млрд. сомду (95,7 пайыз), ал эми соода сервистик ишканаларда карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмү 1,5 млрд. сомду (4,3 пайыз) түзгөн.

*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктура*

Иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы санын системалар боюнча бөлүштүрүүнү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- «ЭлКарт» улуттук системасы боюнча – 252 банкомат жана 991 терминал. «ЭлКарт» улуттук системасынын карттары 154 банкоматта жана эл аралык төлөм системасынын 662 терминалында тейлөөгө кабыл алынууда;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 171 банкомат жана 410 терминал;
- «Visa & MasterCard» эл аралык системасы боюнча – 187 банкомат жана 1 086 терминал.

Ошентип, отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттары Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагында орнотулган 610 банкоматта жана 2 487 терминалда тейлөөгө алынган.

***4.1.1.4-график.***

Иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




## 4.1.2. Төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк

Төлөм системасынын иш натыйжалуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча милдетти аткаруу максатында, Улуттук банк 2008-жылдан бери Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өркүндөтүү боюнча мониторинг жүргүзүү, баа берүү жана чараларды көрүү, ошондой эле өлкөнүн төлөм системасынын техникалык инфраструктурасынын ишине контролдук кылуу сыяктуу чара көрүү топтомдору түрүндө оверсайтты (көзөмөлдүктү) жүзөгө ашырып келүүдө.

*Оверсайт (көзөмөл) жана контролдук объектилери*

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы, майда жана чекене төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы, ошондой эле “ЭлКарт” төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасы сыяктуу системалуу мааниге ээ төлөм системалары оверсайттын (көзөмөлдүктүн) объектилеринен болушкан. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн жана Банктар аралык коммуникациялык түйүндүн ишине туруктуу контролдук ишке ашырылган.

*Системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын иштеши*

Мониторингдин натыйжалары көрсөткөндөй, системалуу мааниге ээ системалар штаттык режимде иштешкен, системалардын жеткиликтүүлүк деңгээли жогору бойдон калып, орточо алганда 99,4 пайызды түзгөн. Система ичинде финансылык тобокелдиктердин деңгээли, системадагы жүгүртүүгө карата ликвиддүү каражаттардын көрсөткүчтөрүнүн жетишээрлик жогорку деңгээлде сакталып турушунун эсебинен минималдуу (ликвиддүүлүк коэффициенти 4,1 түзсө, жүгүртүү коэффициенти – 0,2 чегинде катталган) болгон.

*Маанилүү төлөм системаларынын иштеши*

Төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн бардык системалары (маанилүү төлөм системалары) жалпысынан туруктуу иштешкен. «ЭлКарт» төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынан пайдалануу деңгээли орточо 99,6 пайызды түзгөн.

Оверсайттын (көзөмөлдүктүн) алкагында 14 төлөм карталарын пайдалануу менен 42 шектүү транзакциялар катталып, банктарда алар боюнча ички териштирүү иштери жүргүзүлгөн. Мында, шектүү транзакциялардын 71 пайызы VISA эл аралык карттарын пайдалануу менен жүргүзүлгөн транзакцияларга туура келген. Карта ээлеринин аларды пайдаланууда коопсуздук эрежелерин сактабагандыгы, ошондой эле интернет аркылуу карталар жана аларга ээлик кылуучулар тууралуу маалыматтардан санкциясыз пайдаланылгандыгы, шектүү транзакциялардын пайда болушунун

негизги себептеринен болгон.

Эл аралык стандарттарга ылайык Улуттук банк, системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын жана ЭлКарт төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын ишинин Системалуу мааниге ээ төлөм системалары үчүн негизги принциптерге (мындан ары Негизги принциптер) ылайык келүүсүнө баа берүүлөрдү жүргүзгөн, ошондой эле алардын ишине Дүйнөлүк банктын көз карандысыз баа берүүсүн демилгелеген.

*Төлөм системаларынын ишинин эл аралык стандарттарга ылайык келүүсү*

Жүргүзүлгөн баа берүүлөрдүн жыйынтыгында, системалуу мааниге ээ төлөм системалары жана ЭлКарт улуттук системасы жалпысынан Негизги принциптерге ылайык келе тургандыгы тастыкталды.

***4.1.2.1-таблица***

Төлөм системаларынын ишинин Негизги принциптерге ылайык келүүсүнө баа берүү

| № | Негизги принциптин кыскача берилиши | Системалуу мааниге төлөм системасы | | Улуттук система |
|---|---|---|---|---|
| | | ГРОСС | Клиринг | Элкарт |
| КП I | Зарыл мыйзамдык базанын болушу | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |
| КП II | Финансылык тобокелдиктерден коргонуу механизмдеринин болушу | сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |
| КП III | Финансылык тобокелдиктерди тескөө жол-жобосу | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | системада колдонулбайт |
| КП IV | Ыкчам жыйынтыктап эсептешүү | сакталууда | негизинен сакталууда | системада колдонулбайт |
| КП V | Ар тараптуу неттингде күндөлүк эсептешүүлөрдү өз убагында аяктоо | системада колдонулбайт | негизинен сакталууда | системада колдонулбайт |
| КП VI | Минималдуу кредиттик тобокелдикти камтыган активдерди эсептешүүлөр үчүн колдонуу | сакталууда | сакталууда | системада колдонулбайт |
| КП VII | Коопсуздук жана операциялык ишенимдүүлүк | жарым жартылай сакталууда | жарым жартылай сакталууда | негизинен сакталууда |
| КП VIII | Экономикалык натыйжалуулук | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |
| КП IX | Системага катышуу үчүн объективдүү жана ачык жарыяланган критерийлердин болушу | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | сакталууда |
| КП X | Системаны натыйжалуу отчет берүү алдында ачык-айкын тескөө | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |

Борбордук банктын Системалуу мааниге ээ төлөм системалары үчүн Негизги принциптерди колдонуу жагында милдеттери толугу менен төмөнкүчө аткарылууда: төлөм системасынын максаттары так аныкталып, алардын ролу, негизги саясаты ачык көрсөтүлүп, төлөм системасынын ишине жана негизги принциптердин сакталышына оверсайт (көзөмөлдүк) жүргүзүлүп, ошондой эле бул багытта башка борбордук банктар менен кызматташуу улантылууда.

### 4.1.3. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

Нак жана нак эмес акча жүгүртүлүшүнүн оптималдуу катышына жетишүү, банктык жана төлөм кызматтарынын ишенимдүү аралашуу деңгээлин жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банк Башкармасынын биргелешкен токтому менен Республикада нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралардын 2012–2017-жылдарга каралган мамлекеттик программасы бекитилген. Бул программанын алкагында Улуттук банк, министрликтер жана ведомстволор, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, коммерциялык банктар жана коммуналдык ишканалар тарабынан Кыргыз Республикасында төлөмдөрдүн чекене рыногун өнүктүрүүгө жана нак эмес төлөмдөр инфраструктурасын кеңейтүүгө багытталган нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча бир катар иш-чаралар жүзөгө ашырылган. Улуттук банк, нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча ведомстволор аралык комиссиянын катчылыгынын милдетин аткаруу аркылуу мамлекеттик программанын иш-чараларынын аткарылышын координациялайт жана мониторинг жүргүзөт.

Ведомстволор аралык комиссиянын отурумдарында министрликтердин жана ведомстволордун мамлекеттик программанын иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү тууралуу отчеттору үзгүлтүксүз негизде кароого алынып турган, ошондой эле алардын эмгек акы долбоорлоруна өтүү иштерин ыкчамдатуу жана бюджетке төлөмдөрдүн нак эмес формада кабыл алынышын камсыз кылуу маселелери талкууга алынган.

Мамлекеттик программаны ишке ашыруунун алкагында пенсияларды, социалдык жөлөк пулдарды, эмгек акыларды жана стипендияларды банктык төлөм карттар аркылуу төлөө боюнча долбоорлор жайылтылган. 2012-жылдын кулжа айынын ортосунан тартып банктар, пенсияларды жана жөлөк пулдарды нак эмес формада төлөө боюнча социалдык долбоорлордун алкагында алгачкы карттарды чыгара башташкан. Ошентип, 11 945 пенсиялык карта жана социалдык төлөмдөр боюнча 2 410 карта чыгарылган.

2012-жылдын бугу айында коммерциялык банктар тарабынан «Манас», «Түндүк» жана Борбордук бажыканаларда төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн банкоматтарды орнотуу менен бажы төлөмдөрүн банктык төлөм карттары аркылуу төлөөлөрдү кабыл алуу боюнча схема ишке ашырылган. Мындан тышкары, «Оберон» базарында салык патентин төлөм терминалдары аркылуу төлөө боюнча долбоор ишке ашырылган.

Банк эсебин тике дебеттөө инструменти коммуналдык кызматтар үчүн нак эмес төлөөлөрдүн эң эле ыңгайлуу ыкмаларынын бири болуп саналат. Бул инструментти өнүктүрүүнүн чегинде коммерциялык банктар тике дебеттөө кызматын жайылтууга багытталган иш-чараларды аякташкан. Отчеттук жыл ичинде «Түндүкэлектро» ААКсы, «Бишкексууканалы» өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгы, «Бишкек жылуулук түйүнү» ААКсы коммуналдык ишканалары төлөмдөрдү кардарлардын банктык эсептерин тике дебеттөө ыкмасы аркылуу жүзөгө ашырышкан.

## 4.2. Нак акча жүгүртүү

Республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу, Улуттук банктын маанилүү иш багытынан болуп саналат.

Отчеттук жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасы 16,8 пайызга өсүп, 58,3 млрд. сомду түзгөн.

**4.2.1-график.**

Жүгүртүүдөгү акчанын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Социалдык багыттагы мамлекеттик төлөөлөрдүн артышын жана экономиканын өсүшүнөн улам нак акчага болгон туруктуу керектөөнү, жүгүртүүдөгү акчанын өсүш фактору катары белгилөөгө болот.[1]

*Коммерциялык банктардын кассаларынан нак акчалардын түшүүсү, берилиши*

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2012-жылы 96,8 пайызды түзүп, 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 1,8 пайызга азайган (2011-жылы 98,6 пайыз).

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү жыл ичинде 622,3 млрд. сом чегинде катталып, 2011-жылдагыга салыштырганда 44,6 пайызга көбөйгөн. Банктардын кассаларынан нак акчалардын берилиши 47,3 пайызга өсүп, 643,0 млрд. сомду түзгөн.

**4.2.1-таблица.**

Нак акча каражаттардын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы

| | Түшүүсү, *млн. сом.* | | Берилиши, *млн. сом.* | | Кайтарымдуулугу, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2011-ж. | 2012-ж. | 2011-ж. | 2012-ж. | 2011-ж. | 2012-ж. |
| **Бардыгы болуп** | **430 505,7** | **622 342,7** | **436 436,9** | **642 979,1** | **98,6** | **96,8** |
| Бишкек шаары | 252 839,8 | 329 264,3 | 234 149,1 | 323 725,4 | 108,0 | 101,7 |
| Баткен областы | 12 766,0 | 22 797,4 | 16 669,5 | 24 747,5 | 76,6 | 92,1 |
| Жалал-Абад областы | 39 925,8 | 60 981,7 | 48 882,0 | 70 093,1 | 81,7 | 87,0 |
| Ысык-Көл областы | 15 437,9 | 26 204,2 | 19 341,9 | 30 709,9 | 79,8 | 85,3 |
| Нарын областы | 5 041,6 | 8 678,1 | 7 803,9 | 12 056,0 | 64,6 | 72,0 |
| Ош шаары | 64 186,7 | 94 136,7 | 59 980,7 | 94 059,3 | 107,0 | 100,1 |
| Ош областы | 12 102,9 | 27 992,9 | 19 159,9 | 31 751,2 | 63,2 | 88,2 |
| Талас областы | 6 851,5 | 8 516,4 | 10 161,0 | 12 294,0 | 67,4 | 69,3 |
| Чүй областы | 21 353,5 | 43 771,0 | 20 288,9 | 43 542,7 | 105,2 | 100,5 |

Отчеттук мезгил ичинде, банкноттордун жана монеталардын номиналдарынын оптималдуу зарыл запастарын колдоо боюнча иштер жүргүзүлүп, жаңы банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу, ошондой эле эскилиги жеткендерин жүгүртүүдөн алып салуу иштери да жүзөгө ашырылган.

[1] ИДӨнүн номиналдык өсүшү 2012-жылы 106,4 пайызды түзгөн

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү 4.2.2-таблицада берилген.

**4.2.2-таблица.**

Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын купюралык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номинал | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | 5 000 сом | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2011-ж. | 0,7 | 0,3 | 0,7 | 1,4 | 2,8 | 5,1 | 14,5 | 49,7 | 24,8 | **100,0** |
| 2012-ж. | 0,8 | 0,4 | 0,7 | 1,2 | 2,3 | 4,1 | 12,5 | 50,0 | 28,0 | **100,0** |

**4.2.2-график.**

Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын пайыздык катышы




2012-жылы төмөнкүлөр жүгүртүүгө чыгарылган: Курманжан Датканын 200 жылдыгына арналган 100 сом номиналындагы алтын монета, 10 сом номиналындагы күмүш монета жана “Кыргызстандын кызыл китеби” сериясынан 10 сом номиналындагы “Ак илбирс” күмүш монетасы. Мындан тышкары, “Улуттук музыкалык аспаптар” сериясынан 5 сом номиналындагы “Комуз” мельхиор монетасы да жүгүртүүгө чыгарылган.

Отчеттук жылы аныкталган жасалма банкноттордун жалпы саны 94 даана (2011-жылы 609[1] даана) чегинде катталган, бул суммардык катышта 109 960 сомду (2013-жылдын бирдин айынын бирине карата жүгүртүүдөгү акчалардын жалпы суммасынан 0,00019 пайыз) түзөт.

Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин маалыматтарына ылайык, 2012-жылы жасалма акча жасоочулук фактылары боюнча 3 кылмыш иши соттук териштирүүгө келип түшкөн. Бул кылмыш иштери боюнча 3 айыптоо өкүмү чыгарылып, 5 адам соттолгон.

[1] 2012-жылы республиканын аймагында укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан улуттук валютанын жасалма банкнотторунун бир нече партиясы табылган.

# ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

2012-жылы Улуттук банк борбордук банктар, эл аралык уюмдар жана башка финансылык институттар менен тышкы экономикалык байланыштарды өркүндөтүү, ошондой эле тышкы уюмдар менен жаңы ишкердик байланыштарды жөнгө салуу боюнча ишин улантkан.

## 5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу

Улуттук банктын эл аралык уюмдар менен өз ара иш алып баруусу, техникалык жардам көрсөтүү, консультациялык кызматтарды сунуштоо, персоналды окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча келишимдердин, ошондой эле биргелешкен долбоорлордун алкагында жүзөгө ашырылган.

*ЭВФ менен кызматташуу*

Эл аралык валюта фондусу менен кеңейтилген кредиттик механизмди (ЕСФ) ишке ашыруу боюнча кызматташуу улантылган. Бул программа кыска мөөнөткө каралган планда экономиканы калыбына келтирүүнү колдоого жана өлкөнү орто мөөнөттүү планда туруктуу экономикалык өсүш жолуна демилгелөөгө багытталган. Отчеттук жылы ЕСФ механизми тарабынан колдоого алынган үч жылдык программаны ишке ашыруунун жүрүшүнө баа берүү үчүн өлкөгө ЭВФтин баяндама даярдоо боюнча эки миссиясы келип кеткен. Бул эки баяндаманын жыйынтыктары ЭВФтин директорлорунун Аткаруучу кеңеши тарабынан жактырылып, натыйжада өлкө тарабынан 19,0 млн. АКУ жалпы суммадагы кезектеги транш алынган. Мындан тышкары, баш оона айында күндөлүк экономикалык абалды талкуулоо максатында ЭВФтин өкүлдөрү келип кетишкен.

ЕСФ алкагында биргелешип иштөөдөн тышкары, ЭВФ менен терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү системасын чыңдоо боюнча кызматташуу да уланган. Алсак, 2012-жылдын экинчи жарым жылдыгында ЭВФтин көмөктөшүүсү аркылуу, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чалгындоо кызматында Улуттук банктын өкүлдөрүнүн катышуусу менен акчаны адалдоого каршы күрөшүү боюнча финансылык чараларды иштеп чыгуу тобунун терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы күрөшүү боюнча жаңыртылган стандарттары кароого алынган.

2012-жыл ичинде ЭВФ Кыргыз Республикасынын Банктык кодексинин долбоорун иштеп чыгууга тартылган Улуттук банктын кызматкерлерине консультация беришкен. Чын куран жана үчтүн айларында ЭВФтин Юридикалык департаментинин эки миссиясы Улуттук банкка келип кеткен, анын жүрүшүндө Банктык кодекстин долбоору кароого алынып, айрым жоболору боюнча комментарийлер берилген. Банктык кодекстин долбоорун иштеп чыгууга көмөктөшүү үчүн ЭВФ, Улуттук банкка юридика маселелер боюнча консультант жөнөткөн.

Кыргыз Республикасынын ЭВФке кирген өлкөлөрдүн жана Дүйнөлүк банктын Швейцария өкүлчүлүктүү тобуна мүчөлүгүнүн алкагында, өкмөттүк делегациянын курамында Улуттук банктын жетекчилиги, өкүлчүлүктүү топтун жыл сайын өтүүчү жолугушуусуна жана “Финансылык кризистин узак мөөнөттүү натыйжалары” деген темадагы семинарга катышкан.

2012-жылдын жетинин айында Токио шаарында Эл аралык валюта фондусунун жана Дүйнөлүк банктын башкаруучуларынын Жылдык жыйыны болуп өткөн, анда Кыргыз Республикасынан ЭВФтин башкаруучусу катары

Улуттук банктын Төрагасы сөз сүйлөгөн.

*Дүйнөлүк банк менен кызматташуу*

Улуттук банк Дүйнөлүк банк менен кызматташтыкты уланткан. Дүйнөлүк банк тарабынан сунушталган техникалык жардамдын алкагында Улуттук банктын кызматкерлери мамлекеттик башкаруу, анын ичинде фискалдык жана монетардык саясатты иштеп чыгуу системасын реформалоо маселеси боюнча эксперттик форумга катышышкан.

Мындан тышкары Дүйнөлүк банк, төлөм системасынын ишине көз карандысыз баа берүүнү жүргүзүүгө көмөктөшкөн. Мына ушул максатта отчеттук жылдын теке айында Дүйнөлүк банктын эксперти Улуттук банкка келип кеткен. Бул визиттин жыйынтыгында системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын эл аралык стандарттарга ылайык келүүсүнө баа берүү боюнча отчет даярдалган.

*Эл аралык финансы корпорациясы менен кызматташуу*

Ошондой эле, отчеттук жыл ичинде Эл аралык финансы корпорациясы (IFC) Улуттук банктын кызматкерлерине: кредиттик маалымат менен алмашуу; кредиттик бюролордун ролу жана иштөө механизмдери жана аларды жөнгө салуу; финансылык кызматтардан пайдалануучулардын укугун коргоо жана башка маселелер боюнча квалификациясын жогорулатууга көмөктөшкөн.

IFC тарабынан Улуттук банкка банктарда корпоративдик башкарууну жакшыртууга тиешелүү маселелерди кошо алганда, Кыргыз Республикасынын Банктык кодексинин долбоору боюнча консультациялар берилген.

*АБР менен кызматташуу*

Инвестициялык жагдайды жакшыртуу программасынын алкагында Улуттук банк менен Азия өнүгүү банкынын ортосунда кызматташтык улантылган. 2012-жылы 2-чакан программанын жыйынтыгы чыгарылган. Альтернативалуу финансылык продукттарды жылдыруу жана каржылоонун банктык эмес булактарын жана башка механизмдерди чыңдоо аркылуу финансылык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, 2-чакан программаны ишке ашыруунун натыйжаларынын бири болуп калган.

Мындан тышкары, Улуттук банктын кызматкерлери АБРдин көмөктөшүүсү менен бир катар иш-чараларга, көбүнчө эл аралык камдарды тескөө маселелери боюнча экинчи инвестициялык форумга катышышкан. Дүйнөлүк кризис шарттарында эл аралык камдарды тескөө, тышкы башкаруу жагында дүйнөлүк алдыңкы тажрыйба боюнча маселелер, бул форумда талкууга алынуучу негизги темалардан болгон.

*SECO менен кызматташуу*

Кызматташуунун Швейцария бюросу (SECO) менен өз ара иши финансылык программалоону өнүктүрүү жагында жүзөгө ашырылган, Улуттук банктын кызматкерлери "Кыргыз Республикасындагы финансылык программалоо" семинарына катышышкан, анын жүрүшүндө Кыргызстан боюнча реалдуу маалыматтарды пайдалануу менен макроэкономикалык иликтөө жана моделдештирүү маселелери кароого алынган.

*GIZ менен кызматташуу*

Германия эл аралык кызматташуу коомунун (GIZ) көмөктөшүүсү менен 2012-жылдын жалган куран айында Улуттук банкта Дойче Бундесбанктын кызматкерлеринин катышуусу менен «Базель II: ички жана тышкы көзөмөлдүк» жана «Тобокелдиктерди тескөө» семинарлары уюштурулган, ал эми тогуздун айында болуп өткөн семинардын жүрүшүндө ФАТФнын жаңы стандарттары изилдөөгө алынган.

Жылдын бештин айында тобокелдикке багытталган көзөмөлдүктү жайылтуунун алкагында коммерциялык банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин ишине жүргүзүлгөн көзөмөлдүккө иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында, Улуттук банкта GIZтин алдын ала эскертүү системасын жана тобокелдикке багытталган көзөмөлдүк ыкмасын жайылтуу маселеси

боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу үчүн БФКМдердин ишине көзөмөлдүктүн учурдагы абалына баа берүү боюнча консультанты иштеген.

GIZ Кыргыз Республикасында микрокаржылоону 2011–2015-жылдары өнүктүрүү стратегиясынын алкагында консультациялык кызматтарды да сунуштаган.

*Изилдөөлөрдүн жана тренингдин ислам институту менен кызматташуу*

Изилдөөлөрдүн жана тренингдин ислам институту менен өз ара түшүнүшүү жөнүндө буга чейин кол коюлган меморандумга ылайык, Улуттук банктын кызматкерлери үчүн ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча семинар өткөрүлгөн. Семинардын жүрүшүндө ислам банкинги жана финансы жагында эл аралык алдыңкы тажрыйбалар изилденген.

*USAID менен кызматташуу*

USAID тарабынан колдоого алынган, жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүү долбоорунун алкагында, Италиядагы жана Польшадагы Гарантиялык фондулардын ишинин мыйзам чыгаруу базасын изилдөө максатында окутуу иш-чаралары өткөрүлүп, аларга Улуттук банктын өкүлдөрү да катышышкан. 2012-жылдын жетинин айында Бишкек шаарында семинар өткөрүлүп, анын жүрүшүндө ислам каржылоо боюнча маселелер талкууга алынган.

*SESRIC менен кызматташуу*

Ислам өлкөлөрүнүн статистикалык, экономикалык жана социалдык изилдөөлөрү жана окутуу борборунун (SESRIC) көмөктөшүүсү менен Улуттук банктын базасында камдарды тескөө, катталган кирешелердин стратегиясын аныктоо, инвестициялоо процесси маселелери боюнча семинар болуп өткөн, ага Түркия Улуттук банкынын эксперти лектор катары катышкан.

*JVI менен кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлерин макроэкономикалык башкаруу жана болжолдоо; салыктык-бюджеттик саясат; тобокелдикке багытталган көзөмөлдүк; акча-кредиттик саясат; финансылык программалоо сыяктуу жана башка маселелер боюнча окутуу жана билим деңгээлдерин жогорулатуунун алкагында Вена бириккен институту (JVI) менен кызматташуу улантылган.

*Эл аралык эмгек уюму менен кызматташуу*

2012-жылдын бугу айында Кыргызстанды 2012–2014-жылдары өнүктүрүүнүн орто мөөнөткө каралган программасынын милдеттерин жана күтүлүп жаткан жетишкендиктерин талкуулоо үчүн эл аралык эмгек уюмунун миссиясы Кыргызстанга келип кеткен. Бул визиттин жүрүшүндө аталган уюмдун миссиясынын Улуттук банктын жетекчилиги менен жолугушуусу болуп өткөн. Жолугушуунун жүрүшүндө мамлекеттин жалпы саясатынын алкагында иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү саясаттын максаттары жана милдеттери талкууга алынган. Улуттук банктын кызматкерлери “Иш менен камсыз кылуу саясаты” деп аталган семинарга катышышкан, анда төмөнкүдөй маселелер кароого алынган: иш менен камсыз кылуу саясатын калыптандыруу; гендердик теңчилик; жаштардын иш менен камсыз болушу; экологиялык ыңгайлуу иш; иш менен камсыз кылуу саясатынын логикалык түзүмү; көйгөйлөрдү чечүү, мониторинг жана баа берүү, каржылоо механизмдери.

*Борбордук банктардын башкаруучулар клубунун алкагында кызматташуу*

Отчеттук жылы Улуттук банктын жетекчилиги Борбордук Азия өлкөлөрүнүн, Карадеңиз регионунун жана Балкан аймагынын Борбордук банктарынын башкаруучулар клубунун эки отурумуна катышкан. Отурумдун жүрүшүндө өнүгүп келе жаткан рыноктордо акча-кредит саясатынын макропруденциалдык жөнгө салуу жана алмашуу курсунун режими сыяктуу ар кандай маселелери талкууга алынган. Мында финансылык туруктуулукка жетишүү маселесине өзгөчө көңүл бурулган.

*ШКУ алкагында кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлери 2012-жылы Шанхай кызматташуу уюмунун (ШКУ) колдоосу менен өткөрүлгөн иш-чараларга катышышты. Алсак, кулжа айында ШКУга мүчө мамлекеттердин финансы министрлеринин

жана борбордук (улуттук) банктарынын төрагаларынын экинчи жолугушуусу болуп өткөн, анда ШКУнун Өнүгүү фондун жана Өнүгүү банкын түзүү маселелерин талкуулоо негизги темалардан болгон. Жолугушуунун жыйынтыгында тараптардын эксперттеринин бул маселелер боюнча ишин күчөтүү чечими кабыл алынган.

ШКУга мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчылар кеңешинин отчеттук жылдын акырында Бишкек шаарында өткөн отурумунун жыйынтыгы боюнча биргелешкен коммюникеде ШКУнун өнүгүү фондун жана ШКУнун Өнүгүү банкын түзүү маселелерин изилдөө боюнча андан ары да иш жүргүзүүнүн зарылчылыгы белгиленди.

*ЕврАзЭС алкагында кызматташуу*

2012-жылы Улуттук банктын ЕврАзЭСтин интеграциялоо комитетинин, КМШнын аткаруу комитетинин, мамлекеттер аралык банктын, мамлекеттер аралык валюта комитетинин жана Москвадагы банктар аралык валюта биржасынын алкагында иштери улантылган.

Улуттук банктын өкүлдөрү эксперттердин отурумдарына, ошондой эле ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилер кеңешинин 26 жана 27-отурумдарына катышышкан. Отурумдардын жүрүшүндө ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттерде калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу жана финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча маселелерди кошо алганда, банк секторунун жана валюта рыногунун ишине тиешелүү ар кандай маселелер каралган.

Мындан тышкары, Улуттук банктын кызматкерлери ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн кадр кызматы жагында тажрыйба алмашуу, борбордук банктардын ортосунда персоналды окутуу маселелерин координациялоо боюнча иш-чараларга катышышкан, анда ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналын кесипкөй окутуу программасы да каралган.

Бул программанын алкагында банктын кызматкерлери тегерек стол маектерине, семинарларга катышышкан, ошондой эле банк ишинин ар кандай маселелери боюнча иш боюнча такшалуудан өтүшкөн. Алсак, Россия Банкынын окуу борборунда “Борбордук (улуттук) банктардагы макроэкономикалык талдап-иликтөө, болжолдоо жана моделдештирүү” деп аталган тегерек стол маеги болуп өткөн, анда төмөнкү маселелер каралган: айрым борбордук (улуттук) банктардагы болжолдоо системасы, айрым индекстерге макроэкономикалык талдап-иликтөөлөр жана эсептөөлөр, DSGE-Россия Банкынын үлгүсү.

Улуттук банк тарабынан ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук банктарынын кызматкерлери үчүн борбордук банктагы алтындын жана башка баалуу металлдардын куймалары менен ишти уюштуруу, банктар аралык эсептешүүлөрдү уюштуруу, борбордук банктардын персоналын окутуу, банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча иш боюнча такшалуудан өткөрүүлөрдү уюштурган жана катышкан.

*Мамлекет аралык банк менен кызматташуу*

Улуттук банк Мамлекет аралык банк менен кызматташууну уланткан. Улуттук банктын өкүлдөрү Мамлекет аралык банктын отурумдарына катышышкан, анда Мамлекет аралык банкты кайра өзгөртүп түзүү маселелери талкууга алынган, ошондой эле статистикалык маалымат алмашуу жүзөгө ашырылган.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Ислам өнүгүү банкы, Эл аралык кызматташуу агенттиги, Эл аралык миграциялоо боюнча уюм жана башка

ушул сыяктуу эл аралык уюмдар менен кызматташкан.

## 5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу

Улуттук банк, мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктары менен акча-кредиттик саясат, төлөм системаларын өнүктүрүү, операциялык тобокелдиктерди тескөө, банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин ишине көзөмөлдүк маселелери боюнча, ошондой эле тажрыйба алмашуу жана персоналдын кесипкөйлүк квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча өз ара мамиле түзгөн.

*Азербайжан Республикасынын Борбордук банкы менен кызматташуу*

2012-жылдын тогуздун айында Улуттук банктын кызматкерлери төлөм системасын андан ары натыйжалуу өнүктүрүү максатында, Азербайжан Республикасынын Борбордук банкында иш боюнча такшалуудан өтүшкөн, анын жүрүшүндө Азербайжандын төлөм системасын өнүктүрүү тажрыйбасы изилденген. Бул визиттин натыйжасы боюнча Азербайжандын соода-тейлөө ишканаларында пос-терминалдарды орнотуу боюнча чараларды күчөтүү жагында тажрыйбасы, соода-тейлөө ишканаларында төлөм карттарын кабыл алуу жана тейлөө боюнча аралыкта орнотулган жабдууларды жайгаштыруу тартибин жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда негиз катары алынган.

*Дойче Бундесбанк менен кызматташуу*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын Дойче Бундесбанк менен кызматташуусу улантылган. Дойче Бундесбанк тарабынан ар кандай семинарлар уюштурулуп, ага Улуттук банктын кызматкерлери да катышышкан. Бул семинарлардын жүрүшүндө акча-кредиттик саясаттын теоретикалык жана практикалык аспектилери жана финансы системасы менен өз ара байланышы, акча-кредит саясатынын инструменттери; финансылык каатчылык жана финансылык каатчылыкты тескөө; маалымат технологияларын башкаруу сыяктуу маселелер кароого алынып, талкуулан-ган.

2012-жылдын бештин айында Улуттук банк жана Дойче Бундесбанк-тын борбордук банктары менен кызматташуунун техникалык борбору ортосунда кызматташуу жөнүндө меморандумга кол коюлган. Бул Меморандум, эң оболу, Улуттук банктын кызматкерлеринин банктык көзөмөлдүк, тактап айтканда Базель II - тобокелдикке багытталган көзөмөлдүктүн шайкештүүлүгү жана банк тутумун турукташтыруу маселелерине жооп берген экономикалык капиталдын жаңы концепциясы жагында жаңычыл билимдерди алуусуна багытталган.

Мындан тышкары, Дойче Бундесбанк менен аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык Ички аудит кызматынын ишине тышкы баа берүүнү жүргүзүү жөнүндө макулдашууга жетишилген. 2012-жылдын бештин айында ички аудитке баа берүүнү жүргүзүү боюнча баштапкы, даярдык көрүү баскычынын алкагында Дойче Бундесбанктын кызматкери визит менен келип кеткен.

*Казакстан Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуу*

Казакстан Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуу улантылып, отчеттук жылдын бугу айында Ислам өнүгүү банкынын колдоосу менен Казакстан Республикасынын Улуттук банкында “Каржылоонун ислам принциптери жана Сукук” деп аталган семинар болуп өткөн, анын жүрүшүндө ислам каржылоо боюнча ченемдик базаны өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө байланыштуу эл аралык тажрыйба каралган. Мындан тышкары, 2012-жылдын жетинин айында ишин ислам каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан банктар тарабынан сунушталуучу банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча семинар өткөрүлгөн.

*Корея банкы менен кызматташуу*

Корея Республикасынын Банкы менен кызматташуунун жүрүшүндө Улуттук банктын адистери маалымат системаларын тескөө жагында тажрыйба үйрөнүү максатында, Корея Банкынын Маалымат системаларынын департаментинде иш боюнча такшалуудан өтүшкөн.

*Малайзиянын Негара Банкы менен кызматташуу*

Малайзиянын Негара Банкы менен кызматташуу уланган. Улуттук банктын адистери ислам каржылоо маселелери кароого алынган семинарларга катышышкан.

*Пакистан Улуттук банкы менен кызматташуу*

Отчеттук мезгил ичинде банк кызматкерлери Пакистан Улуттук банкы тарабынан банк иши жана финансылардын Улуттук институту менен биргеликте уюштурулган семинарга катышышкан, анда ислам банк ишинин фундаменталдык негиздери, Шариат принциптерине ылайык жыргалчылыкка чектүү ээлик кылуу концепциясы, ислам экономикасынын принциптери, кредит концепциясы, ислам каржылоо принциптери, ислам финансылык инструменттери кароого алынган.

*Польша Улуттук банкы менен кызматташуу*

Польша Улуттук банкынын колдоосу астында Улуттук банктын кызматкерлери өз квалификацияларын жогорулатуу менен Польша Улуттук банкынын тобокелдиктерди тескөө, акча-кредиттик жана финансылык туруктуулук үчүн капиталдын агымын тескөө, ошондой эле төмөнкү маселелер жагында тажрыйбаларын үйрөнүштү: акчага суроо-талапты моделдештирүүнүн негизги принциптери; акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизми; Төлөм теңдеминин статистикасын өркүндөтүү; нак акчаларды жүгүртүү, банкнотторду жана монеталарды чыгаруу, жасалма акча жасоочулукка каршы аракеттерди көрүү; корреспонденттик мамилелелер, ири жана чекене төлөмдөр системасы; банк тутуму боюнча стресс-тестирлөөнү жүргүзүү жана борбордук банктарда жалпы тең салмактуулуктун динамикалык-стохастикалык үлгүлөрүн түзүү.

Польша Улуттук банкынын эксперттеринин Улуттук банкка визити учурунда, борбордук банктын иш үзгүлтүксүздүгү, тобокелдиктердин бардык түрүнө тиешеси бар түзүмдүк бөлүмдөр ортосунда функционалдык милдеттерди бөлүштүрүү; финансылык тобокелдиктерге контролдукту жүзөгө ашыруу үчүн Польша Улуттук банкында пайдаланылуучу маалымат системалары боюнча маселелерге тиешелүү консультациялар алынган.

*Россия банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жылы Улуттук банктын Россия Федерациясынын Борбордук банкы менен кызматташуусу улантылган. Россия Банкы Улуттук банктын кызматкерлеринин банктык көзөмөлдүк жана терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча квалификациясын жогорулатуусуна көмөк көрсөткөн.

Россия Банкынын жолдомосу менен Улуттук банктын кызматкерлери Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Финансы университетинде “Коммерциялык банктын куратору – банк менеджери” деп аталган кошумча кесиптик билим берүү программасы боюнча окуудан өтүшкөн. Натыйжада бул кызматкерлер кесиптик квалификациясын жогорулатуу жөнүндө Дипломго жана Россия Банкынын Сертификатына ээ болушкан.

*Франция банкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлери отчеттук жыл ичинде Франция Банкы тарабынан өткөрүлгөн семинарларда катышышкан. Семинарлардын жүрүшүндө финансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, банк статистикасын түзүү жана банктык көзөмөлдүк жагында тенденцияларды талдап-иликтөөлөр боюнча маселелер кароого алынган.

Чехия Улуттук банкы менен кызматташуунун алкагында, банктын

адистери Бишкекке визит менен келип кетишти. Бул визиттин жүрүшүндө Чехия Улуттук банкынын кызматкерлери алмашуу курсу жана финансылык туруктуулук маселелери боюнча тажрыйбалары менен бөлүшүшүп, Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчетту даярдоо боюнча сунуш-көрсөтмөлөрүн беришкен.

*Чехия Улуттук банкы менен кызматташуу*

Швейцария Улуттук банкы Дойче Бундесбанктын тиешелүү тармактагы кызматкерлерин ишке тартуу менен Кыргыз Банкынын объектилерин долбоорлоо жана куруу боюнча консультацияларды берген. Мындан тышкары, Швейцария Улуттук банкынын консультанты тарабынан "Мамлекеттик баалуу кагаздарды жана чет өлкө валюталарын соода-сатык системасын жөнгө салуу жана жайылтуу, депозитарий жана акча-кредит рыногу" долбоору, Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык үлгүсүн түзүү, ошондой эле Улуттук банктагы бизнес-процесстерди оптималдаштыруу боюнча консультациялык жардамдарды беришкен.

*Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуу*

2012-жылы Улуттук банк ЕврАзЭС жана КМШ өлкөлөрүнүн борбордук (улуттук) банктары, Нидерланд Банкы, Япония Банкы, Кытай Эл Банкы, ошондой эле Кытай Эл Республикасынын мамлекеттик органдары менен эки тараптуу жана ар тараптуу келишимдердин алкагында кызматташуусун уланткан.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

2012-жылы Улуттук банктын уюштуруу түзүмү борбордук аппараттын 26 түзүмдүк бөлүмдөрүн, беш областтык башкармалыктарды жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн өзүндө камтып турган.

Улуттук банкта туруктуу негизде комитеттер жана комиссиялар иштейт. Жылдын акырына карата алты комитет, тогуз комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын жети редакциялык кеңеши, илимий-эксперттик кеңеш жана төрт байкоо кеңеши иштеп турган. Комитеттердин, комиссиялардын, редакциялык кеңештердин иш тартиби жана жол-жоболору тиешелүү жоболор аркылуу жөнгө салынат. Комитеттердин жана комиссиялардын иши Улуттук банктагы корпоративдик башкарууну өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

**Улуттук банктын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери**

| | |
|---|---|
| ***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети*** | ликвиддүүлүктү күндөлүк тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгууну жана аларды ыкчам кабыл алууну жүзөгө ашырат. Негизги милдеттеринен болуп, ачык рыногундагы аракеттердин варианттарына баа берүү жана тандоо, тандалып алынган вариант боюнча мүмкүн болуучу натыйжаларга иликтөө жүргүзүү, чечимдерди кабыл алуу жана инструменттерди пайдалануу шарттарын белгилөө. |
| ***Инвестициялык комитет*** | белгиленген ыйгарым укуктардын алкагында эл аралык камдарды тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат.<br>Инвестициялык стратегияны карап чыгуу жана жактыруу, анын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, финансы рынокторундагы абалды эске алуу менен инвестициялык ишкердиктин натыйжалуулугуна баа берүү жана бекитилген стратегиялардын алкагында тактикалык чечимдерди, банк башкармасына инвестициялык иш боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу. |
| ***Көзөмөл боюнча комитети*** | белгиленген компетенциясынын чегинде, Улуттук банктан лицензияланган коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча чечимдерди кабыл алат. |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | төлөм системасынын натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоону жүзөгө ашырат.<br>Негизги милдетинен болуп, төлөм системасына тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу, сунуш-көрсөтмөлөрдү (бүтүмдөрдү) иштеп чыгуу жана сунуштоо саналат. |

| | |
|---|---|
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу, тобокелдиктерди минимизациялоо боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. |
| ***Маалыматтык системалар боюнча координациялык комитет*** | Улуттук банктын максаттарына жана милдеттерине ылайык, маалымат системасын өнүктүрүү стратегиясын жана маалымат системасын өнүктүрүүнүн келечекке каралган планын жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана иш-чаралардын аткарылышына контролдукту жүргүзөт. |
| ***Аттестациялык комиссия*** | кызматкердин квалификациясынын ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсүн аныктайт. Комиссиянын иши кадрларды тандоону жана жайлаштырууну өркүндөтүүгө, персоналды натыйжалуу иштөөгө мотивациялоого, кызматкердин мүмкүнчүлүгүн пайдалануу перспективаларын аныктоого багытталган. |
| ***Дисциплинардык комиссия*** | Улуттук банктын кызматкерлеринин эмгек тартибин бузуу, ошондой эле Кызматтык этика кодексинин нормаларынын сакталышы боюнча маселелерди кароого алат. |
| ***Коррупцияны алдын алуу боюнча комиссия*** | коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана аларга мониторинг жүргүзүү аркылуу коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттерди көрүү максатында түзүлгөн. |
| ***Эмгекке байланыштуу талаш маселелер боюнча комиссия*** | Улуттук банктагы жеке эмгекке караштуу талаш-тартыштарды Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык кароого алат. |
| ***Методологиялык комиссия*** | айрым ченемдик актылардын долбоорлорун методологиялык жактан иштелип чыгышын карата кароого алат. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында колдонулган атоолорду жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет. |
| ***Борбордук эксперттик комиссия*** | Улуттук банктын документтерине экспертиза жүргүзүүнү жана аларды сактоо же жок кылуу жагында тандоо иштерин уюштурат жана жүргүзөт. |

2012-жыл ичинде Улуттук банктын уюштуруу түзүмү оптималдаштырылган. Алсак, көзөмөл процессин өркүндөтүү максатында көзөмөл блогу кайра өзгөртүп түзүлгөн. Коомчулук менен байланышуу ишин жакшыртуу үчүн Улуттук банктын басма сөз кызматы түзүлгөн.

Отчеттук жылдын акырына Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 577 адамды түзгөн, анын ичинде 503 адам – борбордук аппаратта, 74 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен өкүлчүлүгүндө эмгектенишкен. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта - 262 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен өкүлчүлүгүндө – 33 адамды түзгөн. Аялдардын саны пайыздык катышта 51 пайыз, ал эми

*Улуттук банктын саны" исправить на "Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

эркектер – 49 пайыз чегинде катталган.

*Сынак аркылуу тандоо*

Ишке ачык-айкындуу жана адилеттүү негизде кабыл алуу максатында, сынак аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесипкөй даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди тандоого өбөлгө түзөт. Бош кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы тууралуу кулактандыруулар Улуттук банктын веб-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

2012-жылы 52 сынак, анын ичинде областтык башкармалыктарда он сынак өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынакка 242 адам катышып, алардын ичинен 47 адам ишке кабыл алынган.

Отчеттук жылы кадрлардын иштен кетүүлөрү 2011-жылдагы деңгээлинде калып, 14,4 пайызды түзгөн.

Персоналдын эмгек стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү, тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график.***

Адистердин эмгек стажы боюнча курамы




***6.1.2-график.***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы



**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери**

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; макроэкономикалык иликтөөлөрдү жүргүзөт; Улуттук банкта илимий-изилдөө иштерди уюштурат. |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырат, аларга баа берүү жана иликтөө иштерин жүргүзөт, ачык рынокто ишке ашырылган операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүүлөрдүн себептерин аныктайт |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн жана финансы рыногунун ишинин көрсөткүчтөрүнүн статистикасын жүргүзөт, төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелерин эксперттик колдоого алат, финансы секторун финансылык туруктуулугуна иликтөө жана баа берүү иштерин жүргүзөт. |
| ***Тышкы көзөмөл башкармалыгы*** | аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоону камсыз кылуу жана ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу максатында, банктардын жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишине тышкы (аралыктан) көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат. |
| ***Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | банктарга жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелерге көзөмөлдүктүн методологиялык базасын иштеп чыгат жана алардын ишин лицензиялоону жүзөгө ашырат. |
| ***Инспекциялоо башкармалыгы*** | банктардын жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишине инспектордук текшерүүлөрдү жеринде барып жүзөгө ашырат. |
| ***Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн аныктоо менен нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруп, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча иш-чаралардын жүзөгө ашырылышына көмөктөшөт. |
| ***Борбордук сактоо жайы*** | баалуулуктардын сакталып турушун жана нак акчалардын иргелишин камсыз кылат. |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | банктар аралык эсептешүүлөр системасынын ишинин уюштурулушун камсыз кылат, финансы рынокторунда операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырат. |

| | |
|---|---|
| ***Маалымат системалары башкармалыгы*** | заманбап маалымат технологияларынын негизинде маалыматтардын автоматташтырылган негизде иштелип чыгышын жана алардын техникалык колдоого алынышын камсыз кылат. |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | төлөм системаларынын натыйжалуу ишин, анын ишенимдүүлүгүнүн жана коопсуздугунун камсыз кылынышын жөнгө салат, контролдукту жана оверсайтты (көзөмөлдүктү) жүзөгө ашырат жана төлөм системасынын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. |
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | Улуттук банктын операцияларынын эсебин жүргүзөт жана финансылык отчетун түзөт, банктагы бухгалтердик эсепти жөнгө салуучу ченемдик актыларды иштеп чыгат, операциялык иштерге ички контролдукту жүзөгө ашырат. |
| ***Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы*** | кадрларды тандоону жана жайгаштырууну жүзөгө ашырат, кызматкерлерди окутууну, квалификациясын жогорулатууну уюштурат жана кызматкерлерди мотивациялоо инструменттерин иштеп чыгат жана колдонууга киргизет. |
| ***Пландаштыруу жана бюджет түзүү башкармалыгы*** | Улуттук банкта ишти пландаштыруу жана бюджет түзүү процессин уюштуруп, банктын финансылык ресурстарынын максаттуу пайдаланылышына контролдукту камсыз кылат. |
| ***Юридика башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишин комплекстик укуктук жактан камсыз кылууну, банк мыйзамдарын өркүндөтүүнү жана кеңири жайылтууну камсыз кылат. |
| ***Жалпы бөлүм*** | Улуттук банкта, алардын аткарылышына контролдукту кошо алганда, документтердин айлануу системасын жана иш кагаздарынын мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлүшүн уюштурат жана алардын архивин жүргүзөт. |
| ***Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү*** | Улуттук банктын тышкы уюмдар жана коомчулук менен өз ара байланышын аныктоо, чыңдоо жана өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзөт, ошондой эле протоколдук, административдик жана өкүлчүлүк иш-чараларынын уюштурулушун жана өткөрүлүшүн камсыз кылат. |
| ***Ички аудит кызматы*** | Улуттук банктагы ички контролдук системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүүнү жүзөгө ашырып, аны жакшыртуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. |
| ***Банктык маалыматтык системаны ишке киргизүү бөлүмү*** | банктын бизнес-процесстерин оптималдаштыруу максатында, аларга талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт. |

| | |
|---|---|
| ***Капиталдык курулуш бөлүмү*** | Улуттук банктын объектилерин куруу жана ремонттон өткөрүү боюнча иштерди уюштурат жана алардын аткарылышына техникалык көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат. |
| ***Тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын тышкы рыноктордо операцияларын жүргүзүү учурунда финансылык тобокелдиктерди тескөөнү жүзөгө ашырат, банкта тобокелдиктерди тескөө стратегиясы жана саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат, бөлүмдөрдүн тобокелдиктерди тескөө боюнча ишин координациялайт. |
| ***Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү*** | эл аралык финансы уюмдарынын жана донор өлкөлөрдүн Улуттук банкка же анын катышуусунда ишке ашырылуучу долбоорлорун коштоп жүрүүнү камсыз кылат, ошондой эле Улуттук банкта сатып алуулардын борборлоштурулган системасын уюштурат. |
| ***Банк башкармасынын катчылыгы*** | Улуттук банк башкармасынын ишинин камсыз кылынышын уюштурат жана Улуттук банк Башкармасынын чечимдеринин аткарылышына контролдукту жүзөгө ашырат. |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин жана маалымат ресурстарынын коопсуздугун камсыз кылат. |
| ***Чарба башкармалыгы*** | энергожабдуу, инженердик түйүндөр жана жабдуулар системасынын, транспорт ишинин бардык түрлөрүн камсыз кылат, материалдык-техникалык жактан жабдууну, имараттарды жана курулмаларды тейлөөнү жүзөгө ашырат. |
| ***Басма сөз кызматы*** | Улуттук банк өз кызматтарын жана милдеттерин аткарган учурда өз ишкердиги жана саясаты тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу коомчулукка маалымдоону жүзөгө ашырат. |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат, Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган финансы-кредит мекемелеринин банктык мыйзамдардын талаптарын сактоосуна көзөмөлдүктү жүргүзүү боюнча иш-чараларга катышат. |

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2012-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча уюштуруу түзүмү



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдагы иши

*Жалпы маалыматтар*

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабына ылайык, Банк Башкармасы – Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат. Банк Башкармасы – Улуттук банкка жетекчиликти жүзөгө ашырган жана анын негизги иш багыттарын бекиткен коллегиалдуу орган. Банк Башкармасынын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамы менен аныкталган. Башкарма мүчөлөрү Улуттук банктын төрагасынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат. Башкарманын ишин Улуттук банктын төрагасы жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан шайланат.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын, акча-кредиттик программасын, ошондой эле банктык көзөмөл жана төлөм системасын өнүктүрүү боюнча саясатын аныктайт, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитип, жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн чыгарып алуу тартибин белгилейт. Улуттук банк Башкармасынын регламентине ылайык Банк Башкармасы ошондой эле, лицензия берүү жана аны токтотуу, банктарга жана башка финансы-кредит мекемелерине карата чараларды жана санкцияларды колдонууну кошо алганда, анын компетенциясына чегерилген башка маселелерди да кароого алат.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген пландарга ылайык жүргүзүлгөн. 2012-жылы 52 отурум өткөрүлүп, 444 маселе кароого алынып, алар боюнча 281 тиешелүү токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясаты жөнүндө маселелерди кароо*

2012-жылдын үчтүн айында Улуттук банк Башкармасы 2013–2015-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарын жактырган. Бул документте Улуттук банктын орто мөөнөттүү мезгилге каралган акча-кредит саясатынын максаттары жана милдеттери аныкталып, өтүп кеткен мезгилдеги экономикалык жагдайга талдап-иликтөөлөр, ошондой эле экономиканын негизги секторлорунун өнүгүүсүнүн келээрки үч жылга прогнозу берилген, ал дүйнөлүк финансылык жана товардык рыноктордогу тенденцияларды, Кыргыз Республикасынын экономикасынын чөйрөсүнүн чакандыгын жана ачык-айкындуулугунун жогорку деңгээлде экендигин, ошондой эле орто мөөнөткө каралган келечекте экономиканы өнүктүрүүгө таасирин тийгизген башка тышкы жана ички факторлорду эске алуу менен иштелип чыккан. Акча-кредит программасынын варианттарын жана акча-кредит саясатын ишке ашыруунун принциптерин иштеп чыгууда экономиканын өнүгүшүнө жараша сценарийлерди түзүү ыкмасы колдонулган.

2013–2015-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарынын өзөктүү учурлары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2013-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүнүн негизин түптөгөн, анын тексти банк Башкармасы тарабынан 2012-жылдын акырына карата жактырылган жана кабыл алынган. Анда акча-кредит саясатынын сандык критерийи – инфляциянын деңгээли аныкталган, ошондой эле Улуттук банктын келээрки мезгилге карата негизги иш багыттары чагылдырылган. Документ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2013-жылга экономикалык саясаты жөнүндө биргелешкен билдирүүсүн даярдоо үчүн Экономика

министрлигине жөнөтүлгөн.

Жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын жыйынтыктарына баа берүү үчүн банк Башкармасы акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту чейрек сайын карап турган. Отчетто акча-кредит саясатын ишке ашыруунун натыйжалары, инфляция динамикасын аныктаган факторлор, экономиканын өнүгүшүнө талдап-иликтөөлөр жана прогноздор чагылдырылган. Мындан тышкары, чейректик негизде банк Башкармасы келээрки мезгилге карата акча-кредит программасы боюнча сунуштарды караган, анын жактырылган сценарийи акча-кредиттик жөнгө салуу комитети үчүн банк тутумундагы ликвиддүүлүк-тү жөнгө салуу жагында ыкчам чечимдерди кабыл алуу учурунда багыт катары пайдаланылган.

Республиканын экономикасына алгылыксыз таасирлердин кесепеттерин алдын алуу максатында, Башкарманын маалыматтык отурумдарында дүйнөлүк жана ички финансылык жана товардык рыноктордогу жагдайга мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн, ошондой эле Кыргызстандын негизги соода өнөктөштөрүнөн болгон өлкөлөрдүн макрокөрсөткүчтөрүнүн утурумдук тенденцияларынын баяндамасы ай сайын каралып турган жана зарыл шарттарда тиешелүү чечимдер кабыл алынган.

2012-жылы Улуттук банк Башкармасы тарабынан илимий-изилдөө иши жөнүндө жобого жана илимий-эксперттик кеңеш жөнүндө жобого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор кароого алынып, киргизилген. Бул өзгөртүүлөр илимий иштерди системалаштыруу жана жүзөгө ашыруу жана илимий-эксперттик кеңеш тарабынан чечимдердин кабыл алынышы боюнча процессти жөнгө салат.

Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулугу жөнүндө отчеттор жарым жылдык негизде каралган. Бул отчеттордо тобокелдиктерге, алгылыксыз жагдайларга жана көйгөйлөргө талдап-иликтөөлөр, ошондой эле алардын бүтүндөй финансы секторуна болгон таасири чагылдырылган. Финансылык туруктуулукка жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн натыйжалары Улуттук банк тарабынан анын акча-кредит саясатынын негизги багыттарын калыптандырууда эске алынат.

Акча-кредит саясатынын инструменттерин кеңейтүү жана экономи-каны кредиттөөнүн өсүшүнө көмөктөшүү максатында, Улуттук банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо максаттары үчүн кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобону бекиткен.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөө жагында негизги милдеттеринен болуп, камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана коопсуздугун камсыз кылуу саналат. Улуттук банк Башкармасы, белгиленген милдеттерди ишке ашыруу максатында, келээрки мезгилге карата инвестициялык саясатты жана эталондук портфелди жыл сайын карайт жана бекитет. Эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугуна баа берүү үчүн эл аралык камдарды тескөө боюнча отчетту да жыл сайын карайт жана бекитет.

Эл аралык камдардын көлөмүн ички ресурстардын эсебинен көбөйтүү максатында, Улуттук банк Башкармасы Кыргыз Республикасынын ички рыногунда монетардык алтынды сатып алуунун көлөмүн жыл сайын карап чыгат жана бекитет.

Бардыгы болуп, 2012-жылы акча-кредит саясаты маселелери боюнча 23 токтом кабыл алынган.

*Банктык жана банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөлдүк маселелерин кароо*

Банк Башкармасы тарабынан банк тутумунун коопсуз, ишенимдүү жана туруктуу ишин, банктардын аманатчыларынын жана башка кредиторлорунун таламдарын коргоо үчүн активдердин сакталышын камсыз кылууга багытталган маселелер туруктуу негизде каралып турган, ошондой эле банктарга карата калайык-калктын ишенимин жогорулатуу боюнча чаралар да кабыл алынган.

Жогоруда белгиленгендерден улам, атайы иш ыргагы киргизилген коммерциялык банктардын күндөлүк иши жана алардын ишин финансылык жактан чыңдоо, артыкчылыктуу маселелердин бири болгон. Консерваторлордун банктардын иши тууралуу отчеттору банк Башкармасы тарабынан айлык негизде каралып турган.

Отчеттук мезгил ичинде банк Башкармасы тарабынан банктардын жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу боюнча ченемдик базаны өркүндөтүүгө багытталган бир катар токтомдор кабыл алынган. Бекитилген ченемдик укуктук актыларга жаңы түзүлгөн микрофинансылык жана микрокредиттик компаниялар үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүн көбөйтүү, микрокаржылоо уюмдары тарабынан бир эле адамга берилүүчү микрокредиттин максималдуу өлчөмүн чектөө маселелери камтылган.

Мындан тышкары, банктардын ишин лицензиялоо, банктардын комитеттеринин мүчөлөрүнүн, банктардын кызмат адамдарынын алар тарабынан кабыл алынып жаткан чечимдерге жоопкерчиликтерин күчөтүү; финансы –кредиттик мекемелердин активдерин классификациялоо боюнча талаптарды катуулатуу, ошондой эле коммерциялык банктардын эсептик саясаты; топтук кредиттөө; коммерциялык банктардын банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен күрөөлүк мүлк жана башка кыймылсыз мүлк менен иштөө тартиби; коммерциялык банктардын объектеринде видеобайкоолорду уюштуруу маселелери жана ФКМдердин иши боюнча башка маселелер да каралган.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишине көзөмөлдүктү күчөтүү жана финансылык туруктуулугун камсыз кылуу максатында, жаңы түзүлгөн микрофинансылык жана микрокредиттик компаниялар үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнө, микрофинансылык жана микрокредиттик компаниялар үчүн микрокредиттин максималдуу өлчөмүнө тиешелүү талаптар банк Башкармасы тарабынан кайрадан каралып чыккан. Мындан тышкары, депозиттерди тартуу менен иш алып барышкан микрофинансылык компанияларга карата инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча талаптар белгиленген.

Кыргыз Республикасында Микрокаржылоону 2011–2015-жылдарга өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү стратегиясына ылайык, банк Башкармасынын чечими боюнча «Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсын «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» ААКсы адистештирилген финансы-кредиттик мекемесине кайра өзгөртүп түзүү ишке ашырылган. Мына ушундан улам, аны лицензиялоо, жөнгө салуу, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар кабыл алынган жана аны жөнгө салуу эрежелеринде каралган экономикалык ченемдер жана башка талаптар белгиленген.

Банк Башкармасы микрофинансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн

укуктарын коргоо системасын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурган. Алсак, микрофинансылык уюмдардын туруктуу ишин камсыз кылуу, ошондой эле финансы-кредиттик мекемелерге коомдун ишенимин арттыруу максатында, банк Башкармасы тарабынан токтомдор кабыл алынган, аларга ылайык банктар, микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар үчүн кредиттерди классификациялоо жана карызгерлерден жеке адамдардан өндүрүлүшү мүмкүн болгон айыптардын максималдуу суммасы боюнча талаптар, ошондой эле эффективдүү пайыздык чен жөнүндө маалыматты банк менен кардардын ортосундагы эки тараптуу келишимдерде ачып көрсөтүү жана чагылдыруу боюнча талаптар белгиленген.

Кыргыз Республикасында ислам банк ишин жылдыруу үчүн шарттарды түзүү боюнча каралган мыйзамдарды ишке ашыруунун алкагында, банк Башкармасы тарабынан банктык тобокелдиктер, корпоративдик башкаруу жана операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан банктардын ички контролдук жана ички аудит системасын уюштуруу жагында маселелер боюнча ченемдик укуктук актылар бекитилген.

Сотко чейин жөнгө салуунун алкагында Улуттук банк Башкармасы, Көзөмөл боюнча комитет тарабынан айрым коммерциялык банктарга карата көрүлүүчү чаралар боюнча маселелерди караган.

Кыргыз Республикасынын банк секторун 2014-жылдын акырына чейин өнүктүрүүнүн негизги багыттарында каралган, банк тутумун өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүү мониторинги, ошондой эле коммерциялык банктар тутумунун өнүгүү тенденциялары боюнча отчеттор банк Башкармасы тарабынан чейректик негизде каралып турган.

Банк Башкармасы тарабынан мыйзам чыгаруу базасын өркүндөтүүгө жана банк тутумун андан ары өнүктүрүүгө багытталган, Кыргыз Республикасынын банктык кодексинин долбоору жактырылган. Банктык Кодекстин долбоору Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтына коомдук талкуу үчүн жайгаштырылган.

Бүтүндөй алганда отчеттук жыл ичинде Улуттук банктан лицензия алышкан айрым коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин иши боюнча 80 токтом, ошондой эле алардын ишин жөнгө салуучу ченемдик база боюнча 29 токтом кабыл алынган. Буларга, жаңы ченемдик актылар сыяктуу эле, мурда кабыл алынган ченемдик актыларга киргизилген өзгөртүүлөр да камтылган.

*Төлөм системалары боюнча маселелерди кароо*

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 3-беренесине ылайык Улуттук банктын төлөм системасы чөйрөсүндө милдеттеринин аткарылышы, анын натыйжалуу жана үзгүлтүксүз ишин камсыз кылууга багытталган.

Отчеттук жыл ичинде банк Башкармасынын төлөм системасын андан ары өнүктүрүүгө, пайдаланылуучу төлөм инструменттер спектрин кеңейтүүгө жана төлөм системасындагы тобокелдиктерди төмөндөтүүгө багытталган 9 токтому кабыл алынган. Өкмөттүн жана Улуттук банктын биргелешкен токтому менен Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012–2017-жылдарга иш-чаралардын мамлекеттик программасы кабыл алынган. Төлөм системасын 2012–2014-жылдарга өнүктүрүүнүн негизги багыттары бекитилген, төлөм жүгүртүүсүнүн мамлекеттик классификаторуна жана банктык төлөм карттар жөнүндө жобого өзгөртүүлөр киргизилген. Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча

2012–2017-жылдарга мамлекеттик программаны ишке ашыруунун жана улуттук төлөм системасынын операторун колдоонун алкагында Улуттук банктын «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКтын капиталына катышуусу жактырылган.

Банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын күндөлүк абалы тууралуу отчет жана төлөм системасына оверсайт (көзөмөлдүк) жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчет чейрек сайын каралып турган.

*Башка маселелер*

Мындан тышкары, Банк Башкармасы Улуттук банктын ишин уюштуруу маселелери жана башка маселелер кароого алынып, алар боюнча 130 токтом кабыл алынган. 163 маселе башкарманын отурумдарында маалыматтык билдирүү катары каралган.

## 6.3. Банктык мыйзамдарды өркүндөтүү

2012-жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында банк ишин жөнгө салуучу мыйзамдык базаны өркүндөтүү жана өнүктүрүү боюнча иштерди уланткан.

*Мыйзамдарды өркүндөтүү*

Кыргыз Республикасында банктык мыйзамдарды мындан ары өркүндөтүү максатында мурда иштелип чыккан мыйзам долбоорлорун өркүндөтүү боюнча иштер улантылган, тактап айтканда:

- Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө. Бул мыйзам долбоору улуттук төлөм системасынын ишин эффективдүү акча жүгүртүлүшүн уюштуруу боюнча мамлекеттик саясатка ылайык жөнгө салуу максатында иштелип чыккан;
- «Лицензиялоо жөнүндө» мыйзамга толуктоолорду киргизүү жөнүндө. Бул мыйзам долбоору финансы-кредиттик мекеме болуп саналышпаган жана Кыргыз Республикасынын аймагында төлөмдөрдү үчүнчү жактардын пайдасына кабыл алуу боюнча кызматтарды, ошондой эле төлөмдөрдү өткөрүү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу, маалыматтарды кабыл алуу, иргөө жана сунуштоо (процессинг) боюнча ортомчулук кызматтарды сунушташкан юридикалык жактардын ишин жөнгө салуу максатында иштелип чыккан;
- «Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө», «Кредиттик союздар жөнүндө» жана «Чет өлкө валютасындагы операциялар жөнүндө» мыйзамдарга өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилиши каралган, айрым мыйзам чыгаруу актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө. Бул мыйзам долбоору микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын жүргүзүлүп жаткан операциялар боюнча мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында иштелип чыккан жана карызгерлердин укуктарын коргоого жана рынок атаандаштыгын өнүктүрүүгө, ошондой эле кесипкөйлүк негизде чет өлкө валютасындагы операцияларды жүзөгө ашыруу укугу ыйгарылган жактардын тизмесин кеңейтүүгө багытталган.

Улуттук банктын өкүлдөрү 18 ведомстволор аралык жумушчу топторунун жана комиссияларынын, анын ичинде төмөнкү маселелер боюнча иштерине катышышкан:

- акча-кредит саясаты жана салык-бюджеттик саясат маселелерин координациялоо;
- «Кыргыз Республикасындагы ыңгайлуу шарттардагы турак-жайлар»

мамлекеттик программасын иштеп чыгуу;

- микрофинансылык сектордо пайыздык чендерди оптималдаштыруу боюнча сунуштарды талдап-иликтөө жана иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү;
- Кыргыз Республикасынын Бажы бирлигине кирүүсү жөнүндө иш-чаралар планы боюнча;
- мамлекеттик финансыларды тескөө системасын реформалоо боюнча;
- Кыргыз Республикасында терроризмди (экстремизмди) каржылоо жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоо (адалдоо) тобокелдиктерине баа берүү;
- коммерциялык банктарда күрөөдө турган улутташтырылган мүлккө байланыштуу жагдай;
- «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамды өркүндөтүү;
- микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын депозиттерин коргоо концепциясын иштеп чыгуу;
- эл аралык арбитраждык териштирүүлөр боюнча;
- төлөм карттарын кабыл алуу жана тейлөө үчүн соода жана тейлөө ишканаларында терминалдарды милдеттүү түрдө орнотууга багытталган, ченемдик актыларды иштеп чыгуу боюнча;
- Бирдиктүү Казына эсебине өтүүдө казыналыкты башкаруунун маалымат системасынын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын банктар аралык төлөм системасы менен интеграцияланышын ишке ашыруу;
- Өкмөттүн «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарынын жайгаштырылышын жана жүгүртүлүшүн лицензиясы бар тоорук уюштуруучунун тоорук аянтчасына которуу жөнүндө» токтомун ишке ашыруу;
- Бажы жана салык төлөмдөрүн, ошондой эле пенсия жана социалдык төлөмдөрдү нак эмес формада төлөөгө которуу боюнча пилоттук долбоорлорду ишке ашыруу; медицина кызматтарына төлөөлөрдү, стипендияларды, эмгек акыларды жана транспорт кызматтарына төлөөлөрдү нак эмес формага которуу боюнча пилоттук долбоорлорду жайылтуу;
- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын инвентаризациялоо жана башкалар.

Ведомстволор аралык жумушчу топторунун жана комиссияларынын ишине катышуунун натыйжасында, Улуттук банк тарабынан көбүнчө жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты боюнча анын компетенциясына кирген маселелер, өлкөдөгү макроэкономикалык туруктуулук маселелери, ЕСФ программасынын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалыматтар сунушталып, «Кыргыз Республикасындагы кол жетээрлик турак-жайлар» мамлекеттик программасын иштеп чыгуу боюнча сунуштар жана комментарийлер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамды өркүндөтүү боюнча сунуштар жана комментарийлер да берилген. Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын ишинин алкагында Өкмөт менен Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын кулжа айынын он төртүндөгү № 289/5/1 биргелешкен токтому менен «Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн

жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012–2017-жылдарга мамлекеттик программа» иштелип чыккан, макулдашылган жана бекитилген. Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012–2017-жылдарга мамлекеттик программанын иш-чараларын ишке ашыруу үчүн пенсияларды, стипендияларды, мамлекеттик жөлөк пулдарды, акчалай компенсацияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү банктык төлөм карталары менен коммерциялык банктардагы эсептери аркылуу нак эмес формада төлөөгө өтүү боюнча долбоорлор жайылтылган. Мындан тышкары, салык жана бажы төлөмдөрүн банкоматтар жана төлөм терминалдары аркылуу төлөө боюнча пилоттук долбоорлор да жайылтылган. Ченемдик актыларды инвентаризациялоо боюнча ведомство аралык комиссиянын ишинин алкагында ченемдик укуктук актылардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына карама-каршылыктарды жана дал келбөөчүлүктөрдү четтетүүгө багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууга катышуу тууралуу чечим кабыл алынган.

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

2012-жылы лицензиялоо жана ишине көзөмөлдүк жүргүзүү Улуттук банк тарабынан жүзөгө ашырылган банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. Бул маселе боюнча 280ден ашык токтом кабыл алынган, анын ичинде:

- 2012-жылдын жалган куран айынын он бешинде – «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» («Аудит боюнча комитетке карата негизги талаптарга», «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардагы корпоративдик башкаруу жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого, «Банктардын баалуу кагаздар менен иш алып баруусу жөнүндө» жобого);
- 2012-жылдын чын куран айынын он төртүндө – «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» (Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин эсептик саясатына карата талаптар жөнүндө» жобого, «Операцияларын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан коммерциялык банктардын эсептик саясатына карата талаптар жөнүндө» жобого);
- 2012-жылдын бугу айынын жыйырма бешинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» («Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобого жана «Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттерге атайы классификациялоону колдонуунун убактылуу тартибине»);
- 2012-жылдын кулжа айынын он сегизи – «Кыргыз Республикасынын

Улуттук банкынан лицензия алышкан жана ал тарабынан жөнгө салынган банктарга жана башка финансы-кредиттик мекемелерге карата жеке адамдардан болушкан кардарларга кредит берүүдө коюулуучу талаптар жөнүндө»; «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» («Активдерди классификациялоонун жана Кыргыз Республикасынын жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырууга укугу жок микрофинансылык уюмдардын потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарды түзүүсүнүн жалпы принциптери жөнүндө убактылуу жобого», «Кредиттик союздарда кредиттерди классификациялоо жөнүндө» жобого, «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобого, «Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттерге атайын классификациялоону колдонуунун убактылуу тартибине» жана «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө» жобого);

- 2012-жылдын кулжа айынын жыйырма тогузунда «Микрофинансылык уюмдардын иши жөнүндө»;
- 2012-жылдын баш оона айынын төртүндө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин күрөөлүк мүлк менен иштөө тартибин» бекитүү жөнүндө»; «Депозиттерди тартуу менен иш алып барышкан микрофинансылык компаниялардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»;
- 2012-жылдын баш оона айынын он биринде «Тике банктык көзөмөлдүк жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»; «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салуучу айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» («Микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агенттиктерди түзүү жөнүндө») жобого, «Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрофинансылык компанияларды лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуу боюнча убактылуу эрежелерге»;
- 2012-жылдын баш оона айынын жыйырма бешинде «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» ААКсы адистештирилген финансы-кредиттик мекемесин лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» жобо тууралуу»;
- 2012-жылдын аяк оона айынын он жетисинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» («Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруунун эрежелерине» жана «Депозиттер менен иштөө боюнча нускоого»);
- 2012-жылдын аяк оона айынын жыйырма тогузунда «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын жана микро-

финансылык уюмдарынын кыймылсыз мүлк менен айрым операциялары/бүтүмдөрү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2012-жылдын тогуздун айынын он экисинде «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» ААКсы адистештирилген финансы-кредиттик мекемесинин ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө»;
- 2012-жылдын жетинин айынын он экисинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» («Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде өлкөлүк тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого» жана «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө»), ошондой эле «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылуучу каржылоонун чектери жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»;
- 2012-жылдын жетинин айынын отуз биринде «Кыргыз Республикасынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» («Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобого, «Активдерди классификациялоонун жана Кыргыз Республикасынын жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырууга укугу жок микрофинансылык уюмдарынын потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүүсүнүн жалпы принциптери жөнүндө убактылуу жобого», «Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттерге атайын классификациялоону колдонуунун убактылуу тартибине», «Кредиттик союздарда кредиттерди классификациялоо жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого, «Банктык төлөм карттары боюнча кредиттөө жөнүндө (овердрафт) убактылуу эрежелерге»), ошондой эле «Банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иштөө боюнча нускоону бекитүү жөнүндө»;
- 2012-жылдын бештин айынын жыйырма сегизи «Микрофинансылык уюмдарга карата талаптар жөнүндө»;
- 2012-жылдын үчтүн айынын он экиси «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» ААКсы адистештирилген финансы-кредиттик мекемесинин капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө;
- 2012-жылдын үчтүн айынын жыйырма жетиси «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» («Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сый акы өлчөмү жөнүндө маалыматты таркатууда эффективдүү пайыздык чендерди эсептөө жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан

лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын чын куран айынын экисиндеги № 5/7 «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» жана башкалар.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Банктык кодексинин долбоорун – кодификацияланган ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу боюнча иштер улантылган. Аталган кодексти иштеп чыгуу төмөнкүлөрдү ишке ашырууга өбөлгө түзөт деп болжолдонууда:

- банктык мыйзамдардын жана ал менен байланыштуу мыйзамдардын топтолгон ченемдик базасына иликтөөлөрдүн негизинде, банк ишин жөнгө салуучу ченемдердин өз ара дал келишүүсүн жана өз ара байланыштуулугун камсыз кылууга;
- банк тутумунда калыптанган алгылыктуу тажрыйбаны бекемдөөгө жана андан ары өркүндөтүү жолдорун аныктоого;
- банк мыйзамдарынын иерархиялык түзүмүн иретке келтирүүгө, анын курамын жана артыкчылыктуу аткаруу тартибин аныктоого;
- банктык укуктук мамилелерге катышуучулардын укуктук статусун тактоого, алардын өз ара мамилелерин, ошондой эле банк тутумунун ичинде сыяктуу эле, тышкаркы негизги мамилелерин аныктоого;
- түрдүүчө чечмеленишин, коллизияларды жана кайчы пикирлерди четтетүү максатында, бардык банк мыйзамдарын түзүүчүлөрдү системалаштырууга жана айкалыштырууга.

## 6.4. Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу

Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин жана Өкмөтүнүн финансылык кеңешчисинин милдетин аткаруусунун чегинде, 2012-жылы төмөнкү иштерди жүзөгө ашырган:

- акча-кредиттик саясатын ишке ашыруу, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды жана аналитикалык материалдарды Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө дайыма берип турган;
- мыйзам долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актыларга, финансы жана банк маселелери же Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү маселелерди козгогон чечимдерге экспертиза жүргүзгөн;
- республикалык бюджеттин долбоорун кароого алуу учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө консультацияларды берип турган.
- Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө (министрликтерди жана ведомстволорду кошо алганда) финансы жана банк системасынын маселелери боюнча консультацияларды жана сунуш көрсөтмөлөрдү берип турган.

Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө дайыма берилип туруучу аналитикалык маалыматтарга жүргүзүлүп жаткан акча-кредиттик саясат жөнүндө, тышкы жана ички финансылык рыноктордогу күндөлүк абал тууралуу, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр жөнүндө болжолдоолор камтылган. Көбүнчө, дүйнөлүк финансы рынокторундагы абал, тышкы займдар, банк тутумунун абалы, банктык жа-

на банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасы жөнүндө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарына финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагында өзгөртүүлөр боюнча Улуттук банк тарабынан кабыл алынган чаралар жөнүндө маалыматтык каттар жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө (министрликтерди жана ведомстволорду кошо алганда) финансы жана банк системасынын маселелери боюнча консультацияларды берүү жана сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууларды жүзөгө ашыруу боюнча иштердин алкагында Улуттук банк тарабынан экономикалык саясат жагында координациялоо маселелери боюнча, коммерциялык банктар тутумунун өнүгүү тенденциялары жөнүндө маалыматтар, МБКларды фондулук биржанын тоорук аянтчасына жайгаштыруу боюнча маалыматтар, 2010-жылдын бугу жана теке айларындагы окуяларында жабыркаган карызгерлер жана аларга колдоо көрсөтүү тууралуу маалыматтар берилген. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк, Өкмөттүн экономиканын айрым секторлорун, айрыкча айыл чарбасын каржылоого тиешелүү долбоолору боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарын берген. Мындан тышкары, Өкмөттүн кайрылуусу боюнча Кыргыз банкы тарабынан Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн менчик чарба жүргүзүүчү субъекттеринин ортосунда келип чыккан талаш маселелерди жөнгө салуу боюнча корутундулар жана сунуштар берилген, аларда айрым банктардын таламдары боюнча маселелер каралган.

Бардыгы болуп, бул маселелер боюнча Улуттук банк тарабынан мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине отчеттук мезгил ичинде 300дөн ашык кат жөнөтүлгөн.

*Мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү*

Улуттук банк тарабынан 35тен ашык мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүлгөн:

- 2013-жылга республикалык бюджет жана 2014–2015-жылдарга болжолдоолор жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Өнүгүү банкы жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Бишкек жана Ош шаарларында, Ош жана Жалал-Абад областтарында 2010-жылдын бугу жана теке айларындагы окуяларында жабыркаган адамдарга кошумча колдоо көрсөтүү чаралары жөнүндө;
- Кыргыз Республикасында сүткорлук иштерди (сүткорлукту) чектөө жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасындагы лицензиялар жана уруксат берүүлөр жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасындагы букмекердик конторалардын жана тотолизаторлордун иши жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө;

- терроризди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоо) каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзам долбоору жаңы редакциясында жана башкалар.

2012-жылы Улуттук банк тарабынан мындан тышкары да экспертиза жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 40тан ашык токтом долбоорлоруна сунуштар даярдалган, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2012-жылга экономикалык саясат жөнүндө биргелешкен билдирүүсү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн 2013–2015 -жылдарга болжолдоолору жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын тогуздун айынын сегизиндеги № 540 «Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн 2012–2014 -жылдарга орто мөөнөттүү программасынын долбоорун жактыруу жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасын 2031-жылга чейин узак мөөнөттүү өнүктүрүү Концепциясынын долбоорун жактыруу жөнүндө;
- республикалык бюджетти колдоо боюнча чаралар жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын финансылык тескөө системасын реформалоо боюнча аракеттердин 2012–2015-жылдарга орто мөөнөттүү планын бекитүү тууралуу;
- Өкмөттүн 2012-жылдын бирдин айынын жыйырма бешиндеги № 55 «Туруктуулук жана татыктуу жашоо» программасын ишке ашыруу боюнча 2012-жылга иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- «Айыл чарбасын каржылоо» долбоорун бекитүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын тескөөнүн 2012–2014-жылдарга стратегиясы жөнүндө;
- мамлекеттик баалуу кагаздарды тоорук аянтчасына которуу боюнча;
- Өкмөттүн 2011-жылдын чын куран айынын бириндеги № 81 «Коммерциялык банктарды Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин, Социалдык фондунун жана мамлекеттик ишканаларынын финансылык агымдарын тейлөө боюнча тандоо критерийлери жөнүндө» токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- балакатка жете элек балдары бар, начар камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн категориясына кирген, жумушсуз жарандарды иш менен камсыз кылуу үчүн микрокредиттерди берүү боюнча чаралар жөнүндө;
- «Айыл чарба багытындагы жерлерди күрөөгө коюу менен кредиттөө тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу»;
- Өкмөттүн коррупцияга каршы күрөшүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү тууралуу;
- калктын иш менен камсыз болушуна көмөктөшүү жана жакырчылыкты кыскартуу чаралары жөнүндө жана башкалар.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу*

2012-жыл ичинде Улуттук банк, мамлекттик программаларды жана пландарды, анын ичинде төмөнкүлөрдү иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышкан:

- Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн 2013–2017-жылдарга улуттук стратегиясы, ал туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеште сунушталган;
- Кыргыз Республикасын 2012–2014-жылдарга өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы;

- Өкмөттүн «Туруктуулук жана татыктуу жашоо» программасы;
- Өкмөттүн «Экономика жана туруктуулук» программасынын иш-чаралар планы;
- Кыргыз Республикасынын ЭВФтин кеңейтилген кредиттөө механизми (ЕСФ) тарабынан колдоого алынган 2011–2014-жылдарга экономикалык программасы;
- Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012–2017-жылдарга мамлекеттик программасы»;
- Микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2011–2015–жылдарга каралган стратегиясы;
- Калкты социалдык коргоону өнүктүрүү стратегиясы;
- Кыргыз Республикасын 2031-жылга чейин узак мөөнөттүү өнүктүрүү концепциясынын долбоору;
- «Кыргыз Республикасындагы ыңгайлуу шарттардагы турак жай» мамлекеттик программасынын долбоору;
- Өкмөттүн мыйзам долбоорлор боюнча иштеринин 2012-жылга планы жана башкалар.

*Эл аралык келишимдерге экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекет аралык уюмдарына катышуусунун алкагында Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын финансы жана банк системасына тиешелүү болгон эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга экспертиза жүргүзүлгөн, аларга төмөнкүлөр да кирет:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын ортосундагы карызды жөнгө салуу жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасы менен Европа инвестициялык банкынын ортосундагы «Европа банкынын иши жөнүндө» Чектүү келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен ГФР Өкмөтүнүн ортосундагы финансылык кызматташуу жөнүндө 2011–2012-жылдарга келишим долбоору;
- «КМШга мүчө мамлекеттердин финансылык кызмат көрсөтүү рыногун либералдаштыруу концепциясынын» долбоору;
- экономикалык саясат жөнүндө меморандумду ишке ашыруу боюнча 2011–2014-жылдарга иш-чаралар планы;
- ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жөнүндө чечимдин долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Бажы биргигине жана Бирдиктүү Экономикалык Мейкиндикке кошулуусу жөнүндө иш-чаралар планы;
- Кыргыз Республикасы менен Эл аралык финансы корпорациясынын ортосундагы Кыргыз Республикасында Эл аралык финансы корпорациясынын туруктуу өкүлчүлүгүн уюштуруу жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Катар мамлекетинин ортосундагы «Кыргыз-Катар инвестициялык фондун түзүү жөнүндө» келишим долбоору.

Мыйзам долбоорлоруна, Өкмөттүн токтомдорунун долбоорлоруна, эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүнүн натыйжасында Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча корутундулар, сын-пикирлер жана сунуштар берилген.

Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруунун алкагында Улуттук банк тарабынан Микрокаржылоону 2011–2015-жылдарда өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүү жагында сунуштарды иштеп чыгуу боюнча аракеттерди координациялоо максаттары үчүн Микрокаржылоону өнүктүрүү боюнча координациялык кеңештин колдоосу менен микрофинансылык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн пайыздык чендерди төмөндөтүү боюнча улуттук конференция өткөрүү маселеси демилгеленген. Республикада нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү жана төлөм системасынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын алкагында Улуттук банк тарабынан бюджеттик төлөмдөрдү нак эмес формада кабыл алуу маселеси демилгеленген.

Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы карызын тейлөөгө жана Кыргыз Республикасы мүчө болуп саналган эл аралык уюмдарга үлүштүк жана мүчөлүк төлөмдөрдү төлөөлөргө байланыштуу Өкмөттүн эсептерин тейлөө боюнча иштерди уланткан. 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банкта Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын 41 эсеби тейленген, алардын 26 эсеби улуттук валютада жана 15 эсеп - чет өлкө валютасында болгон. Мындан тышкары, Улуттук банк, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын каттарынын негизинде Өкмөттүн эсептерин ачууну жана жубууну жүзөгө ашырган. Бардыгы болуп, 2012-жыл ичинде Өкмөткө улуттук валютада он үч эсеп ачылса, улуттук валютадагы жыйырма бир эсеп жана чет өлкө валютасындагы үч эсеп жабылган.

Мындан тышкары, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын (МКВ жана МКО) жайгаштыруу жана тейлөө боюнча агент катары да иш жүргүзгөн.

### 6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы

*Укуктук негиз*

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, Улуттук банктын ички аудити Ички аудит кызматы тарабынан жүргүзүлөт, ал Улуттук банктын ички контролдук саясатынын талаптарына ылайык ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна баа берүүнү жүргүзөт.

Ички аудит кызматынын иши ички аудиттин эл аралык кесипкөй стандарттарынын негизинде жана Ички аудит жүргүзүүнүн кесипкөй тажрыйбасы боюнча стандарттарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

Улуттук банкта ички контролдук системасын уюштуруу банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабынан сунушталган Ички контрол-дук системасынын принциптерине ылайык келип, коюлган максаттарга жетүүгө жана белгиленген эрежелерди сактоого багытталган үзгүлтүксүз процессти түшүндүрөт.

*Ишкердикти жүзөгө ашыруу*

2012-жылы аудитордук текшерүүлөр ички аудит кызматынын жылдык иш планына ылайык жүзөгө ашырылат, ал 2012–2014-жылдарга аудитордук текшерүүлөрдүн узак мөөнөттүү планына негизденген. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча ички аудиторлор тарабынан түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишинде тобокелдиктерди минималдаштырууга, ички контролдук системасын өркүндөтүүгө багытталган сунуш-көрсөтмөлөр берилген. Аудитордук текшерүүлөрдүн натыйжалары Улуттук банктын жетекчилигине банктын

бөлүмдөрүнүн ишинин аларга жүктөлгөн милдеттерге жана кызматтарга ылайык келүүсү, аныкталган кемчиликтер жана көйгөйлүү участкалар жөнүндө көз карандысыз маалымат түрүндө берилип турган.

Ички аудиттин жана жыл жыйынтыгы боюнча ички контролдук системасына жүргүзүлгөн байкоолордун натыйжалары Улуттук банктын бардык олуттуу аспектилердеги иши Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык келет жана ички контролдук системасы негизинен, орун алып турган тобокелдиктерге шайкеш деген тыянак чыгарууга өбөлгө түзөт.

*Ички аудиттин ишине баа берүү*

Ички аудиттин эл аралык кесипкөй стандарттарына ылайык, Улуттук банктын ички аудит кызматынын ишине көз карандысыз баа берүүнү жүргүзүү боюнча иштер башталган. Баа берүү техникалык жардам көрсөтүүнүн алкагында, Дойче Бундесбанктын эксперттери тарабынан жүзөгө ашырылат. Ички аудиттин ишине көз карандысыз баа берүү, ички аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, беш жылда бир жолку мөөнөттө жүргүзүлөт. Улуттук банктын ички аудитинин ишине буга чейинки көз карандысыз байкоо жүргүзүү «Deloitte» эл аралык аудитордук уюму тарабынан ишке ашырылган.

*Улуттук банктын тышкы аудити*

Ички аудит кызматы Улуттук банктын тышкы аудиторлору менен өз ара иш алып барууларды координациялаган. Улуттук банктын 2012-жыл үчүн тышкы аудити «КПМГ Бишкек» ЖЧК аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн, ал тендердин натыйжасы боюнча тандалып алынып, мыйзам талабына ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген. Тышкы аудиттин натыйжасы боюнча Улуттук Банк Башкармасы тарабынан бекитилген тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн сунуш-көрсөтмөлөрдү аткаруусуна тиешелүү иш-чаралар планы түзүлгөн.

*Аудит боюнча комитет*

Улуттук банктын аудит боюнча комитети менен өз ара иш жүргүзүүнүн алкагында, ички аудит кызматы тарабынан комитеттин отурумдарын уюштуруу жана өткөрүү камсыз кылынган.

Аудит боюнча комитет үч мүчөдөн турат, анын экөө Улуттук банктын ишине тиешеси жок көз карандысыз эксперттерден болушса, бирөө Улуттук банк башкармасынын мүчөсү болуп саналат.

Аудит боюнча Комитеттин иши анын негизги кызматтарына ылайык, тышкы аудиторлордун ишинин көз карандысыздыгына баа берүү, Улуттук банктын финансылык отчеттуулугунун сапатына жана ички контролдук системасынын тиешелүү уюштурулушуна баа берүүдө экенин билдирет.

Отчеттук жылы аудит боюнча комитеттин он үч отуруму өткөрүлүп, анда ага жүктөлгөн милдеттерге жана кызматтарга ылайык, анын компетенциясы боюнча маселелер каралган жана тиешелүү чечимдер кабыл алынган. Аудит боюнча комитет ички аудиттин ишине баа берүү боюнча тышкы көз карандысыз эксперт менен жолугушуу өткөрүп, Ички аудит кызматынын 2012-жыл жыйынтыгы боюнча отчетун угуп, ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн мониторинг менен таанышкан, аудитордук текшерүүлөрдүн узак мөөнөткө каралган планына корректировкаларды жана 2013-жылга каралган иш-планын карап чыккан жана жактырган.

Аудит боюнча комитет тарабынан Улуттук банктын тышкы, ички аудитинин жана ички контролдук системасынын ишине баа берүү жагында иштерге иликтөөлөр жүргүзүлүп, Улуттук банк башкармасына тиешелүү сунуш көрсөтмөлөр берилген.

*Тобокелдик боюнча комитет*

Улуттук банктын ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерди минимизациялоо максатында тобокелдиктер боюнча комитет өз ишин

уланткан, отчеттук жылы комитет он үч отурум өткөргөн. Тобокелдик боюнча комитеттин иш максаттарына жана тобокелдиктерди тескөө стратегиясына, ошондой эле тобокелдиктерди тескөө саясатына ылайык, отчеттук жыл ичинде Улуттук банкта операциялык тобокелдиктерди тескөөнү өркүндөтүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулган. Бул багыттагы иштерди өнүктүрүүнүн алкагында, Комитет тарабынан тобокелдиктерди тескөө боюнча ченемдик документтер, тобокелдүү жагдайларды эсепке алуу карталарына иликтөөлөрдүн натыйжасында аныкталган тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча иш-чаралар планы жактырылган жана банктын бөлүмдөрүндө өзүнө-өзү баа берүү процессин жүзөгө ашыруу боюнча Убактылуу усулдук колдонмо талкууга алынган.

### 6.6. Коомчулукка маалымат берүү

*Коомчулукка маалымат берүү инструменттери*

2012-жылы Улуттук банк борбордук банктын кызматтарын жана милдеттерин аткаруунун алкагында, коомчулукка өз иши тууралуу маалымдап туруу боюнча иштерди уланткан. Мында, расмий басылмаларды чыгаруу, маалыматтарды Улуттук банктын веб-сайтына жарыялоо, жаңылыктарды, аналитикалык жана маалымдоо материалдарын басма сөз кызматтарына жана электрондук жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо сыяктуу маалымат берүү инструменттери ишке тартылган. Бүтүндөй жыл ичинде журналисттер үчүн пресс-конференциялар, маектер, Улуттук банктын жетекчилиги жана кызматкерлери менен жолугушуулар сыяктуу атайын иш-чаралар өткөрүлгөн.

Улуттук банктын жыйырма жылдыгын майрамдоонун алкагында банктын илимий иштеринин жыйнагы чыгарылган, анда Улуттук банктын монетардык жана фискалдык саясат, тышкы экономикалык сектор, демография боюнча теоретикалык, аналитикалык жана практикалык мүнөздөгү илимий иштери камтылган, алар изилдөө жана аналитикалык иштерди аткаруунун негизинде даярдалган. Мындан тышкары, ЖОЖдордун жана магистранттардын арасында илимий иштердин сынагы өткөрүлгөн. Сынакка катышуучулар өз эмгектеринде финансылык тобокелдиктер, банктар жана банк иши; экономикалык өсүш, тышкы экономикалык мамилелер, мамлекеттик жана жеке карыз; валюта курсу сыяктуу экономика илиминин багыттары боюнча маселелерди жана көйгөйлөрдү эске алышкан.

Сынактын жыйынтыгы боюнча жеңүүчүлөр аныкталып, алар эстелик белектер менен сыйланышкан.

*ЖМК менен кызматташуу*

Улуттук банктын жалпыга маалымдоо каражаттары менен кызматташуусу 2012-жылы бир нече багытта салттуу өнүккөн. Анын бир багыты болуп, Улуттук банктын кызматкерлеринин журналисттерден келип түшкөн суроолорго жоопторду даярдоосу саналган. Улуттук банк тарабынан ЖМКнын кайрылуулары каралып, учурда орун алып турган абал тууралуу комментарийлер, тренддерге иликтөөлөр, статистика жана экономикалык болжолдоолор берилген.

Ал эми Улуттук банктын иши, анын кызматтары жана милдеттери, позициялары жана ал тарабынан жүргүзүлүп жаткан саясат тууралуу жеке маалыматтык материалдарды даярдоо жана жарыялоо ЖМК менен иштөөнүн башка багыттарынан болгон. Кыргызстандын борбордук жана аймактык басма сөз кызматтарына Улуттук банк тарабынан статьялар, комментарийлер жана жарыялоолордун башка түрлөрү даярдалган. Улуттук банк, банктын расмий веб-сайтына жарыялануучу актуалдуу темаларга пресс-релиздерди

чыгарып, алардын жалпыга маалымдоо каражаттарына жайгаштырылышын жүзөгө ашырган. Анын ичинде валюта жана финансы рынокторундагы жагдай, ошондой эле банк тутумунун жана айрым коммерциялык банктардын абалы чагылдырылган.

*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

Мындан тышкары, Улуттук банк отчеттук жылы калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу долбоорлорун ишке ашырууга киришкен. Маалымат кампаниясы басма сөз жана маалымат агенттиктери үчүн беренелерди даярдоону, ошондой эле кредиттөө, микрокаржылоо, нак эмес төлөмдөрдү өткөрүү, баалуу кагаздар менен иштөө жана башка ушу сыяктуу темалар боюнча теле жана радио берүүлөрдү уюштурууну камтыйт. «Төлөм системасы жөнүндө» мыйзам долбоорун жана «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө, «Микрофинансылык уюмдар жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлорун жарыялоого өзгөчө көңүл бурулган.

*Пресс-конференциялар*

Улуттук банктын акча-кредит саясаты боюнча мурдатан бери чейрек сайын өткөрүлүүчү пресс-конференциялардан тышкары, жетекчилигин кошо алганда, Улуттук банктын кызматкерлери ондон ашык пресс-конференцияларга жана брифингдерге катышышкан. Журналисттер менен жолугушууларда республиканын микрокаржылоо секторундагы жагдай, Улуттук банк тарабынан баалардын жалпы деңгээлинин өсүшүн кармап туруу жана кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүү боюнча чаралар; БФКМдердин жана банктардын карызгерлеринин көйгөйлөрүн чечүү жана башкалар жөнүндө түшүндүрмөлөр берилген.

*«Национальный банк сообщает» теле берүүсү*

2012-жылы Улуттук банк «Нацбанк сообщает» теле берүүсүн жана «Улуттук банк билдирет» радио берүүсүн үзгүлтүксүз негизде чыгарып турган. Программанын форматы олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон, бирок алардын маалыматтык түзүүчүлөрү жана максаты Улуттук банктагы жана өлкөнүн финансылык секторундагы негизги окуяларды чагылдыруу, өзгөрүүсүз калган. Теле жана радио берүүлөр «Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоо (адалдоо) жана терроризмди каржылоо көйгөйлөрү», «Эл аралык камдар», «Мамлекеттик баалуу кагаздар», «Калкты кредиттөө», «Төлөм системасы», «Улуттук банктын коллекциялык монеталары» жана башка темаларда уюштурулган.

*Коллекциялык монеталар жөнүндө маалымат*

«Улуу Жибек жолу» коллекциялык күмүш монетасынын жүгүртүүгө чыгарылгандыгы тууралуу маалымат Улуттук банктын пресс-релизине жарыяланып, «Нацбанк сообщает» теле берүүсүндө маалымдалган, ошондой эле Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылып, өлкөнүн алдыңкы жалпыга маалымдоо каражаттарына таркатылган. Пресс-релизге жарыяланган маалыматтарды 20га жакын ЖМК, анын ичинде Кыргызстандын, Казакстандын, Россиянын жана Украинанын маалымат агенттиктери колдонушкан. Улуттук банк тарабынан 2011-жылы чыгарылган «Улуу Жибек жолу» күмүш коллекциялык монетасы «Кыйла тарыхый мааниге ээ монета» номинациясынын жеңүүчүсү болгондугун белгилей кетүү зарыл. «Krause Publications» (АКШ) басмаканасы тарабынан «Монета 2013» сынагы өткөрүлгөн жана ал борбордук банктар жана монета сарайлары үчүн коллекциялык монеталардын дизайны жана колдонулган технологиялары үчүн эң жогорку сыйлык болуп саналат.

Жылдын аяк оона айында «Кабар» маалымат агенттигинде Улуттук банктын кызматкерлеринин катышуусу менен пресс-конференция өткөрүлүп, анда журналисттердин назарына төрт жаңы коллекциялык монета

(«Курманжан даткага 200 жыл» алтын монетасы, «Курманжан даткага 200 жыл» күмүш монетасы, «Ак илбирс» күмүш монетасы, «Комуз» мельхиор монетасы) сунушталган. Жаңы коллекциялык монеталардын чыгарылгандыгы тууралуу маалымат кырктан ашык жалпыга маалымдоо каражаттарына, анын ичинде эл аралык рейтингдеги агенттиктерге жарыяланган.

2012-жылы Улуттук банктын коллекциялык монеталар көргөзмөсү ачылган. Бул тууралуу маалымат Улуттук банктын веб-сайтына, пресс-релизине жарыяланып, бардык ЖМКга таркатылган.

*Коомдук кабылдама*

Ачык-айкындуулук принцибин ишке ашыруу максатында Коомдук кабылдаманын ишинин алкагында, Улуттук банктын калайык-калк менен өз ара иш жүргүзүүсүн камсыз кылуу боюнча иштер улантылган. Жалпысынан, жарандардан Улуттук банктын дарегине 800дөн ашык (анын ичинде областтык башкармалыктарга 200гө жакын) кат жүзүндө кайрылуу келип түшкөн. Отчеттук жыл ичинде Улуттук банкка келип түшкөн кат жүзүндө кайрылуулардын негизги бөлүгүн чет өлкө валютасынын кыргыз сомуна карата эсептик курсу, рефинансылоонун Улуттук банк тарабынан белгиленген чени жана инфляция көрсөткүчү, коммерциялык банктардагы аманаттар, пайыздарды төлөө жөнүндө, проблемалуу банктардагы жана микрокредиттик уюмдардагы кредиттерге тиешелүү жана банктык эмес мекемелердин иши жөнүндө жана башка маселелер түзгөн. Бардык кат жүзүндө кайрылууларга өз убагында жооптор берилген.

*Улуттук банктын веб-сайты*

Мурдагыдай эле, Улуттук банктын расмий веб-сайты өзүнүн бардык тышкы пайдалануучуларына маалыматтан бирдей жана өз убагында пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен коомчулукка маалымат берүүнүн ажыратылгыс жана маанилүү инструменти болуп калган. Сайттын жаңы бөлүктөрүн жана чакан бөлүктөрүн түзүү жана маалымат менен камсыз кылуу иштери улантылууда. Көбүнчө, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында, веб-сайттын башкы баракчасында финансылык кызматтарды керектөөчүлөр үчүн коммерциялык банктардын жана БФКМдердин депозиттери жана кызматтары боюнча пайыздык чендер, финансы-кредиттик мекемелердин төлөм кызматтарын сунуштоо боюнча ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актылардан үзүндүлөр, аманатчы менен карызгердин колдонмосу жана башка пайдалуу маалыматтарды камтыган бөлүк түзүлгөн.

Жыл ичинде коммерциялык банктар менен банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ортосунда проблемалуу кредиттер боюнча түшүндүрмө иштери жүргүзүлгөн. Улуттук банктын жетекчилиги менен карызгерлердин жолугушуулары уюштурулуп, анда кредиттерди реструктуризациялоо жана пролонгациялоо маселелери талкууга алынган.

*ЖОЖдун студенттеринин ортосунда өткөрүлгөн түшүндүрмө иштер*

2012-жылы Улуттук банк ЖОЖдордун студенттери менен борбордук банктын иши тууралуу түшүндүрмө иштерин уланткан. Отчеттук мезгил ичинде Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Борбордук Азиядагы Америка университетинин студенттери жана Бишкек шаарындагы ОБСЕ Академиясынын магистратурасынын угуучулары үчүн лекциялар өткөрүлгөн. Лекциялардын негизги темалары Улуттук банктын максаттарына, милдеттерине жана кызматтарына, ошондой эле Улуттук банктын учурдагы ишине арналган.

Улуттук банктын областтык башкармалыктарында жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө маалымат берүү кампанияларынын алкагында, улуттук валюта-кыргыз сомуна арналган иш-чаралар улантылган. Талас

*Аймактарда маалымат берүү*

областтык башкармалыгы тарабынан «Улуттук банк–мамлекеттин борбордук банкы» деген темада жазылган эң мыкты дил баянга сынак өткөрүлгөн, ошондой эле «2012–2017-жылдарга мамлекеттик программа боюнча нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү жөнүндө» темада семинар уюштурулган. Мындан тышкары, Таластагы филиалынын кызматкерлери калктын микрокаржылоо кызматтары жөнүндө финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча тренингге катышышкан.

Ал эми Жалал-Абад областтык башкармалыгы тарабынан «Улуттук банктын 20 жыл ичинде Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүдөгү ролу», «БФКМдердин иши жөнүндө», «Областтарда накталай акча жүгүртүлүшү жөнүндө» темалары боюнча тегерек стол маектери өткөрүлгөн.

Орто билим берүү мектептеринин окуучулары, орто жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн бардык областтык башкармалыктардын адистери тарабынан улуттук валютага аяр мамиле жасоо, улуттук валютанын коргоо элементтери, эски банкнотторду алмаштыруу эрежелери, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча лекциялар окулган.

# III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2012 - ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

**Мазмуну**

7.1. Көз карандысыз аудиторлордун отчету..........109(2)

7.2. Финансылык абал жөнүндө отчет..........111(4)

7.3. Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет..........112(5)

7.4. Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет..........113(6)

7.5. Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет..........114(7)

7.6. Капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет..........116(9)

7.7. Финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр..........118(11)

«КПМГ Бишкек» ЖЧКсы
Эркиндик бульвары, 21
"Орион" бизнес-борбору, офис 201
Бишкек, Кыргызстан 720040

Телефон: +996 (312) 623 380
Факс: +996 (312) 623 856
E-mail: kpmg@kpmg.kg

**Көз карандысыз аудиторлордун отчету**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - «Улуттук банк») 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абалы тууралуу отчеттон, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө, чогуу алгандагы киреше жөнүндө, капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө жана көрсөтүлгөн күнү бүткөн жыл ичиндеги акча каражаттарынын жылышы жөнүндөгү отчеттордон, эсепке алуу саясатынын негизги жоболору жана башка түшүндүрмө маалыматтар кыскача баяндамасынан турган, ушул финансылык отчетко аудит жүргүздүк.

*Улуттук банктын жетекчилигинин финансылык отчеттун даярдалышы үчүн жоопкерчилиги*

Жетекчилик, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамында чагылдырылгандай эле, ушул финансылык отчеттун даярдалышы жана так берилиши, ошондой эле ак ниет иштебегендиктин же каталарга жол берүүнүн кесепетинен келип чыккан олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчеттун даярдалышы максатында жетекчилик зарыл деп эсептеген, ички контролдук үчүн жоопкерчиликтүү.

*Аудиторлордун жоопкерчилиги*

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мына ушул финансылык отчет жөнүндө ой-пикирди билдирүү - биздин жоопкерчилик. Биз аудитти, Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттар бизден этикалык нормалардын сакталышын, ошондой эле финансылык отчетто олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жетиштүү ишенимге ээ боло алгандай аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

Аудит, сандык көрсөткүчтөрдү жана финансылык отчетто камтылган чечмелөөлөрдү тастыктаган аудитордук далилдерди алууга багытталган жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Талаптагыдай жол-жоболорду тандоо, ак ниет иштебегендиктин же каталарга жол берүүлөрдүн кесепетинен финансылык отчетто олуттуу бурмалоолордун орун алышы тобокелдигине баа берүүнү кошо алганда, аудитордун кесипкөйлүк ой-пикирине жараша ишке ашырылат. Мына ушундай тобокелдиктерге баа берүү процессинде аудитор, ички контролдук системасынын натыйжалуулугу боюнча пикир билдирүү максатында эмес, орун алган жагдайга шайкеш келген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу үчүн финансылык отчеттун түзүлүшүнө жана так берилишине ички контролдук системасын кароого алат. Аудит ошондой эле, кабыл алынган эсепке алуу саясатынын максатка ылайыктуулугуна жана жетекчилик ишке ашырган бухгалтердик баа берүүлөрдүн негиздүүлүгүнө, ошондой эле бүтүндөй финансылык отчеттун берилишине баа берүүнү да камтыйт.

Биз, аудиттин жүрүшүндө алынган далилдер, аудитордук пикирди билдирүү үчүн жетиштүү жана ишенимдүү негиз болуп саналат деп эсептейбиз.

«КПМГ Бишкек» ЖЧКсы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каттоодон өткөн жана Швейцариянын мыйзамдарына ылайык катталган KPMG International Cooperative ("KPMG International") ассоциациясына кирген KPMG көз карандысыз фирмалар түйүнүнүн мүчөсү, KPMG Europe LLPнын контролдугунда турган компания.

***Көз карандысыз аудиторлордун отчету***

***Пикир***

Биздин пикирибиз боюнча, кароого сунушталган финансылык отчетто, 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата банктын финансылык абалынын олуттуу багыттары, ошондой эле анын иш натыйжаларынын жана көрсөтүлгөн күндө бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабын аткаруу максатында, жетекчилик тарабынан аныкталган 2-түшүндүрмөдө баяндалган финансылык отчетту даярдоо принциптеринин негизине ылайык, так чагылдырылган.

***«КПМГ Бишкек» ЖЧКсы***

2013-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизи

## *7.2. 2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык абал жөнүндө отчет*

| | Эскертүүлөр | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Баалуу металлдар | 4 | 7 721 599 | 6 140 237 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 5 | 57 260 628 | 57 975 624 |
| Берилген кредиттер | 6 | 810 528 | 1 324 781 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 7 | 32 554 699 | 20 688 268 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 8 | 1 379 590 | 2 913 864 |
| Репо-келишими боюнча күрөөгө коюлган, төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 8 | 931 657 | 207 252 |
| Негизги каражаттар | 9 | 1 002 918 | 556 268 |
| Материалдык эмес активдер | | 3 232 | 2 552 |
| Башка активдер | 10 | 1 105 454 | 1 034 223 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **102 770 305** | **90 843 069** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моneталар | 11 | 58 252 168 | 49 866 936 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 12 | 7 366 739 | 5 606 284 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 13 | 5 192 410 | 6 492 329 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | | 796 711 | 207 410 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 14 | 3 046 903 | 1 359 219 |
| Алынган кредиттер | 15 | 4 752 831 | 5 590 609 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 16 | 6 192 312 | 6 030 055 |
| Башка милдеттенмелер | | 37 512 | 94 096 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **85 637 586** | **75 246 938** |
| **КАПИТАЛ:** | 17 | | |
| Уставдык капитал | | 1 000 000 | 1 000 000 |
| Милдеттүү камдар | | 2 953 496 | 2 278 165 |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | | 12 380 422 | 10 009 818 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | 16 478 | 57 047 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 782 323 | 2 251 101 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **17 132 719** | **15 596 131** |
| **Бардыгы болуп, милдеттенмелер жана капитал** | | **102 770 305** | **90 843 069** |

Асанкожоева З.М.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи

Бишкек ш.

Кыргыз Республикасы

Айдаркулов Ш.А.
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи

Бишкек ш.

Кыргыз Республикасы

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен бирге каралууга тийиш

***7.3. 2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет***

| | Эскертүү | 2012-ж миң сом | 2011-ж миң сом |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 18 | 1 161 496 | 1 371 738 |
| Пайыздык чыгашалар | 18 | (337 351) | (270 268) |
| **Таза пайыздык киреше** | | **824 145** | **1 101 470** |
| Комиссиондук кирешелер | | 20 423 | 13 168 |
| Комиссиондук чыгашалар | | (1 089) | (1 111) |
| **Таза комиссиондук киреше** | | **19 334** | **12 057** |
| Активдердин баасынын түшүүсүнө камды калыбына келтирүү | 19 | 59 189 | 36 027 |
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда | 20 | 532 659 | 1 650 096 |
| Башка кирешелер | | 122 715 | 89 110 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **714 563** | **1 775 233** |
| **Операциялык кирешелер** | | **1 558 042** | **2 888 760** |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (250 955) | (194 403) |
| Административдик чыгашалар | 21 | (513 951) | (459 479) |
| Башка чыгашалар | | (10 813) | (23 857) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(775 719)** | **(677 739)** |
| **Жыл ичинде алынган пайда** | | **782 323** | **2 211 021** |

Асанкожоева З.М.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Айдаркулов Ш.А.
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен бирге каралууга тийиш

*7.4. 2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет*

| | 2012-ж<br>миң сом | 2011-ж<br>миң сом |
|---|---|---|
| **Жыл ичинде алынган пайда** | **782 323** | **2 211 021** |
| **Башка чогуу алгандагы киреше** | | |
| Чет өлкө валюталарын жана баалуу металлдарды кайра баалоо камы: | | |
| - чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон (пайда)/чыгым | 2 832 735 | (675 650) |
| - чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялардан алынган, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | (462 131) | (1 515 084) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза чыгым /(пайда) | (40 569) | 55 924 |
| **Жыл ичинде алынган чогуу алгандагы башка кирешелер** | **2 330 035** | **(2 134 810)** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | **3 112 358** | **76 211** |

Асанкожоева З.М.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи

Бишкек ш.

Кыргыз Республикасы

Айдаркулов Ш.А.
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи

Бишкек ш.

Кыргыз Республикасы

Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен бирге каралууга тийиш

### *7.5. 2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет*

| | 2012-ж<br>миң сом | 2011-ж<br>миң сом |
|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Пайыздар жана алынган комиссиондук төлөмдөр | 886 188 | 958 650 |
| Пайыздар жана төлөнгөн комиссиондук төлөмдөр | (215 219) | (178 115) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча өздөштүрүлгөн (реализацияланган) пайда | 70 528 | 135 012 |
| Башка кирешелер | 92 781 | 20 638 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | (320 841) | (261 483) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банктнотторду жана моneталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | (319 779) | (210 032) |
| Административдик чыгашалар | (146 384) | (146 777) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | **47 274** | **317 893** |
| | | |
| **Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/ азаюусу** | | |
| Баалуу металлдар | (1 129 253) | (63 663) |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 511 913 | 3 631 723 |
| Берилген кредиттер | 516 717 | (499 493) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | (10 785 039) | (5 605 179) |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | - | 200 000 |
| Башка активдер | (15 130) | (82 432) |
| | | |
| **Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү /(азаюусу)** | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 8 385 232 | 6 576 640 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 1 755 085 | 2 590 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | (2 186 418) | (955 857) |
| Операциялык иштин жүрүшүндө чыгарылган карыздык балуу кагаздар | 1 690 825 | 686 237 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | 588 978 | 136 046 |
| Башка милдеттенмелер | (58 375) | (40 451) |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып (чыгуусу)/кирүүсү** | **(678 191)** | **4 304 054** |

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен бирге каралууга тийиш

## *7.5. 2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет*

| | 2012-ж<br>миң сом | 2011-ж<br>миң сом |
|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Негизги каражаттарга жана материалдык эмес активдерге ээ болуу | (402 192) | (39 829) |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестицияларды сатып алуудан түшүүлөр | 64 352 | 578 940 |
| Консолидацияланбаган туунду ишкананын ишин токтотуусунан түшүүлөр | 8 984 | 45 755 |
| Ассоциацияланган уюмдардын капиталына инвестициялардын көбөйүүсү | (61 000) | - |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестицияларга ээ болуу | - | (800 000) |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициядан алынган пайыздар | 95 320 | 153 257 |
| Алынган дивиденддер | 25 971 | 23 026 |
| **Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | **(268 565)** | **(38 851)** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Алынган кредиттердин түшүүсү | 57 705 | 9 418 |
| Алынган кредиттердин ордунун жабылышы | (1 026 911) | (1 176 809) |
| **Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | **(969 206)** | **(1 167 391)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза (азайуусу)/көбөйүүсү** | **(1 915 962)** | **3 097 812** |
| Чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүүсүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | 553 456 | (382 896) |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 28 819 374 | 26 104 458 |
| **Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** (5-түшүндүрмө) | **27 456 868** | **28 819 374** |

_________________________ _________________________

Асанкожоева З.М.

*Улуттук банктын Төрагасы*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи

Бишкек ш.

Кыргыз Республикасы

Айдаркулов Ш.А.

*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи

Бишкек ш.

Кыргыз Республикасы

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен бирге каралууга тийиш

### *7.6. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет*

| **Миң сом** | **Уставдык капитал** | **Милдеттүү кам** | **Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам** | **Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам** | **Бөлүштүрүлбөгөн пайда** | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2011-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 1 000 000 | 1 805 025 | 12 200 552 | 1 123 | 1 617 213 | 16 623 913 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 2 211 021 | 2 211 021 |
| **Башка чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 55 924 | - | 55 924 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоонун натыйжасы | - | - | (675 650) | - | - | (675 650) |
| Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялар боюнча, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | (1 515 084) | - | - | (1 515 084) |
| Жыйынтыгында, чогуу алгандагы башка киреше | - | - | (2 190 734) | 55 924 | - | (2 134 810) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | **-** | **-** | **(2 190 734)** | **55 924** | **2 211 021** | **76 211** |
| **Түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү | - | - | - | - | (1 103 993) | (1 103 993) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 473 140 | - | - | (473 140) | - |
| **Жыйынтыгында** | **-** | **473 140** | **-** | **-** | **(1 577 133)** | **(1 103 993)** |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **1 000 000** | **2 278 165** | **10 009 818** | **57 047** | **2 251 101** | **15 596 131** |

| Миң сом | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2012-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 1 000 000 | 2 278 165 | 10 009 818 | 57 047 | 2 251 101 | 15 596 131 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 782 323 | 782 323 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы башка киреше** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза чыгым | - | - | - | (40 569) | - | (40 569) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон алынган пайда | - | - | 2 832 735 | - | - | 2 832 735 |
| Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялар боюнча пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | (462 131) | - | - | (462 131) |
| Жыйынтыгында, чогуу алгандагы башка киреше | - | - | 2 370 604 | (40 569) | - | 2 330 035 |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | | | **2 370 604** | **(40 569)** | **782 323** | **3 112 358** |
| **Түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүүлөр | - | - | - | - | (1 575 770) | (1 575 770) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 675 331 | - | - | (675 331) | - |
| **Жыйынтыгында** | **-** | **675 331** | **-** | **-** | **(2 251 101)** | **(1 575 770)** |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **1 000 000** | **2 953 496** | **12 380 422** | **16 478** | **782 323** | **17 132 719** |

Асанкожоева З.М.

*Улуттук банктын Төрагасы*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи

Бишкек ш.

Кыргыз Республикасы

Айдаркулов Ш.А.

*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2013-жыл, чын куран айынын жыйырма сегизи

Бишкек ш.

Кыргыз Республикасы

Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен бирге каралууга тийиш

*7.7. Финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

## 1 Негизги жоболор

### (а) Уюм жана анын негизги иши

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат жана 1992-жылдын үчтүн айынын он экисинде "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы деп аталып калган. 1997-жылдын баш оона айынын экисинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламент) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" жаңы мыйзамды кабыл алып, ал бүгүнкү күндө да сунушталган толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен Улуттук банктын ишин жөнгө салып келет.

Кыргыз Республикасында баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун камсыз кылуу Улуттук банктын негизги иш максатынан болуп саналат. Мына ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн: мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасын жана банктар аралык төлөмдөрдү натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта камдарын тескөөгө алуу; коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө; мыйзамдарга ылайык банк ишин жана айрым башка финансы-кредиттик мекемелердин ишин лицензиялоо милдеттери Улуттук банкка жүктөлгөн. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн агенти катары да иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720040 Бишкек ш., Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101.

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын региондорунда беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 577 жана 565 адамды түзгөн.

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк «Республикалык инкассация башкармалыгы» мамлекеттик ишканасынын ишин контролдукка алып келет.

«Республикалык инкассация башкармалыгы» мамлекеттик ишканасынын финансылык отчету Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт жана Улуттук банктын отчетуна анчалык деле таасир этпейт.

Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын теке айынын тогузундагы №33/1 токтомуна ылайык, Улуттук банк 100% үлүшүнө ээлик кылган туунду компания «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу» ЖЧКсы 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча жоюлган. Бул компаниянын операциялык иш натыйжалары жогоруда белгиленген күнгө карата Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланган.

Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын аяк оона айынын бириндеги №41/4 «Туунду компания - Кыргыз Республикасындагы кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсын сатуу жөнүндө» токтомуна ылайык, 2011-жылдын үчтүн айынын он экисинде аталган компаниядагы 83,54% үлүш сатып өткөрүлгөн. Инвестициялардын калган бөлүгү 2012-жылы кредиттик союздарга сатылган.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2013-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизинде бекитилген.

## 1 Негизги жоболор, уландысы

### (б) Кыргыз Республикасында финансылык-чарбалык иштi жүзөгө ашыруу шарттары

Кыргыз Республикасында акыркы жылдары олуттуу саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүргөн. Экономикасы өткөөл учурду башынан кечирип жаткан Кыргыз Республикасы учурда, экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөрдө иштеп жаткан, жакшы өнүгүү жолуна багытталган коммерциялык жана жөнгө салуучу инфраструктураларга ээ эмес. Ушундан улам, республикада ишке ашырылып жактан финансылык-чарбалык иштер, рынок экономикасы шартында өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн мүнөздүү болбогон тобокелдиктер менен коштолууда. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын экономикасы башка өлкөлөрдөгү капитал рынокторунда орун алып турган туруксуз жагдайлардын жана экономикалык өсүштүн басаңдоосунун таасирине дале дуушарланууда. Орун алып турган белгисиздик жагдайларынын келечекте аныкталышынын натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир корректировкалоолор, бул финансылык отчетто камтылбайт. Корректировкалоолор келип чыккан шартта алар Улуттук банктын ошол учурдагы финансылык отчетунда чагылдырылат жана маалым болгон шартта гана аларга баа берүүгө мүмкүн болот.

## 2 Финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптери

### (а) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭСке) ылайык келүү жөнүндө билдирүү

Улуттук банк төмөндө баяндалган мыйзамдарда белгиленген модификацияларды эске албаганда, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзам талабына ылайык өзү үчүн Финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттары боюнча комитет (КМСФО) тарабынан чыгарылган финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттарына жана Финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттарын чечмелөө боюнча комитет (КИМСФО) тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизденген эсепке алуу саясатын, ошондой эле бухгалтердик эсепке алуу ыкмаларын белгилейт.

Баалуу металлдар (алтын жана күмүш) рыноктук наркында эсепке алынат. Ал эми баалуу металлдарды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон жалпы таза өздөштүрүлбөгөн (реализацияланбаган) пайда чогуу алгандагы башка кирешелер эсептеринде, өздүк капитал курамында түздөн-түз таанылат. Алтынды жана күмүштү, чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди учурдагы рыноктук баада кайра баалоодон өздөштүрүлбөгөн жалпы таза чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, өткөн мезгилдин таза өздөштүрүлбөгөн пайдасынан ашкан бөлүгүндө таанылат. Мындай болбосо ал, түздөн-түз капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешени азайтат. Баалуу металлдарды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди таанууну токтотуу учурунда, мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, аталган активдердин жана милдеттенмелердин колдонуудан калуусунун орточо алынган коэффициентин эске алуу менен таанылат.

Жыл ичинде алынган пайданы бөлүштүрүү көз карандысыз тышкы аудит жүргүзүлүп, жылдык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилгенден кийин таанылат.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын үчтүн айынын онунда бекитилген, бир катар түзөтүүлөр, анын ичинде акыркы түзөтүү 2012-жылдын баш оона айынын төртүндө киргизилген, борбордук банктын иш мүнөзүнө ылайыктуу катары каралган эсепке алуу саясатына ылайык, борбордук банктын финансылык абалын, анын иш натыйжаларын так чагылдыруу максатында даярдалган.

**2 Финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптери, уландысы**

**(б) Наркты аныктоо үчүн база**

Финансылык отчет, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган баалуу металлдарды, финансылык инструменттерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принциптерине ылайык даярдалган.

**(в) Функционалдык валюта жана финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта**

Улуттук банктын функционалдык валютасы болуп кыргыз сому саналат. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы катары сом, банк жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана банктын ишине таасир эткен башка жагдайлардын экономикалык маңызын эң мыкты чагылдыра алат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта болуп эсептелет.

Финансылык маалыматтар сом түрүндө берилген жана бүтүн миңге чейин тегеректелген.

**(г) Кесипкөйлүк ой-пикирлерди, эсептик баа берүүлөрдү жана жол берүүлөрдү пайдалануу**

Жетекчилик, активдердин жана милдеттенмелердин чагылдырылышына жана ушул отчетту даярдоодо шарттуу активдердин жана милдеттенмелердин чечмеленишине карата бир катар баа берүүлөрдү жана болжолдоолорду пайдаланат. Айкын натыйжалар көрсөтүлгөн баа берүүлөрдөн айырмаланышы мүмкүн.

Жетекчиликтин пикири боюнча, ушул финансылык отчетту даярдоодо кесипкөйлүк ой-пикирлерди же эсептик баа берүүлөрдү талап кылган олуттуу чөйрө жок.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору

Эсепке алуу саясатынын мындан ары баяндалган жоболору, ушул финансылык отчетто чагылдырылган бардык отчеттук мезгилдерде ырааттуу колдонулат.

**(а) Баалуу металлдар**

Чет өлкө банктарынын эсептериндеги алтын жана башка баалуу металлдар, Улуттук банктын сактоо жайындагы good delivery статусуна ээ алтын куймалар түрүндө чагылдырылган баалуу металлдар финансылык отчетто рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясы белгилеген отчеттук күндөн мурунку фиксингдин негизинде белгиленет. Алтынды рыноктук наркы боюнча кайра баалоодон түшкөн пайда, капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешенин курамында түздөн-түз чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, капитал эсептериндеги чогуу алгандагы башка кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Алтынга карата өздөштүрүлгөн пайда жана чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда эсепке алынат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар

Чет өлкө валютасындагы операциялар Улуттук банктын тиешелүү функционалдык валютасына операциялар ишке ашырылган күнү колдонулган валюта курсу боюнча которулат. Отчеттук күнгө карата чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер, отчеттук күнү күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан түшкөн пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, эффективдүү пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизациялык нарк менен бир мезгил ичиндеги төлөөлөрдүн жана отчеттук мезгилдин акырына карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизациялык нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Чет өлкө валютасында туюндурулган, адилет наркы боюнча бааланган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, адилет наркты аныктоо күнүнө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасына которуунун натыйжасында келип чыккан курстук айырма, капиталдын курамындагы чогуу алгандагы башка киреше катары чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгымдар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чогуу алгандагы башка кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасындагы операциялардан өздөштүрүлгөн пайда же чыгым түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат.

***Алмашуу курстары***

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча финансылык отчетту даярдоодо Улуттук банк тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бири** | **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине** |
|---|---|---|
| - Сом/АКШ доллары | 47.4012 | 46.4847 |
| - Сом/евро | 62.6573 | 60.0652 |
| - Сом/Атайы карыз алышуу укугу | 73.0685 | 71.1402 |
| - Сом/канада доллары | 47.6421 | 45.5353 |
| - Сом/австралия доллары | 49.2241 | 47.1936 |
| - Сом/швейцария франкы | 51.8219 | 49.3678 |
| - Сом/фунт стерлинги | 76.2998 | 71.6585 |
| - Сом/ алтындын трой унциясы | 78 567.49 | 73 190.16 |

### (в) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Кассадагы улуттук валютадагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын суммаларынын азаюусу катары эсепке алынат.

Акча агымын аныктоо максатында, акча каражаттары жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын, банктардагы бош калдыктарды («ностро» түрүндөгү эсептерди) камтыйт.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (г) Финансылык инструменттер

*Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде түшкөн пайдалар же чыгымдардын курамында чагылдырылган финансылык инструменттер финансылык активдерди же милдеттенмелерди түшүндүрүп, алар төмөнкү жагдайлардан улам келип чыгат:*

- сатылып алынат же эң башкысы, жакынкы келечекте сатуу же сатып алуу максатында келип чыгат;

- биргелешип тескөөгө алынган жана ал боюнча кыска аралыкта пайда алынышы мүмкүндүгү далилденген идентификацияланган финансылык инструменттер портфелинин бөлүгү болуп саналат;

- туунду инструмент болуп саналат (хеджирлөө инструменти катары түзүлгөн жана иш жүзүндө колдонулган туунду финансылык инструменттерди эске албаганда); же

- өзгөрүүсү баштапкы таануу учурунда бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланагандар категориясында аныкталгандар болуп саналат.

Улуттук банк финансылык активдерди же милдеттенмелерди, эгерде төмөнкү шарттардын бири аткарылган болсо, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланагандар категориясында классификациялашы мүмкүн:

- активдерди же милдеттенмелерди тескөө, аларга баа берүү жана ички отчеттордо чагылдыруу адилет нарктын негизинде жүзөгө ашырылат;

- мындай ыкма толук же олуттуу негизде бухгалтердик эсепке ылайык келбөө эффектин четтетет, алар башкача болушу да ыктымал; же

- актив же милдеттенме тизмектелген туунду финансылык инструменттерди камтыйт, алар акча каражаттарынын агымын олуттуу өзгөртөт, эгерде алар орун албаса, келишим боюнча келип чыкмак.

Соода үчүн каралган, алгылыктуу адилет наркка ээ бардык туунду финансылык инструменттер финансылык отчетто актив катары чагылдырылат. Соода үчүн каралган, терс адилет наркка ээ бардык туунду финансылык инструменттер, финансылык отчетто милдеттенмелер катары чагылдырылган.

Жетекчилик баштапкы таануу учурунда финансылык инструмент чегерилүүгө тийиш болгон категорияны аныктайт. Туунду финансылык инструменттер жана баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылып, адилет наркы боюнча бааланган категорияга чегерилген финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан реклассификацияланбайт. Эгерде финансылык активдер кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына жооп берсе, алар өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдардын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан же компания жакынкы келечекте же болбосо, алардын төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин ошол активдерди кармап турууга ниеттенип же ага мүмкүнчүлүгү болсо, сатуу үчүн колдо болгон активдер категориясынан реклассификацияланышы мүмкүн. Башка финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан сейрек учурларда гана реклассификацияланышы мүмкүн. Адаттагыдан башка, бир жолу болуп өтүүчү, жакынкы келечекте кайталанышы арсар болгон жагдайларды, сейрек кездешүүчү учур катары кароо зарыл.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (г) Финансылык инструменттер, уландысы

Улуттук банк төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырууну көздөп жаткандарды эске албаганда, *кредиттер жана дебитордук карыздар*, активдүү иштеп жаткан рынокто котировкаланбаган, катталган же аныкталган төлөмдөрү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт:

- дароо же жакынкы келечекте сатууга ниеттенип жаткандарды;

- баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныктагандарды;

- баштапкы таануу учурунда сатуу үчүн колдо болгон категорияда аныктагандарды; же болбосо

- Улуттук банк алар боюнча кредиттин баасынын түшүүсүнөн айырмаланган себептерден улам, алгач ишке ашырылган бардык инвестициялардын ордун жаба албашы мүмкүн.

*Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар,* Улуттук банк төмөндө келтирилген учурларды эске албаганда, аларды төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүнчүлүгү болгон, катталган же аныкталган төлөмдөрү, ошондой эле катталган төлөө мөөнөтү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт:

- баштапкы таануу учурунда Улуттук банк, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныктагандарды;

- Улуттук банк сатуу үчүн колдо болгондор категориясында аныктагандарды; же

- кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына ылайык келгендерди.

*Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар,* сатуу үчүн колдо болгон категориясында аныкталган же кредиттер жана дебитордук карыздар, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар же алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер кирбеген, туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт.

### *(i) Финансылык инструменттердин финансылык отчетто таанылышы*

Финансылык активдер жана милдеттенмелер, Улуттук банк көрсөтүлгөн финансылык инструменттер предметинен болуп саналган келишимдик мамилелерге катышкан учурда финансылык абал жөнүндөгү отчетто чагылдырылат. Финансылык активдерге стандарттык ээ болуунун бардык учурлары бүтүмдөргө келишкен күнү чагылдырылат.

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо*

Финансылык актив же милдеттенме алгач адилет наркы боюнча бааланат, плюс эгерде алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча эмес бааланган финансылык активдер же милдеттенмелер, бүтүмдөр боюнча түздөн-түз финансылык активдерди же милдеттенмелерди сатып алууга же чыгарууга чегерилген сарптоолор.

Активдер болуп саналган туунду финансылык инструменттерди кошо алганда, финансылык активдерди баштапкы таануудан кийин алар төмөнкүлөрдү эске албаганда, сатуунун же башка негизде колдонуудан калуунун натыйжасында бүтүмдөр боюнча келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир сарптоолорду эсептен алып салуусуз, адилет наркы боюнча бааланат:

- кредиттер жана эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган наркы боюнча бааланган дебитордук карыздар;

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо, уландысы*

- эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган нарк боюнча бааланган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар;

- активдүү иш алып барган рынокто рыноктук котировкаларга ээ болбогон, адилет наркын жетиштүү деңгээлде ишеним менен аныктоо мүмкүн болбогон үлүштүк инструменттерге инвестициялар.

Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган финансылык милдеттенмелерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган, таанууну токтотуу критерийлерине жооп бербеген финансылык активди которуу учурунда келип чыккан финансылык милдеттенмелерди эске албаганда, бардык финансылык милдеттенмелер амортизацияланган наркы боюнча бааланат.

Финансылык активдин же милдеттенменин амортизацияланган наркы, ал боюнча финансылык актив же милдеттенме баштапкы таануу учурунда бааланган, баштапкы таанылган нарк менен эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу аныкталган, төлөө учурундагы нарк ортосундагы айырманын топтолгон амортизациясынын өлчөмүнө корректировкаланган карыздын негизги суммасын төлөөнү, ошондой эле баанын түшүүсүнөн чыгымдарды эсептен алып салуу менен баштапкы таануу учурунда бааланган наркты түшүндүрөт. Сый акы жана дисконттор өлчөмү, ошондой эле бүтүмдөр боюнча сарптоолордун суммасы тиешелүү инструменттин баланстык наркына кошулуп, ошол инструменттин эффективдүү пайыздык ченине жараша амортизацияланат.

### *(iii) Адилет нарк боюнча баалоо принциби*

Адилет нарк бири-биренен көз карандысыз, бирин-бири жакшы билген, мындай бүтүмгө келишүүгө чындап ниеттенишкен тараптар ортосунда наркты аныктоо күнүнө карата абал боюнча, актив алмашылышы (же милдеттенменин орду жабылышы) мүмкүн болгон наркты түшүндүрөт.

Улуттук банк активдүү рынокто ушул инструменттин котироваларын пайдалануу менен анын адилет наркын мүмкүн болушунча баалоого аракеттенет. Рынок, качан гана котировкаларга жетишүү оңой болуп, рыноктун көз карандысыз катышуучулары ортосунда айкын жана дайыма ишке ашырылып келген бүтүмдөрдү чагылдырган болсо гана, ал активдүү катары таанылат.

Эгерде рынок финансылык инструмент үчүн активдүү болуп саналбаса, Улуттук банк баалоо ыкмаларын колдонуу менен анын адилет наркын аныктайт. Баа берүү ыкмаларында бирин-бири жакшы билген, мындай бүтүмгө келишүүгө чындап ниеттенген, бири-биринен көз карандысыз жактар тарабынан жакында эле ишке ашырылган маалыматтарды (болгон болсо), маңызы боюнча ушундай эле инструменттердин адилет наркына шилтемелерди, акча каражаттарынын дисконттолгон агымына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдү, ошондой эле опциондордун наркына баа берүү ыкмалары боюнча маалыматтарды пайдаланууну камтыйт. Баа берүүнүн тандалып алынган ыкмаларында рыноктук маалыматтарды мүмкүн болушунча колдонуп, Улуттук банк үчүн мүнөздүү болгон баа берүүлөргө азыраак таянуу менен рынок катышуучулары баа түзүүдө эске алууга тийиш болгон бардык факторлорду камтыйт. Ошондой эле ал, экономикада финансылык инструменттердин баасын түзүүгө карата колдонулган ыкмаларга ылайык келет. Баа берүү ыкмаларында колдонулган маалыматтар рынокто болжолдонгон жагдайларды жана тобокелдик факторлоруна баа берүүлөрдү, ошондой эле финансылык инструментке мүнөздүү болгон кирешелүүлүктөрдү шайкеш чагылдырат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (г) Финансылык инструменттер, уландысы

#### *(iii) Адилет нарк боюнча баалоо принциби, уландысы*

Финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда адилет нарктын эң мыкты тастыктоосунан болуп бүтүмдүн баасы саналат, башкача айтканда алар боюнча маалыматтар жеткиликтүү болгон же анда колдонулган өзгөрүлмөлүү көрсөткүчтөрдө инструменттин адилет наркы рынокто ошол учурда, ошол эле инструмент менен келишилген башка бүтүмдөргө (эч кандай модификациялоосуз же комбинацияларсыз) салыштыруу аркылуу тастыкталган учурларды эске албаганда, төлөнүп берилген же алынган ордун толтуруучунун адилет наркы.

Эгерде бүтүмдүн баасы баштапкы таануу учурундагы адилет нарктын эң мыкты далилинен боло алса, финансылык инструмент алгач бүтүм баасынын негизинде бааланат жана баалоо үлгүлөрүн колдонуунун натыйжасында алгач алынган нарк менен ошол баа ортосунда келип чыккан кандай болбосун айырма, кийинчерээк инструмент колдонулган мезгил ичиндеги түшкөн пайда же чыгымдын курамында тиешелүү түрдө чагылдырылат, бирок берилген баа жеткиликтүү рыноктук маалыматтар менен толук тастыкталган же бүтүм токтотулган учурдан кеч эмес чагылдырылышы зарыл.

Активдер жана «узун» позициялар талап баасынын негизинде бааланат; милдеттенмелер жана «кыска» позициялар сунуш баасынын негизинде бааланат. Эгерде, Улуттук банк бирин-бири компенсациялоочу позицияга ээ болсо, мындай позицияларга баа берүү үчүн рыноктук орточо баа колдонулат. Мында, талап же сунуш баасына чейин корректировкалоо түптөлгөн айкын жагдайга ылайык таза ачык позицияга карата гана ишке ашырылат. Адилет нарк инструментке карата кредиттик тобокелдикти чагылдырып, Улуттук банктын курамына кирген уюмдардын жана зарылчылык келип чыкса, контрагенттин кредиттик тобокелдигин эске алуу үчүн корректировкалоолорду камтыйт. Үлгүлөрдү пайдалануу менен алынган адилет наркка баа берүүлөр, эгерде Улуттук банк рынок катышуучусу үчүнчү жак болуп саналат деп болжолдоп, аларды бүтүмгө келишүү учурунда баа түзүү үчүн эске алышы мүмкүн болсо, ликвиддүүлүк тобокелдиги же үлгүлөрдүн аныкталбагандыгы факторлору сыяктуу кандай болбосун башка факторлорго карата корректировкаланат.

#### *(iv) Кийинки баа берүү учурунда келип чыккан пайдалар жана чыгымдар*

Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин адилет наркынын өзгөрүүсү учурунда келип чыккан пайда же чыгым төмөнкүчө чагылдырылат:

- адилет нарк боюнча баалангандар категориясында классификацияланган, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган финансылык инструмент боюнча пайда же чыгым, пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат;

- сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайда же чыгым, буга чейин капиталдын курамында чагылдырылып келинген топтолгон пайдалар же чыгымдар, пайда же чыгым курамына которулган учурда, активди таануу токтотулган учурга чейин капиталдын курамындагы чогуу алынган башка киреше катары чагылдырылат (баанын түшүүсүнөн улам келип чыккан чыгымдарды жана сатуу үчүн колдо болгон карыздык финансылык инструменттер боюнча чет өлкө валютасындагы калдыктарды которуудан түшкөн пайдаларды же чыгымдарды эске албаганда). Сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайыздык кирешелер эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен пайдалар же чыгымдар курамында келип чыккан учурунда чагылдырылат.

Амортизацияланган наркы боюнча чагылдырылган финансылык активдерден жана милдеттенмелерден улам келип чыккан пайда же чыгым, финансылык активди же милдеттенмени таануу токтотулган же алардын нарксызданышы учурунда, ошондой эле тиешелүү амортизацияны чегерүү процессинде пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат.

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(v) Таанууну токтотуу*

Улуттук банк финансылык активди таанууну, ошол финансылык актив боюнча акча каражаттарынын агымына келишимде каралган укугун жоготкон шартта же болбосо анын шартына ылайык ошол финансылык активге менчик укугуна байланыштуу дээрлик бардык тобокелдиктер жана пайдалар башка тарапка өткөрүлүп берилген же болбосо, анда Улуттук банк финансылык активге менчикке укукка байланыштуу бардык тобокелдиктердин жана пайдалардын олуттуу бөлүгүн өткөрүп бербеген, сактап калбаган, ошондой эле финансылык активге контролдукту да сактап кала албаган бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруунун натыйжасында финансылык активди өткөрүп берген шартта гана токтотулат. Улуттук банк тарабынан түзүлгөн же анын карамагында сакталып калган, аларга карата таанууну токтотуу үчүн талаптар сакталган өткөрүлүп берилген финансылык активдерге катышуунун кандай болбосун үлүшү финансылык абал жөнүндө отчетто өзүнчө актив же милдеттенме катары таанылат. Улуттук банк ал боюнча келишимдик милдеттенмелер аткарылып, жокко чыгарылып же токтотулган шартта, финансылык милдеттенмени таанууну токтотот.

Улуттук банк анын шарттарына ылайык, финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган активдерди өткөрүп берген бүтүмдөргө келишет, бирок мында өткөрүлүп берилген активге менчикке укуктан улам келип чыккан тобокелдиктердин жана пайданын бардыгын же алардын бөлүгүн өзүндө сактап калат. Дээрлик бардык тобокелдиктерди жана пайданы сактап калган шартта Улуттук банк өткөрүлүп берилген активдерди таанууну токтотпойт.

Улуттук банк анын шарттарына ылайык, финансылык активге менчикке укуктан келип чыккан дээрлик бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүнө сактап кала албаган, өткөрүп бере да албаган бүтүмдөргө келишүүдө, эгерде Улуттук банк ошол активге контролдукту жоготкон болсо, мындай активди таануу токтотулат.

Эгерде, активди өткөрүп берүүдө Улуттук банк ага контролдукту өзүндө сактап калса, ал ошол активге канчалык деңгээлде катышкан болсо, ошол деңгээлде активди таанууну улантат. Мында ал, Улуттук банктын анын наркынын өзгөрүүсүнө дуушарлануусу деңгээли катары аныкталат.

Эгерде Улуттук банк, өзүнүн карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда алар финансылык абал жөнүндө отчеттон алынып салынат, мында милдеттенменин баланстык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруп берүүнүн ортосундагы айырма мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн милдеттенмеден алынган пайданын же чыгымдын курамына кошулат.

Улуттук банк өндүрүп алуу мүмкүн эмес деп таанылган активдерди эсептен алып салат.

### *(vi) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер*

Кайтара сатып алуу милдеттенмелери менен сатуу келишимдеринин алкагында сатылган баалуу кагаздар («репо» бүтүмдөрү), баалуу кагаздардын күрөөсү менен камсыз кылынган каржылоону тартуу боюнча операция катары чагылдырылат. Мында баалуу кагаздарды финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдыруу улантылып, ал эми «репо» бүтүмдөрү боюнча кредитордук карыздардын курамына кирген, контрагенттер алдындагы милдеттенмелер банктардын эсептеринин жана депозиттеринин курамында же жагдайга жараша кардарлардын күндөлүк эсептеринин жана депозиттеринин курамында чагылдырылат. Сатуу баасы менен кайтара сатып алуу баасынын ортосундагы айырма, пайыздык чыгашаларды түшүндүрүп, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен «репо» бүтүмдөрү аракеттенген мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (г) Финансылык инструменттер, уландысы

***(vi) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер, уландысы***

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында сатылып алынган («кайтарым репо» бүтүмдөрү), «кайтарым репо» бүтүмдөрү боюнча дебитордук карыздардын курамына кирген баалуу кагаздар банктарга берилген кредиттер жана аванстар же жагдайга жараша кардарларга берилген кредиттер курамныда чагылдырылат. Сатып алуу баасы менен кайтара сатуу баасынын ортосундагы айырма, пайыздык кирешени түшүндүрөт жана эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу менен «репо бүтүмдөрү» аракеттенген мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Эгерде, кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында алынган активдер үчүнчү тарапка сатылган болсо, баалуу кагаздарды кайтарып берүү милдеттенмеси соода үчүн каралган милдеттенме катары чагылдырылат жана адилет наркы боюнча бааланат.

***(vii) Туундуу финансылык инструменттер***

Туундуу финансылык инструменттер өзүндө «своп бүтүмдөрүн», мөөнөттүү жана фьючерстик бүтүмдөрдү жана пайыздык чендердин опциондорун, чет өлкө валютасын, баалуу металлдарды жана баалуу кагаздарды, ошондой эле аталган инструменттердин кандай болбосун комбинацияларын камтыйт.

Туунду финансылык инструменттер алгач, бүтүмгө келишкен күнү адилет наркы боюнча чагылдырылып, кийинчерээк адилет наркы боюнча кайрадан бааланат. Бардык туунду финансылык инструменттер, эгерде алардын адилет наркы алгылыктуу болсо, актив катары, ал эми адилет наркы терс чыкса, милдеттенме катары чагылдырылат.

Туунду финансылык инструменттердин адилет наркынын өзгөрүүсү, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда түздөн-түз таанылат.

***(viii) Активдердин жана милдеттенмелердин өз ара чегерилиши***

Улуттук банктын финансылык активдери жана милдеттенмелери өз ара чегерилет жана финансылык абал жөнүндө отчетто эгерде, бул үчүн юридикалык негиздемелер жана тараптардын карыздарды өз ара чегеришүү менен жөнгө салууга же активди сатып өткөрүү менен милдеттенмени бир учурда аткарууга ниети болгон шартта, чечмеленип чагылдырылат.

### (д) Негизги каражаттар

***(i) Өздүк активдер***

Негизги каражаттар объекттери финансылык отчетто, топтолгон амортизацияны жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымды эсептен алып салуу менен айкын сарптоолору боюнча чагылдырылат.

Эгерде, негизги каражаттардын объектиси ар кандай пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүнө ээ бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

## (д) Негизги каражаттар, уландысы

### *(ii) Амортизация*

Негизги каражаттар боюнча амортизация пайдалуу кызмат өтөөнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Амортизация объектти сатып алган күндөн тартып, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттар объектиси үчүн курулуш иши аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда, чегерилет. Жер участкалары боюнча амортизация чегерилбейт. Негизги каражаттардын ар кандай объектилеринин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | |
|---|---|
| - имараттар | 50 жыл |
| - курулмалар | 20 жыл |
| - эмерек жана жабдуулар | 5 жыл |
| - компьютердик жабдуулар | 3-5 жыл |
| - транспорттук каражаттар | 5 жыл |

## (е) Материалдык эмес активдер

Сатылып алынган материалдык эмес активдер финансылык отчетто, топтолгон амортизациянын жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептен алып салуу менен айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайы программалык камсыздоолорго лицензияларды алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында капиталдаштырылат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация алардын пайдалуу кызмат өтөшүнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде, бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдердин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү 3 жылды түзөт.

## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер*

Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер эң башкысы, кредиттерден жана башка дебитордук карыздардан турат (мындан ары «кредиттер жана дебитордук карыздар»). Улуттук банк келип чыгышы ыктымал болгон баанын түшүүсүн аныктоо максатында, кредиттерге жана дебитордук карыздарга баа берүүнү ишке ашырат. Кредит же дебитордук карыз нарксызданат, ушундан улам келип чыккан чыгым кредитти же дебитордук карызды баштапкы таануудан кийинки бир же бир нече окуялардын натыйжасында баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдери орун алып, ошол жагдайлар (же окуя) кредит боюнча акча каражаттарынын келечекте түшүүсү болжолдонуп жаткан агымына таасир эткен шартта гана келип чыгышы мүмкүн.

Финансылык активдердин баасынын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринде, карыз алуучунун милдеттенмелеринин аткарылбай калышы (дефолт) же төлөө мөөнөтүнүн өткөрүлүп жиберилиши, карыз алуучунун келишим боюнча милдеттенмесин же келишим шарттарын бузууга жол бериши, Улуттук банк кайсы болбосун башка учурда карыз алуучунун же эмитенттин мүмкүн болуучу банкроттук белгилерин карабаган шартта кредитти же авансты реструктуризациялоону, баалуу кагаздар үчүн активдүү рыноктун жоктугу, камсыздоонун наркынын төмөндөшү же топко кирген карыз алуучулардын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн начарлоосу же ошол топко кирген карыз алуучулардын милдеттенмелерин аткарбай коюусуна (дефолт) корреляцияланган экономикалык шарттардын өзгөрүүсү сыяктуу байкалган жагдайлар камтылышы мүмкүн.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (ж) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер, уландысы*

Улуттук банк алгач өз-өзүнчө алып караганда олуттуу болуп саналган, кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринин бардыгына өзүнчө баа берет жана өз-өзүнчө олуттуу болуп саналбаган кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча өз-өзүнчө же чогуусу менен баа берет. Эгерде Улуттук банк, кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн олуттуулугу же анын жоктугу боюнча өз-өзүнчө баа берилген объективдүү далилдердин жоктугун аныктаса, кредит кредиттик тобокелдиктин ушундай эле мүнөздөмөсү менен кредиттер жана дебитордук карыздар тобуна кошулат жана ага активдер тобунун курамында баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде бааланат. Баанын түшүүсү көз карашынан өз-өзүнчө бааланган, алар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгым келип чыгып же ал орун алып турган кредиттер жана дебитордук карыздар баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде баа берүүдө камтылбайт.

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдын келип чыккандыгы тууралуу объективдүү далилдер болгон учурда чыгымдын суммасы, кредиттин же дебитордук карыздардын баланстык наркы жана кредит же дебитордук карыздар боюнча баштапкы эффективдүү пайыздык ченди колдонуу менен дисконттолгон гарантиялардын жана камсыздоолордун орду толтурулуп берилген наркын кошо алганда, акча каражаттарынын келечектеги болжолдонгон агымынын, ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айырма катары өлчөнөт. Келишим шарттарына ылайык, акча каражаттарынын агымы жана ошол учурда орун алып турган экономикалык шарттарды чагылдырган колдо болгон тиешелүү маалыматтардын негизинде корректировкаланган чыгымга учуроонун калыптанган тажрыйбасы акча каражаттарынын болжолдонгон агымын аныктоонун негизи катары кызмат кылат.

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммасын аныктоо үчүн колдо болгон зарыл маалыматтар бир катар учурларда чектелген мүнөздө болуп, учурда түптөлгөн шарттарга жана жагдайларга анчалык дал келбеши мүмкүн. Мындай жагдай, эгерде карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга туш болуп, ал эми мындай карыз алуучулар боюнча маалыматтар көлөмү чектелүү болгон шартта, орун алышы ыктымал. Мындай учурда Улуттук банк баанын түшүүсүнөн чыгым суммасын аныктоодо топтолгон өз тажрыйбасын колдонот.

Кредиттердин жана дебитордук карыздардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, түшкөн пайда же чыгымдын курамында чагылдырылып, эгерде кийинчерээк орду жабылган нарктын көбөйүүсү баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү негизде байланыштуу болгон шартта гана калыбына келтирилет.

Кредит боюнча карызды өндүрүп алуу мүмкүн болбогон шартта, кредит баанын түшүүсүнө тиешелүү камдын (резервдин) эсебинен алынып салынат. Мындай кредиттер (жана кредиттердин баасынын түшүүсүнө башка тиешелүү камдар) жетекчилик, кредиттер боюнча карызды өндүрүү мүмкүн эмес экендигин аныктап, карызды өндүрүүгө тиешелүү бардык зарыл жол-жоболор аяктагандан кийин гана эсептен алынып салынат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (ж) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(ii) Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер, уландысы*

Сатуу үчүн колдо болгон жана алардын адилет наркы жетиштүү ишенимде аныкталышы мүмкүн эместигинен улам, адилет наркы боюнча чагылдырылбаган финансылык активдердин курамына кирген котировкаланбаган үлүштүк инструменттерди камтыйт. Мындай инвестициялардын баасынын түшкөндүгүнүн объективдүү белгилери орун алган шартта, баанын түшүүсүнөн чыгым, инвестициялардын баланстык наркы менен ушундай эле финансылык активдер боюнча пайданын учурдагы рыноктук нормасын колдонуу менен дисконттолгон, акча каражаттарынын келечекте болжолдонуп жаткан агымынын ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айрыма катары эсептелинет.

Ушул инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, пайда же чыгым курамында чагылдырылып, калыбына келтирилбейт.

### *(iii) Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер*

Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдар, башка чогуу алгандагы кирешенин курамында таанылган, топтолгон чыгымды кайра классификацияланууучу корректировкалоо катары пайданын же чыгымдын курамына которуу аркылуу таанылат. Башка чогуу алгандагы кирешенин курамынан пайда же чыгым курамына кайра классификацияланган топтолгон чыгым, негизги суммаларды жана амортизацияларды кандай болбосун төлөөлөрдү эсептен алып салгандан кийинки сатып алуу наркы менен буга чейин пайда же чыгым курамында таанылган, баанын түшүүсүнөн чыгымды эсептен алып салгандан кийинки учурдагы адилет нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Акчанын убактылуу наркына чегерилген, баанын түшүүсүнө камдын өзгөрүүсү пайыздык кирешенин компоненти катары чагылдырылат.

Сатуу үчүн колдо болгон үлүштүк баалуу кагазга инвестициялардын адилет наркынын олуттуу же ошол баалуу кагаздар боюнча айкын сарптоолордон төмөн наркка чейин узакка созулган төмөндөөсү, баанын түшүүсүнүн объективдүү далилинен болуп саналат.

Эгерде сатуу үчүн колдо болгон баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркы кийинчерээк өсүп жана анын көбөйүүсү, пайда же чыгым курамында баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү байланыштуу болушу мүмкүн болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым калыбына келтирилип, калыбына келген өлчөм пайда же чыгым курамында таанылат. Бирок, сатуу үчүн колдо болгон, баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркынын кандай болбосун кийинки калыбына келиши, башка чогуу алгандагы киреше курамында таанылат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### *(iv) Финансылык эмес активдер*

Калтырылган салыктардан айырмаланып башка финансылык эмес активдер, баанын түшүүсү белгилерин аныктоо көз карашынан, ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин орду жабылган наркынан болуп, сатуу боюнча чыгашаларды жана пайдалануудан алынгандарды эсептен алып салгандан кийинки адилет нарктын эң чоң өлчөмү саналат. Акча каражаттарынын келечекте болжолдонгон агымын пайдалануудан баалуулукту аныктоо учурунда, салык алууга чейинки дисконттоо чендерин пайдалануу менен ошол учурга ылайык калыптанган алардын наркына карата дисконттолуп, алар акча наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон акча каражаттарынын агымын шарттабаган активдер үчүн орду толтурулуп берилүүчү нарк, актив тиешелүү болгон акча каражаттарын шарттаган активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын шарттаган активдер тобунун баланстык наркы анын орду толтурулуп берилүүчү наркынан ашкан болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым таанылат.

Финансылык эмес активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар пайда же чыгым курамында чагылдырылып, эгерде орду жабылган нарктын аныктоодо колдонулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр жүргөн болсо гана калыбына келтирилиши мүмкүн. Активдин баасынын түшүүсүнөн кандай болбосун чыгым калыбына келтирилүүгө тийиш, бирок анын шартында активдин баланстык наркы эгерде, баанын түшүүсүнөн чыгым финансылык отчетто чагылдырылбай калышынан улам келип чыккан мына ошондой эле баланстык нарктан ашпаган көлөмдө калыбына келтирилет (амортизацияны жана эскилиги жеткендерди эсептен алып салуу менен).

### (з) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө отчетто, номиналдык наркы боюнча эсепке алынат.

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар эгерде, акча каражаттары Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктар үчүн чыгарылса, милдеттенме катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса түйүндөрүндө турган улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү акча массасынын курамына кирбейт.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда өзүнчө статья катары чагылдырылат.

### (и) Уставдык капитал жана камдар

Улуттук банк катталган суммадагы Уставдык капиталга ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу ишке ашырылат. Уставдык капитал баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү кам пайданын бөлүгүн мыйзамда белгиленгендей эле, мамлекеттик бюджетке чегерүүдөн кийинки таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү камдар баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (к) Салык алуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Улуттук банк пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Улуттук банк жүзөгө ашырган ишке чегерилген, бюджетке бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык ишке ашырылат. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

### (л) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу алардын чегерилишине жараша чагылдырылат. Эффективдүү пайыздык чен ыкмасы дегенден улам, финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркын эсептөө, ошондой эле пайыздык кирешелерди же пайыздык чыгашаларды тиешелүү мезгилге чегерүү ыкмасын түшүнүү зарыл. Эффективдүү пайыздык чен - бул, келечекте күтүлүп жаткан төлөөлөр же акча каражаттарынын түшүүсү анын жардамы аркасында финансылык инструменттин таза утурумдук наркына ылайыкташтырылган чен. Мында, дисконттоо финансылык инструменттин болжолдонуп жаткан жүгүртүү мөөнөтү ичинде же аны колдонуу мүмкүн болсо, кыйла кыска мөөнөткө жүргүзүлөт.

Эгерде финансылык актив, баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдан улам эсептен алынып салынган (жарым жартылай) болсо, пайыздык киреше келечектеги акча агымын дисконттоо үчүн колдонулган пайыздык ченди эске алуу менен аныкталат.

Кредиттердин уюштурулушу үчүн комиссиялык төлөм, кредиттердин тейлөөгө алынышы үчүн комиссиялык төлөм жана кредиттер боюнча жалпы кирешелердин ажырагыс бөлүгү катары каралган башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле бүтүмдөр боюнча тиешелүү сарптоолор келечекте алынуучу киреше катары чагылдырылып, финансылык инструмент колдонулган, болжолдонгон мөөнөт ичиндеги пайыздык киреше катары, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланат.

Башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле башка кирешелер жана чыгашалар, тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата пайда же чыгым курамында чагылдырылат.

Операциялык ижара келишимдери боюнча төлөмдөр, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунун курамында, ижара аракеттенген мөөнөт аралыгына бирдей ченемде таанылат. Эгерде орун алган болсо, алынган жеңилдиктердин суммасы ижара аракеттенген бүтүндөй мөөнөт ичинде, ал боюнча чыгашалардын жалпы өлчөмүн азайтат.

### (м) Фидуциардык активдер

Улуттук банк, үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан көрүнгөн агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштайт. Бул активдер жана аларга байланыштуу кирешелер, Улуттук банктын активи болуп саналбагандыктан, финансылык отчеттон алынып салынат.

### (н) Күчүнө кире элек жаңы стандарттар жана түшүндүрмөлөр

Бир катар жаңы стандарттар, стандарттарга түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча күчүнө кире элек экендигинен улам, алар ушул отчетту түзүүдө колдонулган эмес. Ушулардын ичинен төмөндө келтирилген стандарттар, түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр, Улуттук банктын ишине потенциалдуу таасир этиши мүмкүн. Улуттук банк бул стандарттарды, түзөтүүлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү алар күчүнө кирген учурдан тартып колдоно баштоону пландаштырууда. Көрсөтүлгөн жаңы стандарттардын өз ишинин финансылык абалына жана иш натыйжасына мүмкүн болуучу таасирине Улуттук банк азырынча талдап-иликтөөлөрдү жүргүзө элек.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (н) Күчүнө кире элек жаңы стандарттар жана түшүндүрмөлөр

- ФОЭСтин (IFRS) *«Финансылык инструменттер»* деп аталган 9-стандарты 2015-жылдын бирдин айынын биринен же андан кийинки жылдык отчеттук мезгилдерге карата күчүнө кирет. Жаңы стандарт бир нече баскычта колдонууга киргизилип, түпкүлүгүндө келип ФОЭСтин *«Финансылык инструменттер: таануу жана баа берүү»* деп аталган 39-стандартын алмаштырууга тийиш. ФОЭС (IFRS) 9дун биринчи бөлүгү 2009-жылдын бештин айында чыгарылып, финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү маселелерине тиешелүү болгон. Финансылык милдеттенмелерди классификациялоого жана аларга баа берүүгө байланыштуу экинчи бөлүгү 2010-жылдын жетинин айында жарыяланган. Стандарттын калган бөлүгүн чыгаруу 2012-жыл ичинде күтүлүүдө. Улуттук банк, бул жаңы стандарт финансылык инструменттердин эсебин жүргүзүүгө көп өзгөртүүлөрдү киргизе тургандыгын жана Улуттук банктын финансылык отчетуна ал олуттуу таасир этээрин тааныйт. Ошол өзгөрүүлөрдүн таасирине стандарттын кийинки бөлүктөрүнүн жарыяланышына жараша, долбоорду иштеп чыгуу процессинде талдап-иликтөөлөр жүргүзүлөт. Улуттук банк бул стандартты мөөнөтүнөн мурда колдонууга ниеттенбейт.

- ФОЭСтин (IFRS) *«Адилет наркка баа берүү»* деп аталган 13-стандарты 2013-жылдын бирдин айынын биринен же ошол күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн күчүнө кирет. Жаңы стандарт өзүнчө ФОЭСте камтылган адилет наркка баа берүү боюнча колдонмону алмаштырат жана адилет наркка баа берүүгө карата бирдиктүү колдонмону түшүндүрөт. Стандарт адилет нарктын кайрадан каралып чыккан аныктамасын сунуштап, адилет наркка баа берүүнүн негиздерин түптөп, адилет наркка баа берүүгө карата маалыматтардын чечмелениши боюнча талаптарды белгилейт. ФОЭС (IFRS) 13 активдерге же милдеттенмелерге адилет наркы боюнча баа берүүгө карата жаңы талаптарды койбойт, ал ошондой эле айрым стандарттарда бүгүнкү күндө да орун алып турган, адилет наркка баа берүүгө карата максатка ылайыктуу экендигинен улам, айрым бир жол берүүлөрдү да алып салбайт. Бул стандарт келечекти көздөө менен колдонулат, аны мөөнөтүнөн мурда колдонууга да уруксат берилген. Салыштыруу үчүн маалыматтардын чечмелениши баштапкы колдонуу күнүнө чейинки мезгилдер үчүн талап кылынбайт.

- ФОЭСтин *«Финансылык инструменттер: маалыматтардын чечмелениши» – «Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин өз ара чегерилиши»* деп аталган 7-стандартарына карата түзөтүүлөрдө финансылык абал жөнүндө отчетто өз ара чегерилишке же өз ара чегеришүү жөнүндө башкы келишимдин же ушундай эле келишимдердин предмети болуп саналган финансылык активдердин жана милдеттенмелердин чечмеленишине карата жаңы талаптар камтылган.

- Түзөтүүлөр 2013-жылдын бирдин айынын биринен тартып башталган же андан кийинки жылдык отчеттук мезгилдерге карата ретроспективдик негизде колдонулууга тийиш. ФОЭСтин «*Финансылык инструменттер: маалыматтардын берилиши* - финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин өз ара чегерилиши» деп аталган 32-стандартына карата түзөтүүлөр финансылык активдердин жана милдеттенмелердин өз ара чегерилишинин жаңы эрежесин киргизбейт. Анда аларды колдонуу учурунда дал келбөөчүлүктөрдү четтетүү максатында, өз ара чегеришүүнүн критерийлерине түшүндүрмөлөр камтылат. Түзөтүүлөрдө, эгерде ошол укук келечекте болуучу жагдайлардан көз карандысыз, ошондой эле күндөлүк чарбалык иштин жүрүшүндө анык болгондой эле милдеттенмелерди аткара албай калган (дефолт) төлөөгө жөндөмсүз же ишкананын өзү жана анын бардык контрагенттери банкрот болгон шартта да анык болуп саналса, ишкана ошол учурда өз ара чегеришүүнү ишке ашырууга анык юридикалык укукка ээ экендигин тактайт. Түзөтүүлөр 2014-жылдын бирдин айынын биринен тартып же андан кийнки жылдык отчтетук мезгилдерге карата ретроспективдүү негизде колдонулууга тийиш.

- *«ФОЭСтин чөйрөсүн кеңейтүү (өздөштүрүү)»* ар жылдык долбоордун алкагында чыгарыл-ган ар кандай түзөтүүлөр ар бир тиешелүү стандартка карата өз-өзүнчө кароого алынат. Бухгалтердик эсептин жүргүзүлүшүнө карата сунуштоо, таануу же баа берүү маселелерине тиешелүү бардык өзгөртүүлөр 2013-жылдын бирдин айынын биринен тартып күчүнө кирет.

## 4 Баалуу металлдар

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы эсептерде турган алтын жана башка баалуу металлдар** | | |
| Депозиттеги алтын | 6 528 312 | 6 081 433 |
| Депозиттеги күмүш | 520 | 477 |
| | **6 528 832** | **6 081 910** |
| **Улуттук банктын сактоо жайындагы алтын куймалар** | 1 192 767 | 58 327 |
| | **7 721 599** | **6 140 237** |

Сактоо жайларындагы алтын куймалар «good delivery status» статусуна ээ алтынды түшүндүрөт.

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча алтындын салмагы алтын түрүндөгү депозиттерде 83 091,77 унцияны, Улуттук банктын сактоо жайындагы алтын куймаларда 15 181.43 унцияны түзөт, ал эми күмүштүн салмагы 364,06 унция (2011-жылы: алтындын жана күмүштүн салмагы, тиешелүүлүгүнө жараша 83 090,86 унция, 796.91 унция жана 364,06 унция) чегинде катталган.

**Алтындын жана баалуу металлдардын чет өлкө банктарындагы эсептерде концентрацияланышы**

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата Улуттук банк бардык алтын түрүндөгү депозиттерди АА- деңгээлиндеги кредиттик рейтингге ээ бир банкка жайгаштырган (2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата АА- деңгээлиндеги кредиттик рейтингге ээ бир банкта).

## 5 Банктарда жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер жана депозиттер** | | |
| **Чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 17 098 851 | 17 537 589 |
| - АА- дан АА+ кредиттик рейтинги менен | 1 074 877 | 540 342 |
| - ВВВ- дан ВВВ+ кредиттик рейтинги менен | 5 696 | 5 586 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | 121 256 | 8 479 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери** | **18 300 680** | **18 091 996** |
| **Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 1 612 432 | 16 062 655 |
| - АА- дан АА+ кредиттик рейтинги менен | 19 223 088 | 6 299 012 |
| - А- дан А+ кредиттик рейтинги менен | 8 256 910 | - |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | 183 255 | 179 712 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | **29 275 685** | **22 541 379** |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | | |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы «ностро» эсептери | 35 065 | 2 241 438 |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы мөөнөттүү депозит | 997 461 | 7 128 517 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсеп | 8 834 992 | 8 206 032 |
| **Жыйынтыгында, банктардагы жана башка финансы институттарындагы эсептер жана депозиттер** | **57 443 883** | **58 209 362** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (183 255) | (233 738) |
| | **57 260 628** | **57 975 624** |

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча баасы түшкөн, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген, АКШ долларында деноминацияланган Кызматташуу жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкында жайгаштырылган, тиешелүүлүгүнө жараша 183 255 миң сом жана 179 712 миң сом өлчөмүндөгү мөөнөттүү депозит 360 күндөн көбүрөөк убакытка мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгендиктен, Улуттук банк 1999-жылы мөөнөтүндө төлөнбөгөн бүтүндөй суммага, баанын түшүүсүнө кам түзгөн.

## 5 Банктарда жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар

### Каражаттардын банктарда жана башка финансы мекемелеринде концентрацияланышы

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата Улуттук банк, ААА дан АА- чейинки кредиттик рейтингге ээ тогуз банкта жана башка финансы мекемелеринде (2011-жылы: сегиз банк жана башка финансы мекемелери) эсептер боюнча калдыктарга ээ болгон, алардын суммалары өздүк капиталдын 10% ашат. Ушул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү, 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча 52 247 203 миң сомду (2011-жылы: 54 861 536 миң сомду) түзгөн.

### Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттордун максаттарында төмөнкүлөрдү камтыйт:

| | **2012-ж. миң сом** | **2011-ж. миң сом** |
|---|---|---|
| Чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери | 18 300 680 | 18 091 996 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы «ностро» эсеби | 35 065 | 2 241 438 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 8 834 992 | 8 206 032 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 286 131 | 279 908 |
| **Акча каражаттарынын жылышы боюнча отчеттогу акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **27 456 868** | **28 819 374** |

Акча каражаттардын жана алардын эквиваленттеринин бир да статьясы баасы түшкөн же мөөнөтү өткөрүлгөн болуп саналбайт.

## 6 Берилген кредиттер

| | **2012-ж. миң сом** | **2011-ж. миң сом** |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, наркы түшпөгөн кредиттер | 815 631 | 1 334 490 |
| Жергиликтүү коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, баасы түшкөн кредиттер | 421 013 | 415 141 |
| | **1 236 644** | **1 749 631** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (426 116) | (424 850) |
| **Баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салгандан кийинки кредиттин суммасы** | **810 528** | **1 324 781** |

Кредиттин баасынын түшүүсү, кредитти баштапкы таануудан кийин болуп өткөн жана жетиштүү ишенимдүүлүктө баалоого мүмкүн болгон, кредит боюнча акча каражаттарынын келечектеги болжолдонуп жаткан агымына таасирин тийгизген, бир же бир нече окуялардын натыйжасында жүрөт. Баанын түшүүсүнүн жеке өзүнчө белгилерине ээ болбогон кредиттер боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү тастыкмасы жок.

## 6 Берилген кредиттер, уландысы

Кредиттердин баасынын түшүүсүнүн объективдүү белгилерине төмөнкүлөр кирет:

• Кредиттик келишим боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр;

• Карыз алуучунун финансылык абалынын олуттуу начарлоосу;

• Экономикалык жагдайдын начарлоосу, карыз алуучу ишин жүзөгө ашырган рыноктордогу терс өзгөрүүлөр.

• Улуттук банк кредиттердин баасынын түшүүсүнө карата кам өлчөмүн, баасы түшкөн кредиттер боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымына анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн жана алар боюнча баанын түшүүсү аныкталбаган кредит портфелдерине тиешелүү айкын чыгымдарга жол берилген өткөндөгү тажрыйбанын негизинде баа берет.

2012-2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча баасы түшкөн кредиттер дегенден улам, 1999-жылдан бери атайы административдик тескөө алдында турган коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, 360 күндөн көбүрөөк убакытка төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген кредиттерди түшүнүү зарыл. Улуттук банк өткөн отчеттук мезгилдерде мындай кредиттерге карата баанын түшүүсүнөн чыгымга 100% камды тааныган. Ошентип, 2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча, баанын түшүсүүнө кам тиешелүүлүгүнө жараша, 421 013 миң сомду жана 415 141 миң сомду түзгөн. Баанын түшүүсүнөн чыгымдарга түзүлгөн камдын жылышы 19-түшүндүрмөдө берилген.

### Камсыздоолорго жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр

Кийинки таблицада коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген кредиттердин камсыздоосу катары кызмат кылган күрөөлөр жөнүндө маалыматтар, үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча камсыздоолордун түрүнө жараша, үстөк камсыздоо таасирин эске албастан чагылдырылган.

| | 2012-ж. миң сом | Нарксыздабаган кредиттер портфелиндеги үлүш, % | 2011-ж. миң сом | Нарксыздабаган кредиттер портфелиндеги үлүш,% |
|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 520 991 | 64 | 733 969 | 55 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 269 523 | 33 | 387 002 | 29 |
| Кыймылсыз мүлк | 25 117 | 3 | 146 794 | 11 |
| Мөөнөттүү депозиттер | - | - | 66 725 | 5 |
| | **815 631** | **100** | **1 334 490** | **100** |

Жогорку таблицада чагылдырылган суммалар кредиттердин баланстык наркын түшүндүрөт жана камсыздоолордун адилет наркын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Камсыздоолордун адилет наркы кредит берилген күнгө карата бааланып, отчеттук күнгө чейинки өзгөрүүлөргө корректировкаланган эмес. Мындай кредиттердин ордунун жабылышы, камсыздоонун наркына эмес, негизинен карыз алуучулардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Камсыздоолордун учурдагы наркы баанын түшүүсүнө баа берүүгө таасир этпейт.

### Берилген кредиттердин концентрацияланышы

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк, коммерциялык банктарга берилген, алар боюнча калдыктар өздүк капиталдын 10% ашкан кредиттерге ээ эмес.

# 7 Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 14 776 099 | 12 791 855 |
| Канада Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 2 376 213 | - |
| Улуу Британия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 701 768 | - |
| Франция Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 654 431 | 649 156 |
| Германия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 308 406 | 1 190 860 |
| Швейцария Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | - | 1 283 563 |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **18 816 917** | **15 915 434** |
| **Эл аралык мамлекеттик жана өкмөттүк эмес финансылык институттардын карыздык баалуу кагаздары** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 13 737 782 | 4 763 850 |
| **Жыйынтыгында, карыздык инструменттер** | **32 554 699** | **20 679 284** |
| **Баштапкы наркында бааланууч үлүштүк инвестициялар** | | |
| Корпоративдик акциялар | - | 8 984 |
| | **32 554 699** | **20 688 268** |

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар, баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.

# 8 Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Банктын менчигинде тургандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 1 379 590 | 2 913 864 |
| **Репо келишими боюнча күрөөгө коюлгандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 931 657 | 207 252 |
| | **2 311 247** | **3 121 116** |

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча төлөөгө чейин кармалып туруучу, 931 657 миң сом (2011-жылы: 207 252 миң сом) амортизациялык наркка ээ карыздык баалуу кагаздар алты айдан ашпаган мезгил ичинде 3 коммерциялык банк менен (2011-жылы 3 коммерциялык банк) сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча камсыздоо милдетин аткарган.

Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгенден болуп саналбайт.

2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестиция катары классификацияланган 718 100 миң сом (2011-жылы 564 352 миң сом) суммасына мамлекеттик казына векселдеринин ордун жабуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы милдеттенмелерин эске алуу аркылуу ишке ашырылган.

# 9 Негизги каражаттар

| миң сом | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынты гында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2012-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 202 654 | 123 885 | 84 846 | 20 572 | 295 663 | 727 620 |
| Сатылып алынгандар | 295 835 | 19 172 | 18 535 | 12 483 | 157 645 | 503 670 |
| Колдонуудан калгандар | (251) | (18 035) | (30 526) | (498) | (62) | (49 372) |
| Өтүшү | 39 219 | 5 146 | 453 | - | (44 818) | - |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **537 457** | **130 168** | **73 308** | **32 557** | **408 428** | **1 181 918** |
| ***Амортизация жана баанын түшүүсүнөн чыгым*** | | | | | | |
| 2012-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | (49 715) | (52 436) | (55 182) | (14 019) | - | (171 352) |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (9 403) | (24 722) | (15 379) | (6 953) | - | (56 457) |
| Колдонуудан калгандар | 208 | 17 986 | 30 118 | 497 | - | 48 809 |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **(58 910)** | **(59 172)** | **(40 443)** | **(20 475)** | **-** | **(179 000)** |
| ***Балансттык нарк*** | | | | | | |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата** | **478 547** | **70 996** | **32 865** | **12 082** | **408 428** | **1 002 918** |

## 9 Негизги каражаттар, уландысы

| миң сом | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2011-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 194 925 | 93 554 | 137 574 | 24 462 | 267 327 | 717 842 |
| Сатылып алынгандар | 7 843 | 47 165 | 3 288 | 493 | 32 102 | 90 891 |
| Колдонуудан калгандар | (1 733) | (18 679) | (56 016) | (4 685) | - | (81 113) |
| Өтүшү | 1 619 | 1 845 | - | 302 | (3 766) | - |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **202 654** | **123 885** | **84 846** | **20 572** | **295 663** | **727 620** |
| ***Амортизация жана баанын түшүүсүнөн чыгым*** | | | | | | |
| 2011-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | (43 862) | (46 075) | (87 210) | (14 258) | - | (191 405) |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (7 128) | (24 821) | (23 931) | (4 446) | - | (60 326) |
| Колдонуудан калгандар | 1 275 | 18 460 | 55 959 | 4 685 | - | 80 379 |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **(49 715)** | **(52 436)** | **(55 182)** | **(14 019)** | **-** | **(171 352)** |
| ***Балланстык нарк*** | | | | | | |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата** | **152 939** | **71 449** | **29 664** | **6 553** | **295 663** | **556 268** |

Негизги каражаттар объекттерин сатып алууга же курууга байланыштуу займдар боюнча капиталдаштырылган сарптоолорго 2011-2012-жылдары жол берилген эмес.

## 10 Башка активдер

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 286 131 | 279 908 |
| Башка дебитордук карыздар | 202 649 | 195 877 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (37 819) | (38 318) |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **450 961** | **437 467** |
| Запастар | 517 842 | 429 345 |
| Ассоциацияга инвестициялоо | 61 005 | 5 |
| Алдын ала төлөө | 50 881 | 151 025 |
| Башка активдер | 24 765 | 16 381 |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **654 493** | **596 756** |
| | **1 105 454** | **1 034 223** |

Ассоциацияланган компаниялар төмөнкүчө чагылдырылышы мүмкүн:

| Аталышы | Компания катталган өлкө | Негизги иши | Катышуу үлүшү, % 2012-ж. | Катышуу үлүшү, % 2011-ж. | Балансттык наркы, 2012-ж. миң сом | Балансттык наркы, 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|---|---|---|---|
| “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК | Кыргыз Республикасы | Улуттук төлөм системасынын оператору | 40 | 0.01 | 61 005 | 5 |
| | | | | | **61 005** | **5** |

Жогоруда көрсөтүлгөн ассоциацияланган компаниянын иш чөйрөсүнүн жана көлөмүнүн анчалык олуттуу эместигинен улам, тиешелүү салымдар Улуттук банктын финансылык отчетунда үлүштүк катышуу ыкмасында чагылдырылган эмес.

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн башка активдер боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышына тиешелүү маалыматтар 19-түшүндүрмөдө келтирилген.

## 11 Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

2012-2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар төмөнкүлөрдү өзүндө камтыган:

| | 2012-цж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 59 890 751 | 51 931 005 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкнотторду жана монеталарды эсептен алып салуу менен | (1 638 583) | (2 064 069) |
| | **58 252 168** | **49 866 936** |

Жүгүртүүдөгү акча массасы дегенден улам, жүгүртүүдөгү, калктын колундагы жана финансы мекемелериндеги банкноттордун жана монеталардын номиналдык наркын түшүнүү зарыл.

## 12 Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын күндөлүк эсептери | 7 364 794 | 5 432 513 |
| Башка финансы мекемелеринин күндөлүк эсептери | 1 945 | 173 771 |
| | **7 366 739** | **5 606 284** |

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк банктардагы эсептер боюнча өздүк капиталдын 10% ашкан калдыктарга ээ болгон эмес.

## 13 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эсептери кирет.

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Улуттук валютада | 2 360 717 | 5 384 743 |
| Чет өлкө валютасында | 2 831 693 | 1 107 586 |
| | **5 192 410** | **6 492 329** |

## 14 Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга төмөнкү эмиссиялардагы баалуу кагаздар кирет:

| Эмиссиялар | Балanstык нарк, миң сом | Эмиссия күнү | Төлөө күнү | Эффектив дүү пайыздык чен |
|---|---|---|---|---|
| BD004130102 | 499 925 | 2012-ж. 5-дек. | 2013-ж.2-янв. | 2,76% |
| BD004130109 | 438 730 | 2012-ж.12-дек. | 2013-ж.9-янв. | 2,52% |
| BD004130116 | 699 167 | 2012-ж.19-дек. | 2013-ж.16-янв. | 2,76% |
| BD004130123 | 798 618 | 2012-ж.26-дек. | 2013-ж.23-янв. | 2,78% |
| BD002130109 | 114 937 | 2012-ж.26-дек. | 2013-ж.9-янв. | 2,23% |
| BD002130114 | 275 728 | 2012-ж.31-дек. | 2013-ж.14-янв. | 2,61% |
| BD001130108 | 219 798 | 2012-ж.31-дек. | 2013-ж.8-янв. | 4,28% |
| | **3 046 903** | | | |

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга төмөнкү эмиссиялардагы баалуу кагаздар кирген:

| Эмиссиялар | Балансстык нарк, миң сом | Эмиссия күнү | Төлөө күнү | Эффектив дүү пайыздык чен |
|---|---|---|---|---|
| BD004120104 | 216 967 | 2011-ж. 7-дек. | 2012-ж.4-янв. | 15,02% |
| BD004120111 | 298 738 | 2011-ж.14-дек. | 2012-ж.11-янв. | 15,01% |
| BD002120104 | 49 053 | 2011-ж.21-дек. | 2012-ж.4-янв. | 9,17% |
| BD004120118 | 297 976 | 2011-ж.21-дек. | 2012-ж.18-янв. | 14,72% |
| BD002120111 | 149 634 | 2011-ж.28-дек. | 2012-ж.11-янв. | 8,43% |
| BD004120125 | 346 851 | 2011-ж.28-дек. | 2012-ж.25-янв. | 14,11% |
| | **1 359 219** | | | |

# 15 Алынган кредиттер

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Эл аралык валюта фондусунан алынган кредиттер | 4 655 633 | 5 491 525 |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен алынган кредиттер | 97 198 | 72 922 |
| ЕБРРден алынган кредиттер | - | 26 162 |
| | **4 752 831** | **5 590 609** |

2012-2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча, алынган кредиттердин мөөнөттөрү жана шарттары төмөндө чагылдырылган:

| Эмитент | Валютасы | Пайыздык чени | Берилген күнү | Төлөө күнү | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЭВФ, ПРГФ (жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү) | АКУ (СПЗ) | 0% | 2001-жылдын үчтүн айынын он тогузунда | 2018-жылдын кулжа айынын отуз бери | 2 222 452 | 3 122 556 |
| ЭВФ, ESF (Тышкы таасирлерге карата чара көрүү фондусу) | АКУ | 0% | 2008-жылдын үчтүн айынын жыйырма төртүндө | 2019-жылдын теке айынын жетиси | 2 433 181 | 2 368 969 |
| Финансы министрлиги | АКШ доллары | 1.50% | 2004-жылдын жетинин айынын он тогузунда | 2016-жылдын баш оона айынын он беши | 97 198 | 72 922 |
| ЕБРР | АКШ доллары | Libor 6 ай+1% | 1995-жылдын аяк оона айынын отузунда | 2012-жылдын жетинин айынын тогузу | - | 26 162 |
| | | | | | **4 752 831** | **5 590 609** |

Жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү программасы (ПРГФ) боюнча карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, финансылык реформаларды жана улуттук валютаны колдоого алуу максатында сунушталган. Бул программа боюнча карыз алуулар нөлдүк пайыздык ченде алынып, программа өздөштүрүлө баштагандан кийинки 10 жылдан кийин төлөнүүгө тийиш. 2012-жылдын үчтүн айынын жыйырма биринде ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2014-жылдын акырына чейин узарткан. ПРГФ кредиттеринин шарттары бардык кредит алуучулар үчүн стандарттуу болуп саналат. Улуттук банк ПРГФ займдары боюнча белгилүү бир милдеттенмелерди өзүнө алып, ошондой эле өз ишинде айрым бир критерийлерди сактоого жана финансы-бюджет саясатында түзүмдүк реформаларды аягына чыгарууга милдеттүү.

Тышкы таасирлерге каршы аракет көрүү механизми (ESF) алкагында карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, Кыргызстандын бийлигинин белгилүү бир тышкы таасирлерди четтетүүгө багытталган аракеттерин колдоо үчүн берилген. Кредит нөлдүк пайыздык ченге ээ, 2012-жылдын үчтүн айынын жыйырма биринде ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2014-жылдын акырына чейин узарткан. Бул шарт дүйнө жүзү боюнча ESF алкагында кредит алуучулар үчүн жарыяланган. Улуттук банк ESF займына тиешелүү белгилүү бир милдеттенмелерди жана шарттарды аткарууну өзүнө алып, өз ишинде айрым бир критерийлерди сактоого жана түзүмдүк реформаларды аягына чыгарууга милдеттүү.

## 15 Алынган кредиттер, уландысы

Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкынын (ЕБРР) кредити, өндүрүштүк ишканаларды кайра кредиттөөсү үчүн Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын кредиттөө максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиясы алдында 1995-жылы Улуттук банкка сунушталган эле.

Финансы министрлигинен Улуттук банкка берилген кредит, Эл аралык өнүгүү ассоциациясы тарабынан каржыланган Төлөм жана банк системаларын модернизациялоо долбоорун ишке ашыруу үчүн каралган.

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде Улуттук банк тарабынан кредиттин негизги суммаларын, пайыздарды төлөө боюнча милдеттенмелерди же башка милдеттенмелерди бузууга жол бергендиги учурлары катталган эмес.

## 16 Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж. миң сом |
|---|---|---|
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 6 192 312 | 6 030 055 |

АКУну (СПЗди) бөлүштүрүү, алардын суммасын ЭВФ мүчөлөрүнүн ортосунда анын чечими боюнча шартсыз бөлүштүрүү болуп саналат. АКУну жалпы бөлүштүрүү 2009-жылдын аяк оона айынын жыйырма сегизинде күчүнө кирген. Мындай бөлүштүрүү глобалдуу финансылык каатчылыкка каршы жамааттык монетардык жооп болуп саналат, ал ликвиддүүлүк проблемасын башынан кечирип жаткан өлкөлөргө шарттар менен чектелбеген олуттуу финансылык ресурстарды берүү аркылуу ишке ашырылат. Бул ресурстар жөнгө салууга муктаждыкты азайтууга жана экономикалык өсүш саясатынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн валюталык запасын толуктоо аркылуу, глобалдуу экономикалык системанын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууга каралган. ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн арасында АКУну жалпы бөлүштүрүү, алардын ЭВФтеги квотасына пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылат (25-түшүндүрмө). 2009-жылдын аяк оона айынын онунда глобалдуу ликвиддүүлүктү жогорулатуу максатында, АКУнун бир жолку бөлүштүрүлүшүн караган, ЭВФтин Келишимдер статьясына карата Төртүнчү түзөтүү күчүнө кирген. Ушул түзөтүүгө ылайык Кыргызстанды кошо алганда, ЭВФке мүчө өлкөлөргө атайы бөлүштүрүү 2009-жылдын тогуздун айынын тогузунда ишке ашырылган. Мүчө өлкөлөр жана АКУга ээлик кылуучулар аларды ЭВФ менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонушу мүмкүн. Кыргыз Республикасы 84 737 миң АКУ өлчөмүндө бөлүштүрүлгөн каражатты пайдалануу укугуна ээ болгон. 2012 жана 2011-жылдары бул механизм колдонулган эмес. Анын пайыздык чени жума сайын ЭВФ тарабынан аныкталып, бүткүл дүйнө боюнча бөлүштүрүлгөн АКУну алуучулар үчүн бирдей болуп саналат.

## 17 Уставдык капитал

### Белгиленген капитал

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине жана 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамга ылайык Улуттук банктын уставдык капиталы 1 000 000 миң сомду түзөт.

## 17 Уставдык капитал, уландысы

### Мамлекеттик бюджетке чегерүүлөр жана милдеттүү кам

"Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамга ылайык, Улуттук банктын пайдасы төмөнкүчө бөлүштүрүлүүгө тийиш:

- эгерде, Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камдарынын суммасы, анын монетардык милдеттенмелеринин 10% азды түзсө, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине пайданын 70% чегерилет. Пайданын мамлекеттик бюджетке чегерилгенден кийинки калдыгы, Улуттук банктын милдеттүү камдарына которулат;
- эгерде, Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камдарынын суммасы анын монетардык милдеттенмелеринин 10% барабар же андан ашса, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине пайданын 100%, ошондой эле милдеттүү камдын каражаттарынын эсебинен көрсөтүлгөн ашып калуунун суммасынын үчтөн бири, бирок камдын калдыгынын чегинде которулат.

Пайданы чегерүү, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамдын 13-беренесине ылайык, пайданы чегерүү финансы жылынын бүтүшү боюнча көз карандысыз тышкы аудит жүргүзүлүп, жылдык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилгенден кийин ишке ашырылат.

2012-жылдын бугу айынын он биринде 2011-жылы алынган, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине чегерилүүгө тийиш болгон 1 575 770 миң сом өлчөмүндөгү таза пайда бекитилип (2011-жылы 1 103 993 миң сом), 675 331 миң сом (2011-жылы 473 140 миң сом) өлчөмүндөгү сумма милдеттүү камга которулган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине чегерилүүгө тийиш болгон пайда 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 547 626 миң сомду түзгөн.

### Капиталды тескөө

Улуттук банктын капиталы дегенден улам, анын бардык милдеттенмелерин эсептеп алып салгандан кийинки Улуттук банктын активдеринин калдык наркын түшүнүү зарыл.

Капиталды тескөөгө байланыштуу Улуттук банктын максаттары, банктын өз алдынчалыгын жана ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн капиталды тиешелүү деңгээлде колдоп туруудан көрүнөт. Улуттук банк анын тескөөсүндө турган жалпы капиталды, финансылык абал жөнүндө отчетто камтылган өздүк капитал катары карайт.

"Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамда каралган, 1 000 000 миң сомду түзгөн уставдык капиталдын өлчөмүн эске албаганда, Улуттук банк үчүн капиталдын деңгээлине карата эч кандай тышкы талаптар жок.

## 18 Таза пайыздык кирешелер

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж миң сом |
|---|---|---|
| **Пайыздык кирешелер боюнча** | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 543 029 | 581 488 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 210 815 | 342 783 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 307 376 | 330 156 |
| Берилген кредиттер | 84 345 | 105 584 |
| Башкалар | 15 931 | 11 727 |
| | **1 161 496** | **1 371 738** |

## 18 Таза пайыздык кирешелер, уландысы

| | 2012-ж.<br>миң сом | 2011-ж<br>миң сом |
|---|---|---|
| **Пайыздык чыгашалар боюнча** | | |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | (138 126) | (126 323) |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | (126 873) | (88 510) |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу боюнча төлөөгө каралган эсептер | (61 685) | (25 168) |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | (6 443) | (24 716) |
| Башкалар | (4 224) | (5 551) |
| | **(337 351)** | **(270 268)** |
| | **824 145** | **1 101 470** |

Баасы түшкөн активдер боюнча пайыздык кирешелер жокко эсе (2011-жылы: болгон эмес).

## 19 Баанын түшүүсүнө кам

| | Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар,<br>миң сом | Берилген кредиттер<br>миң сом | Башка финансылык активдер<br>миң сом | Жыйынты гында<br>миң сом |
|---|---|---|---|---|
| **2010-жылдын үчтүн айынын отуз бири** | 267 133 | 427 028 | 38 772 | 732 933 |
| Кам түзүү | (33 395) | (2 178) | (454) | (36 027) |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бири** | **233 738** | **424 850** | **38 318** | **696 906** |
| Кам түзүү | (54 027) | (4 663) | (499) | (59 189) |
| Курстук айырмачылыктардын таасири | 3 544 | 5 929 | - | 9 473 |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бири** | **183 255** | **426 116** | **37 819** | **647 190** |

## 20 Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда

| | 2012-ж.<br>миң сом | 2011-ж<br>миң сом |
|---|---|---|
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасындагы операциялар боюнча реализацияланган пайда | 462 131 | 1 515 084 |
| «Спот» бүтүмүнөн алынган пайда | 70 528 | 135 012 |
| | **532 659** | **1 650 096** |

## 21 Административдик чыгашалар

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж миң сом |
|---|---|---|
| **Персоналга кеткен сарптоолор** | | |
| Эмгек акы | 273 668 | 225 709 |
| Социалдык фондго төлөөлөр | 46 849 | 38 628 |
| | **320 517** | **264 337** |
| Амортизация жана эскилиги жеткендер | 57 800 | 67 719 |
| Ремонт иштери жана тейлөөлөр | 43 883 | 42 477 |
| Күзөт иштери | 27 957 | 26 687 |
| Кесиптик кызмат көрсөтүүлөр | 9 355 | 11 391 |
| Байланыш жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | 9 179 | 8 457 |
| Персоналды окутуу | 11 230 | 6 997 |
| Жарыялоолор жана жазылуулар | 6 127 | 6 194 |
| Социалдык-маданий иш-чараларга сарптоолор | 6 127 | 5 497 |
| Иш боюнча кыдырууларга кеткен чыгашалар | 4 606 | 5 102 |
| Кеңсе буюмдары | 4 522 | 4 755 |
| Башка чыгашалар | 12 648 | 9 866 |
| | **513 951** | **459 479** |

## 22 Сегменттер боюнча талдап-иликтөөлөр

Улуттук банктын иши, ушул финансылык отчеттун максаттары үчүн бир отчеттук сегменттен турат. Улуттук банктын аткарган милдетине байланыштуу, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетторунун берилиши андан талап кылынбайт. Иштин бул түрү ушул финансылык отчеттун максаттары үчүн өзүнчө операциялык сегмент катары каралбайт.

## 23 Тобокелдиктерди тескөө

Тобокелдиктерди тескөөгө алуу Улуттук банктын ишинде маанилүү роль ойноп, анын операциялык ишинин олуттуу элементи болуп саналат. Банк өз ишин жүзөгө ашыруу процессинде дуушар болуучу негизги тобокелдиктерден болуп, рыноктук тобокелдик, кредиттик тобокелдик жана ликвиддүүлүк тобокелдиги саналат.

### (a) Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболор

Улуттук банктын тобокелдиктерди тескөө саясаты банк дуушар болуучу тобокелдиктерди аныктоого, аларга баа берүүгө, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүгө жана тескөөгө алууга, ошондой эле тиешелүү чектөөлөрдү жана контролдукту белгилөөгө тобокелдик деңгээлине туруктуу баа берүүгө жана алардын белгиленген лимиттерге ылайык келүүсүнө көз салып турууга багытталган. Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболору, рыноктук жагдайлардын өзгөрүүсүн, сунушталып жаткан банктык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, топтолгон алгылыктуу тажрыйбаларды чагылдыруу максатында, туруктуу негизде кайрадан каралып турат.

## 23 Тобокелдиктерди тескөө, уландысы

### (а) Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболор, уландысы

Улуттук банктын жетекчилиги, тобокелдиктерди тескөө боюнча контролдук системасынын, негизги тобокелдиктердин тескөөгө алынышы жана тобокелдиктерди тескөө боюнча саясаттын жана жол-жоболордун жактырылып, кабыл алынышы, ошондой эле ири бүтүмдөрдүн жактырылышы үчүн жоопкерчиликтүү.

Улуттук банк Башкармасы, комитеттер жана комиссиялар банктын монетардык, инвестициялык жана валюта саясаттарына байланыштуу маселелерин дайыма кароого алып, активдерди тескөө алкагында лимиттерди, ошондой эле Улуттук банктын контрагенттерине карата талаптарды белгилешет.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын үчтүн айынын он алтысында бекитилген Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөө боюнча инвестициялык стратегиясына ылайык (мындан ары «Инвестициялык стратегия»), Улуттук банктын активдеринин сакталышын жана алардын ликвиддүүлүгүн, ошондой эле кирешелүүлүктүн өсүшүн камсыз кылуу тобокелдиктерди тескөөнүн негизги максатынан болуп саналат. Операциялар ушул стратегияда белгиленген лимиттердин чегинде ишке ашырылат.

Ушул максаттарга ылайык Улуттук банктын алтын валюта активдери жумушчу портфелине жана инвестициялык портфелге бөлүнөт.

### (б) Рыноктук тобокелдик

Рыноктук тобокелдик – бул, адилет нарктын же рыноктук баанын өзгөрүүсүнөн улам, финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Рыноктук тобокелдик, валюта тобокелдигинен, пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдигинен, ошондой эле башка баа тобокелдиктеринен турат. Рыноктук тобокелдик, рыноктогу жалпы жана мүнөздүү болгон өзгөрүүлөрдүн, рыноктук баанын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн таасирине туш болгон пайыздык, валюталык жана үлүштүк финансылык инструменттерге карата ачык позициялар боюнча келип чыгат.

Рыноктук тобокелдикке дуушарланууну алгылыктуу параметрлердин чегинен чыкпагандай, ошону менен катар эле кирешелүүлүктү оптималдаштырууну камсыз кыла алгандай тескөөгө алуу жана контролдоо рыноктук тобокелдикти тескөө милдетинен болуп саналат.

Улуттук банк, бардык ачык позицияларга баа берүү жол-жобосун туруктуу ишке ашыруу аркы-луу рыноктук тобокелдикти тескейт. Мындан тышкары Улуттук банк, финансылык инструменттер, пайыздык чендер, төлөө мөөнөттөрү жана тобокелдик көрсөткүчү/кирешелүүлүгүнүн катышы боюнча ачык позицияларга белгиленген лимиттерге туруктуу көз салып турат.

#### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги*

Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги – бул, адилет нарктын же рыноктук пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн улам, финансылык инструмент боюнча келечекте болжолдонуп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Улуттук банк, басымдуулук кылган рыноктук пайыздык чендердин анын финансылык абалына жана акча каражаттарынын агымына таасирлерине дуушарланышы ыктымал. Мындай өзгөрүүлөр пайыздык маржа деңгээлин көбөйтүшү сыяктуу эле, аны төмөндөтүшү да мүмкүн. Пайыздык чендердин күтүүсүз өзгөрүүсү чыгымдардын келип чыгышын шарттайт.

## 23 Тобокелдиктерди тескөө, уландысы

### (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги*

***Пайыздык чендердин өзгөрүү мөөнөттөрүнө талдап-иликтөөлөр***

Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги, пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө мониторинг жүргүзүү аркылуу тескөөгө алынат. Сый акы чени менен негизги финансылык инструменттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүү мөөнөтүнө карата кыскача маалыматты төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| миң сом | 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ашкан | Пайызсыз | Балланстык нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бири** | | | | | | | |
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 6 528 312 | - | - | - | - | 520 | 6 528 832 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 40 227 509 | 13 282 348 | - | - | - | 3 750 771 | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | 91 554 | 106 357 | 134 063 | 473 444 | 5 110 | - | 810 528 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 14 062 894 | 6 696 115 | 3 118 362 | 8 677 328 | - | - | 32 554 699 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 338 399 | 9 150 | 58 897 | 722 821 | 250 323 | - | 1 379 590 |
| Репо келишимдери боюнча күрөөгө коюлган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 304 977 | 100 812 | - | 525 868 | - | - | 931 657 |
| | **61 553 645** | **20 194 782** | **3 311 322** | **10 399 461** | **255 433** | **3 751 291** | **99 465 934** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 5 192 410 | - | - | - | - | - | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтарым сатып алуу келишимдери боюнча төлөө үчүн эсептер | 796 711 | - | - | - | - | - | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 3 046 903 | - | - | - | - | - | 3 046 903 |
| Алынган кредиттер | 25 930 | - | 18 106 | 4 708 795 | - | - | 4 752 831 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган СПЗ боюнча милдеттенмелер | 6 192 312 | - | - | - | - | - | 6 192 312 |
| | **15 254 266** | **-** | **18 106** | **4 708 795** | **-** | **-** | **19 981 167** |
| | **46 299 379** | **20 194 782** | **3 293 216** | **5 690 666** | **255 433** | **3 751 291** | **79 484 767** |

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(i) Пайыздык чендин өзгөрүүсү тобокелдиги, уландысы*

***Пайыздык чендердин өзгөрүү мөөнөттөрүнө талдап-иликтөөлөр***

| миң сом | 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ашкан | Пайызсыз | Баланстык нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бири** | | | | | | | |
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 6 081 910 | - | - | - | - | - | 6 081 910 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 32 803 147 | - | 21 242 706 | - | - | 3 929 771 | 57 975 624 |
| Берилген кредиттер | 125 777 | 125 777 | 229 926 | 837 924 | 5 377 | - | 1 324 781 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 3 767 474 | 6 620 258 | 5 802 823 | 4 488 729 | - | - | 20 679 284 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 52 679 | 409 672 | 176 274 | 1 664 633 | 610 606 | - | 2 913 864 |
| Репо келишимдери боюнча күрөөгө коюлган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | - | 207 252 | - | - | - | - | 207 252 |
| | **42 830 987** | **7 362 959** | **27 451 729** | **6 991 286** | **615 983** | **3 929 771** | **89 182 715** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 6 492 329 | - | - | - | - | - | 6 492 329 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтарым сатып алуу келишимдери боюнча төлөө үчүн эсептер | 207 410 | - | - | - | - | - | 207 410 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 359 219 | - | - | - | - | - | 1 359 219 |
| Алынган кредиттер | - | 13 127 | 30 791 | 5 546 691 | - | - | 5 590 609 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 030 055 | - | - | - | - | - | 6 030 055 |
| | **14 089 013** | **13 127** | **30 791** | **5 546 691** | **-** | **-** | **19 679 622** |
| | **28 741 974** | **7 349 832** | **27 420 938** | **1 444 595** | **615 983** | **3 929 771** | **69 503 093** |

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(і) Пайыздык чендин өзгөрүүсү тобокелдиги, уландысы*

### *Орточо пайыздык чендер*

Төмөндө келтирилген таблицада 2012-2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата пайыздык активдер жана милдеттенмелер боюнча орточо эффективдүү пайыздык чендер чагылдырылган. Бул чендер тиешелүү активдердин жана милдеттенмелердин төлөөгө карата кирешелүүлүгүн чагылдырат.

| | Орточо салмактанып алынган эффективдүү пайыздык чен, % | Орточо салмактанып алынган эффективдүү пайыздык чен, % |
|---|---|---|
| **Пайыздык активдер** | | |
| **Алтын** | | |
| *Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын* | 0.01 | 0.01 |
| **Банктарда жана башка финансылык институттарда депозиттердеги эсептер** | | |
| *«Ностро» түрүндөгү эсептер* | | |
| - АКШ долларында | 0.17 | 0.01 |
| - АКУ | 0.03 | 0.11 |
| - евродо | 0.03 | 0.47 |
| - канада долларында | 0.79 | 0.65 |
| - австралия долларында | 2.25 | 3.50 |
| - англия фунт стерлингинде | 0.30 | 0.22 |
| *Мөөнөттүү депозиттер* | | |
| - АКШ долларында | 0.42 | 0.35 |
| - евродо | 0.16 | 1.04 |
| - канада долларында | 1.21 | 1.04 |
| - англия фунт стерлингинде | 0.44 | 0.54 |
| - австралия долларында | 3.25 | 4.17 |
| - орус рублинде | 5.99 | 5.02 |
| - япон йенинде | 0.11 | - |
| - сингапур долларында | 0.15 | - |
| - кытай юанында | 2.92 | - |
| **Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар** | | |
| - евродо | 0.23 | 0.79 |
| - АКШ долларында | 0.12 | 0.45 |
| - австралия долларында | 2.91 | 4.22 |
| - швейцария франкында | - | 0.35 |
| - канада долларында | 0.89 | - |
| - англия фунт стерлингинде | 0.33 | - |
| **Берилген кредиттер** | | |
| - кыргыз сомунда | 7.70 | 7.76 |
| **Репо келишими боюнча күрөөгө коюлган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестицияларды кошо алганда, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар** | | |
| - кыргыз сомунда | 6.86 | 11.32 |
| **Пайыздык милдеттенмелер** | | |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары** | | |
| - кыргыз сомунда | 2.64 | 2.11 |
| - АКШ долларында | 0.25 | 0.25 |
| - евродо | 0.75 | 1.25 |
| **Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтарым сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер** | 2.64 | 13.08 |
| **Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар** | | |
| - кыргыз сомунда | 2.81 | 13.78 |
| **Алынган кредиттер** | | |
| - АКШ долларында | 1.50 | 1.52 |
| **ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер** | 0.03 | 0.11 |

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги, уландысы*

#### *Пайыздык чендердин өзгөрүүсүнүн тийгизген таасирине талдап-иликтөөлөр*

Пайыздык чендердин кайрадан карап чыгуу мөөнөттөрүнө жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөргө негизденген пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдигин тескөөгө алуу, финансылык активдердин жана милдеттенмелердин ийкемдүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү менен толукталат. Пайданын же чыгымдын, ошондой эле өздүк капиталдын пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө карата (пайыздык чендерди кайрадан карап чыгуу тобокелдиги), киреше ийрегин пайыздык чендердин көбөйүүсү же азайуусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышуусунун жөнөкөйлөтүлгөн сценарийинин жана 2012-2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча колдонулган пайыздык активдерге жана милдеттенмелерге тиешелүү кайрадан каралып чыккан позициялардын негизинде түзүлгөн анализдөөлөр төмөнкүчө чагылдырылышы мүмкүн:

| | **2012-ж. миң сом** | **2011-ж. миң сом** |
|---|---|---|
| Чендердин азайуусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышуу | (92 937) | (77 884) |
| Чендердин көбөйүүсү жагына 20 базистик пунктка катар жылышуу | 92 937 | 77 884 |

Пайданын же чыгымдын, ошондой эле өздүк капиталдын сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин адилет наркынын өзгөрүүсүнө карата ийкемдүүлүгүнө талдап-иликтөөлөр, 2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча колдонулган позициялардын негизинде калыптанган пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн улам ийкемдүүлүгүнө жана кирешелүүлүк ийрегинин пайыздык чендердин көбөйүүсү же азайуусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышынын жөнөкөй сценарийин төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | **2012-ж.** | | **2011-ж.** | |
|---|---|---|---|---|
| | **Пайда же чыгым миң сом** | **Чогуу алынган киреше жана капитал миң сом** | **Пайда же чыгым миң сом** | **Чогуу алынган киреше жана капитал миң сом** |
| Чендердин көбөйүүсү жагына 20 базисттик пунктка катар жылышуу | - | (34 170) | - | (25 908) |
| Чендердин азаюусу жагына 20 базисттик пунктка катар жылышуу | - | 34 301 | - | 25 999 |

Жогоруда келтирилген таблицада негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүү таасири чагылдырылган, ошол эле учурда башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган. Иш жүзүндө жол берилгендер менен башка факторлор ортосундагы корреляция орун алат. Бул жерде ошондой эле, көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк линиялык эмес мүнөзгө ээ экендигин белгилеп кетүү зарыл, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасир этүү ушул натыйжалардын негизинде интерполировкаланууга же экстраполировкаланууга тийиш эмес.

Ийкемдүүлүккө анализдөөлөрдө, Улуттук банк активдерди жана пассивдерди жигердүү тескөөгө ала тургандыгы эске алынбайт. Буга кошумча, Улуттук банктын финансылык абалы рынокто жүргөн өзгөрүүлөргө жараша өзгөрүшү мүмкүндүгүн да кошумчалап кетүү зарыл. Мисалы, Улуттук банктын финансылык тобокелдиктерди тескөө жагындагы стратегиясы, рыноктогу баанын өзгөрүүсүнө байланыштуу тобокелдиктерди тескөөгө багытталган. Баалуу кагаздар рыногунда баанын кескин алгылыксыз мүнөздө өзгөрүп кетиши шартында, жетекчиликтин аракеттеринде инвестицияларды сатуу, инвестициялык портфелдин курамын өзгөртүү, ошондой эле коргонуунун башка ыкмалары да камтылышы мүмкүн. Демек, жол берүүдөгү өзгөрүүлөр милдеттенмелерге айкын таасир этпесе да, рынок баасы боюнча финансылык абал жөнүндө отчетто эсепке алынган активдерге олуттуу таасир этиши мүмкүн. Бул учурда, активдерге жана милдеттенмелерге баа берүүнүн ар кандай ыкмалары капитал өлчөмүнүн олуттуу өзгөрүүсүнө да алып келиши мүмкүн.

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Улуттук банк, бир нече чет өлкө валютасында туюндурулган активдерге жана милдеттенмелерге ээ.

Валюта тобокелдиги - бул, адилет нарктын же валюталардын алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнөн улам, финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүүсү тобокелдиги. Улуттук банк валюта тобокелдиктеринен коргонуу жагында чараларды көрүп жаткандыгына карабастан, мындай операциялар ФОЭСке ылайык хеджирлөөгө тиешелүү аныктамаларга төп келбейт.

Улуттук банктын 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу, төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| миң сом | сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ (СПЗ) | Швейцария франкы | Фунт стерлинг | Башка валюталар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 6 528 312 | - | - | - | - | - | - | - | 520 | 6 528 832 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | - | 23 120 618 | 10 148 946 | 6 031 818 | 337 557 | 8 834 992 | 2 530 884 | 3 065 036 | 3 190 777 | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | 810 528 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 810 528 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 4 982 066 | 3 484 916 | 5 055 567 | 16 090 690 | - | - | 2 941 460 | - | 32 554 699 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 1 379 590 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 379 590 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 931 657 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 931 657 |
| Башка финансылык активдер | 164 830 | - | 254 802 | 31 329 | - | - | - | - | - | - | 450 961 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **3 286 605** | **6 528 312** | **28 357 486** | **13 665 191** | **11 087 385** | **16 428 247** | **8 834 992** | **2 530 884** | **6 006 496** | **3 191 297** | **99 916 895** |

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| миң сом | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ (СПЗ) | Швейцария франкы | Фунт стерлинг | Башка валюталар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 58 252 168 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 58 252 168 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 6 238 590 | - | 1 128 149 | - | - | - | - | - | - | - | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 2 360 718 | - | 2 467 892 | 363 800 | - | - | - | - | - | - | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишими боюнча төлөөгө каралган эсептер | 796 711 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 3 046 903 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 3 046 903 |
| Алынган кредиттер | - | - | 97 198 | - | - | - | 4 655 633 | - | - | - | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | - | - | - | - | - | - | 6 192 312 | - | - | - | 6 192 312 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 29 939 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 29 939 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **70 725 029** | **-** | **3 693 239** | **363 800** | **-** | **-** | **10 847 945** | **-** | **-** | **-** | **85 630 013** |
| **Таза баланстык жана баланстан тышкаркы позициялар** | **(67 438 424)** | **6 528 312** | **24 664 247** | **13 301 391** | **11 087 385** | **16 428 247** | **(2 012 953)** | **2 530 884** | **6 006 496** | **3 191 297** | **14 286 882** |

## 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

### (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Улуттук банктын 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу, төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| Миң сом | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | АКУ (СПЗ) | Австралия доллары | Швейцария франкы | Фунт стерлинг | Башка валюталар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 6 081 433 | - | - | - | - | - | - | - | 477 | 6 081 910 |
| Банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | - | - | 20 078 501 | 12 657 897 | 8 172 139 | 8 206 032 | 1 275 376 | 3 372 093 | 3 517 319 | 696 267 | 57 975 624 |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайра сатуу келишимдери боюнча алууга карата эсептер | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Берилген кредиттер | 1 324 781 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 324 781 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | | - | 1 156 656 | 5 447 198 | - | - | 12 791 867 | 1 283 563 | - | - | 20 679 284 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 2 913 864 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 2 913 864 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 207 252 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 207 252 |
| Башка финансылык активдер | 172 835 | - | 234 599 | 30 033 | - | - | - | - | - | - | 437 467 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **4 618 732** | **6 081 433** | **21 469 756** | **18 135 128** | **8 172 139** | **8 206 032** | **14 067 243** | **4 655 656** | **3 517 319** | **696 744** | **89 620 182** |

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| миң сом | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | АКУ (СПЗ) | Австралия доллары | Швейцария франкы | Фунт стерлинг | Башка валюталар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моноталар | 49 866 936 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 49 866 936 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 5 107 733 | - | 498 551 | - | - | - | - | - | - | - | 5 606 284 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 5 384 743 | - | 840 502 | 267 084 | - | - | - | - | - | - | 6 492 329 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайра сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө карата эсептер | 207 410 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 207 410 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар выпущенные | 1 359 219 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 359 219 |
| Алынган кредитер | - | - | 99 084 | - | - | 5 491 525 | - | - | - | - | 5 590 609 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмеллер | - | - | - | - | - | 6 030 055 | - | - | - | - | 6 030 055 |
| Башкы финансылык милдеттенмелер | 30 531 | - | - | - | - | - | - | - | - | 53 597 | 84 128 |
| **Жыйынтыгында милдеттенмелер** | **61 956 572** | **-** | **1 438 137** | **267 084** | **-** | **11 521 580** | **-** | **-** | **-** | **53 597** | **75 236 970** |
| **Таза баланстык жана балланстан тышкаркы позициялар** | **(57 337 840)** | **6 081 433** | **20 031 619** | **17 868 044** | **8 172 139** | **(3 315 548)** | **14 067 243** | **4 655 656** | **3 517 319** | **643 147** | **14 383 212** |

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Төмөнкү таблицада көрсөтүлгөндөй эле, кыргыз сомунун 2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча төмөндө келтирилген валюталарга карата курсунун алсызданышы, өздүк капиталдын жана башка чогуу алгандагы кирешенин төмөндө чагылдырылгандай көбөйүүсүнө (азайуусуна) алып келген. Бул талдап-иликтөөлөр, Улуттук банктын көз карашы боюнча отчеттук мезгилдин акырына карата негиздүү мүмкүн болгон, валюта курстарынын өзгөрүүсүнө таянган. Ийкемдүүлүктүн ушул деңгээли Улуттук банкта валюта тобокелдигине тиешелүү, негизги башкаруу персоналына берилүүчү отчетторду даярдоодо колдонулат. Жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдө, калган бардык өзгөрүлмөлүүлөр, айрыкча пайыздык чендер, өзгөрүүсүз калгандыгы болжолдонгон.

| | 2012-ж. | | 2011-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым миң сом | Капитал миң сом | Пайда же чыгым миң сом | Капитал миң сом |
| АКШ доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 2 466 425 | - | 2 003 162 |
| Евро курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 1 330 139 | - | 1 786 804 |
| АКУ курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | (201 295) | - | (331 555) |
| Канада доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 1 108 739 | - | 817 214 |
| Австралия доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 1 642 825 | - | 1 406 724 |
| Швейцария франкы курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 253 088 | - | 465 566 |
| Англия фунт стерлинги курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 600 650 | - | 316 559 |

Сомдун жогоруда келтирилген валюталарга карата курсунун чыңдалуусу, 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине жана 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча, эгерде калган бардык өзгөрүлмөлүүлөр өзгөрүүсүз калган учурда, кайтарым таасирге ээ болмок.

### Ийкемдүүлүккө талдап-иликтөөлөрдөгү чектөөлөр

Жогоруда келтирилген таблицада, калган башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган шартта, негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүүсүнүн таасири чагылдырылган. Иш жүзүндө, жол берилгендер менен башка факторлор ортосунда корреляция орун алат. Бул жерде ошондой эле, көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк бир багыттагы мүнөзгө ээ эмес, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасирлер ушул натыйжалардын негизинде интерполирацияланууга же экстраполирацияланууга тийиш эмес.

Ийкемдүүлүккө жогоруда келтирилген анализдөөлөрдөгү башка чектөөлөр потенциалдуу тобокелдикти ачып көрсөтүү максатында, рыноктогу гипотетикалык жылыштарды пайдаланууну камтыйт. Алар болгону, кандайдыр бир деңгээлдеги ишенимдүүлүк менен болжолдоого мүмкүн болбогон, рынокто күтүлүп жаткан өзгөрүүлөр тууралуу Улуттук банктын пикирин гана түшүндүрөт. Ошондой эле, баардык пайыздык чендер бирдей негизде өзгөрөт деп болжолдоонун өзү да чектөө болуп саналат.

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Башка баа тобокелдиги – бул, ошол айкын инструментке же анын эмитентине мүнөздүү болгон факторлордун же рынокто жүгүртүлгөн ушундай эле бардык финансылык инструменттерге таасир эткен факторлордон улам өзгөрүүлөр болгонбу же жокпу андан көз карандысыз, рыноктук баалардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында (мында, пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдигинин же валюта тобокелдигинин таасиринен улам келип чыккан өзгөрүүлөрдөн тышкары), финансылык инструменттин адилет наркынын же ал боюнча боюнча келечекте күтүлүп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Башка баа тобокелдиги, Улуттук банк финансылык инструмент боюнча узун же кыска позицияга ээ болгон шартта келип чыгат.

2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата Улуттук банк чет өлкө банктарындагы эсептердеги алтынга жана башка баалуу металлдарга карата башка баа тобокелдигине дуушарланган. 2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча төмөндө көрсөтүлгөн баалуу металлдарга баанын өсүшү же төмөндөшү сомго эквиваленттүү суммада капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешени төмөндө көрсөтүлгөн суммаларга көбөйтүүгө же азайтууга алып келмек. Бул талдап-иликтөө Улуттук банктын көз карашынан алганда баалуу металлдардын баасынын өзгөрүүсүнө таянуу менен ишке ашырылып, отчеттук мезгилдин акырына карата келип чыгышы мүмкүн экендигине негизденген. Талдап-иликтөө, бардык калган өзгөрүлмөлүүлөр өзгөрүүсүз калаарын болжолдойт.

| | 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бири | | 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бири | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым, миң сом | Чогуу алгандагы киреше жана капитал, миң сом | Пайда же чыгым, миң сом | Чогуу алгандагы киреше жана капитал, миң сом |
| Алтынга баанын сомдук эквивалентте 10% өсүшү | - | 652 831 | - | 608 143 |
| Алтынга баанын сомдук эквивалентте 10% төмөндөшү | - | (652 831) | - | (608 143) |
| Күмүшкө баанын сомдук эквивалентте 10% өсүшү | - | 2 466 | - | 2 217 |
| Күмүшкө баанын сомдук эквивалентте 10% төмөндөшү | - | (2 466) | - | (2 217) |

## (в) Кредиттик тобокелдик

Кредиттик тобокелдик – бул, карыз алуучулар же Улуттук банктын контрагенти милдеттенмелерин аткарбай коюушунун натыйжасында келип чыккан финансылык жоготуу тобокелдиги. Улуттук банк тарабынан кредит портфелинин концентрацияланышын чектөө боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү кошо алганда, кредиттик тобокелдикти тескөө саясаты жана жол-жоболору иштелип чыгып, эл аралык камдарды тескөөдө орун алышы мүмкүн болгон кредиттик тобокелдикке мониторинг жүргүзүлүшү үчүн жоопкерчиликтүү болгон инвестициялык комитет түзүлгөн.

Кредиттик тобокелдикти минималдаштыруу максатында Улуттук банк, тобокелдиктерди тескөө саясатын колдонот, анда Улуттук банктын контрагенттерине карата талаптар белгиленген. Ушул саясатка ылайык, Moody’s Investors Service жана/же дүйнөнүн башка алдыңкы рейтингдик агенттиктеринин (Standard & Poor’s Corporation, Fitch IBCA) классификациясы боюнча жогорку рейтингге ээ борбордук банктар, финансылык институттар, коммерциялык банктар гана Улуттук банктын контрагентинен боло алышат.

Финансылык активдер Moody’s сыяктуу эл аралык таанымал рейтингдик агенттиктер тарабынан ыйгарылган кредиттик рейтингдерди эске алуу менен классификацияланат. Эң жогорку мүмкүн болгон рейтинг – Ааа финансылык активдердин инвестициялык деңгээли Ааа дан Ваа га чейинки рейтингдерге туура келет. Ал эми Moody’s Investors Service Ваа дан төмөн рейтингге ээ финансылык активдер алып сатарлык деңгээлге чегерилет. Борбордук банк катары Улуттук банктын статусун эске алуу менен контрагенттер төмөнкүдөй эки топко бөлүнгөн:

## 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

**А тобу**

- экономикасы жана саясый абалы туруктуу Moody's Investors Service классификациясы боюнча Аа3 төн төмөн болбогон суверендүү рейтингге ээ, өнөр жайы өнүккөн мамлекеттердин борбордук банктары;
- ЭВФ, БМР, ЕБРР, АБР, KfW сыяктуу эл аралык финансылык уюмдар, институттар жана банктар;
- Moody's Investors Service классификациясы боюнча Аа3 төн төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

**В тобу**

- Moody's Investors Service классификациясы боюнча Аа3 төн төмөн суверендүү рейтингге ээ, мамлекеттердин борбордук банктары;
- Кыргыз Республикасы кол койгон эл аралык келишимде көрсөтүлгөн финансылык институттар;
- Moody's Investors Service классификациясы боюнча Аа3 төн төмөн, бирок Ваа3 төн төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

А тобуна кирген контрагенттер менен инвестициялык ишкердикти жүргүзүү, атап айтканда айрым контрагенттер, инвестициялоо инструменттери жана активдердин өлчөмү боюнча чектөөлөргө тиешелүү чечимдер, Улуттук банктын инвестициялык комитетинин ыйгарым укуктарына ылайык белгиленет. В тобуна кирген ар бир контрагент боюнча инвестициялык ишкердикти жүргүзүү чечими, Улуттук банктын инвестициялык комитетинин сунушу боюнча Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынат жана бекитилет.

Бир контрагентке, ошондой эле географиялык сегменттер боюнча кредиттик тобокелдикке максималдуу дуушарлануу, кредиттик тобокелдикти контролдоо критерийлеринин биринен болуп саналат.

Улуттук банктын бир контрагентке карата кредиттик тобокелдикке максималдуу дуушарлануусу олуттуу өзгөрүлүп турат жана айрым тобокелдиктен сыяктуу эле, рынок экономикасына мүнөздүү болгон жалпы тобокелдиктерден көз каранды болуп саналат. Улуттук банктын кредиттик тобокелдигинин максималдуу деңгээли эрежедегидей эле, финансылык абал жөнүндө отчеттогу финансылык активдердин баланстык наркында чагылдырылат. Активдердин жана милдеттенмелердин өз ара чегеришүү мүмкүндүгү потенциалдуу кредиттик тобокелдикти басаңдатуу үчүн олуттуу деле мааниге ээ эмес.

Отчеттук күнгө карата финансылык активдерге карата кредиттик тобокелдиктин максималдуу деңгээлин төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | 2012-жыл<br>миң. сом | 2011-жыл<br>миң. сом |
|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | |
| Баалуу металлдар | 6 528 832 | 6 081 910 |
| Банктардагы жана финансылык мекемелердеги каражаттар | 57 260 628 | 57 975 624 |
| Берилген кредиттер | 810 528 | 1 324 781 |
| Үлүштүк инвестицияларды эске албаганда, сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 32 554 699 | 20 679 284 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 1 379 590 | 2 913 864 |
| Репо келишимдери боюнча салынган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 931 657 | 207 252 |
| Башка финансылык активдер | 450 961 | 437 467 |
| Бардыгы болуп, тобокелдиктердин максималдуу деңгээли | **99 916 895** | **89 620 182** |

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (в) Кредиттик тобокелдик, уландысы

### *Географиялык концентрациялануу*

Улуттук банктын Инвестициялык комитети өз контрагенттеринин өлкөлүк тобокелдиктерине туруктуу мониторингди жүзөгө ашырып турат. Бул ыкма, валюталык запастар жайгаштырылган өлкөлөрдө инвестициялык жагдайдын өзгөрүүсүнөн улам келип чыгышы мүмкүн болгон чыгымдарды азайтууга Улуттук банкка өбөлгө түзөт.

Кийинки таблицада 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата активдердин жана милдеттенмелердин географиялык концентрациялануусу чагылдырылган.

| Миң сом | Кыргыз Республикасы | ОЭСРге кирген өлкөлөр | ОЭСРге кирбеген өлкөлөр | Эл аралык финансы институттары | 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата, жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 6 528 832 | - | - | 6 528 832 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | - | 39 895 063 | 7 498 047 | 9 867 518 | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | 810 528 | - | - | - | 810 528 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | 18 816 917 | - | 13 737 782 | 32 554 699 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 1 379 590 | - | - | - | 1 379 590 |
| Репо келишимдери боюнча салынган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 931 657 | - | - | - | 931 657 |
| Башка финансылык активдер | 450 961 | - | - | - | 450 961 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **3 572 736** | **65 240 812** | **7 498 047** | **23 605 300** | **99 916 895** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моноталар | 58 252 168 | - | - | - | 58 252 168 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 7 364 951 | - | - | 1 788 | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 5 192 410 | - | - | - | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | 796 711 | - | - | - | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 3 046 903 | - | - | - | 3 046 903 |
| Алынган кредиттер | 97 198 | - | - | 4 655 633 | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | 6 192 312 | 6 192 312 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 29 939 | - | - | - | 29 939 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **74 780 280** | **-** | **-** | **10 849 733** | **85 630 013** |
| **Таза балантсык позиция** | **(71 207 544)** | **65 240 812** | **7 498 047** | **12 755 567** | **14 286 882** |

## 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

### (в) Кредиттик тобокелдик, уландысы

***Географиялык концентрациялануу***

Кийинки таблицада 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата активдердин жана милдеттенмелердин географиялык концентрациялануусу чагылдырылган.

| Миң сом | Кыргыз Республикасы | ОЭСРге кирген өлкөлөр | ОЭСРге кирбеген өлкөлөр | Эл аралык финансы институттары | 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата, жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 6 081 910 | - | - | 6 081 910 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | - | 40 385 572 | 14 065 | 17 575 987 | 57 975 624 |
| Берилген кредиттер | 1 324 781 | - | - | - | 1 324 781 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | 15 915 434 | - | 4 763 850 | 20 679 284 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 2 913 864 | - | - | - | 2 913 864 |
| Репо келишимдери боюнча салынган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 207 252 | - | - | - | 207 252 |
| Башка финансылык активдер | 437 467 | - | - | - | 437 467 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **4 883 364** | **62 382 916** | **14 065** | **22 339 837** | **89 620 182** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моненталар | 49 866 936 | - | - | - | 49 866 936 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 5 603 883 | - | 74 | 2 327 | 5 606 284 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 6 492 329 | - | - | - | 6 492 329 |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайра сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | 207 410 | - | - | - | 207 410 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 359 219 | - | - | - | 1 359 219 |
| Алынган кредиттер | 72 922 | - | - | 5 517 687 | 5 590 609 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | 6 030 055 | 6 030 055 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 84 128 | - | - | - | 84 128 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **63 686 827** | **-** | **74** | **11 550 069** | **75 236 970** |
| **Таза балансттык позиция** | **(58 803 463)** | **62 382 916** | **13 991** | **10 789 768** | **14 383 212** |

## 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

### (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги

Ликвиддүүлүк тобокелдиги – бул, Улуттук банктын финансылык инструменттер боюнча милдеттенмелеринин ордун жабуу учурунда кыйынчылыктардын келип чыгуу тобокелдиги. Активдер жана милдеттенмелер боюнча ордун жабуу мөөнөттөрүнүн дал келбей калышы учурунда ликвиддүүлүк тобокелдиги келип чыгат. Активдер жана милдеттенмелер боюнча ордун жабуу мөөнөттөрүнүн дал келиши жана/же дал келбеши Улуттук банкты кошо алганда, финансылык институттарда орун алышы мүмкүн болгон ушул тобокелдикти тескөөдөгү негизги учур болуп саналат. Жүргүзүлүп жаткан операциялардын ар түрдүүлүгү жана аларга байланыштуу белгисиздик жагдайынын орун алышы, активдердин жана милдеттенмелердин ордун жабуу мөөнөттөрүнүн толук дал келиши, финансылык инстутиттар үчүн кадимки калыптанган тажрыйба болуп саналбайт.

Улуттук банк төлөө мөөнөтүнүн келип жетишине жараша, бардык милдеттенмелерди аткаруу үчүн зарыл болгон акча каражаттарынын дайыма колдо болуп турушун камсыз кылуу максатында, ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоого алып турат. Улуттук банктын ликвиддүүлүктү тескөө жагындагы саясаты банк Башкармасы тарабынан кароого алынып, бекитилет.

Улуттук банк каржылоо булактарынын диверсификацияланган жана туруктуу түзүмүн, ликвиддүүлүккө карата келип чыккан күтүүсүз талаптарга оперативдүү жана кескин өзгөрүүсүз чара көрүүгө жөндөмдүү болуу үчүн жигердүү колдоого алып турууга аракеттенет.

Улуттук банк эмиссиялык банк экендигин эске алганда (ал улуттук валюта – сомдун эмиссиясын жүргүзөт), улуттук валютадагы милдеттенмелерди аткара албай калуу тобокелдиги минималдуу, мында ликвиддүүлүк тобокелдиги айрыкча Улуттук банктын чет өлкө валютасында туюндурулган финансылык милдеттенмелеринин аткарылышына тиешелүү келип чыгышы мүмкүн.

Улуттук банктын ликвиддүүлүктү тескөө саясаты төмөнкүлөрдөн турат:

- чет өлкө валюталары боюнча акча каражаттарынын агымын болжолдоо жана акча каражаттарынын ушул агымына байланыштуу ликвиддүү активдердин зарыл деңгээлин эсептөөлөрдөн;
- булактардын диверсификацияланган түзүмүн колдоого алуудан;
- жогорку ликвиддүү активдер портфелин тейлөөнү, аны кассалык ликвиддүүлүктүн ажырым келип чыккан шартта, коргоо чарасы катары эркин ишке ашырууга болот;
- ликвиддүүлүктү жана каржылоонун талап кылынган деңгээлин колдоо боюнча камдык пландарды иштеп чыгуудан;
- Улуттук банктын ликвиддүүлүгүнүн балanstык көрсөткүчтөрүнүн белгиленген ченемдерге ылайык келүүсүнө контролдукту жүзөгө ашыруудан.

## 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

### (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата төлөө мөөнөттөрү боюнча финансылык милдеттенмелерге жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| Миң сом | Талап боюнча төлөнүүчү жана 1 айга жетпеген | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан ашкан | Акча каражатта рынын агылып чыгышынын/ агылып киришинин суммардык өлчөмү | Баланстык нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес милдеттенмелер** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансылык мекемелердин каражаттары | 7 366 739 | - | - | - | - | 7 366 739 | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 5 192 410 | - | - | - | - | 5 192 410 | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу боюнча төлөөгө каралган эсептер | 797 735 | - | - | - | - | 797 735 | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 3 050 000 | - | - | - | - | 3 050 000 | 3 046 903 |
| Алынган кредиттер | 235 560 | 164 696 | 46 398 | 427 986 | 3 895 925 | 4 770 565 | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган, АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 191 605 | 707 | - | - | - | 6 192 312 | 6 192 312 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 25 712 | 1 568 | 2 659 | | | 29 939 | 29 939 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **22 859 761** | **166 971** | **49 057** | **427 986** | **3 895 925** | **27 399 700** | **27 377 845** |

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата төлөө мөөнөттөрү боюнча финансылык милдеттенмелерге жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| Миң сом | Талап боюнча төлөнүүчү жана 1 айга жетпеген | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан до 6 айга чейин | 6 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан ашык | Акча каражатта рынын агылып чыгышынын/ агылып киришинин суммардык өлчөмү | Баланстык нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес милдеттенмелер** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансы мекемелердин каражаттары | 5 606 284 | - | - | - | - | 5 606 284 | 5 606 284 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 6 492 329 | - | - | - | - | 6 492 329 | 6 492 329 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу боюнча төлөөгө каралган эсептер | 142 542 | 64 868 | - | - | - | 207 410 | 207 410 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 366 400 | - | - | - | - | 1 366 400 | 1 359 219 |
| Алынган кредиттер | 312 398 | 162 850 | 42 860 | 518 481 | 4 610 747 | 5 647 336 | 5 590 609 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган, АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 028 207 | 1 848 | - | - | - | 6 030 055 | 6 030 055 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 19 177 | 98 | 3 415 | - | 61 439 | 84 129 | 84 128 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **19 967 337** | **229 664** | **46 275** | **518 481** | **4 672 186** | **25 433 943** | **25 370 034** |

Жогоруда келтирилген таблицада туунду эмес финансылык милдеттенмелер боюнча акча каражаттарынын дисконттолбогон агымы жөнүндө маалыматтар чагылдырылган:

# 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

## (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги

Төмөнкү таблицада 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган суммаларга талдап-иликтөөлөр келтирилген (күтүлүп жаткан төлөө мөөнөттөрү боюнча):

| Миң сом | Талап боюнча төлөнүүчү жана 1 айга жетпеген | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан до 12 айга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ашкан | Төлөө мөөнөтүсүз | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 1 179 032 | 5 349 800 | - | - | - | - | 6 528 832 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 33 622 356 | 10 355 924 | 13 282 348 | - | - | - | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | 39 114 | 52 440 | 240 420 | 473 444 | 5 110 | - | 810 528 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 9 025 017 | 5 037 877 | 9 814 477 | 8 677 328 | - | - | 32 554 699 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 12 002 | 326 397 | 68 047 | 722 821 | 250 323 | - | 1 379 590 |
| Репо келишимдери боюнча салынган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | - | 304 977 | 100 812 | 525 868 | - | - | 931 657 |
| Башка финансылык активдер | 289 481 | 2 388 | 9 491 | 50 171 | 99 430 | - | 450 961 |
| | **44 167 002** | **21 429 803** | **23 515 595** | **10 449 632** | **354 863** | **-** | **99 916 895** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | - | - | 58 252 168 | 58 252 168 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 7 366 739 | - | - | - | - | - | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 5 192 410 | - | - | - | - | - | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайра сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | 796 711 | - | - | - | - | - | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 3 046 903 | - | - | - | - | - | 3 046 903 |
| Алынган кредиттер | 235 491 | 164 696 | 473 688 | 3 196 496 | 682 460 | - | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 191 605 | 707 | - | - | - | - | 6 192 312 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 25 712 | 1 568 | 2 659 | | | | 29 939 |
| | **22 855 571** | **166 971** | **476 347** | **3 196 496** | **682 460** | **58 252 168** | **85 630 013** |
| **Таза позиция** | **21 311 431** | **21 262 832** | **23 039 248** | **7 253 136** | **(327 597)** | **(58 252 168)** | **14 286 882** |

## 23 Тобокелдиктерди тескөөгө алуу, уландысы

### (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги

Төмөнкү таблицада 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган суммаларга талдап-иликтөөлөр келтирилген (күтүлүп жаткан төлөө мөөнөттөрү боюнча):

| Миң сом | Талап боюнча төлөнүүчү жана 1 айга жетпеген | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан до 12 айга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ашкан | Төлөө мөөнөтүсүз | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 1 156 667 | 4 983 570 | - | - | - | - | 6 140 237 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 32 377 640 | 4 355 278 | 21 242 706 | - | - | - | 57 975 624 |
| Берилген кредиттер | 41 926 | 83 851 | 355 703 | 837 924 | 5 377 | - | 1 324 781 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 3 339 497 | 427 977 | 12 423 081 | 4 488 729 | - | - | 20 679 284 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | - | 52 679 | 585 946 | 1 664 633 | 610 606 | - | 2 913 864 |
| Репо келишимдери боюнча салынган төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | - | - | 207 252 | - | - | - | 207 252 |
| Башка финансылык активдер | 283 147 | 4 650 | 11 047 | 61 185 | 77 438 | - | 437 467 |
| | **37 198 877** | **9 908 005** | **34 825 735** | **7 052 471** | **693 421** | **-** | **89 678 509** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | - | - | 49 866 936 | 49 866 936 |
| Банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | 5 606 284 | - | - | - | - | - | 5 606 284 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 6 492 329 | - | - | - | - | - | 6 492 329 |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайра сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | 142 542 | 64 868 | - | - | - | - | 207 410 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 359 219 | - | - | - | - | - | 1 359 219 |
| Алынган кредиттер | 312 358 | 162 198 | 554 918 | 3 253 222 | 1 307 913 | - | 5 590 609 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 028 207 | 1 848 | - | - | - | - | 6 030 055 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 27 018 | 98 | 3 415 | - | - | 53 597 | 84 128 |
| | **19 967 957** | **229 012** | **558 333** | **3 253 222** | **1 307 913** | **49 920 533** | **75 236 970** |
| **Таза позиция** | **17 230 920** | **9 678 993** | **34 267 402** | **3 799 249** | **(614 492)** | **(49 920 533)** | **14 441 539** |

## 24 Баланстан тышкаркы милдеттенмелер

### (а) Камсыздандыруу

Кыргыз Республикасында камсыздандыруу тармагы өнүгүү баскычында туруудa жана дүйнөнүн башка өлкөлөрү үчүн мүнөздүү болгон камсыздандыруунун көптөгөн формалары биз үчүн азырынча толук көлөмдө жеткиликтүү болбой жатат. Улуттук банк өз мүлкүнө жана жабдууларына карата, ошондой эле банктын мүлкүнө же анын ишине байланыштуу камсыздандыруу учурларынын келип чыгышынын натыйжасында, мүлккө же курчап турган чөйрөгө зыян келтирилишине байланыштуу, үчүнчү тараптын алдындагы милдеттенмелерге карата жарым-жартылай ордун жабуучу камсыздандырууну караштырат. Улуттук банк, толук камсыздандырууну камсыз кылганга чейин тобокелдик орун алат жана кандай болбосун активдерди жоготуу же жок кылуу Улуттук банктын ишине жана анын финансылык абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

### (б) Соттук териштирүүлөр

Улуттук банк адаттагы ишинин жүрүшүндө ага карата соттук доолордун коюлушу тобокелдигине дуушар болушу ыктымал. Улуттук банктын жетекчилиги, эгерде, банкка карата соттук доонун натыйжасында милдеттенмелер келип чыга турган болсо, алар Улуттук банктын финансылык абалына жана операцияларынын натыйжаларына олуттуу таасир тийгизе албайт.

### (в) Шарттуу салыктык милдеттенмелер

Кыргыз Республикасынын салык системасы жаңыча иштеп жаткандыгынан улам, ченемдик документтердин бат-бат өзгөрүүгө дуушар болушу, ошол документтер жана сот органдарынын чечимдери боюнча расмий комментарийлердин берилиши менен коштолушу мүмкүн. Анткени, көпчүлүк учурларда салык органдары тарабынан бирдей эмес, айрым учурда дегеле карама-каршы келген, ар башкача колдонулган чечмелөөлөр орун алууда. Салыктардын туура эсептелиниши олуттуу айыптык төлөмдөрдү, туумдарды жана пайыздык төлөмдөрдү өндүрүп алуу, алардын ыйгарым укуктарына кирген бир катар органдар тарабынан кылдат текшерүүгө алуунун предмети болуп саналат. Салык жылы кийинки үч календардык жыл аралыгында салык органдары тарабынан текшерүүлөр ачык бойдон калат. Ошондой болсо да, кандайдыр бир жагдайларга байланыштуу салык жылы алты календардык жыл ичинде ачык бойдон калышы мүмкүн. Мындай жагдай башка өлкөлөрдөгү ушундай эле тобокелдиктердин республикада түптөлүшүнө алып келиши ыктымал. Жетекчиликтин пикири боюнча, салыктык милдеттенмелер ушул консолидацияланган финансылык отчетто, колдонуудагы салык мыйзамдарынын жоболорунун жетекчилик тарабынан чечмеленишине, ченемдик документтерге жана сот органдарынын чечимдери боюнча расмий комментарийлерге жараша, толук чагылдырылган. Ошондой болсо да, салык мыйзамдарынын жөнгө салуучу ар кандай органдар тарабынан чечмелениши, жетекчиликтин пикиринен айрымаланышы мүмкүндүгү фактысын эске алганда, жөнгө салуучу органдар тарабынан таасир этүүнүн мажбурлоочу чараларын колдонууда, алардын Улуттук банктын финансылык абалына тийгизген таасири олуттуу болушу мүмкүн.

## 25 Агенттик функциялар

### Кыргыз Республикасынын Эл аралык валюта фондусуна катталуу квотасы

Кыргыз Республикасы 1992-жылы Эл аралык валюта фондусунун (ЭВФтин) мүчөсү болуп калган. ЭВФке мүчө болгон ар бир өлкө үчүн, Атайы карыз алышуу укугунда (мындан ары «АКУ») туюндурулган квота белгиленет. Катталуу квотасы ЭВФтин каржылоосунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Кыргыз Республикасынын 2012- жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата квотасы 88 800 миң АКУну түзөт.

# 25 Агенттик функциялар, уландысы

**Кыргыз Республикасынын Эл аралык валюта фондусуна катталуу квотасы, уландысы**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан катталуу квотасынын бөлүгүн камсыз кылуу максатында, ЭВФтин пайдасына баалуу кагаздар чыгарылган. Квотанын калган бөлүгү ЭВФтин Улуттук банктагы күндөлүк эсебине жайгаштырылган каражаттар менен камсыз кылынган.

Улуттук банк ошол баалуу кагаздын жана каражаттардын депозитарийи, ошондой эле Кыргыз Республикасынын атынан жана анын таламында Эл аралык валюта фондусу менен бардык операцияларды жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу финансылык агент болуп саналат. Демек, төмөндө келтирилген активдер жана милдеттенмелер Улуттук банктын активдери жана милдеттенмелери болуп саналбайт жана Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетуна да кошулган эмес.

| | 2012-ж. миң сом | 2011-ж миң сом |
|---|---|---|
| ЭВФке катталуу квотасы | **6 469 286** | **6 309 910** |
| | | |
| ЭВФтин пайдасына чыгарылган баалуу кагаздар | 6 452 749 | 6 293 780 |
| ЭВФтин күндөлүк эсептери | 16 537 | 16 130 |
| | **6 469 286** | **6 309 910** |

**ЭВФтин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилген кредиттери**

2011-жылдын теке айынын жыйырма сегизинде жана үчтүн айынын он тогузунда ЭВФ Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине мамлекеттик бюджетти финансылык колдоого алуу үчүн 19 028 миң АКУ өлчөмүндө кредит берген. 2012-жылдын кулжа айынын тогузунда жана үчтүн айынын он биринде ЭВФ ушул эле максаттар үчүн 19 028 миң АКУ жалпы суммасында кредитти бөлгөн. Бул карыздар Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө отчетто ЭВФ алдындагы милдетттенме катары эсепке алынган эмес, анткени Финансы министрлиги менен Улуттук банк ортосуна келишимге кол коюлуп, ага ылайык Финансы министрлиги ушул кредиттер боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган. 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча бул кредиттердин төлөнбөгөн калдыгы 4 402 816 миң сомду түзгөн (2011-жылы: 2 932 968 миң сом).

**Түркиянын Экспорттук-импорттук банкы тарабынан берилген кредит (мындан ары, «Эксимбанк»).**

Эксимбанк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кредит берген. 2003-жылдын чын куран айынын жыйырма бешинде Улуттук банк менен Финансы министрлигинин ортосунда №D-3-2-5/409 кол коюлган келишимге ылайык, Улуттук банк ушул кредит боюнча агент-депозитарий катары иш алып барып келет.

2012-жылдын жетинин айынын төртүндө 2011-жылдын үчтүн айынын биринде кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Түркия Өкмөтүнүн ортосундагы карызды эсептен алып салуу жөнүндө келишимге ылайык, Түркиянын Эксимбанкынын пайдасына Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төлөөгө каралган карыздын суммасы эсептен алып салынган. 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча карыз жок деп эсептелинет. (2011-жылы 2 288 250 миң сомду түзгөн).

# 26 Байланыштуу тараптар менен операциялар

## (а) Контролдук жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын борбордук банкы болуп саналат жана анын менчигинде турат. Банк мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде ишин өз алдынча жүзөгө ашырат.

## (б) Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрү менен операциялар

Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрүнүн үчтүн айынын отуз биринде бүткөн 2012- жана 2011-жылдардагы чогуу алгандагы сый акылары, тиешелүүлүгүнө жараша, 10 576 миң сомду жана 6 486 миң сомду түзгөн. Сый акыларга эмгекке акылар жана бардык төлөөлөр кирет. 2012 жана 2011-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча, Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрүнө берилген кредиттердин орду жабылбаган калдыгы, тиешелүүлүгүнө жараша, 7 425 миң сомду жана 7 853 миң сомду түзгөн. Кредиттер кыргыз сомунда берилген жана 2024, ошондой эле 2026-жылдары төлөнүп бүтүүгө тийиш. Үчтүн айынын отуз биринде бүткөн 2012- жана 2011-жылдар үчүн Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрүнө берилген кредиттер боюнча пайыздык кирешелер, тиешелүүлүгүнө жараша, 383 миң сомду түзгөн.

## (в) Башка байланыштуу жактар менен операциялар

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата эсептер боюнча калдыктар жана 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата тиешелүү орточо пайыздык чендер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана башка байланыштуу тараптар менен 2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде ишке ашырылган операциялардан түшкөн пайда же чыгым төмөндө чагылдырылган:

| | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | | Акциялары мамлекетке караштуу финансылык мекемелер | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **миң сом** | **Орточо пайыздык чен, %** | **миң сом** | **Орточо пайыздык чен, %** | **Жыйынты гында миң сом** |
| **Финансылык абал жөнүндө отчет** | | | | | |
| **АКТИВДЕР** | | | | | |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 2 311 247 | 6,86 | - | - | 2 311 247 |
| Берилген кредиттер | - | - | 620 600 | 7,6 | 620 600 |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | - | - | 1 186 114 | - | 1 186 114 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 5 192 410 | 1,37 | - | - | 5 192 410 |
| Алынган кредиттер | 97 198 | 1,50 | - | - | 97 198 |
| **Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет** | | | | | |
| Пайыздык кирешелер | 210 815 | - | 57 440 | - | 268 255 |
| Пайыздык чыгашалар | 128 498 | - | 55 686 | - | 184 184 |

# 26 Байланыштуу тараптар менен операциялар, уландысы

## (в) Башка байланыштуу жактар менен операциялар, уландысы

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата эсептер боюнча калдыктар жана 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата тиешелүү орточо пайыздык чендер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана башка байланыштуу тараптар менен 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бириндe бүткөн жыл ичинде ишке ашырылган операциялардан түшкөн пайда же чыгым төмөндө чагылдырылган:

| | **Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги** | | **Акциялары мамлекетке караштуу финансылык мекемелер** | | **Консолидациялан баган туунду ишканалар** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **миң сом** | **Орточо пайыздык чен, %** | **миң сом** | **Орточо пайыздык чен, %** | **миң сом** | **Орточо пайыздык чен, %** | **Жыйынтыгында миң сом** |
| **Финансылык абал жөнүндө отчет** | | | | | | | |
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 3 121 116 | 9,7 | - | - | - | - | 3 121 116 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | - | - | 8 984 | - | 8 984 |
| Берилген кредиттер | - | - | 904 640 | 7,47 | - | - | 904 640 |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | - | - | 1 336 995 | - | - | - | 1 336 995 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 6 492 329 | 1,83 | - | - | - | - | 6 492 329 |
| Алынган кредиттер | 72 922 | 1,50 | - | - | - | - | 72 922 |
| **Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет** | | | | | | | |
| Пайыздык кирешелер | 342 783 | | 71 389 | | - | - | 414 172 |
| Пайыздык чыгашалар | 90 140 | | 49 846 | | - | - | 139 986 |

# 27 Финансылык активдер жана милдеттенмелер: адилет нарк жана эсепке алуу классификациялары

## (а) Эсепке алуу классификациялары жана адилет нарк

Төмөндө келтирилген таблицада 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык активдердин жана милдеттенмелердин балансстык жана адилет наркы чагылдырылган:

| Миң сом | Төлөөгө чейин кармалып туруучу | Кредиттер жана дебитордук карыз | Сатуу үчүн колдо болгондор | Амортизация-ланган нарк боюнча эсепке алынгандан башкалар | Жалпы баланстык нарк | Адилет нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | 57 260 628 | - | - | 57 260 628 | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | - | 810 528 | - | - | 810 528 | 810 528 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 32 554 699 | - | 32 554 699 | 32 554 699 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 1 379 590 | - | - | - | 1 379 590 | 1 333 229 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 931 657 | - | - | - | 931 657 | 931 657 |
| Башка финансылык активдер | - | 450 961 | - | - | 450 961 | 450 961 |
| | **2 311 247** | **58 522 117** | **32 554 699** | **-** | **93 388 063** | **93 341 702** |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | 58 252 168 | 58 252 168 | 58 252 168 |
| Банктардын жана башка финансы институттарынын каражаттары | - | - | - | 7 366 739 | 7 366 739 | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | - | - | - | 5 192 410 | 5 192 410 | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | - | - | - | 796 711 | 796 711 | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | - | - | - | 3 046 903 | 3 046 903 | 3 053 969 |
| Алынган кредиттер | - | - | - | 4 752 831 | 4 752 831 | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | 6 192 312 | 6 192 312 | 6 192 312 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | - | - | - | 29 939 | 29 939 | 29 939 |
| | **-** | **-** | **-** | **85 630 013** | **85 630 013** | **85 637 079** |

# 27 Финансылык активдер жана милдеттенмелер: адилет нарк жана эсепке алуу классификациялары, уландысы

## (а) Эсепке алуу классификациялары жана адилет нарк, уландысы

Төмөндө келтирилген таблицада 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык активдердин жана милдеттенмелердин балансттык жана адилет наркы чагылдырылган:

| миң сом | Адилет нарк боюнча баалан-гандар катары аныктал-гандар | Төлөөгө чейин кармалып тургандар | Кредиттер жана дебитордук карыз | Сатуу үчүн колдо болгондор | Жалпы балланстык нарк | Адилет нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Банктардын жана башка финансы институттарынын каражаттары | - | 57 975 624 | - | - | 57 975 624 | 57 975 624 |
| Берилген кредиттер | - | 1 324 781 | - | - | 1 324 781 | 1 324 781 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 20 679 284 | - | 20 679 284 | 20 679 284 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 2 913 864 | - | - | - | 2 913 864 | 2 797 214 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 207 252 | - | - | - | 207 252 | 197 497 |
| Башка финансылык активдер | - | 437 467 | - | - | 437 467 | 437 467 |
| Берилген кредиттер | **3 121 116** | **59 737 872** | **20 679 284** | **-** | **83 538 272** | **83 411 867** |
| | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | 49 866 936 | 49 866 936 | 49 866 936 |
| Банктардын жана башка финансы институттарынын каражаттары | - | - | - | 5 606 284 | 5 606 284 | 5 606 284 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | - | - | - | 6 492 329 | 6 492 329 | 6 492 329 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | - | - | - | 207 410 | 207 410 | 207 410 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | - | - | - | 1 359 219 | 1 359 219 | 1 373 462 |
| Алынган кредиттер | - | - | - | 5 590 609 | 5 590 609 | 5 590 609 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | 6 030 055 | 6 030 055 | 6 030 055 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | - | - | - | 84 128 | 84 128 | 84 128 |
| | **-** | **-** | **-** | **75 236 970** | **75 236 970** | **75 251 213** |

## 27 Финансылык активдер жана милдеттенмелер: адилет нарк жана эсепке алуу классификациялары, уландысы

Адилет наркты аныктоо, жакшы маалымдалган, мындай бүтүмгө келишүүгө ниеттенген, бири-бирине көз карандысыз тараптар ортосунда финансылык инструмент ал боюнча алмаштырылышы мүмкүн болгон наркты эң эле так аныктоого багытталган. Ошондой болсо да, белгисиздик жагдайынын орун алып турушу жана баа берүүлөрдүн субүективдүүлүгү себебинен, адилет нарк активдерди сатып өткөрүү же милдеттенмелерди аткарууну дароо ал боюнча ишке ашырылышы мүмкүн болгон нарк катары каралууга тийиш эмес.

### (б) Адилет наркка баа берүү баскычтары

Улуттук банк көрсөтүлгөн баа берүүлөрдү түзүүдө, колдонулган маалыматтардын олуттуулугу эске алынган адилет наркка баа берүүнүн төмөндө келтирилген баскычтарын пайдалануу аркылуу, финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган финансылык инструменттердин адилет наркына баа берет:

- 1-деңгээл: Окшош финансылык инструменттерге карата активдүү рыноктогу котировкалар (корректировкаланбаган).
- 2-деңгээл: Түздөн-түз жеткиликтүү болгон (б.а. котировкаларда) же кандайдыр бир нерселер аркылуу (б.а. котировкалардан алынган маалыматтар) жетишилген рыноктук маалыматтарга негизденген баа берүү ыкмалары. Бул категорияга окшош инструменттер үчүн активдүү рыноктук котировкаларды, рыноктордогу бирдей же окшош инструменттер үчүн активдүү катары каралбаган рынок котировкаларын колдонуу менен бааланган инструменттер кирет. Же болбосо баардык колдонулган маалыматтар түздөн-түз же кандайдыр бир нерселер аркылуу рынокто байкалган маалыматтарга негизденген баа берүүнүн башка ыкмалары.
- 3-деңгээл: Байкоого алынбаган рыноктук маалыматтарга негизденген баа берүү ыкмалары. Бул категорияга рынокто байкалбаган маалыматтарга негизделбеген маалыматтарды пайдалануу менен бааланган инструменттер кирет, мында, байкалбаган мындай маалыматтар инструментке баа берүүгө олуттуу таасирин тийгизет. Бул категорияга аларга карата олуттуу байкоого алынбаган корректировкалоолор же инструменттер ортосунда айырманы чагылдыруу үчүн ой-пикирлерди пайдалануу талап кылынган окшош инструменттер үчүн котировкалардын негизинде бааланган инструменттер кирет.

Кийинки таблицада 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата адилет нарк боюнча чагылдырылган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| **миң сом** | **1-деңгээл** | **2-деңгээл** | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|
| Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер | | | |
| - Карыздык инструменттер жана белгиленген кирешелүүлүгү менен башка инструменттер | 32 554 699 | - | 32 554 699 |
| | **32 554 699** | **-** | **32 554 699** |

Кийинки таблицада 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата адилет нарк боюнча чагылдырылган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| **миң сом** | **1-деңгээл** | **2-деңгээл** | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|
| Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер | | | |
| - Карыздык инструменттер жана белгиленген кирешелүүлүгү менен башка инструменттер | 20 679 284 | - | 20 679 284 |
| | **20 679 284** | **-** | **20 679 284** |

# IV

# ТИРКЕМЕЛЕР

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
2012-жыл үчүн жылдык отчетуна карата
**1-тиркеме**

**2012-жылдагы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги**

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 2011-жылдын үчтүн айынын он төртү | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй токтомдор кароого алынып, кабыл алынган:<br>– Акча-кредит саясатынын 2012–2014-жылдарга негизги багыттары жөнүндө;<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2012-жылга Акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсү тууралуу. |
| Бирдин айынын он сегизи | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы” ЖЧКсынын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө” токтом кабыл алынган. |
| Бирдин айынын жыйырма бири | Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын отуруму өткөрүлгөн. Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012–2017-жылдарга мамлекеттик программа кароого алынган жана жактырылган. |
| Бирдин айынын жыйырма беши | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2012-жылга экономикалык саясат жөнүндө биргелешкен билдирүүсү жактырылган. |
| Жалган куран айынын алтысы | Кредиттик союздардын катышуусу менен Улуттук банк Башкармасынын көчмө отуруму өткөрүлгөн. |
| Жалган куран айынын он беши | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй токтомдор кабыл алынган:<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө, буга ылайык “Аудит боюнча комитетке карата негизги талаптарга”, “Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктарда корпоративдик башкаруу жөнүндө” жобого, “Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобого жана “Банктардын баалуу кагаздар менен иш алып баруусу жөнүндө” жобого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген;<br>– Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн 2012–2014-жылдарга негизги багыттары жөнүндө.<br><br>• Улуттук банктын Төрагасынын катышуусу менен 2011-жылдагы акча-кредит саясатынын жыйынтыктарына, банк секторунун абалына жана башка маселелерге арналган пресс-конференция болуп өткөн. |

| | |
|---|---|
| Жалган куран айынын он алтысы | Улуттук банктын Илимий-эксперттик кеңешинин отуруму өткөрүлгөн, анда республикада инфляцияны болжолдоо көйгөйлөрү каралып, көз карандысыз эксперттер республиканын экономикалык абалын талкуулоо менен акча-кредит саясатын жүргүзүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү бере турган эксперттик аянтчаны Улуттук банктын базасында уюштуруу чечими кабыл алынган. |
| Жалган куран айынын жыйырма жетиси | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй токтомдор кабыл алынган:<br>– 2011-жыл үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет;<br>– “Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын 2011-жылдын төртүнчү чейреги ичиндеги абалы тууралуу” отчет. |
| Жалган куран айынын жыйырма сегизи | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын токтому менен “Микрокаржылоону 2011–2015-жылдарга өнүктүрүү стратегиясы” бекитилген. |
| Жалган куран айынын жыйырма тогузу чын куран айынын он төртү | Кыргыз Республикасына ЭВФ тарабынан кеңейтилген кредиттөө механизминин (ECF) алкагында колдоого алынган, экономикалык программанын аткарылышына экинчи байкоо жүргүзүү максатында ЭВФтин миссиясы келип кеткен. |
| Чын куран айынын он төртү | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган, ага ылайык “Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин эсептик саясатына карата талаптар жөнүндө” жобого, “Операцияларын банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан коммерциялык банктардын эсептик саясатына карата талаптар жөнүндө” жобого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. |
| Чын куран айынын он беши | Эксперттик Форумдун отуруму өткөрүлгөн, анда Кыргыз Республикасынын акча-кредит саясатын реформалоо жолдору талкууланган. |
| Чын куран айынын он тогузу | Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын отуруму өткөрүлгөн. Республикада нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчеттор угулган. |
| Чын куран айынын жыйырма сегизи | Улуттук банктын Төрагасынын орун басарынын катышуусу менен 2012-жылдын биринчи чейрегиндеги акча-кредит саясатынын жыйынтыктарына арналган пресс-конференция өткөрүлгөн. |
| Чын куран айынын отузу | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “2011-жылдын жыйынтыгы боюнча банк тутумунун өнүгүү тенденциялары жөнүндө” токтом кабыл алынган. |
| Бугу айынын он бири | “Микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2011–2015-жылдарга стратегиясын” ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы буйрук менен бекитилген. |

| | |
|---|---|
| Бугу айынын он үчү | Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын, министрликтердин жана ведомстволордун, “Кыргыз банктар бирлиги” ЮЖБ жана “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАКтын өкүлдөрүнүн катышуусу менен банктар аралык кеңештин төлөм системасы боюнча отуруму болуп өткөн, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын иш коопсуздугун жана өнүгүшүн камсыз кылуу боюнча маселелер талкууга алынган. |
| Бугу айынын он тогузу | Кыргыз улуттук “Кабар” маалымат агенттигинде Улуттук банктын Төрагасынын орун басарынын, Кыргыз банктар бирлигинин президентинин жана Микрофинансылык уюмдар ассоциациясынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен 2010-жылдын бугу жана теке айларындагы окуялардан улам жабыркаган карызгерлердин айланасында түптөлгөн жагдайга арналган пресс-конференция өткөрүлгөн. |
| Бугу айынын жыйырма беши | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтом кабыл алынган, ага ылайык “Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана финансы-кредит мекемелеринде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобого, “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө” жобого жана “Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттерге атайы классификациялоону колдонуунун убактылуу тартибине” сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. |
| Бугу айынын отузу | • Өкмөттүн токтому менен Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору жактырылган. Мыйзам долбоорунда “Микрофинансылык уюмдар жөнүндө”, “Кредиттик союздар жөнүндө”, “Чет өлкө валютасындагы операциялар жөнүндө” мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү каралган.<br>• Эксперттик Форумдун отуруму өткөрүлүп, анда көз карандысыз эксперттер тарабынан 2012-жылдын биринчи чейреги үчүн акча-кредиттик саясаттын болжолдуу жыйынтыктары талкууга алынган. Талкуунун жыйынтыктары келээрки мезгилге акча-кредиттик программаны иштеп чыгууда эске алынган. |
| Кулжа айынын он бири, он үчү | Улуттук банктын жетекчилиги Борбордук Азия өлкөлөрү, Карадеңиз аймагы жана Балкан мүчө болуп саналышкан Борбордук банктарды башкаруу Клубунун Азербайжан Республикасынын Баку шаарында өткөрүлгөн 27 отурумуна катышып келген. |
| Кулжа айынын он төртү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын токтому менен республикада нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралардын 2012–2017-жылдарга каралган мамлекеттик программасы бекитилген. |

| | |
|---|---|
| Кулжа айынын он сегизи | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй токтомдор кабыл алынган:<br>– Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө, ага ылайык активдерди классификациялоо жана Кыргыз Республикасында жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырууга укугу жок микрофинансылык уюмдардын потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга кам түзүүсүнүн жалпы принциптери жөнүндө убактылуу жобого, “Кредиттерди жана кредиттик союздарды классификациялоо жөнүндө” жобого, “Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө” жобого, белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттерге атайын классификациялоону колдонуунун убактылуу тартибине жана “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө” жобого толуктоолор бекитилген;<br>– Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктарга жана финансы-кредиттик мекемелерге карата жеке адамдарга, кардарларга кредиттерди берүүдө коюлуучу талаптар жөнүндө.<br><br>• Улуттук банктын Төрагасынын орун басарынын жана Улуттук банктын көзөмөл блогунун кызматкерлеринин катышуусу менен микрофинансылык сектордогу жагдай жана башкы банктын проблемалуу карызгерлер менен иш алып баруусу жөнүндө пресс-конференция болуп өткөн. |
| Кулжа айынын жыйырма төртү | Улуттук банктын жетекчилигинин реконструкциялоонун жана өнүктүрүүнүн Европа банкынын (ЕБРР) жана АКШ казыналыгынын биргелешкен миссиясы менен жолугушуусу болуп өттү. Жергиликтүү валютада каржылоо программасына мониторинг жүргүзүү, миссиянын визитинин максаты болгон.<br>Кыргыз Республикасынын Президентинин банк жана микрокаржылоо секторлорунун өкүлдөрү менен жолугушуусу болуп өттү жана ага Улуттук банктын Төрагасы катышты. Жолугушууда финансы-кредиттик мекемелердин пайыздык чендерин төмөндөтүү, банктык мыйзамдар жана финансы-кредиттик мекемелердин 2010-жылдагы окуялардан улам жабыркаган карызгерлеринин көйгөйлөрү боюнча маселелер талкууга алынды. |
| Кулжа айынын жыйырма тогузу | Банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй токтомдор кабыл алынган:<br>– Улуттук банк Башкармасынын “Банктардын ишин лицензияоо жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;<br>– Микрофинансылык уюмдардын иши тууралуу;<br>– “Төлөм системасынын 2012-жылдын биринчи чейрегиндеги абалы жөнүндө” отчет тууралуу;<br>– 2012 -жылдын биринчи чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет тууралуу; |

| | |
|---|---|
| Кулжа айынын жыйырма тогузу, отузу | Улуттук банктын жетекчилиги ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилер кеңешинин Россиянын Суздаль шаарында өткөн кезектеги 26 отурумуна катышып келген. |
| Кулжа айынын отуз бири | Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын отуруму өткөрүлгөн. Анда Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү маселелери талкууга алынган. |
| Теке айынын беши | Өкмөттүн, бизнес-ассоциациялардын жана финансы секторунун өкүлдөрүнүн Борбордук Азияда микрокаржылоону колдоо боюнча программанын алкагында “Кыргызстанда микрокаржылоону 2011–2015-жылдарда өнүктүрүү стратегиясы” деген темада Эл аралык кызматташуунун Германия коому (GIZ) тарабынан уюштурулган жолугушуусу болуп өттү, ага Улуттук банктын Төрагасы да катышып келди. |
| Теке айынын он үчү | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “2012-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча банк тутумунун өнүгүү тенденциялары жөнүндө” токтом кабыл алынган. |
| Теке айынын он сегизи жана жыйырма алтысы | Дүйнөлүк банктын эксперти тарабынан Кыргыз Республикасынын системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын эл аралык стандарттарга ылайык иш алып баруусуна көз карандысыз баа берүү жүргүзүлгөн. |
| Теке айынын он тогузу | Кыргыз улуттук “Кабар” маалымат агенттигинде Улуттук банктын кызматкерлеринин катышуусу менен пресс-конференция болуп өттү, анда “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзам долбоору журналисттердин назарына сунушталган. |
| Теке айынын жыйырма беши | Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде көзөмөлдүк функциясынын ишке ашырылышы жөнүндө отчет жактырылган. |
| Баш оона айынын төртү | Банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй токтомдор кабыл алынган:<br>– “Депозиттерди тартуу менен иш жүргүзүшкөн микрофинансылык компаниялардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө” нускоону бекитүү тууралуу;<br>– Аудит боюнча комитетке карата негизги талаптарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин күрөөлүк мүлк менен иштөө тартибин бекитүү тууралуу; |

| | |
|---|---|
| | – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө, буга ылайык "Депозиттерди тартуу менен иш алып барышкан коммерциялык банктарды жана микрофинансылык компанияларды консервациялоо жөнүндө" жобого, "Банктардын ишин тескөө боюнча убактылуу жетекчилик жөнүндө" жобого, "Кредиттик союздардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө" нускоого жана "Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобого толуктоолор бекитилген;<br>– Коммерциялык банктарда видеобайкоолорду уюштуруу тартибин бекитүү тууралуу. |
| Баш оона айынын алтысы | Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын отуруму өткөрүлгөн. Анда республикада нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү маселелери талкууланган. |
| Баш оона айынын он бири | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй токтомдор кабыл алынган:<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салуучу айрым ченемдик актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө, буга ылайык "Микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агенттиктерди түзүү жөнүндө" жобого, "Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрофинансылык компанияларды лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө" жобого жана "Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине" сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген;<br>– "Тике банктык көзөмөлдүк жөнүндө" жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;<br>– "Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012–2017-жылдарга иш-чаралардын мамлекеттик программасын" ишке ашыруунун алкагында "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтын капиталына Улуттук банктын катышуусу жөнүндө". |
| Баш оона айынын он алтысы, жыйырма бири | Кеңейтилген кредиттөө механизминин (ECF) алкагында экономикалык программанын аткарылышына үчүнчү баяндама үчүн маалымат даярдоо максатында ЭВФ өкүлдөрүнүн визити болгон. |
| Баш оона айынын жыйырма төртү | Улуттук банктын жетекчилигинин Дүйнөлүк банктын Азербайжан, Казакстан жана Кыргыз Республикасы, Польша, Сербия, Швейцария, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан Республикалары боюнча Аткаруучу директору менен жолугушуусу болуп өткөн. |

Баш оона айынын жыйырма беши

- Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кредиттик союздардын финансы компаниясы” ААКсы адистештирилген финансы-кредиттик мекемесин лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» токтом бекитилген.

- Микрокаржылоону өнүктүрүү боюнча координациялык кеңештин отуруму болуп өткөн, анда “Микрокаржылоону 2011–2015-жылдарга өнүктүрүү стратегиясын” ишке ашыруунун жарым жылдык жыйынтыктары каралган.

Аяк оона айынын экиси

Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын, министрликтердин жана ведомстволордун, “Кыргыз банктар бирлиги” ЮЖБ жана “Банктар аралык процессинг борobору” ЖАКтын өкүлдөрүнүн катышуусу менен төлөм системасы боюнча банктар аралык кеңештин отуруму болуп өткөн, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын иш коопсуздугун жана өнүгүшүн камсыз кылуу боюнча маселелер талкууга алынган.

Аяк оона айынын жетиси

Эксперттик Форумдун отуруму өткөрүлүп, анда көз карандысыз эксперттер тарабынан 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн акча-кредиттик саясаттын болжолдуу жыйынтыктары талкууга алынган. Талкуунун жыйынтыктары келээрки мезгилге акча-кредиттик программаны иштеп чыгууда эске алынган.

Аяк оона айынын он жетиси

Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү токтомдор кабыл алынган:

- “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында жана башка финансы-кредит мекемелеринде бухгалтердик эсепке алуу планына карата талаптар жөнүндө” жобого толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө, буга ылайык “Кыргыз Республикасында акчалай которууларды акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашыруу эрежелерине” жана “Депозиттер менен иштөө боюнча нускоого” сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген;
- Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын банк секторун 2014-жылдын акырына чейин өнүктүрүүнүн негизги багыттарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө, анда финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча иш-чаралар каралган.

Баш оона айынын жыйырма экиси

Кыргыз улуттук “Кабар” маалымат агенттигинде Улуттук банктын кызматкерлеринин катышуусу менен пресс-конференция болуп өткөн, анда журналисттердин назарына Улуттук банктын жаңы коллекциялык моneталары сунушталган.

Баш оона айынын жыйырма жетиси

Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:

- 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясаты жөнүндө отчет;
- “Төлөм системасынын 2012-жылдын экинчи чейреги ичиндеги абалы жөнүндө” отчет тууралуу.

| | |
|---|---|
| Баш оона айынын жыйырма тогузу | Улуттук Банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын жана микрофинансылык компанияларынын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу.<br>– Банк тутумунун 2012-жылдын экинчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча өнүгүү тенденциялары жөнүндө. |
| Тогуздун айынын жетиси, сегизи | Улуттук банктын жетекчилиги Швейцариянын ЭВФтеги өкүлчүлүктүү тобунун жана Дүйнөлүк банктын тобунун Швейцариянын Монтро шаарында өткөн жолугушуусуна катышып келген. |
| Тогуздун айынын ону, он бири | Чолпон-Ата шаарында Дүйнөлүк банк менен Россия банкы тарабынан уюштурулган "Мигранттардын акчалай которуулары: тактык жана пайда" темасындагы эл аралык конференция өткөрүлгөн. Анын жүрүшүндө акча которуулардын эл аралык системалары үчүн жалпы принциптер, ошондой эле төлөм теңдеминде чагылдырылган, акча которуулар боюнча ачык-айкын статистиканы салыштыруу маселелери каралган. |
| Тогуздун айынын он экиси | Улуттук Банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– "Кредиттик союздардын финансы компаниясы" ААКсы адистештирилген финансы-кредиттик мекемесинин ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү тууралуу;<br>– Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын баалуулуктарды сактоо үчүн жеке банктык сейфтерди кардарларга берүүсү боюнча нускоону бекитүү жөнүндө. |
| Тогуздун айынын жыйырма алтысы, жетинин айынын ону | Кыргыз Республикасына кеңейтилген кредиттөө механизминин алкагында (ECF) ЭВФ тарабынан колдоого алынган экономикалык программанын аткарылышына үчүнчү баяндаманы жүргүзүү максатында ЭВФтин миссиясы келип кеткен. |
| Тогуздун айынын жыйырма жетиси | Кыргыз улуттук "Кабар" маалымат агенттигинде Улуттук банктын өкүлдөрүнүн катышуусу менен "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзам долбооруна арналган пресс-конференция болуп өткөн. |
| Жетинин айынын үчү, төртү | Улуттук банктын жетекчилиги ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилер кеңешинин Тажикстандын Душанбе шаарында өткөн кезектеги 27-отурумуна катышып келген. |
